Цена
С кырг
А 98

зыркы кыргыз адабияты

Мурзаш Ашырбеков

# ЖОЛ ТҮГӨНБӨЙТ



Скогут
А 98

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

Мурзаш Аширбеков

# ЖОЛ ТҮГӨНБӨЙТ

(Повесть жана аңгемелер)

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 482071

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4
А 98

Китеп Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

**Редкеңеш**

| | |
|---|---|
| Маразыков Т. С. | Рыспаев С. К. |
| Муратов А. Ж. | Токтоналиева К. К. |
| Нурманбетов Т. | Эрматов Э. |

**Түзгөн Абдыкерим Муратов**

**Аширбеков Мурзаш**

А 98 **Жол түгөнбөйт. Повесть жана аңгемелер.** – Б.: 2017. – 160 б.

ISBN 978-9967-9050-4-7

Мурзаш (Мырзаш) Аширбеков өткөн кылымдын 60-жылдарында мезгилдүү басма сөзгө жарыяланган аңгемелери менен оозго алынып, өзүнүн прозасындагы элестүү, колориттүү сүрөттөөлөрү, образдуу ой жүгүртүүлөрү, ширин, жумшак тили менен окурмандарды тарта билген. Тилекке каршы, өз кезегинде жыйнактары чыкпай, бир топ кечигип, анан калса кыскартылып чыгып, кыргыз адабиятында өз жүзүн толук көрсөтө албай келди.

Бул китепке кирген аңгемелери менен повести өмүр бою элет жеринде жашаган автордун чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн бир топ көрсөтө алат деп ишенебиз.

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4

А 4702300100-17

ISBN 978-9967-9050-7-4

© Аширбеков М., 2017.
© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, 2017.

# БАШ СӨЗ ОРДУНА

## АНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ ЖОРГОНУН ЖҮРҮШҮН ЭЛЕСТЕТЕТ...

Биз, ушул китептин автору Мурзаш Аширбеков экөөбүз, илгеркиче айтканда бир колхоздон болобуз. Колхозубуздун аты да компартия жыттанып турчу – «Ленинизм» деп, ошол колхоздун үч участкасы болор эле: Кызыл-Аскер, Ленин, Съезд деген, булар да ыраматылык социализм заманынын ысымдары эмес беле. Ошентип, биз коммунизмди курабыз дегенбиз да. Кызыл-Аскердин түпкү аты – Куу-Майдан, биздики болсо – Съезд, азыр эми ал атын экиге бөлүп Шанкол жана Котур-Булак дейбиз, эки сайдын арасы, тоонун түбү.

Аширбековдун документтеги аты Мурзаш, айылдыктар да Мурзаш дешет, эмнегедир кийин чыгармаларында ысымын Мырзаш деп бериптир, ошол М. Аширбеков биздин айылдар тууралуу мындай деп жазганы бар: «Түштүк жаккы бет маңдай аранын ралуу мындай деп жазганы бар: «Түштүк жаккы бет маңдай аранын мизиндей аскалуу, керилген тоо да, түндүк жагы крокодилдин жонундай күдүрөйүп, салаа-салаа болгон бопбоз адырлар. Адыр менен тоо жаадай ийилип барып, чыгыш менен батыштан учтары биригип кетет. Ушул кайык түбүндөй ойдуңда жайгашкан айыл – киндик каным тамган жер». Мына ошол кайык түбүндө туулуп, эр жетип, акыры минтип аксакал болдук.

Мен анда ошол Съездеги Свердлов атындагы сегиз жылдык мектепте башталгыч класстардын биринде окуйт элем. 1965-жыл го деп жүрөм. Согушка катышып келген Абдираим Акаев деген агайдын туулганынын кайсыл бир жылдыгы беле, же мугалимдикти баштаганынын кайсыл бир жылдыгы беле, так эсимде жок, иши кылып, эски мектептин алдында линейкада тургганбыз. Бир убакта эле мугалими дебей, окуучусу дебей көчөгө атып чыгышты. Ылдыйтадан кыпкызыл көйнөк кийген бир жигит келатыптыр. Ал убакта такси, автобус жок, грузотакси дегендер Жаңгак деген жерибизге гана келчү. Андан бери жөө келаткан экен. Жолго чыккандар ылдый карай басышты, «Мурзаш» дешти, «Жазуучу» дешти. Ошондо жазуучуну эл ушунчалык кадырлай тургандыгы тууралуу ой мээме уюп калган окшойт, айтор, ичимден балким ушул кишидей жазуучу болом деген ниет-тилек келген сыяктанат. Ошондогу «тирүү жазуучуну» көргөнүм чын эле менин тагдырымды бир тарапка буруп кеткенби, айтор, көркөм

сөз өнөрү менен жакын болуп, арадан минтип элүү жыл өтүп, азыр эми ошол жазуучунун китебин чыгаруунун «кара жумушун» мойнума алып отурамын...

Жаңыгы жолугушуудан бир-эки күн өтүп-өтпөй эле Закир авамдын багынан бир китеп таап алдым, сырты айрылып калыптыр. Ичинде сонун-сонун аңгемелер жүрүптүр, арасында «Наристе сезим» деген аңгеме да бар экен, жазган кишинин өмүр баянын бериптир, биздин колхоздук, бая күнү келген Мурзаш Аширбеков экен. Аңгемеде мага тааныш Ноокат, Таш-Короо, Көк-Бел деген жер аттары жүрөт, алар андан бетер ылымсанатты. Ошондон кийин жазуучу болуш керек экен дедим. Кийин-кийин Ошто студент болуп жүргөндө бул китептин аты «Жаштык сапар» экендигин, ал 1964-жылы Фрунзеден чыккандыгын, жаш жазуучулардын адабий альманахы экендигин билдим.

Ошол кезде Мурзаш Аширбеков биздин элге жакшы таанылып калган экен. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүш деген биздин айыл үчүн түшкө кирбеген нерсе эле. Жыйырма жашында – 1962-жылы ошол кездеги эң эле зоболосу зор жана окумдуу журнал болгон «Ала-Тоо» журналына тырмак алды аңгемеси «Турмуш кечүүсү» деген ат менен басылыптыр. Ал гана эмес ошол эле жылы Москвадан орус тилинде чыккан жаш жазуучулардын «Ласточка» аттуу альманахына «Жизнь интересна» деген аңгемеси биографиялык маалыматы менен кошо берилип, жаш баланын демине дем, шыгына шык кошуп турган экен.

Жогорку курста окуп жатып республикалык балдар китепканасында редактор болуп да иштеп, «Жол түгөнбөйт», «Азоо үстүндөгү турмуш», «Нан», «Наристе сезим» сыяктуу аңгемелерин биринин артынан бирин жарыялайт, бул чыгармаларда жаш жазуучунун каармандардын образын тартуу, сөз ылгоо жагынан өз стили бар экендигин көрсөтөт.

Өткөн кылымдын 60-жылдарында жаңыдан калем кармаган жаш жигиттин аябай эле мактоолорду укканын замандаштары айтып жүрүшөт: 1963-жылы жазуучулардын бир жыйынында «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору Шүкүрбек Бейшеналиев анын «Коляска» деген аңгемесин аябай мактап, дароо эле журналына басып чыгарган экен; кийинчерээк дагы бир популярдуу басылма болгон «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын башкы редактору Касым Каимов Аширбековдун «Жол түгөнбөйт» деген аңгемесинин кол жазмасын окуп чыкканын, автор уруксат берсе, газетасынын эмки санынан эле басып жиберүүгө даяр экендигин көпчүлүккө шардана кылган, ошондо президумда отурган Чыңгыз Айтматов «башкы редактор чыгармасын басам десе, уруксат бербеген бу кандай автор экен, жыйында барбы өзү» деп отургандарга кайрылып, тартынчаак жаш жигитти ордунан тургуздуруп, кол чаптырткан экен...



1965-жылы журналисттик кесипке ээ болгон соң Ноокат райондук «Колхозчу» газетасында бөлүм башчы, Ош областтык «Ленин жолу» газетасында атайын кабарчы, Кыргыз мамлекеттик телевидение жана радио комитетинин Ош областы боюнча өз кабарчысы, ушул эле областтын кинопрокат башкармалыгынын «Экран жаңылыктары» газетасынын редактору болуп иштеди.

Журналисттик кесибине байланыштуу жүздөгөн адамдардын бейнесин ачкан макалаларды, очерктерди, публицистикаларды жазды, радио маектерди уюштурду. Анын ошол жылдарда жазылган «Алтын планета», «Жер жана анын уулу», «Алма бышкан маалда», «Мен буларга күбөмүн», «Куу-Майдан бүгүн кулпунду» деген ж.б. публицистикалары жана очерктери азыр да бир тамшаным менен окулат.

Элетте жашап, ар кимдин эшигин жырта бербегенденби, же дагы башка себептери барбы, айтор, 1962-жылы алгачкы аңгемелери менен таанылган автордун «күлүгү күнүнөн өтүп», «тулпары ташыркап», акыры он беш жылдан соң гана жупжука китеби «Коляска» деген ат менен 1977-жылы араң чыкты. «Жакшы малдын көзүндөй болгон» жакшы аңгемелерин бир окуп кумардан канган менен тойбой турдук. 1990-жылы «Табып, небере жана жылан» деген китеби жарык көрдү. Бул аңгеме татаал, философиялык-этикалык сабагы күчтүү аңгеме болсо да ошол кездеги балдар басылмасында иштегендер «балдар үчүн» деген калпак кийгизип чыгарып ийген. Жакшы жери өтө көп нускада элге таралды, жаман жери бир гана аңгеме бар эле, анын башкы каарманы бала болгону менен жалпы чыгарма балдар үчүн эмес болчу.

Анан эле союз бузулду, басмалар жоголду, жазуучулар алапайын таппай калды, окурмандар да китеп бетин карабай койду, ошондонбу, демөөрчүлөр эптеп чыгарып берген «Ат жалында өткөн өмүрлөр» (2000) жана «Тандалмалар» (2007) деген китептери Оштон чыгып, ошол жакта тааныш-тунуштарга тараган болду да, автордун дайыны билинбей кетти.

Бир таланттын тагдыры ушундай.

Анын чыгармалары жоргонун жүрүшүн элестетет. Ноокаттын күн чыгыш жагындагы адамдардын кебете-кешпирин гана эмес, сүйлөшкөн сөздөрүн да элестүү кылып алдыбызга тартып берет.

Мына бир мисал: «Анын көзү чанагынан чыга акшырайып, чечекейи ак чынынын бооруна конуп калган чымындай чекирейет. Чанагынан чыккан ушул көздөр асманга ушунчалык коркунуч менен тикирейет дейсиз... Чын эле те бийик көктө бир кары кузгун эски шыпыргыдай кош канатын анда-санда салпаң эттирип коюп, каалгып, ушул көздүн огу менен айланып, акырындап ылдыйлап түшүп келатыптыр...» Сөз менен сүрөт тартуу деген, образдуулук деген, символ деген ушул да.

М. Ашибековдун дагы бир чоң эмгеги – дээрлик азыркы жаштар, балдар колдонбой калган, а түгүл түшүнбөй калган Ноокаттын отуз уулдар тарабындагы эл колдонуп келген сөздөрдү «тирилтип», аларга «жан бергендигинде»...

Кыйла жыл болуп калды, үйдөн чыга албай оорунун азабын тартып жаткан Мурзаш Ашибековдун китебин чыгаруу жагын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы, анын жетекчиси Эгемберди Эрматов демилге кылып, китепти түзүп, редакциялап, баш сөз жазып беришимди суранганда жандилим менен кабыл алдым. Анын себебин жогоруда айткандай болдум.

Ал эми китептин ичиндеги чыгармалар менен таанышып, окурмандык ырахат алуу, автор тууралуу кандайдыр бир пикирге келүү өз ыктыярыңызда, анда окуй баштаңыз, урматтуу окурман...

***АБДЫКЕРИМ МУРАТОВ,***
***Педагогика илимдеринин доктору,***
***профессор***



# АТ ЖАЛЫНДА ӨТКӨН ӨМҮРЛӨР (МАМЫТ БЕК)

## ПОВЕСТЬ

Өрөөнгө этегин жайган боз коктунун ичиндеги жалгыз аяк жолдо бир атчан менен жөө адам ылдыйлап келе жатышты. Атчандын мингени алма баш бедөө[1]. Келишкен жаныбар ай, чүрөк мойнун койкойтуп, камыш жалбырак кичине кулактары жанып турган кош шамдай леп-леп этет. Кулун сымбат узун буттарынын түйүлгөн муштай кара туяктары жерге тиер-тийбестен серпилип, ойноктоп келет. Анчамынча карайган тезектерди же көр чычкандын ийинин көрө калса кулактарын мүйүздөй тикчийтип, корккон болуп, кошкурук ата, ойт берип калат. Ошондо үстүндөгү адам «шук» дегенсип, жай гана тизгин кагып коёт. Кыскараак жоон буттары аттын капталы менен бирге бүтүп калгансып, денеси былк этпей, отурушу коргошундай нык. Бул адамды басөөлөт кишилердин катарына кошууга болбойт, бирок төрт чарчыланган жайык жүзү жездей катыңкы тартып, эки далысы эки жакка эркечтене далдайып, арстан көкүрөктөнө, бели ничкере тартып, барбайган колдору жалаң тарамыштан бүткөнсүйт. А анын жол шериги олбурлуу, эски жегдеси менен дамбалы да, башындагы боз такыясы да сүзүлүп бүткөн, жыңайлак буттарынын таманын бир эли чор баскан, жоош-момун чал.

– ...А жалгыз чебичиңиздин пулуна эмне алдыңыз анан? – деди Мамыт. Атчандын аты Мамыт эле.

– Ушу бичине данды. Муну да арзан алдым. Базарда дан таңкыс. – Чал базарлыгына каныймет.

– Учкашып алың десе болбой... Куржунуңузду бериң эмесе.

– Жок, Мамыт бек. – Чал асынган куржунун тартып ала тургансып, кош колдоп кармай калды. – Салмоорум болбосо баса албай калам.

Экөө тең жылмайып коюшту. Чалдын көзү канжыгага төрт бүктөлө оролуп байланган илбирстин терисине түштү.

– А, мунубу? – деди Мамыт. – Бул мышыкты түндө чаап алдым. Арча-Мазардан өтө бергенде эле көзүн оттой жандырып, мандайдагы кара таштын үстүнөн «кур» этип, көкүрөгүмө ыргыса болобу. Алкымы чеңгелиме кире калып, экөөбүз тең жерге кулап түштүк... Кайрыет, тизгини бутуна чалынып калган экен, атымды жер жарыганда таап алдым.

[1] Бедөө – Араб тукумундагы аргымак

Мамыттын тизгинди жыя кармаган сол колунун жеңи түрүлө калган билегиндеги курч тырмактын батып кеткен кандуу издерин эми баамдады чал. Оң колундагы камчынын жоон долоно сабында да кандын катып калган шуйшуңү байкалат. «Бул илбирстин каны. Өзү тытылган кийимдерин алмаштырып алыптыр», – дилинде ушинтип алып, башка сөз жаңыртпай, турпаты келишкен бул адамга таң бере карап койду чал.

* * *

Жолоочулар коктудан чыгып буудай аңызга туш келишти. Аңыздын анда-санда жеринде көр чычкандар ийининен сүрүп чыгарган топурактар дөмпөйүп, көзгө даана көрүнөт. Ошол топурактардын бирин ары сүрүп салып, чолок кетмени менен чычкандын ийинин ынтызарлык менен казып жаткан жаш өспүрүм аларды жанына келип калганга чейин туйган жок. Чал салам бергенде гана селт эте артына кылчайып, чолок кетменин көтөргөн бойдон аңкайып туруп калды.

– Күнүң ушуга түштүбү эмитен, жаш эле туруп?.. – деди чал кейиген, жактырбаган үн менен. Анан кайдыгер гана сурап койду:

– Сага ким үйрөттү бул өнөрдү, а?

Балада үн жок. Дудук. Чал эңкейе баланын топурактай бозоргон өңүнө үңүлүп карап алды да түкшүмөлдөй сурады:

– Көзүмө эле жылуу учурайсың... Оногу, Чегедендеги Тезекбайдын ыманы басалаамат болсун, калта кактысы[2] эмессиңби, балам?

Бала шылкыйган башын ийкеп койду.

– Бу бечаралардын куйүтү күлдөй сапырылат. – деди эми чал Мамытка кайрылып. - Атасы менен жеңеси өткөн апаат мөндүрдө Ырысбай аш жукпастын коюн кайтарып жүрүп, селге агып кеткен.

Анан балага бурулду:

– Баса, апаң кайгыга алдырып, жер эмгектеп калды эле, кичине өзүнө келип алдыбы, бечара?

– Ооруп атат... – Бала буулуга айтты.

– А, сагырларчы, бечара эгиздер?

– Асан... менен Үсөн... нан... деп ыйлашат. – Бала мындан ары токтоно албай өксүп ийди.

Чал өзүнүн эзилме суроолору менен баланын ансыз эле сыздап жүргөн көңүл жарасын кайра сыйрып алганын эми гана сезе коюп, өз жүрөгү да сыздап кетип, шашкалактап калды:

[2] Калта кактысы – кенже баласы деген мааниде



– Кой, айланайын, кой ыйлаба. Чоң эле жигит болуп калган экен десе... жигит да ыйлайбы? Кой, айланайын ыйлаба... Э, көрүшүп дагы койбопбуз. Келе колуңду! Мурдуңа наалат, бырбыйган десе... – Чал баланын оң колун бери тартты да алаканын кош алакандап, далдалчы сымал бир топко силкилдетти.

Бала өпкөсүн баса албады. Чалдын шайы ооду.

– Келе, торбоңду алып кел, – деди Чал кокусунан буудай ыраңына кызыл жүгүрө түшүп. – Уруктукка деп базардан алты кадак буудай сатып алдым эле. Кел ошону бөлүп алалы. Сепкен жериме жарымы эле жетет.

Чал сүйлөп атып балага көңүл бурбай эле ары жакта турган торбону алып, куржунунун түбүндөгү буудайды теңдеп бөлүштүрө баштады.

– Албайм, – деди бала жаштуу көзү менен чалга карап. – Өзүңүз ала бериң. – Анан туруп торбосуна да карабай, кетменин көтөрүп жөнөмөкчү болду. Баятан бери бул экөөнө бир эсе кызыга, бир эсе таңданып карап турган Мамыт эми сөзгө аралашты:

– Эй жигит, пайгамбар жашынан өтүп калган адамдын сазесин сындырбайт.

– И, ошент, ошентип койсоң, Мамыт бек. – Тунгуюктан жолу ачыла түшкөнсүп чебеленди чал.

– Мамыт?!.. – деп жиберди бала. Өз сөзүнөн өзү уяла түштү. Ошентсе да ат үстүндөгү чулудай уюган адамга тик багып, ушунчалык суктана карап алды. Көзү ойноктой түштү. Ирмемдеги бул көз караш атчандын даңазасы балага маалим экендигин айгинелеп койду.

– Атың ким? – деди Мамыт.

– Жоомарт.

– Бу абаң айткан Ырысбай аш жукпасты билесиңби?

– Билбей анан. Ал менин малай акымы бербей койду.

– Ошол байыңардын ачарчылыкта да бирөөгө кайыр кылбай бекиткен көп буудайы бар дешет, чынбы?

– Чын эмей. А баары бир башка адамга бир бүдүр бербейт. Кечээ эле айылдагы адамдар чогулуп келип, уруктук буудай бер, күздө үч эселеп үстөк берели деп жалдырашса, жешке өзүм таппаган данды силерге кайдан таап берейин деп жанын жеп койду, – деди Жоомарт. Сөз аягын каргыш менен бүтүрдү: – Ошо, орого салган буудайлары чирип кетсин ылайым.

Баланын тиригарактыгы беркилердин көңүлүнө жагып калды. Мамыт ат жалына өбөктөй берип, сырдуу сурады:

– Буудайларын каерге көмгөн?

– Азыр ээн турган Түлкү-Дөбөнүн алдындагы коргонунун бурчунда. Төрт оро жык.

Мамыттын эрди сырдуу кымтылды...

* * *

Тоодон бери созулуп келип, этегин жайып ийген кичинекей колотчо. Колотчонун эки ыптасында тагдыр шакаба кылгансып, бири-бирине такыр коошпогон эки ата жай. Оң ыптадагысы үстүнө кызыл тунеке кадалган, заңкайган ак имарат. Имаратты тогуз паксалуу чоң коргон курчап турат. Коргондун рават дарбазасынын үстүңкү эки жагына тоо текенин аркайган эки мүйүзү кадалган. Сол ыптадагысы үстүнө топурак салынган, жепирейген жер там. Терезе ордуна оюлган тегерек тешигине ободо тыгылуу. Ушул эки ата жайды бири-биринен атайын алакчылап бөлүп тургансып, колотчонун түбүнөн бир тегирмен суу шаркырап агып турат. Суу бойлой созулуп кеткен жалгыз аяк жолдун берирээгинде эки бала өздөрүнчө машакат. Алардын бири байбача, бири карагашак кембагалдын баласы экендиги турпатынан эле билинип турат.

Таң каларлык нерсе, кулагы делдейип, жыртык көйнөк, ыштанчан берки баланын башында бир кыл кара жок, чачтары ак экен. Ал азыр өз ташписинен башка бүт ааламды жадынан чыгарып ийген. Алдындагы топудай дөмпөйгөн топуракка оозунан тегиз кылып суу пүркөт да анан нымдалган топуралктын үстүнө кайра кургак топурак сээп, сепкен топурагын улам «коон пыш» деп, алакандары менен айланта сылайт. Дөмпөйгөн топурактын мурдакы нымы тоборсуп калганда кайра суу бүркүп, жанагы ишин кайталайт. Акыры машакаты бүттү окшойт. Эми тегиз жылтырап катып калган томпоктун үстүн чыбыктын шиш учу менен тегерек оюп, анын бир жак капталынан кичинекей дарча ачты эле ичинен курук топурак бурт дей түштү. Ошол эле топуракты чыбык менен акырын сүрүп, сыртка чыгарды. Ушинтип, кыргыз үй даяр болду. Баланын кубарган жүзү албырып кетти. Ошол албырган, өз өнөрүнө өзү курсан болгон жүзү менен ~~жан~~ жагын карады. Эки кадам нары жагында билинер-билинбес жылжыган суу алакандын отундай тегерек ылай чөйчөкчөгө келип такалып, көөлгүп, так ортодон ийненин көзүндөй айлампа түзүп, пайнабы алдына түшүп, андан ары агып жатат. Ошол ийненин көзүндөй айлампанын үстүндө кашка беденин үч кулактуу тыпыйган жалбырагы кудум тегирмендин ташындай жаналы калбай айланып атат.



Наркы байбачанын иши жүрүшпөй жатыптыр. Кичинекей арыкчасын көбүрөөк бурулган суу жеп кетиптир. А үйгөн топурагы биротоло ылай болуп калыптыр. Жаңы көйнөк, ыштанынын өңүр тизелери баткак. Башындагы жашыл бакмал допусу да булганыч.

Байбача эми башпага түшкөн мурдун шакмарланган жеңи менен улам жанып коюп, берки баланын өнөр үлгүсүнө сугу артылып турду.

– Үйдөн шырман токоч уурдап чыгып берейин, кыргыз үйүңү же тегирмениңи бересиңби? – деди ал кокустан.

Берки бала алгач сүйүнө түшкөндөй болду, тигиге ишенимсиз көз тикти.

– Апам урушпайт. Өгүнкүдөй айтып койбойм. Билдирбей эле уурдап чыгам, – деди байбача да кубанып.

Ак чач бала бир тегирменин, бир кыргыз үйүн карайт. Улам караган сайын өңү мостоюп, акыры башын чайкап, тандайын «шык» кагып койду.

– Эки токоч апчыгып берейин.

«Шык».

Байбача анын көктүгүнөн кайтпастыгын туйду окшойт, эми унчукпай калды. Бирок, жан-алы калбай пырпырап айланып аткан «тегирмен ташынан» эки көзү өтүп баратат. Акыры айласы куруганда илебин ишенимсизирээк булкүлдөттү:

– Эртең... парварда кант берейин...

«Шык».

Байбача туталанып кетти. Анан кекээрлей баштады:

– Ушу жаман тегирмениң, парвардадан дагы жакшыбы, а? Апам айткандай, силер качан эле адам болуп калдыңар эле, жугундукорлор, а?... – Андан ары сөз таппай ойлоно кетти. Анан кокус эле оюна келе калган бир нерсе чырагына май тамызды окшойт, жамажайы эки кулагына жете жайыла түштү. – Мына, сага, ит сакоо! – деп, бут алдында турган кыргыз үйдүн кейпин былчыйта тепти. Тепти да, качып жөнөдү.

Ак чач бала чын эле сакоо экен. Ал ордунан атып туруп, «Өгк, Өгк!» – деп чырылдап, тигини узата койбой кууп жетип желкеден алды. Байбача бөйөн тийгендей чыңырып ийди:

– Апа-а! Ит сакоо уруп атат!

Бул кыйкырыктан бала эсине келе түшүп, тигини коё берди.

А байбача мындайда коркунуч артта каларын жакшы билет окшойт. Эми шашпай гана басып барып, рават дарбазанын боорундагы дарчасын ачты. Ачты да артына кайрылды:

– Эй, энеңди... ит сакоо! Ак баш, көк баш – иттер менен бок талаш! Азыр апама айтып гөшүңү тыттырам. О, апаң... – Ушинтип ашатып алды да, култ этап дарчадан ары кирип кетти.

...Бечара сакоо эки тизесин кучактап, көзөнөкчөдө тынбай айланып жаткан беденин гүлүнөн көзүн албайт. Бирок, баягыдай көңүлү шат эмес, маанайы пас, жылдызы түшүп турат. Ошондуктан рават дарбазанын дарчаси «чыйк» этип ачылганын да уккан жок. А дарчадан атлас көйнөгү толугураак денелүү мүчөсүнө куп жарашкан, кашы-көзү балбылдаган, жүзү уудай, чырайлуу аял чыкты. Анан шырп алдырбай, уурдана басып баланын жанына келди. Келди да шап кулактан толгоду. Бала селт этти. Жаны ооруганынан көздөрүн чылк жумуп, бети-башы тырышып кетти, бирок кыңк этип үн чыгарган жок.

– Өлүгүңдү гана отурайын, куу жетим! – деди аял. – Менин эркеме тийишпей жүр дебедим беле! О, мынабу кулагың угабы дейм? Доңуздай ылайдан чыкпаган сага кошулуп ойнойм деп эркемин баткак болбогон жери жок... – Аял кокусунан тык токтоп, бир нерсеге таң кала, тирмийип тиктеп калды. Анын көзү ылай чөйчөкчөдөгү сымаптай көлкүлдөгөн суунун ортосунда жан-алы калбай айланып аткан үч кулактуу тыпыйган жалбыракка түштү.

– Куда-я тообо, – аял жакасын кармана берип, шыпшынып алды.

– Куду тегирмендин эле өзү, тооба. – Эми баланын жүзүнө тигиле карады. Тигиле карады да сулуу өңү кумсара түштү.

«Атасы коңуз ата албагандын баласы доңуз атат» деген ушул экен да, – деди эми кекээрлүү. Кайра чөйчөкчөнү карай андан көзүн ала албай, дагы бир жолу шыпшынып алды. Шыпшынып алганы үчүн өзүнө өзү жини келди. Ошо жинин чыгаргысы келди окшойт, бу катын да, баласынын жанагы кылыгын тууралагансып, тегирмен-чөйчөкчөнү үстүнөн былч эттирип бир тепти. Паттайи кепиччен, жыланаяк буту кызыл ашыгына чейин ылайга бата түшүп, пайчаси оймолоп жээктелген шайы ылаазымы менен кызыл-ала гүлдүү атлас көйнөгүнүн өңүрүнө чейин баткак суу жабыла берди.

Бала митаам экен, нагыз балээ эми болорун билип, ойт берип, жолдун четине чыга качты. Аял да күнөкөр бала эми колго тийбесин сезип, муш кезеп, аргасыздан ызырынды:

– Экинчи бул палит баткагың менен биздин көчөнү булгаба, сакоо, уктуңбу? О, уктуңбу дейм?!...

Баланын көзүндө толо жаш. Бирок, ошо толо жаштын тереңинен өзүн-өзү булгап алып, эми алапайын таппай, ызаадан ууккан тигил



аялды табалаган мыскылдуу көз караш жылт-жулт этет. А аргасы түгөнгөн аял арык боюна бурула эңкейип, көчүгүн туу байталдын соорундай жайкалтып, бутун жууй баштады.

* * *

Жанагы окуядан кийин баланын оюнга табити чаппай калды. Айвандагы жаман сокуга отуруп алып, жолдун ылдый жагын, чоң атасы базардан келчү жакты карап отурду. Аябай зериккен окшойт, маал-маал жаагын карыштырып эстеп коет. Эстеп атып көзү илине түшкөнбү чоң атасы менен Мамыттын кобур-собуру угулуп, жакын келип калышканда гана селт эте түштү, утурлай жүгүрдү. Аны чоң атасы кучак жая тосуп алды. Бул кубаныч көпкө созулбады, анткени бала атчан адамга бир карап алып эле көздөрү чанагынан чыгып кеткидей болуп, көмөкөйдөн кандайдыр коркунучтуу, ачуу үн чыгарып, чоң атасына кайра чап жабыша түштү.

– Эмне, эмне болуп кетти?! Айтчы айланайын! Адамдын жүрөгүн түшүрбөчү! – Чалдын жүрөгү алкымына капталып, өңү куп-куу болуп, баланы бооруна бекем кысты. Анан Мамыттын канжыгасындагы илбирстин терисине көзү түшкөндө гана жаны өзүнө келе түшүп, үшкүрүп алды: – Өх!... Кудаага шүгүр, аа, бу өлгөн илбирс... Өлгөн илбирстин териси... Коркпо балам. Өлгөн илбирстин терисинен да адам коркобу, коркпо...

Мамыт аларды таң калып карап турду.

– Бу, мынабу илбирстин терисинен коркуп атат, – деди бир кыйлада эсине келген чал Мамытка кайрылып. – Ушу бачагардан жүрөгү түшүп, ушинтип майып болуп калбадыбы, балам бечара... – Чал баласын кучактаган бойдон, анын ак көкүл, ак чачынан искеп-искеп жыттап, мөгдөп турду. Эки тамчы ачуу жаш бозоргон жүзүн акырын сыдырып, тилип келатты...

Арадан кыйла убакыт өтүп калгансыды. Чал менен баланын көңүлдөрү эми жайланып калды го деп ойлоп, Мамыт кеп узатты:

– Бу, кандайча, качан болгон?...

– Ошол күн куруп кетсин. – деди чал күрсүнүп. – Өткөн күздө күн суугуна тартып калгандыктан жайлоодон берилеп көчкөнбүз.

– Кара басып эки кой калып кетиптир. Канымгүл айым билип калгыча тез айдап түшүп келегал деп, жумшай койбодумбу муну шорум катып... А илбирстин терисине кадалган баланын кош карегинде ошол күнкү окуя кайрадан тартылып жатты...

* * *

Колуна шилби таяк кармаган жаш бала тоо боорунда бараткан эле. Сол тарапкы жапсар үстүңкү суйдаң карагандардын арасы шыртылдап калды. Карай салса өлөр-тирилерине карабай, эликтей түйүлүп бир кой чыңк ылдый үркүп келатат. Ошол күүлөнгөн бойдон түз эле баланын алдына жетип, тык токтоп, алдыңкы эки буту менен анын көкүрөгүнө таяна берип, көздөрүн жайната аянычтуу маарап-маарап жиберди. Анан кайра буттарын көкүрөктөн шак тартып алып, так-так секирип, ылдый, көч кеткен жакты карай көздөн кайым болду. Бала аң-таң болуп, анын артынан кыйлага карап турду. Берки кой эсине түшкөндө гана жанагы кой үркүп түшкөн жапсарды тикелей, өрлөп жөнөдү.

Ал эми, өйдөңкү көчкүдөн пайда болгон этектей жардын кичине тектиринде эшектей зор илбирс ыркырап, алдыңкы буттары менен терисинен басып алып, кан-жини жайнаган койду жеп аткан. Бала аны чукул барып калганда гана байкады. Артка кайтууга мүмкүн эмес. Коркуп кеткен бала жантайыңкыраак өскөн, жоон сандай кайыңга мышыктай жармашты. Анын шыбыртынан илбирс да «гүр-р!» этип, ордунан тура калды. Баланы көрөр менен кайра лып жата калып, денесин жыйрып, комдонуп, муштай болуп түйүлө калды. Дагы бир «гүр-р!» этти да анан муштай денеси жаа огундай созулуп, атып кетти. Анын канжалап араандай ачылган оозу кайыңдын жарымына чыгып калган баланын бутуна бир сөөмдөй эле жетпей калды. Күү менен ылдый секирип кеткен илбирс кайтып келгиче бала жанталпаз менен кайыңга дагы жогорулап чыгып кетти. Илбирс кайыңдын түбүнөн өөдөрөөк жерге чыгып секирди. Дагы жетпей калды. Кайра жанагы жерине келип, бирок секирбей, күркүрөгөн добушун да чыгарбай, канжалаган азууларын кып-кызыл тили менен жаланып коюп, жерге жабыша комдонуп, уусун аңдый дымып калды. А кайыңга желим болуп жабышкан баланын көздөрү чанагынан чыгып, ал үчүн бүт аалам биригип, азыр ушул бир илбирске гана айланып калган эле...

* * *

... Калып кеткен койдун бири учуп-куйүп, короого кирип келди, – деп сөзүн улады чал. – Кирип келери менен маарап-маарап алды да, күп жыгылып, бычакка араң жарады. Коркконунан жүрөгү жарылып кетиптир жаныбардын. Бул карышкырдан үркгөн экен, берки кой кайда, балам кантти деп, менде жан калбады...

Мен барганда илбирс кеткен болуп, улам нараак барып, кайра бортоктой калып, качан жерге түшөөр экен деп, дагы эле аңдып аткан



экен. Мени көргөндө гана шашпай чубалжый басып, Арча-Мазар тарапка ооп кетти. Баламдын колдору кайыңга чаңгектей болуп, карышып калган экен. Ошо кайыңга кантип чыгып, колдорун кантип бошотуп, кантип алып түшкөнүмдү билбейм. Түшүрүп жерге коёрум менен шалак этип, эси ооп калды. Чымындай жаным чыркырап, баламдын чымындай жанын кудайдан тилеп, озондоп, үйгө көтөрүп келдим. Көз алдымда төшөктө жатып таң дык салаарга жакын баламдын кундуздай кара чачы ушинтип, куудай агарып кетти. Жаратканга зарым жетип, эртеси өзү эсине келип, көзүн ачты... Ошондон бери тили жок. Ушунчалыгына да шүгүр...

– Балаңызды коркуткан илбирс ушул болуп жүрбөсүн? – деди Мамыт канжыгасындагы терини чече баштап. – Арча-Мазардан чаап алдым дебедимби.

– Таң, – деди чал бүшүркөп.

Мамыт терини желке туштан кармап, силкип жиберди эле, жалт-жулт этип, ат туягына жабыла төгүлүп кетти. Аргымак кошкуруп, жан жагына ойт берди. Желбирей чубалып, тери ансайын кулпурду.

Чал ачык суктанды:

– Ушунчалык да чоң болобу, таза жетилген экен, илбирстин шери турбайбы, аа?

– Эмесе ушуну балаң экөөң бир керегиңерге жаратып алгыла, – Мамыт диртилдеп аткан атына тизгин кага эңкейе берип, сеңселген терини чалга сунду.

Чал не дээрин билбей дабдырай түштү.

– Кармаң! – деди Мамыт терини чалдын мүрүсүнө арта берип. Чал үстүн жаба берген терини кучактап калды.

– Ыракмат. Ыракмат, балам. Илайым эки дүнүйөда кем болбо!... – Чал теринин жүнүн жалтырата сылап-сылап туруп, бул олжону жакшылыкка жоруп ийди. – Мына, балам, сени майып кылган жырткычтын териси насип буйруп, колубузга тийди. Эми эгем шыпаа кылып, мурдакыдай тилиң буудай кууруп, сүйлөп калгың бардыр.

Мамыт чалдын кубанычына маашыр болуп турду. Чал эми Мамытка карап, маңыроо сурап койду:

– Кандай дейсиң Мамыт, ушунун кунуна бир тай келер бекен, а?

– Мындай тери өтүмдүү. Ким билет. – деди Мамыт. – Эмнеге сурадыңыз?

– Бу Медертайымдын кулундан эле көзү өтөт. Кулундун кишинегенин укса эле жанын коёрго жер таппай калат.

– Кыргыздын баласы да... Небереңиздин аты Медерби?

– И, Медер. Медер.

– Кулундун жарасы жеңил экен. – деди Мамыт кокусунан оюна бир деме түшө калгандай, мыйыгынан жылмайып. – Териге тийбең. Медериңиз талпак кылып, тебелеп жүрсүн, көңүлү өсөт.

– Болуптур, балам. Болуптур. – Чал элпектик менен макул болду.

– Мен миңбашыга жолуга кетейин, чакырткан экен. Кошуңуз эмесе, Бердикул аба. – деди Мамыт. Чалдын аты Бердикул экенин эми билдик. А биз үйрөнгөн адатыбыз боюнча аны чал деп атай беребиз.

– А, жолук. Жолук балам, акеңе. Убагында жүз көрүшүп турбаса бир тууган деле жат болуп кетпейби. Ана, жеңең да баятан бери карап турат.

Чын эле рават дарбазанын дарчасин кыңкайтып, Канымгүл айым башбагып турган экен. Мамыт атын бура бергенде, көрүп калбасын дегенсип, булаң эте башын тартып алды.

* * *

Миңбашынын устадан уста тандаттырып жүрүп, чөл тараптагы бир шаардан колу гүл адамдарды алдырып келип салдырган ушул имаратынын ичи да кирген адам чыккысыз аземдүү эле. Жумурткадай ак бөлмөнүн шыпкы төрт бурчун туташтыра, ошондой эле төркү мейрап менен текчелерди ылдый карай бөлүп турган кыргактарга да алебастрдан панжыралатып, кооз оймолор бастырылган. Төркү мейраптын алдынан кызыл-ала кийиздер, үстүнө ар кыл баркыт, атлас, көрпө-төшөктөр, ортоңку тик оймого пар балыштар кериле жыйылган. Дубалдын бир жак бетин бүтүндөй ээлеген текчелерде ала бөйрөк фарфор чайнек, чынылар, өрдөк моюн мала-кызыл мис кумгандар жаркырайт. Экинчи тегиз бетине илинген сүлөөсүндөн тартып, сууexcept чейинки аң терилери кулпурат. Төргө бет маңдай, улагага жакын тор жибек тартылган эки чоң терезенин алдыңкы кыргагында бирден онунчу панар турат.

Ушул жасалгалуу бөлмөнүн жумшак төрүндө Мамыт менен миңбашы пар балыштарды жаздана кыңкайышат. Экөөнүн тең дасторкондогу дүйүм тамакка көңүлдөрү чаппай, бир пикирге келише албаган, дүпөйүл тариздери бардай.

– Ушундай, Мамыт бек. – деди миңбашы. – Укаңин бир жагы сага таянып, бир жагы кара күч-зомбулугуна салып, бизге көз көрүнөө бадик туугандарды кыйсыпыр кылып келгени аз келгенсип, эми Боз-Бел жактан ичкиди дос кылып алыптыр. Эми ал каракчысы биздин жылкыларыбызга ээ уурусу Абдраим деген чекеден тийип, алайлык ууруларга өткөрө баштады. Ушунчалыгында укаңи тыйып ал дешип, байлар мага ачык эле айтышты. Түрлөрү тетири таризде. Тымызын бир жамандык кылуудан кайтышкыдай эмес.



Мамыт мурутунан жылмайып койду.

– Күлбө! Бул оюн эмес сага! – Миңбашы олбурлуу денесин копшоп козголо берип, Мамытка тике карады. Кара-тору өңү түнөрө калып, каштары дирт-дирт эте түштү. – Баса, сен, биздин кенже уулубузга атап, Ысакбайдын кичик кызына сөйкө салдырып койгонубузду билбейсиңби?!?

– Билем.

– Билсең ошо кан кудабыздын үйүн баскан уурулардын дарегин таппай атабыз. Алар Ысакбайды түркүккө байлап коюп, үйүндөгү асыл буюмдарын шыпырып, эки унаага жүктөп кетишиптир. Ал эки ууруну билип эле турам, бири тоодой чоң, бири букадай жапалдаш, дейт Ысакбай.

Миңбашы Мамыттын эки жакка өркөчтөнө доңкойгон кең далысына шектүү карап койду. – Ошол түнү ай сүттөй жарык экен. Уурулар кеткенден кийин тамбашына чыгып алып, алар мүлк жүктөлгөн унааларын Суу-Дөбөнүн үстүндө күтүп турушкан эки-үч атчанга өткөрүп, Алай тарапка айдатып жибергенинен бери көрүп туруптур.

Билсе карматып алып, мийзамга жараша жазасын тарттырбайбы аларды.

Ушул учурда булоолонгон бир табак куурманы көтөрүп кирген Канымгүл айым сөздү бөлдү:

– Жаңкы терини бөз кадырын билбеген сокур чалга кармата бергениңиз кандай, бек кайним? Шер териси адамдын шерине жарашат эмеспи. Мага алып келсеңиз, кошумчалап, өзүңүзгө куп келишкен тон тиктирип берет элем.

– Мышыктын терисинен тон кийбейм. – деди Мамыт саал жылмая.

– Мына кызык, илбирсти мышык деп... – Канымгүл айым бырс эте күлүп койду.

Мамыт жеңесине кандайдыр таңгаларлык салкын сезимде карады:

– Сиз айткан жанагы сокур чал силердин кызматыңарды канча жылдан бери кылат?

– Таан. Мен келин болуп келгенде эле бар эле...

– А, жаңкы ак баш небереси эмне үчүн сакоо болуп калганын билесизби?

Эрке токол Канымгүл айым, мунуң эмне деп атат, дегенсип күйөөсүнө суроолуу карады. Миңбашы дулдуюп үндөбөдү.

– Минеге эле такып калдыңыз, бек кайним? – Кайра Мамытка кайрылып күлдү. Күлкүсү жасалма чыкты. – Ол бала тоодон, бирдемеден коркуп... ушинтип калды дешкен.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 482071

– Ал баланы, силердин коюңарды издеп жүргөндө, илбирс чалып кое жаздаганын эми билдим.

Ортодо оңтойсуз тым-тырстыктан кийин Мамыт сөзүн дагы улады:

– Эшикте жаңы тууган бир эчки байланып турганын паамдагандай болдум. Ошону азыр жетелетип ийиң. Бечара сакоонун таңдайы агарсын.

– О-эй, кайним! – Канымгүл айым чочуп кетти, – Ол эгизчил эчки эмеспи. Аралатып үч эм да туват...

– Жеңе! – Мамыт жалт караганда көздөрү бычакты чаркка тосо бергендей шыр эте түштү.

Канымгүл айым коркуп кетти.

– Болуптур, болуптур, бек кайним. Сиздин бир ооз сөзүңүз да. – деп, ордунан лып туруп, улагадан сыртка кыйкырды. – Кулмат! О, Кулмат! Оногу эчкини оноу сокур... Бердикул абага жетелеп барып берчи. Саап ичишсин.

– Энчилеп алсын. – деди баятан бери үн катпаган миңбашы.

Канымгүл айым дагы шашкалактай түшүп, эрин кайталады:

– Ии. Энчилеп алсын де.

Үчөө тең үн катпай дагы бир демге отуруп калышты. Акыры оор денеси менен копшолуп алып миңбашы кеп баштады:

– Бу сен Абдираим ууру менен качан достошуп жүрөсүң?

Сөзгө ортодон Канымгүл айым кыпчыла калды. Жанатан бери шагы сынып, бүркөлүп турган кабагы кандайдыр кайра жарк этип, маржандай тегиз акак тиштерин кашкайта сүйлөдү:

– Бек кайним, ол дөөдөй чоң уурунун сулуктөй соймондогон күлүк атын уурдап келип, аркасынан издеп келсе бербей коюптур. Анан ол ууру коркконунан дос болуптур. Же ондой эмеспи, кайним?

– Сиз айткандан кийин ондой болбой коймок беле. – Мамыт күлүп койду.

А, чындыгы мындай эле...

* * *

Те атам замандан бери эле атагы чыккан чоң уурулар бири-бирине тийиштик кылышып, эрегишип, өз күчтөрүн, өз өнөрлөрүн сынап келишкен. Мамыт да ошентти. Боз-Бел тараптан чыккан Абдираим палванга тең келип, бу чөлкөмдө ага даай ала турган адам табылбайт деген даңкын далай укту. Бир түнү ошол Абдираимдин жанындай жакшы көргөн күлүгүн уурдап келип, акырына байлап койду.

Абдираим да күлүгүн башка жактан издеп убараланбады. Түз эле Мамыттын эшигине бастырып келип, зоңк этти:



– Эй, ким бар үйдө? Чык бери!

– Келиң, мейман, – деди Мамыт үйдөн чыга.

– Эй, Мамыт бек! Өнөрүңдү билдик, түзүк экенсиң... – деди Абдираим зор чабдар ат үстүнөн үзөңгүгө чирене, алптай зыңгырап. – Эми күлүгүмү чечип чык да, чылбырын колума кармат.

– Күлүк эмес, кырчаңгы тай көргөнүм жок. – Мамыт кебелбейт.

Ушул учурда ээсин үнүнөн таанып, атканадагы күлүк шаңгырап, кишенеп жиберди.

– А, бул эмне?! – Абдираимдин каары кайнай түштү.

– А-а, булбу? – Мамыт алаканын жайып койду. – Бир кунан адашып жүргөнүнөн байлаттырып койдум эле, ээси табылып калаар деп.

– Ошону чечип чык. Мына, мен ээси.

– Ээси келсе бээсин бер дейт. Өзүң түшүп карап көр. Таанысаң жетелеп кете бер. – Мамыт тетири бурулду.

Абдираим тиштене ызырынып, ат үстүнөн дүңк секирип түшүп, атканага бет алды.

Мамыт кылчайып, анын артынан акырын гана кулак какты кылып койду:

– Байка, баатыр. Акырдагы жем жакпай калып жүрбөсүн.

Абдираим ага кулак салбай, атканага шарт кирди.

Өзүнө моюн созуп окуранган күлүгүнүн көкүлүнөн сылап, жаагына таптап-таптап койду да анан чылбыр үчүн чечүү үчүн акырга эңкейе берди. Эңкейе берди да жылан кармап алгансып, селт этти. Акырдын ичинде адамдын эки куу келдеси жаткан эле. Ошол куу баштарга карай туруп, Абдираим кандайдыр сырдуу жылмайып койду. Анан чылбырын шарт-шурт чечип, атын жетелеп чыкты. Жерди ныгыра салмактай, күтүп турган Мамытты теше тиктеп, басып келди. Экөө тиреше түштү.

Бул тирешүүнүн аягы эмне менен бүтөр эле ким билет? Ушул учурда бирөөнүн кайгайланган үнү чыкты:

– Ой, эй! Сабыр кылгыла. Сабыр кылгыла, баатырлар, ачууга алдырбай? – Кайдан чыга калганы белгисиз Бердикул чал жүгүрүп жетип, экөөнүн ортосуна тура калды. – Болотту болотко кайрабайт. Алла таалам экөөңө тең эр сыпатын аяган эмес экен. Силер касташуу үчүн эмес, достошуу үчүн жаралган жан экенсиңер. Муш тоскуча төш тосуп, кучак жайгыла баатырлар!

Мамыт Абдираим палвандын айтылуу күлүгүн уурдап келип, акырына байлап койгонуна көзү жеткен кыйды чал, бир алаамат болуп кетпесин деп, Мамыттын коргонун дайыма акмалап турган. Мына эми эки азамат кайчылашып калаарда аларга данакер болуп, кыяматтык дос кылып койду.

* * *

Үңкүр-Мазар. Бул касиеттүү мазар жогорку тараптан таш агызып алкынып, ак жалы чак-челекей сапырылып, күнү-түнү күв-шав этип, азоолонгон чоң дайранын оң ныптасында. Мазардын айланасын, аска боорлорун атам замандан бери өсүп келаткан бака теректер жыландын уюгундай чырмалышкан боз тамырлары менен бекем мыкчып алышкан.

Арбайган шактарына илинген ар кыл түстөгү маталардын айрындылары дайра күүсүнүн шамалына тынымсыз дирилдейт. Үңкүрдүн бир капталында эки кыргыз үй ордунчалык жайык тайпа. Тайпаларда күлү таза шыпырылып алынган эки тулга-очок. Алардын жамбашында эки чоң казан, бири-бирине кабатталган жыгач кеселер көмкөрүлүү. Топ боолонгон жыгач кашыктар менен эки жыгач чөмүч бутактарда илинүү. Бул жерге төмөнкү айылдын гана эмес, алыс жактардан да зыяратчылар көп келет. Атап алып келген союштарынан ушул жерде кан чыгарышат.

Куран окуп, куда-тааладан каалаганын тилешет. Анан эркек таналардын ичинен мен дегени чычырканак менен караган ширеген үңкүрдүн оозунан абайлап ичине кирет. Колуна биликтен майланып жасалган шам жагып алып, дилинен миң ирет келме келтирип, жанын оозуна тиштеп, кууш үңкүрдүн жети-сегиз кадам төрүнө бөжөңдөп барат да үстүңкү алакандай ным жерден тып-тып тамган туптунук тамчыга сыр чөйчөгүн тосот. Чөйчөк качан толгондо гана сыртка жөнөйт.

Бул чөйчөктөгү суудан ооз тийген ар бир адам баласынын каалаган тилеги кабыл болот.

Ылдыйтан ат туяктарынын дүбүртү угулуп, топ атчан азыр ушул мазарга жакындап калышты. Алдыдагы басөөлөт эки атчан – миңбашы менен Ысакбай. Алар үңкүр менен дайранын ортосундагы тасмадай кууш жолдон келме келтире, бир бирден өтүштү. Тасмадай жол атчандарды өөдө жактан имерип, үңкүрдүн үстүнө алып чыкты. Үңкүрдүн үстү кабырстан экен. Кабырстанды курчаган эски коргон чөгүп, өркөчтөнүп калыптыр. Атчандар аттарынан түшүп коргондун оозунан кабырстанга киришип, дөңсөөдөгү босогосуна тоо текенин мүйүзү кадалып, ортосуна бийик кылып, сары жезден бир тилим ай кетиги орнотулган эски күмбөздүн жанына келишип кыдырата чөк түшүштү.

Жигиттердин ичинен бирөө кыраатын келтирип аят окуй баштады. Күмбөздүн сол ныптасындагы жансарчада жалгыз түп жоон



көк терек асман тирейт. Курандын бүтүшүн күтүп чөк түшкөн бойдон былк этпей катып калган адамдар кандайдыр ууру көз жиберип, ошол көк теректин сунган кол жетээр-жетпес боорундагы ичегиси чыгып, катып калгансыган туура кара такка карап алышып, дирт-дирт эте түшүштү.

Эл арасында мындай уламыш бар. Илгери көпкөн эки жигит керекке жаратабыз деп кабырстандын ушул терегин түбүнөн аралай баштайт. Араанын мизи жарымдай киргенде теректин ичинде озоңдоп ыйлаган үн угулат. Ошол арааланган жеринен кан атып кетет. Эси чыккан эки жигит чалкадан кетип жан таслим болот.

Арбактарга арнап бата-дуба кылышкан соң кайра шапа-шупа атталып, кабырстанды бойлой жайлоону көздөй белеске артылып кеткен жолго түшүп жөнөп калышты. Адаттагыдай эле алдыда экөө. Арттагы топ жигит өздөрүнөн алдыга бөлүнүп миңбашы менен Ысакбайга куйрукулаш атын ойноктотуп бараткан дөңгөчтөй жоон бука моюн карасур жигит жөнүндө кеп кылып калышты:

Бечара Абдували күшина, миңбашы менен байга кантип жагынарын билбей шору куруй турган болду.

Анын миңбашыга жигит болсом дегенде эки көзү төрт...

Жапайы болуп кетип, кабырстанда жойлоп жүргөн килейген кара таргыл мышык эми «мя-у!» деп ачуу үн чыгарып, нары жактан коргондун кырына ыргып чыкты. Атайлап жол тосконсуп, миңбашы менен Ысакбайдын аттарынын тумшугунун алдынан секириптир. Эки ат селт этип, бүт тулку менен нары карай жалт беришти. Учуп түшө жаздап ээр кашына жармашып гана ат үстүндө араң карманып калган миңбашы менен Ысакбай эптеп тизгин тартып, эми өздөрүнө келишкенде көрүп турган көздөрүнө ишенишкен жок. Аттардын маңдайында атын ойноктотуп, колундагы мизи кан шамшарын ат жалына жанып коюп, көзү да, аты да ойноктоп, карасур жигит турат. Жанагы кара таргыл мышыктын башы бир жерде томолонуп, колкосунан кан сызылган денеси бир жакта жатат, дирт-дирт этип.

– Бу... бу не кылганың, баатыр? – деди миңбашы.

Бу көркоо мышык сиздердин астыңардан өтпөсүн дедим, таксыр! – Камчы сабын бооруна алып, башын ийип, жооп берди жигит.

* * *

Чал айвандагы очокко эки калама катырма бышырды. Бел курун чечип, гыйчылдаган чакан сөрүгө жайды да анын үстүнө ысык катырманын бирин сындырды.

– Эми апкелебер, Медертай, – деди небересине.
Медер ичкериден чакан жыгач кесеге куюлган сүт алып чыкты. Чал сүттү эки таш кесеге бөлүп, үстүнө кайнак суу куюп, туз себеледи.
– Туура, нандан ак суута, – деди, өзү да таш кесении бирин алдына жылдырып, үстүнө катырмадан туурай.
Экөө тамактана баштады. Медер аксуута чыкталган катырманы бурдап-бурдап, аптыга сугунат. Мындай ширин тамакка чечекейи-чеч. Анын сүйүнгөнүн карап туруп, чал да өзүнчө курсан.
– Бүгүн канча бей-бечаралардын курсагы нанга тойду дейсиң. Төрт оро буудай оңорбу анан. Ар бирине беш чейректен кем баткыдай эмес. Биздин ыкыбалыбызга Мамыт бек аваңды жаратып койгон кудаага ыраазы бол балам.
Ушул учурда ат дүбүртү угулуп, ушуну эле күтүп тургансып, Мамыт айванга бастырып келип, салам айтты.
– Кел, кел, Мамыт бек! – Чал шашып калды. Ордунан элпек туруп, ат тизгинине жабышты.
– Эми эле сен жөнүндө кеп кылып аттык эле. Нээти ак адам ушундай болот. Ырыскы үстүнөн чыктың. Түш. Түшөгой. Үчөө чайлашып бүткөндө Мамыт айтты:
– Берди ава, мынабу неберeңизге атап бир тай байлатып койдум. Алып келип алгыла үйдөн.
– Кандай тай?... – Чал таң болду.
– Топчу чүчүктүкү. Ал күлүк чыкма ушул тайын этият кыл дешсе, менин коргонумдун эгиздиги миңбашыныкынан кем эмес, эч ким уурдап кете албайт деп мактаныптыр.
– А... Ыраазымын, миң марта ыраазымын... Анткени менен тайды ала албайбыз го.
– Эмне үчүн? – Мамыт таңданды.
– Топчу чүчүк мени ууру тутуп, миңбашы менен казыга айтып, күлүмү көккө сапырбайбы. Анан Медериме эмне болот?
Мамыт күлдү.
– Кадырыңыз жам болсун, коркпоң. Мен байдын өзү менен көзмө-көз сүйлөштүм:
– Менин тайымды эч ким уурдай албайт дегениңиз чынбы? – деп сурадым.
– Уурдап эмес, коргондон ашырып кете алышпайт дегемин, – дейт.
– А мен өзүм ашырып кетсемчи?
– Коргондун сыртынан келиппи? - дейт.
– Сыртынан ашып түшүп, – дедим.



Топчу чүчүк ишенбеди. Сынай карады. Анан эл-журтка бир маскарасын чыгарайын деди окшойт, минтип айтты:
– Чын эле өзүң жалгыз ашырып кетсең бул тайдын эне сүтү сен үчүн адал, – деди.
Ошентип эл жатар убакта, өзүнүн көзүн жалдыратып туруп, дак калтырдым.
Мамыттын көзү анын сөзүнө ушунчалык кызыгып, жайнап кеткен баланын көзүнө чагылыша түштү.
– Небереңиздин ынтаасын караңчы. Өркөчтүү коргондун уурупарга сырдаш экенин түшүндүрүп койбойсузбу, – деди Мамыт жылмайып.
– Бул бала, али билбейт. Ыкымын алган адамга кыл аркан менен бир кулач жоон таяк гана жетиштүү экенин Топчу чүчүк билген эмес экен да, – деп небересине кунт коё карап алып, чал бул буюмдардан кантип пайдаланыштын жолун түшүндүрө баштады...

***

Ай сүттөй жарык. Тогуз пакса чоң коргон. Коргондун бир капталындагы узун айванчанын алдындагы акырга байланган күлүк чыкма, келишкен, сымбаттуу кашка тай акырдагы беде гүлүн искеп-искеп, анан чүрөк моюн сулуу башын көтөрө чулгуп, окуранып коет. Ушул учурда ортосунан кыл аркандын учуна байлап, сырттан ыргытылган бир кулач жоон таяк коргондун өркөчүнө шак этип туурасынан жабыша түштү. Кашка тай чочуп кетти, так түйүлө секирди. Аңгыча коргондун үстүнөн бир адамдын калдайган карааны пайда болду. Ал жанагы таякты эми өркөчтүн сыртына тууралап, аркандын бир учун бери чубалтып жиберип, өзү ошол аркан менен жылбышып түшүп келди. Түшүп келип, акырын басып, чочуп, үркүп турган тайдын жанына барып жалынан, соорусунан сылап, жоошутту. Жоошутуп алып, жетелеп келди да шалкыраак кылып, тайдын колтугунан бир, чаткаяк жагынан алып экинчи басмайыл тартты, бир учу дубалга тартылып турган аркандын экинчи учу менен тайдын жонунан эки басмайылды илип, кууштура байлады. Анан мөңкүгөнүнө карабай, ичке кайыш менен шапа-шупа туяктарын тушап жиберип, коргонго жамбаштатып койду. Бул ишин бүтүрүп асылуу арканга жармашып, мышыктай элпектик менен коргондун үстүнө чыкты да өркөчүнө минди. Эми туйлатып атып, тайды өзүнө тарта баштады. Улам кош колдоп чирене тартып, улам арканды билегине орой коет. Ошентип атып, тайды коргондун кырына чыгарып алып, этияттык менен нары оодарды да билегине оролгон арканды акырындык менен бошото баштады...

* * *

Бала чалдын айтканын укпай эле бул окуяны өз көзү менен көрүп аткандай. Анын таттуу кыялын Мамыттын сол алаканына шак чапкан камчы сабынын үнү бузуп жиберди.

– Иш ушундай, – деди Мамыт. – Тайды коркпой эле ала бергиле.

Бала ордунан атып турду.

– Ө-ак, ө-ак! – деп, чалды колдон тартты.

– Тайга шашылганын караңчы. – Мамыт жылмайды. Чал да ордунан обдула берди. Бирок бала анын колун кое берип, батыш тарапты караган бойдон эсейип калды. Берки экөө да ошол тарапты карады. Бөксө адырлардын этегиндеги куу шыбак каптаган жайыктан бери карай кара кийинген бир аял, колундагы кара жоолугу булгалактап, жыгылып туруп, өлөр-тирилерине карабай жүгүрүп келатыптыр.

Аял ошол жүгүргөн бойдон булардын жанына келип токтоду. Теңселип жыгылып баратып, айвандын түркүгүн кучактай койду. Мамыт сөрүдөн ыргып түшүп, аны жөлөп калды. Аял Мамытка көзүн жалдырата карап, дем ала албай энтигип да, аптыгып ыйлап да атат.

– А... айланайын бек... – деди акыры аял солуктап атып. – Буудай эмес эле... кара балээ алып берген экенсиң го бизге... Бир кан кускур чагып коюптур... Ырысбай Жоомартымды алдырып кетти. Буудайдын ордуна орого өзүңү көмдүрөм деп...

* * *

Чоң эски коргон. Коргондун төрку бурчунда бошогон төрт оронун оозу оңураят. Эшиктен кире бериш жактагы атканaнын алдында эки колунан түркүккө байлап койгон бала. Ал – Жоомарт. Мындайыраактан караган адамга түркүктү ал өзү атайлап кучактап тургансыйт. Анын айрылган жаагы менен ууртунан кан шүүшүндөп, айрылган эски көйнөгү эки далысынан салаңдап, аркасы жылаңач.

– Жанында ызырынган Ырысбай. Аны аш жукпас дегенчелик бар экен, башка байларга окшобой, тыртайып арык. Өтө тыртайганына карабай, чочоңдоп буерде буудай бар экенин кантип билдиң а, Мамыт ууруга эмне айттың а, – деп баланын жылаңач аркасына колундагы камчы менен чып-чып чабат. Алсыз чабылса да камчы эмеспи, тийген жерине жол-жол көгала из калтырып, уусу бата түшүп атат. Камчы ар тийген сайын денесинин дирт-дирт эткени болбосо бала кың дебейт. Илебин бек тиштегилеп, көгүнө таянып алган.

Наарaкта Ырысбайдын биротоло жер көз болуп бүткөн эки-үч малайы не кылар айласын таппай үрпөйүшөт. Аңгыча маңдайдакы дөбөнүн ылдыйкы тумшугунан атын алкынта чаап, бирөө чыгып келди. Үрпөйгөн малайлардын алкымы оздоруна тыгыла түштү.

– Кокуй, Мамыт бек экен! – деди бири.

– Өлдүк! Бекингиле! – деди экинчиси.

Бир паста малайларды жер жутуп кеткендей болду.

Ырысбай гана эч нерсени байкаган жок. Ал жаш баланы сүйлөтүп же чыңырта албаганына ушунчалык ызасы келип, эми баланы жөн эле башка-көзгө чапкылай баштаган.

Ушул учурда тизгини катуу тартылган ат тигилерди каптап коё жаздап барып, күүсүн араң токтото арткы буттарына такандаган бойдон алдыңкы эки буту менен көк чапчып, ачуу кишенеп жиберди. Ага удаа каардуу үн зоңк этти:

– Тарт колуңду!

Ырысбайдын денеси чагылган ургандай дүркүрөп, камчысын жогору көтөргөн бойдон катып калды.

– Бери кара! – деди жанагы үн.

Ырысбай каткан калыбын жазбай акырын бурулду. Бурула бергенде чап этип, жонуна жылан ороло түшкөнсүп, ошол жерин чок каарып, көзүнөн от чагыла бир бакырып, көмкөрөсүнөн жыгылды. Жонунан ылдый кырк аяк жөрмөлөп өткөнсүп, ак жегдесинин үстүнөн жыбыр из пайда болду да анан ошол из дөмпөйө түшүп, кызарып кетти.

– Камчынын уусу ушундай болот, билип ал, бай, – деди ат үстүнөн жоон камчынын сабын бүктөй кармаган Мамыт. Анан камчысын кулагынан тиштеп, эңиле, баланын түркүк кучактата байланган колун чечип жиберди. Сөөк-саагы бүтүнбү дегенсип, далы-белин сыйпалап көрдү.

– Эч нерсе эмес. Байдын күчү сага жетпептир. – Мамыт баланы ээгинен көтөрүп, жүзүнө үңүлдү. Эркелей түшкөнбү Жоомарттын көзүнө сымаптай мөлтүрөп, тунук жаш толо түшүптүр. Мамыт аны байкамаксан болуп мындай деди:

– Жигит адам ар дайым башка түшкөн мүшкүлдү көтөрө билиш керек.

Жоомарт жер карады.

– Башыңды шылкыйтпа, жаш туруп! – Мамыттын үнү катаалдана түштү. – Адамга тик карап үйрөн!

Жоомарт кызарып кетти. Ошол кызыл жүз өңү менен башын чулгуй көтөрүп, Мамытка тигилди. Каректери жалт-жулт этет.

– Ап-бали, ушинтип жүр! – Мамыт кубаттады. – Эми оногу атты чечип, мин. – Нараакта байлануу турган ээр токуму жасалгалуу атты сөөмөйү менен көрсөттү.

– Бу... Бул ат байдыкы да... – деди Жоомарт арсар абалда калып.

– Менин атым. Ол менин атым!... – Көмкөрөсүнөн түшкөн бойдон үңүлдөп жаткан Ырысбай башын көтөрө чыйылдап ийди.

– Эми сеники эмес. – деди Мамыт жай гана. – Бул ат мынабул жигиттин өткөн жылы сага иштеп берген малай акы.

Алсыздык ызасына буулугуп бараткан Ырысбай чөгөлөп тура калып, жегдесинин жакасын жагжайта кармап, өлүк-тиригине кайыл болуп, бакыра баштады:

– Атымды аласыңбы?! Алдымдан атымды тартып кеткиче мени өлтүрүп кет! О, эки дүйнөдө жакшылык көрбөй калгыр, ууру. Мени өлтүр, канкор! Өлтүрүп өзүң буудайын уурдап алган оногу оролордун бирине көөмп кет! – Бир аз өпкөсүн баса түшүп, кайра бүкчүйүп отура калды да: – Кудайдан үмүтү жок ууру... бир бүдүр буудай койбой кактапсың го оролорду. Эми менин бала-чакам эмне жейт? – деп, эчкирип ийди.

– Эмне жейт? Ылдыйкы үйүңдүн сүкөндөрүңдөгү[3] дан менен кабагыңа[4] катылган асыл буюмдар жетпейби?

Ырысбайдын башы желкесине кире түшүп, лам дебей, пысып калды. Мамыт бул сөзүн тусмалдап эле айткан. Эми минтип, жаш баладай шек алдырып, журтта калган эски түйүнчөктөй бүрүшкөн бул тыртайган көр пендени таңгала карай, же табалаганы, же аяганы белгисиз, минтип койду:

– Аш жукпас деп бекер айтышпайт экен да...

* * *

Мамыт менен Жоомарт жай бастырышып келатты. Жоомарттын мингени Ырысбайдын күмүш жабдык ээр-токулгалуу асыл тукум аты.

– Тагаң Анжиан тараптагы кыргыздардан экен го.

– Мен барбайм деймм. Апам эле болбойт, мынабу үкалариң чоңойгуча бара туралы дейт, тагаңын жүзүм бактары ийилип, оокаттуу дейт, ачка өлбөйбүз дейт.

– Апаң туура айтат.

– А, мен баари бир баса берем. Үкаларим кичине эле чоңойгондо аларды ээрчитип алып, качып баса берем.

[3] Сүкөн – үйдүн текчелеринин ичиндеги оюк оро
[4] Кабак – үйдүн үстүңкү паксасынын ичине жасалган узата оюк



– Бул оюң да туура. – деди Мамыт, – Тага журтка батыш кыйын, «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» деген лакап калган илгертен. Бирөө менен кичине эле кер-мур айтышсаң «тентиген келгин» деп, кордоп, басынтып коет. Ошон үчүн киндик каның тамган жердин топурагы ыйык экенин эстен чыгарба.

– Эстен чыгарбайм, ава. – Жоомарттын жүзү албырып кетти.

– Көрөсүз го, тез эле келем, келип эле сизге жолугам. Анан... Ырысбайдан агам менен жеңемдин кунун кууп...

Экөө айрылыш жолдон кош айтышты. Жоомарт үйүнө жете бергенде алдынан тосуп, эки ҫаристе – Асан менен Үсөн жүгүрүп чыгышты. Бири-бирин алдыга өткөргүсү келбей, аталага тойгон күчүктөй мойпоңдошуп, жыгылып-туруп чулдурашты:

– Ака келатат. Ака келатат. Дагы буудай акелатат, – дешип...

* * *

Жайык өрөөндүн ортосунда булуттун токумдай көлөкөсү түшүп калгансыган топ караан калкылдайт. Ал улакчылардын карааны. Ордодогу ашыктай шыкалышкан улакчылар анда-санда ошол тобун бузбай эки жакка сүрүлүп, чайпалып коёт. Үстүлөрүнөн буу буркурайт. А бул жерге улактын кызыгын көрүп, кумарына каныш үчүн учкашып чиркешип, жөө-жалаңдап келип, ат туягы алдында калбас үчүн эки жакка дөңсөөлөргө чыгып алышып каргалардай топ-топ болуп отурушкан күйөрмандардын эми ичтери бышып атат:

– Бу, качан алып чыгышат эми.

– Эмне, ушунча аттын туягынын алдынан тай торпокту эңип алыш оңойбу сага?

– Бу, бүгүн кечке күтөт окшойбуз.

– Атактуу улакчылардын уругу куруп баратат окшойт.

– Бул улакка Мамыт бек да келет дегенинен... Ал келгенде го...

Топ ортосунда отурган чал кепке аралашты:

– Мамыт бек бар улактын ичинде. Аты начар. Жыйынды бир жарып берейин десе Топчу чүчүк чабдарын бербей коюптур, туягына жем түшүптүр деп, арам терин аяп...

– О, куру шылтоосу, жем түшүптүр деп, – арадан бирөө сөзгө кыпчылды.

Өзү карап туруп, көз көрүнөө күлүк тукум кулунун Мамытка алдырып ийгенден бери ичинен кан өтүп атат. Ошонун алами үчүн бербей койгон да.

Ушул учурда ордодогу ашыктай шыкалган аттар көчкү козголгондой бир жагына сүрүлүп кетти. Анан тумшугу жарыла берип, ат жалына килейген торпок-улакты баскан адам суурулуп чыкты.

Эл чур этти:

– Балли-а! Балли!

– Бу азамат ким болду экен!

– Мамыт... Мамыт бек экен!

– Айтпадым беле, бая эле.

– Балли. Атаңа балли.

Бирок, Мамыттын аты чарчап калыптыр. Бүт денесин кара тер басып өпкөсүн кага, узап кете албады. Ошондуктан бир күржүйгөн кара жигит курч аты менен алдыга зуу өтүп, анан кыргыйдай кайып келип Мамыттын алдындагы торпокту бучкактап алып, такымга басты. Эки аттын башы эки жакка карап калды. Ошондуктан арттан дүрбөп жетип келишкен улакчылар да ат тизгиндерин тарта, аң-таң болуп туруп калышты.

– Оң бас, баатыр. Шартты бузба! – деди Мамыт жай гана.

– А мен ушинтип эле басам – деди тиги кебелбей.

Мамыт бул күржүйгөн чулу кара жигиттин кайтпас өжөрлүгүнө, батымдуулугуна таң бере, баш-аяк кунт кое карап алды.

– Көрбөй турасыңбы, баатыр. – деди анан. – Менин атым чарчап калды.

Күч кимдики болсо мөөрөй ошонуку, – деди кара жигит көгүнө таяныып. Анын кара ниети эми түшүнүктүү болду. Мынтип тетири баскан-да чарчап калган ат чалкадан кетет.

Мамыттын төрт чарчыланган жүзү жездей ката түштү. Жоон сан камчысын бир сермеп алып, кайра өзүн токтотуп, дагы кандай өнөрүң бар дегенсип, тигиге мистейе карады. Ал атын катуу теминип ийди. Мамыттын аты акыркы күчү менен тыргаяктай тырмышты. Жаныбар эки ат ит тартыш болуп, туруп калды.

Ушул учурда жарданып карап турушкан улакчылардын арасынан тез бөлүнүп басөөлөт бир адам тирешкен бул экөөнүн жанына жетип келди да чоң бычагын кынынан шарт сууруп тиги жигит такымга баскан торпоктун санын колтуктан сөгүп жиберди. Сөгүп жиберди да, камчы кезей, катуу акаарат айтты:

– Ал, ушул санды үйүңө алып барып, пышырып же. Сен, Абдивали, дайыма оюн бузасың. Сен, күшина-күшина деп койсо, ушул осол атагыңа уялбай кайра оолугуп кетет экенсиң. Күшиналигиңди өткөн жерге алып бар. Эмесе, элден чыгып каласың.



Күшина бир бу кишини, бир камчы саптарын бүктөй кармап, жакындап, жаалданып калышкан улакчыларды жалт-жалт карап алды. Карап алды да «кың» дей албады.

Улак тарап кетти.

* * *

Ошентип улак тарап кетти. Бирок адамдар үйлөрүнө тараган жок. Кайра атчаны атчан, жөөсү жөө адырдын сыртына чыгып барышты.

Анткени бул жерден о пастаги Аравандын даңгиси даана көрүнөт. Эрте менен байгеге топтолуп айдалган күлүктөр ошол даңгинин оозунан бери карай коё берилмек. Айлана уу-дуу. Божомол:

– Ак Шыйрак келет биринчи.

– Жок. Ак Жалгага жетер күлүк жок али.

– А дейсиңер, бу дейсиңер баары бир, Бердибектин Жээрде Кашкасы...

Нараактагы топудай-топудай дөңсөөлөрдө бөлүнүшүп беймарал малдаш токунуп отурушкан адамдар анча көп сүйлөшпөй, даңги тараптан көздөрүн алышпайт. Алардын арасында чал гана өзүнчө тунжурайт. Байгеге ат чабылганда дайыма ушундай. Мындай учурда өз башынан бала кезинде өткөргөн бир окуя көңүлүнө кылт эте түшөт да, кечээ эле болгонсуп, көз алдына тартылып, туруп алат. Азыр да ошентти...

* * *

Чалдын балалык кези. Байгеге кошулган аттар бир күндүк жерден бери коё берилмек. Алардын арасында чабендессиз бош кошуп үйрөтүлгөн күлүктөр да бар.

– Бери бас уулум, – деди айтылуу Акбоз күлүгүн суулуктан жетелеп азган Максым ажы. Ал баланы элден четтетип барып, белиндеги курун жерге жайды. Курдун ичинде бетине сейдана себилген бир чоң патир нан, үстүндө бышырылган жилик бар экен. Анан койнунан ичине бирдеме тыгылып, ичке шоона менен узатасынан бүктөлө чырмалган, ажылар гана кийчү ак такыяны сууруп чыгып жиликтин катарына койду.

– Мунун ичинде кургак чөп бар. – деди ажы. – Жата турган, эртең күлүктөрдү коё бере турган жерге жеткениңерде ушул чөптү такыяга ушалап майдалап туруп, күлүгүңө жедирип кой да, анан аса байлага ушалап майдалап туруп, күлүгүңө жедирип кой да, анан аса байла. О, кеч башка чабандестер уктаганда мынаву нан менен жиликти жеп, суу жутуп ал, эртең белиңе кубат болот.

Анан оролгон курун баланын белине бекем курчап бергенден кийин миң кайталанган суроосун дагы берди:

– Мен айткандардын баарын жадыңа бекем түйдүңбү?

Бала башын ийкеп койду.

– Ошент, каерден тизгин бошотуп, каерден теминип, каерден камчы басарыңды эсиңен түк чыгырба. – Максым ажы сөз аягында кандайдыр кабатырланып, өзүнчө күңгүрөнүп, кейип койду. – Жат жактан келген бир-эки күлүк бар экен...Айрыкча бош кошулгандардын ичинде...

Аңгыча күлүктөрдү күндүк жолго узатар кез да болуп калды. Дуулдаган калың эл калыс адам деп өздөрү шайлаган байге башы менен чабендес балдарга ак жол тилеп, ак батасын беришти. Байге башынын жетеги менен ойкуштаган күлүкчөн чабандестер байгеге бош кошулган күлүктөрдү да имере айдашып, дуу дүпүрөп, жөнөп кетишти.

* * *

Ай сүттөй жарык. Тоо түбүндөгү жантак жер. Арча бутактарынан арчындап куралган төрт бурч, кенен бийик тосмо. Тосмо ичине эртең саар чабандестер менен бирге бош коё бериле турган жыйырмадай күлүк камалган. Бери жактагы керме кадаларга чабандестердин жайдакталган күлүктөрү аса байлануу. Ээр токумдарын башына жаздаган чабандестер качан эле уктап калышкан. Максым ажынын чабандеси гана алдына жайылган курдагы нан менен жиликке табити тартпай, ойлуу. Ажынын миң кайталаган сөзү кулагына жаңырат: «Каерден тизгинди бош коюшту... каерден теминишти... камчы чабышты унутпа... Жат жактан келип, кошулган күлүктөр бар экен!...»

Баланын тамагынан аш өтпөй койду. Ал жайылуу курун төрт бурчунан бүктөй кармап, ордунан турду да, нараакта үстүнө кумган илинген коломтонун өчөйүн деп калган чычаласын улам көсөмүш болуп, же үргүлөгөнү же ойго батканы билинбей, үңкүйүп олтурган байгебашынын жанына келди.

– Ава, мынабу гөш менен нанды жеп алыңчы, – деди анын алдына курун жая берип.

Байгебашы чочуп кетти. Бир балага, бир жайылуу тамакка таңыркап карап туруп, анан сурады:

– Бу, кимдин чабандесисиң, балам?

– Максым ажынын малайымын.

– Кел, кел. Өзүң да же. – Байгебашы эми элпектенип кетти. – Жакшы адам менен жүрсөң жарым ырыс деген ушул да.



– Жакшы адамдан таалим алып жүргөн турбайсыңбы. Көрдүңбү малай болсоң да...

Бала жанына отурду. Байге башы эми ага анча көңүл бөлбөй эле жиликтен узата чоң-чоң тилип алып, нандан жей баштады. Жылымтык болуп калган чайынан чоң-чоң ууртап коёт.

* * *

Бирөө түрткүлөйт. Бала көзүн ачса байгебашы экен.

– Тур. Туруп атыңы токуп, басмайылын бек тартып ал, – деди шыбырап.

Бала шашып-бушуп атын токуп, жүгөндөп, тизгинин ээр кашына арта салды. Ушул учурда байгебашы мемиреген теребелди буза кыйкырды:

– О, азамат чабандестер, аттангыла! Ак жолуңар ачылсын! О-омийин!

Ыргып турушкан чабандестер уйкусураган көздөрүн укалап, ээр-токулга, жүгөндөрүн сыйпалап, калдастап калышты.

Бул маалда Ак Бозуна минип алган бала күлүк оозун коё берди. Ошентсе да тосмо ичиндеги бош күлүктөрдүн ичинен бир айкашка кунандын чыңыра кишинеп, сүлүктөй соймоңдоп, аба чапчылай тик тура калганын көз кыйыгы илип алды.

Ак Боз күлүк төрт аягы көз илешпей тыбырап, жер сабап, жер чимирип, кызып келатат. Ат жалына кенедей жабышкан баланын жүзү алоолонот. Бир маалда жүзүндөгү ошол толо кубанычын жазбай артына кылчайып карады. Карап алды да көзү алая түшүп, эми эле алдырып турган жүзү куп-куу болуп кетти. Кудай бетин көрсөтпө. Баягы тосмо ичинде так түйүлгөн айкашка. Мойнун каздай созуп, жалкуйругу артка жапырылып, жер менен жер болуп, жебе огундай сызылып алыптыр. Баланын шаштысы кетти. Тал-Мазардан өткүчө теминбе деген ажы. Тал-Мазарга дагы кыйла бар. А, тиги жебедей сызган Ай Кашка жакындагандан жакындап келатат. Бала ажынын насаатын бузду. Тизгинди бош таштап, теминип-теминип ийди. Күлүктүн жүрүшү арбый түштү. Ай Кашка да арымын арбытты, улам жакындай берди. Бала чыдабай толорсукка чып-чып камчы басты. Ак Боз тосмо жиреген ташкындай алкынды. Ай Кашка да ансайын зымырылды. Баланын бардык аракети текке кетти. Ай Кашка улам жакындап, акыры жанаша түшүп, анан кылдай суурулуп, алдыга өтүп кетти.

Ак Бозун оңду-солду камчыланып, улам узап бараткан Айкашкадан көзүн албай келаткан баланын жабырлуу өксүк жүзүнө кокус эле кан тээп, көздөрү жайнап, жамажайы эки кулагына жеткидей болуп,

жайылып кетти. Жаныбар ай! Ай Кашка адашкан экен. Тээ алдыдагы ничке колоттун тумшугундагы айрылыштын сол жагына эмес оң жагына түшүп алган турбайбы.

Баланын көңүлү жайлана түштү. Артта, тээ алыста гана чабандестердин бирин-серипдеген алдыңкылары көрүнөт. Марага мына жакындап калды. Ушу тапта кокустан жылкынын кишинеген коңгуроо үнү угулуп, бала селт эте кайра кумсарды. Үн угулган жакты жалт караса, саал артыраакта, коктунун оң тараптагы жонун туура кесип бери артылып, адашты деген Ай Кашка учкан жылдыз болуп, түшүп келатыптыр....

Таноосу барылдап, көкүрөгүн ак көбүк баскан Ай Кашка марага келгенде Ак Боздун кулагына гана жетпей калды...

Күлүктөрдүн келишин күнү бою зарыгып күткөн атчан, жөө калайык ааламды баштарына көтөрүп алгыдай уу-дуу болушуп, күлүк ээси, байге ээси Максым ажыны ороп алышты:

– Байге башы кут болсун ажым!

– Айтпадым беле, ажынын Ак Бозу бу дүйнөдө алдына ат өткөрбөйт деп.

Анык Камбар Атанын тукуму да, көзгө көрүнбөс-канаты бар да, жаныбардын.

О, ону баарыбыз эле билебиз. Онон көрө ажыдан соога сурабайсыңарбы?

Ошону айтсаң. Соога... о, соога бериң, ажым!..

Бирок, ажы мактоону укпагандай, кайра ыраңы мостоюп, көңүлү суз:

– Алгыла, – деди сустайыңкы өңү жазылбай жай гана. – Башкы атан төөдөн бөлөк малдын баарын бөлүп алгыла.

Ажынын марттыгына ыраазы болгон көпчүлүк кокту башын үч көтөрүп дагы уу-дуу.

Уу-дуу арасынан дагы кыйкырык чыкты:

– Ой, экинчи байге – тогуз каранын ээси кайда?! Жаңы бош келген Ай Кашка күлүктүн саяпкери ким?!

Көпчүлүк тып басылып, айлана тым боло калды.

Ай Кашканын саяпкери көпчүлүк сымак эле жупуну кийинген, кызыл жүздүү, жапалдаш карыя адам экен. Ал наркы четте Ай Кашкасын ноктолоп алып ары-бери жетелеп, ак көбүк терин кургатып жүрүптүр. «Соога» тилегендер эми ага жабалакташты.

Карыя дүлөй сыяктуу эч кимге кулак салбай, эч кимге дит багып карабай, кунанын жетелеген бойдон бери басты. Жабалактаган топ



таңгала токтошуп, алдын тоспой, жарыла беришти. Карыя түз эле ажы менен чабендестин жанына келди. Келип токтоду да чабандестин жүзүнө кунт коюп карады. Ошо калыбынан жазбай туруп:

Балам, жаш экенсиң, карынын каргышы жаман дейт, илайым андан алыс бол. Чынын айт, менин Ай Кашкам жолдон адаштыбы? – деди акырын.

Бала абдырай түштү. Кандайдыр ички сезим буйругу менен ажыны жалт карап алып, дени дүркүрөп кетти. Ажынын көзү балага кадалып калыптыр. Көз эмес – найлуу мылтыктын машасы тартылып калган кош оозу!

Муундары шалдыраган, жылдызы жерге күбүлгөн бала күңкүлдөдү:

– Жо... Жолдон... адашкан жок...

– Алдандык, дулдулум... – Карыя дулдулунун койкойгон мойнунан имере кучактап, көкүлүнөн жыттап, муңканып алды...

Ушунча элдин ичинен бирөө лам деп ооз ача албай, байгеден уткан тогуз карасына карап да койбой, алыста куу шыбактуу талаада, кыбырап кунанын жетелеп бараткан карыянын караанды үзүлгүчө аңкайып карап турушту.

Чабендес бала ушул күнү малайлыктан кутулду.

* * *

– Келатат! Келатат!

– Миңбашынын күлүгүн сүйрөп келатышат! – Ушул чуру-чуудан чал селт этти. Чын эле ылдыйкы тараптан бир күлүктү эки атчан эки жактан жылоолоп, бирөө артынан сооруга чапкылап, сүрөбөй эле сүйрөп келатышкансыйт. Алардын артындагы аарыдай ызылдаган топ атчан таноосунан ак көбүгү баркырай сүлүктөй соймондоп, жээлигип алган кара аргымакты өткөрө койбой, улам алдын торошот. Баркыраган кара аргымак алдын тосcондорду сол тараптан өтмөк болот кайып. Аарыдай ызылдаган топ атчан сол тарапка жапырылат, кара көлөкө болуп. Аргымак үстүндөгү жаш бала тизгинди бош коё ат жалынан кош колдой мыкчып, көл-шал болуп, боздоп келатат:

– Кагылайын, абалар, айланайын, абалар! Эмнеге алдымы тососуңар, абалар!....

Кара аргымак баркырап, эми оң тараптан өтмөк болот, кайып. Аарыдай ызылдаган топ атчан оң тарапка сүрүлөт кара көчкү болуп.

Аргымак үстүндөгү бала зыркырайт, көл-шал болуп:

– Силерге эмне кылдым эле, акелер! Алдымды тоспосоңор, акелер!

Сүрөөгө алынган миңбашынын күлүгүн маара чегинен өткөрүп туруп тизгинин коё беришкенде күп жыгылып, бычакка араң жарады.

Башкы байге миңбашынын күлүгүнө, экинчиси кара аргымакка ыйгарылды.

Соога сурагандардын мизин кара аргымактын ээси минтип суутту: «Бөрү, жору бир тууган» дейт. Байгенин башын миңбашы алды, бизге тарпы эле калды, ошонун эмнесин берейин.

Муну уккан чал күрсүнүп, өзүнчө ичтен сыздап алды: «Бу, адамдардын шүйкүмү мынчалык неге сууп баратат, а?!...»

* * *

Миңбашынын бурадарларынын датын угуп, алык-салык жыйнай турган жайы башка коргондо. Коргондун бир бурчунда жоон арча торсундарына жылмаланган үвасалар кыналып, үстүнө калың топурак шталган жер тамдын кенен бөлмөсү анын суракканасы. Бөлмөнүн ортосундагы коломтого жагылган оттун түтүнү чыгып турушу үчүн шыптын үстүндө төгөрөк тешиги бар. А коргонго жабышып турган дубалында терезе ордуна сыртына эки жактан ачылма жыгач дарчаси бар. Сырттан эл менен сүйлөшүү ушул дарча аркылуу жүргүзүлөт.

Азыр да сыртта, чилде суугунда эл опур-топур. Колунда бары бирин-серин салыкка түшкөн жандык-малын тапшырса, колунда жок көпчүлүк эртеден бери ыйлап-сыктап, арыз-муң менен даттанып жатышат.

– Түш ооп кетти окшойт, – деди бир маалда Ысакбай.

Миңбашы экөөнө кызмат кылып аткан жигит дарчеге келип, баш бага заңк этти:

– Ой, көрбөй турасыңарбы, түш ооп кеткенин, миңбашы менен бай чайлашат эми. Кеткиле! – деп, жыгач дарчени жаап, ичинен шырык эттире илип койду.

– Ой, баарынан ушу күшинаники өттү, – деди сырттан бирөө кейип.

Чынында эле бул Абдували күшина эле. Ал баягы мазарда болгон окуядан кийин миңбашыга жигит болуп калган.

Элдин наразылыгы ашынып кетти. Же чын эле жакырданып бүтүштүбү, - деди миңбашы өзүнчө, же элге боору ооруганы, же толук төлөнбөй аткан салык үчүн кейигени билинбей.

Эч нерсе эмес, миңбашым, – деди Абдували, – мен сизге жигит болгондон бери салык өнбөй калган жок. Муну да өндүрөм.

– Кантип өндүрөсүң? – Ысакбай андан кош көңүл сурап койду.

Кантип? Мына, сиздер эрте менен жер боортоктоп, озоңдогон жесирдин салыгын кечип ийдиңиздер. А мен артынан үйүнө барып, алдына тезек калап, бурчка бекитип, камап койгон боз чебичин



тезегин буза тээп, мүйүзүнөн сүйрөп келип, ана, топтолгон жандыктарга кошуп койдум.

Эмне дейт? Биз аны сагыр балдары үчүн кечпедикпи, – дешти экөө тең чочуп. Миңбашы бу кулак-мойну туюк, далы-билектери буржуйган жигитине эми жийиркене тиктеди. А Ысакбай болсо аны кирпик үстүнөн имерип, купуя, сырдуу карайт. Кайра:

– Аз-замат. Жарайсың... – деп, мактап койду.

Жанагы «Ушу күшинаники өттү» деген сөз кулагын жеп, чок болуп турган Абдубалинин куйүтүнө Ысакбайдын бул сөзү май тамызып, дүрт эттирди. Кыжыры кайнап, дарча жакка чоң муштумун кезеп кекенди:

– Бул кысталактарга көргүлүктү эми көрсөтөм!...

Ушул маалда коломтодогу табылга чоктун үстүнө коюлган алтындай жаркырак, өрдөк моюн мис кумган чырылдап, кайнап кетти.

Абдували ыргып туруп, үстүнө көк чай салды.

– Көп кайнатпа, чайы айнып калат, – деди миңбашы.

– Куп-куп, миңбашым, – деди Абдували. Анан мис кумгандын өрдөк мойнунан сол колу менен муунта кармап, дасторкон үстүнө чөгөлөй отуруп, оң колундагы гүлдүү чай пиялага үч жолу кайтарып, анан гана миңбашы менен Ысакбайга чай сунду. Сунуп болуп жерге коеюн десе мис кумган алаканына жабышып калыптыр. Оң колу менен кумганды боорунан кармап, чайын чайпалта акырын жулуп алды эле кумгандын мойнунда жабышкан былжыр эт калды.

Аны көрүп миңбашы менен Ысакбай селт эте түшүштү.

– Бери кылчы колуңду! – деди миңбашы шашып.

Абдували алаканын жайды. Каарылып түшкөн жеринин тамырлары гана көрүнүп калыптыр.

Миңбашы белиндеги курун чечкиче шашты.

– Тез! Эшикке. Каны чыгып кете электе кар бас да мына бу кур менен бекем тан, – деди.

Абдували чыгып кеткенде миңбашы танданды:

– Атаңгөрү-ү. Чыдамын кара. Кирпигин ирмеп да койбоду а. Бир колдоосу барбы мунун...

– Кара жин колдойт мындайды, – деди Ысакбай.

* * *

Жоро бозо. Жоро бозо кембагалдар үчүн «Бир тойгон орто байыган» дегендей чоң той, тамаша. Ал көбүнчө кышында уюштурулуп, кезеги келгени баарын үйүнө чакырып турушат. А Мамыт баштаган

бозокорлордун жоросу бир гана жерде, илгертен гаргар аталып, атагы чыккан сокур чалдын үйүндө. Нөөмөтү келген жигиттер керектүү бардык нерсени ушу чалга алып келип берет.

Бүгүн Мамыт кандайдыр кечигип калды. Бая эле топтолуп калышкан жигиттер алдына салынган таар төшөнчүсү да, дубалы да кир үйдүн очогуна алоолонтуп жагылган арча чогуна кактанышып, ар нерсени кеп кылып отурушат:

– Бозокорлорго Машрап дубананын бата бергени чынбы? – деди бири.

– Чын эмей, чын, – деди экинчиси.

– Кантип? – деди дагы бири.

– Кантип дейт. Машрап дуванам ушундай суук кышта, кеч жолдо үшүп келатып, кеп жеп отурушкан байбачалардын үстүнө салам айтып кирип барса, «сагалаган дувана жогол» деп кууп чыгышыптыр...

– Ошондо Машрап дуванам, – арадан бирөө сөзүн жыра тартты, – жоро бозо ичилип жаткан үйдүн жанына келип, ичкери даап кире албай, зикир чалып туруп калат. Ошондо эшикага жүгүрүп чыгып жетелеп кирет. Бек төргө өткөрүп оң жагынан орун берип, бозого аябай тойгузушат. Ошондо ираса ыраазы болгон Машрап дуванам: «Кепкор ашка тойбосун, бозокор балаа көрбөсүн» деп бата бериптир, ошондон бери...

– Ошондон бери, – деп тигини туурай купшуңдаган дагы бирөө сөз кыстара койду, – байбачалар канча жесе да ашка тойбойт имиш.

– Ошол эле дейсиңерби. Ак-Буура дайрасы кирип турган чагында да Машрап дуванам ары-бери өтсө тык токтоп жарылып, жол бошотуп турат экен...

Сөз бүтүп үй ичи бир демге дымып калды. Анан:

– Бек мындай кечикпейт эле... – деди бир жигит, туурулган илебин жаланып, омсоңдоп ийди.

Аңгыча салам айтып Мамыт да кирип келди. Баары алик алып жабыла ордунан турушту, төрдөн бек ордун бошотушту. Мамыт отурупотурбай, баштагыла деген белги берди...

– Эрке бала, гаргерге чык, – деди жарыша бир-экөө.

Мурут ордуна сары түгү эми кылайган өспүрүм сыртка атып чыкты. Үй ээси менен эркебала атанган өспүрүм, карды кычырата басышып, нараактагы саманканага киришти да саман арасындагы арчадан жасалган кап челектин үстүндөгү ободону сыйрып, капкагын ачышты. Капкагын ачышып эле көздөрү алайып, кетенчиктей түшүштү.

Акыры үй ээси эсине келип балага кайрылды:



– Эми муну билдирбейли десек, өзүбүздүн тамагыбыздан кантип өтсүн. Болоору болуптур. Сен кирип бекти чакырып чык, уулум. – деди. – Бирок, өзүңү четкерээк качырып тур. Кокус бектин жини келип... карыган жаным мен эле калайын балаасына.

Бала Мамытты чакырып чыкты да жана эскертилгендей нараак, артта жалтайлап дене-бою үркүп турду.

– Эмне болду? Алып кирбейсиңерби тезирээк, жигиттерди чаңкатпай, – деди Мамыт.

– Шорум катып... кудай урду, бек... – деди чал калтырап.

– Кап челектин оозун жакшы эле кумтулап, жаптым эле. Кайсы палекет басып, түшүп калган.

– Эмне?! Эмне түшүп калыптыр? – деди – Мамыт чыдамы кетип.

Берки бечаранын жооп беришке оозу эп келбей, кап челекти жалжал карайт.

Мамыт кап челекке үңүлдү. Анын ичиндеги ачып кайнап бүтүп, эми чертип калган бозо шагынын ортосунда бир кара мышыктын өлүгү тороёт.

Мамыттын өңү бир канаты кубарып кетти. Аны көрүп туруп бечара чалдын муун-жүүнү шалдырап, жыгылып түшкүдөй болуп, кап челектин кырынан кармай калды.

Ушул учурда ичкеридеги жигиттер кандайдыр бирдемеге дуу күлүп жиберишти. Бул дуу күлкүдөн Мамыт башын селт көтөрдү. Селт көтөрдү да катуу айтты:

– Кудайдын бир муштай макулугу түшүп калыптыр деп, зор үмүт менен зарыгып отурушкан тиги бечаралардын ырыскысын кыялыбы. Куюп кирип, сүзө бергиле. Аларга бул жөнүндө бирөөң кың этип ооз ачсаңар... – Чал менен баланы каардуу сыдыра тиктеп алды да, анан: – Биринчи кесени мен баштап беремин деп, шарт кайрылып жигиттердин үстүнө кирип кетти.

* * *

Эки жигит лагандин үстүнө чоң тоскуну кере тосуп, тоску атар аткыны сабынан кош алакандап, чимирик кылып айлантып, шаулдатып бозо сүздү. Анан лаган толо бозо очок чогундагы казанга куюлду, чуу эте чочутуп. Жоро бозо башталды. Бирок, бозо куйган чал каадаңы бузду. Алгачкы куюлган бозону шарт боюнча касагул катары өзү ичпей, бекке сунду. Жакшы жетилип, үй ичин күңкүтүп, чымчык көз болуп быжырап турган бозодон көзү өтүп турган жигиттер аны байкаган да жок.

Эркебала бозо толо кесени оң тараптан, кезеги менен айланта баштаганда Мамыт сурап калды:

– Бу, Жунус эмнеге кечигип жүрөт?

– Жунус негедир эле бизден боюн качырып калды го. Өткөнкүдө, сен Алайга кеткен учурунда да келген эмес. Бүгүн да келбейт окшойт, – деп жооп берди отургандардын ичинен бир мойсопут.

А Жунус келбей койгон жок, келди. Дем албас башталып, «кулундуу бээ» – чоң кара аяк менен кесеге мелт-калт куюлган бозо үчүнчү айлана баштаганда келди. Ал сырттан карды кычырата басып келип эшиктен баш багып, каада тута сурады:

– Эшикага, уруксатпы?

– Келиң, уруксат. Бу, таза күттүрдүңүз да, – деди босогодо отурган эшикага тура калып.

Жунус ичкери кирип эшикти жаап, туруп калды. Ал бир көзүн чел баскан, локуйган, зор адам экен.

– Бек, бул кечиккен айыбын тартсын! – деп сураныштыотургандар.

Жунус айыбын тарта баштады. Ал ошол турган бойдон өз күнөөсү үчүн, анан бек, бектин оң аталык, сол аталыктары, касакүл, эшикага, эркебала үчүн куюлган бозолорду катар-катар шимирди да анан гарт кекирип койду. Эми үч жолу айланып калган «кулундуу бээнин» ордун толтуруш керек. Жунус мында да кыйналган жок. Кара аяк менен кесеге үч жолу жык толтурулган бозону бир тамчысын да тамчылатпай үч жолу дем албай жутуп, дагы үч жолу кекирди.

Жунуска баары таң беришти. Мамыт да ыраазы болуп, оң аталыктын ордун берди. Ичи кудуктай бу кишиге өтө таң калган бир жаш жигит мынтип жиберди:

– О, куда-я, тооба-а! Бу Жунус аке ар кесени бошоткон сайын кызыл өңгөчүнүн кокосу кудум пишкек сыяктуу өөдө-ылдый болуп, ичкен бозосун ичине ныгырып турат экен...

Баары дуу күлүп жиберишти.

– Анан эмне. Жунус акең Аравандын даңгисинде төшү түктүү түрктү бекеринен басыптырбы дайрага, – деди бирөөсү.

– Ырас эле ошону айтып бериңчи, – деп жаалап калышты.

– Э... онун эмнесин айтайын, – деди Жунус онтолоп. Чоң адамдар сөзгө чоркок эмеспи.

– Жунус акем ону айтыштан уялат, – деди купшуңдаган бирөө, – ол түрк жеңеми билектен алып...

Анын сөзүн аягына чыгарбай, отургандар дагы каткырышты.



– Жетишет! Бу кишинин көбүңөрдөн жашы улуу, – деп Мамыт аларды тыйып койду да өзү сурады. – Ошол имиш чынбы, Жунус? Айтып бербесең кутулбайсың эми булардан.

Чын эле кутулбасын билди окшойт, онтолоп, дудаланып атып, Жунус ошол окуясын айта баштады...

Жунус өзү жаштайынан амеки тууган Ысакбайдын кызматын кылып жан баккан кедей. Жашы отуздан ашканда Ысакбай ага бир жетим кызды алып берип, өзүнчө бөлүп койгон болду. Бир күнү байдан уруксат алып, жаш аялын аравандык туугандарына көрсөтүп, учураштырып келейин деп жөнөп калат. Кыргыз-Ата дарыясын бойлоп, даңгини ашып, Араванга түшө бергенде алдыларын түктүү төшү жагжайган эсирген бир түрк жигит тосот.

– Мен бу даңгидан эки жакка эч кандай эч кимди өткөрбөйм, – дейт тиги.

– А мен өтөм эле! – дейт Жунус.

Экөө парма-пар келип, былчылдата мушташып, акыры алдан тайып, эки таштын үстүнө соксоюп отурушуп калат.

– Сен дагы бир эр экенсиң. Төшүмө түк чыккандан бери мага тең келер адамды жолуктурбадым эле, – дейт түрк чындап таң берип. Анан кыйдылыкты билбеген бул бөөш тоолукту алдамак болуп минтет. – Баатыр, мынабу тунук суудан бирден жутуп албайлыбы.

Жунус макул болуп, күйүп турган жүрөгүн басыш үчүн суудан аябай жутат. Тигиниси калп эле ичимиш болот. Дагы мушташып, кайрадан дем алышып, экинчи жолу сууга аябай тойгон Жунус эми алы куруп, шалдайып, тезектей тепкиден тырп эте албай калат. Муну алы куруп, шалдайып, тезектей тепкиден тырп эте албай калат. Муну жайладым деген түрк анын аялын билектен алып, чыйылдатып, четке сүйрөмөкчү болот. Аялынын ошол чыркыраган үнүн угуппу же кудай колдоппу Жунустун көзү пардай ачылып, кирген бууурадай ач айкырык менен түркка жете асылып басып түшөт. Качан эсине келип караса оозу-мурдунан кан кеткен түрк алда качан эле жан таслим болгондой...

Жунус окуянын ушул жерине чейин эптеп айтып келип бир азга токтоло калды.

– Анан. Анан эмне болду? – деди бирөө чыдабай.

– Ананбы?... Анан ылдыйлап түшүп барсак тыттардын шагында, кетмендерине жөлөнүп, үч-төрт аладопу адам туруптур.

– Айланайындар, жогортон бизге суу байлаттырбай аткан азезилден кантип өттүңөр? – деп сураашты.

– Чамасы өлтүрүп салдым окшойт, – дедим.

– Өлтүрүп дейби?! Оозуңа май! – Тигилер сүйүнүп кетишти.
– Ошону өлтүргөнүң чын болсо оногу ат сеники, дешип нараакта байланып турган мингич тайды көрсөтүштү.
Анан чогуубуз менен баягы жерге кайтып келдик. Келсек кысталак түрк жок. Тирилип качып кетиптир...
– Жаңкы кишилер убада кылган мингичин бериштиби анан?
– Таш-балаанмби... – деди Жунус.
Үй ичи дагы күлкүгө толду.
Аңгыча булоолонгон ысылык келип, кулундуу бээ дагы айлана баштады.
Мамыт өзүнөн бийик болуп, локуюп отурган Жунусту далысынан таптай тамашалады:
– Атаа, бу ааламда сага адам күчү жетпес эле го, чучук толбой, пайчаң гана ничке болуп калган да, – деп малдаш токунуп отурган Жунустун багалегин маасысынын үстүнөн кыса тутамдап койду.
Жаны ооруп кетти окшойт, Жунустун өңү кубара түштү. Бутун шарт жыйрып, Мамытты тетири көзү менен окшуя карады. Мамыт аны байкабады, кайра мынтип сурады:
– Өткөн нөөмөттө да келбепсиң. Бүгүн дагы кечиктиң. Тынчылыкпы деги?
– Тынч эле... – деди Жунус адатынча үзүп, бошоң сүйлөп. – Бай кызын узатканы жатпайбы. Иш көп. Бозо ичсең өзүң салып ич дейт...
– И, Ысакбай амакиси үйлөп койгондон бери кол чанач кылып албадыбы муну, – деди жанагы купшуңдаган жигит.
Дагы күлүп калышты, бирок Мамыттын наразы серп таштаганын сезе кайра тым болушту.
– Эми эмне кылсам дейсиң?
– Эми... Жорого кошула албайм го... Эмки кезектин чыгымын...
– Өзүң кошулбасаң чыгымыңын кереги жок. – Мамыт сөзүн бүтүртпөй кесе сүйлөдү.

* * *

Базар кызыган маал. Бир тарапта койлордун, бир тарапта кара малдардын, бир тарапта жылкылардын соодасы жүрүп жатат.
Четтеги чайканада адамдар жык. Бири отурарга жер таппай, бири чайнек тапса пияла таппай жүргөндөр. Нараактагы түпкүчтөй тегеретип курулган он-он бештей казандын биринде аш демделип, биринде гөш куурулуп, биринде шорпо кайнап жатат. Ушул ашканага таандык, бирок башкалардан айырмаланып алдына килем төшөлүп,



чекелете кара баркыт жакандос салынган чарпаяда Мамыт отурат үч-төрт жигит менен. Алардын алдында бир табак жүзүм тандырдан жаңы үзүлгөн үч-төрт нан, гүлдүү чоң чайнек чайы менен, ошондой эле гүлдүү эки чай пияла... Жигиттердин бири нандан бирди алып, булоолонто туурап баштады. Экинчиси чайдан бир пиялага бир ууртам куюп, өз алдына койду да экинчи пиялага куюлган чайды сол колу менен чыканагын сүйөй, оң колу менен Мамытка узатты. Мамыт колундагы чайын ууртай албай калды. Анткени маңдайында момундугу жүзүнөн билинип турган бир мойсопут адам пайда боло калды да, саал кысына кол сунуп, салам айтты:
– Ассолоому алейкум, Мамыт бек?
– Ва алейкум ассалам. Бери төргө өтүңүз, – деди Мамыт кол узата эңкейе берип.
– Өтпөй калайын, Мамыт үка, – деди мойсопут. – Мен мынабу эле папандык бөрүлөрдөн болом...
– Тууган турбайбызбы, – деди Мамыт күлүп, оң тарабынан орун көрсөтө саал копшолуп. – Келиңиз, жаныма отуруңуз.
– Отурбай калайын, – мойсопут мал базар тарапка ээгин кагып койду. – Оногу миңбашынын жинди жигити... – деп баратып, тилин тиштеп алгансып, көзү алая түштү. Инисинин өзүнө миңбашыны да кыстарып ийгенине коркуп кетти окшойт. Мамыт эми бул жоош момун кишиге кызыга карап калды.
– Абдували күшинаби? Сизге эмне кылды күшина? – деди.
– Ошо күшинаңар бир-эки пада менен кошо менин токол уюму дагы кошо айдап келип, сатып ийиптир. Ана, алган адам отурат, жетелеп кеталбай, арсар болуп. Уюму кайтарып бер, жадегенде пулун бер десем ит үрүп атабы деп койсочу. Жеңинен тартып койсом, чокчоңдойт. Дагы бирдеме десем эле уруп ийе турган кейпи бар.
– Уюңузду аласызбы же пулун аласызбы? – деди Мамыт мурутунан жылмайып.
– Уйду албай... Пулу көтүндө калсын! – Мойсопут сүйүнүп кетти. – Уйду албай анан. Саадырат бечара. Торпогу өлүк туулду эле, саман каптап койгомун терисине...
– Чакыр, күшинани, – деди Мамыт чай куйган жигитке.
Абдували челе турган букадай, көзүнүн төбөсү менен тиктеп, талтаңдай басып келди. Тиги мойсопутту көргөндө карасур жүзү андан бетер түнөрө түштү. Бирок сыр алдырбай, отургандарга салам айтып, а салт каадасын тутуп, кол берип учурашкан жок.
– Чакыртыпсыз бек, – деди суз гана.

– Мынабу адамдын уюн кайтарып бер, – деди Мамыт.

Бир демге жымжырттык уюй түштү. Анан Мамыт менен Абдували күшина тиктеше түшүштү. Болотту чаркка тута бергенде «шыр-р» эте түшкөндөй оттуу, өткүр көздөр жарк-журк чагылышты.

– Бу таанызбай эле айтып атат, – Абдували күшина Мамытка тигилген бойдон айтты. Абдувалинин өткүрлүгүнө Мамыт бу сапар да таң берди. Ошондон уламбы дагы жай айтты:

– Ушу бечарага буюрган кичине ырыскысы саңа кантип аш болсун. Кайтарып бер уюн, Абдували үка.

Абдували күшина көктүгүнөн кайтар эмес. Кайта калың каштары дирт-дирт этип, илеби дирилдей түшүп, чарт жарылып кетти:

– Эмне, байдын тукумуна, миңбашынын үкасина жарашкан уурулук маңа жарашпайт бекен. Же... – Сөзүн аяктай алган жок. Чалкадан кантип учуп түшкөнүн өзү да билбей калды. Бирок, Мамыт ордуна отургуча ал да ыргып туруп, маңдайына келди. Өңү купкуу болуп, жаак эттери түйүлүп түтөп кеткени менен үнү жай чыкты:

– Аңкоолугуман алдырып койдум. Мамыт бек, – деди да бир тутам пулду дастарконго таштап койду. – Кан базар да жан тарткан букараңыз уюн кайтарып алсын.

Ушул сөздү айтып ал артына кайтты, бирок эки-үч кадамдан кийин артына шарт бурулду.

– Бек! – деди эми өкүмдүү зоңк этип. – Келме кезек... Жолубуз дагы бир кайчылашып калгысы бардыр. – Анан бир жак ууртту менен ыржайып койду да кайра төөдөй майпаңдап басып кетти.

Чай ичилбей, нан ооз тийилбей турат. Жакын чарпаяда отургандар да эмне болуп кеткенине түшүнүшпөй аңкайып, буларды карашат. Бул оор тынчтыкты колуна жез кумган, чылапчын көтөрүп алган ала чапан, ала допу адам бузду:

– Аш дам жеди. Сала берейинби? – деди ал элпектенип.

Мамыттын көңүлү кандайдыр суз эле. Колун да кош көңүл жууп, чарпаянын кырына кыңкая берди. Ушул учурда сол ыптадагы касапканада алармандарга гөш тартып жаткан жагжайган төшү түктүү, баш менен ийни туташып калгансыган тоголок, семиз касапчыга көзү түшө калды. Көзү түшө калганда эле кандайдыр каары кайнап кетти.

– Эй, Дадажан! – деди заңк эте жанындагыларды чочутуп. Дадажан үн чыккан жакты селт эте карап алып, колунда кармап турган таразанын табагын түшүрүп жиберди. Адамдардан өзүн бөлүп турган жазы тактай текчеге чоң курсагын арта сала бери кулап, дарбыздай томолонуп, жетип келди.



– Ляппай таксыр, – деди ал эки колун бооруна алып, ыраңы топурактай бозоруп, – Ляппай бегим.

– Алиги чабдарды эмне кылдың? – деди Мамыт кекээрдүү.

– Бегим... Айгыр өзүңөрдүн эле амакиңер Топчубай акамки турбайбы. Биз дагы кадыржан элек... Өгүнү эшикке кирип, көрүп калып... коё турчу дегенинен...

– Эмне, Топчу чүчүктүкү экен деп, ал айгырды энеңе эр кыласыңбы?! – Касапчынын ачылган оозу жабылбай, ээги шалпайып калды.

Мамыт өкүм буюрду:

– Тез алып чыгып, анаву көгала майданга сой!

– Хуп, таксыр... Хуп, бегим... – Касапчы дарбыздай томолонуп кайра кетти...

* * *

Ысакбайдын сегиз канат ак өргөөсүнүн ичи. Алдына бүт жетер калың килем төшөлгөн. Тулганын атараби гана кийиз. Айланта атлас жакөндөздөр салынып, куш жаздыктар коюлган төрдө Ысакбай өзү кыңкаят. Оң жагында Топчубай, сол жагында Ырысбай, алардын атарабинде беш-алты жакшылар. Аяктан орун алган Абдували кандайдыр өзүн оңтойсуз сезип, коомайланат. Алдыга жайылган дасторкон бай. Кызматта Жунус. Ал босогонун оң тарабындагы чий тосмолуу ашканадагы чоң сабаны улам олдоксон быкшып коюп, кайра кол чаначтан сыр аякка бал кымыздан куюп, сол колун бооруна алып, оң колу менен кыдырата сунат. Анын кереге тарабындагы ныптасында, жакөндөздүн алдына катылган көк шишенин оозу кылтыят. Шишенин ичиндеги көк суюктук кымыздын кезеги Абдувалиге келгенде гана кичине бөскөрө түшөт.

Сөз уланып атат:

– ...Күнүбатча дегениңер менен атабыз бир, канывыз бир, дейт миңбашы. Мамыт уурусун такыр тыйгыдай эмес. Абдраимди эмне кылсаңар ошол кылгыла, дейт. Боз-Белдик туугандар, ал уурунун колун тазалап берсеңер, кун дооламак түгүл, миң мартаба ыраазы болот элек дешип, алдыртан миңбашыга кабар айттырышыптыр, – деди Ысакбай.

– Ошентип, бул уурулардын чапкысынан кутулбайт экенбиз да, – олтургандардын бирөө кейиди.

– Кутулбаганыбыз ушу да, – деди экинчиси.

– Бу уурулар акаси менен куда-сөөк болгон мени аябады. – Ысакбай кебин улады. – Чоң кызыма даярдатып койгон себимен бери тартып кетишти го акыры.

– Туура, туура.

– А меничи, мени?! Төрт оро толо буудайымды тартып алды. Менин жаным кантип чыдайт буга, – бир жактан Ырысбай чыйылдап ийди.

– Онусу го о. Өз катынындай кылып уруп кеткеничи дагы.

Кимдир бирөө каткырып күлүп ийди. Баары селт эте ошол жакты карап калышты. Абдували күшина экен. Кара-көк бети толуп кан тээп, кызып алыптыр.

– А катынындай кылып урса... ынабай койсоңуз керек да бай. – Абдували каткырык аралаш араң айтты бул сөздү.

– Ээ сага эмне жок күшина, эшигиңде чычкак улагың жок болгондон кийин, – быяктан Топчубай чыкты чычалап. – Кудай таалам кеңири аш атаа кылгандардын баарын көрө албай атат, булар. Мамыт ууру мына менин күлүк чыкма кулунумду уурдап, бир тексиз малайдын жетимине өз малынан бетер энчилеп ийгенин, чабдар айгырымды көз көрүнөө кан базарда сойдуруп, етексиздерге тарттырып ийгенин, кана, кимиңер тана аласыңар айткылачы?

– Туура. Туура. – Отургандар баш ийкешти.

– Жок! Туура эмес! – деп каршы болду Абдували. – Айгырыңызды билбейм. А кулун Мамыт бек үчүн эне сүтүнөн ак. Өзүңүз мактангансыз, эч ким коргонумдан ашырып кете албайт деп. Аттаа, мурда укканда ал кулун менден ашпайт эле.

– Эмне-э! – Топчубайдын жаны чыгып кетти. – Ушу... Сен күшина... алар тарап турбайсыңбы...

– Токтоткула, бок сөздү! – Ысакбай аларды тыйып, Жунуска айтты. – Баш эзилип кетпесин, алып кел!

Чара толо эт келди. Жунус куйрук-боор туурап, Ысакбай күмүш табактагы башты кулагынан бир кертип, оозуна салып, анан сол колу менен тумшуктан басып, оң колундагы болот бычактын учу менен баш сөөгүн узун-туурасынан акырын жарака чыгарып атып, анан айланта кичинеден боорсоктой кылып, эти менен кошо ажырата баштады. Акыры табактын ортосунда туташ бойдон мээ менен эки көз калды. Ысакбай эми мээни бузбай эки көздү ажыратып алды да, аларды салт боюнча оң-солунда отургандарга эмес, этекте отурушкан Абдували менен Жунуска узатты. Экөө терисине батпай калышты. А Топчубай менен Ырысбай, берки отурган жакшылар, бул эмне кылганы



дегенсип, аң-таң болуп бири-бирин караштьы. Ысакбай аларга көңүл бөлбөй алдындагы мээни чоң чыныга салып, сыр кашык менен эзип, үстүнө бар баш пиязды майдалап туурап, толтура айран куюп, чалып-чалып, аралаштырды да өзү бир ууртап алып, Топчубайга сунду. Бул калаты аралашма катмы окулуп, дубаланган суу сымак, андан ары айланып кетти. Эт желип бүтүп дасторкон үстү бир сыйра жукартылып, жаңылангандан кийин гана Ысакбай Абдували менен Жунуска карап сөз баштады:

– Баатырлар! Заман бузулуп, ак паашабыз тактан кулаптыр деген каңшаар бар. Өзүбүздө да мынтип ууру-бөрүлөр көбөйүп кетти.

Тууганды туугандыгы, ким экендиги жамандыкта гана билинет дейт. Ушул отургандардын ичинде жатыбыз жок. Биз болсок мынтип, төргө өтүп калдык. Төргө өт деген – гөргө өт деген. Ошентип, насаттан башкага алыбыз келбей калды. Эми эли-журтту тозутпай, ууру-бөрүгө талатпай, баш-көз болор кезек силерге келди. Эки көздү мынабу эки аксакалга эмес, силерге сунганым ошол, баатырлар.

Отурган жакшылар дуулдап кетишти:

– Мына журт эгасинин сөзү!

– Мына, кызыр жолдогон адамдын айтары! – дешип.

Жунус менен Абували ордуларынан ыргып турушуп, ийилип, колдорун бооруна алышты.

Ушинтип, адаттагыдай эт желип бүтөрү менен тарап кетишпей буту, колдорун жазып, бир аз эс алышкан соң кымыз куюлган сыр аяк кайта айлана баштады. Көк шишедеги көк суюктук да түгөнүп баратат. Абдували коюлуп бараткан көзүн парлап-парлап ачып коёт. Бир маалда эле обдула чөк түшүп отура калып, кончундагы камчысын мойнуна илип:

– Байым! – деди тили булдурай ыйлап ийгендей болуп, Ысакбайга жалдырай карап. – Мен... мындай сыйды өмүрүмдө көргөн эмесмин. Сизди... капа кылган ким?! Сиз үчүн өлүп берем... Менин арка жиним бар... апам айткан. Азыр ошо жиним кармап калды. Сизге тийгенди жаналгыч болсо да мойнун жулам... Айтың... азыр эле...

– Аста аста, баатыр. – Ысакбай чочуп, жайкай сүйлөдү. – Бул кымыздын күчү менен өзүңдүн күчүңдүн денеңе батпай турганы. Сабыр кыл баатыр. Эми баарыбыз өз кишибиз. Азыр эс алып саар сүйлөшөлү, саркы ырыскы үстүндөгү масилат жакшы болот, – деп, бата тартып жибермек болду эле, жакшылыкча аяктап бараткан ишти Топчубай поктоштуруп койду.

– Бай ушул үйлөгөн көк чаначтын эмнесине ишенет десеңер, – деп жанында отургандарга эңкейе шыбырап калды.

– Мунун мышык сойгону эле болбосо... Өгүнү эле муну Мамыт кан базарда талпактай тээптир.

«Керең адамдын кулагы жаман сөзгө сак» дешет. Мастын кулагы андан ашып түшөт.

– Эй, ит... чүчүк!!! – Абдували ордунан чаңырып турду. Колунда жалаңдаган шаптай бычак.

Отургандардын төбө чачтары тик туруп катып калышты.

– Эй, канчык! – деди Абдували теңселе тишин кычыратып, бычакты алдыга суна. – Мышыкты сойгон пычак ушу. Мышыктын башын кескен пычак сенин башыңды кеспейби а?!...

Абдувалинин дасторкон тебелеп кетерине көзү жеткен Ысакбай ордунан жаш баладай ыргып тура калып, колун созо кош алаканын тосуп:

– Ай, ай баатыр! Даам ооз тийген ак дасторконду булгабайт! – деп безилдеп ийди.

Жөнөкөй айтылган ушул сөз Абдувалиге таасир этти. Соолуга түшүп, көзүн дагы парлап-парлап алды. Анан Топчубай Ысакбайдын колтугуна башын катып, буту-колу бүрүшүп, бөдөнөдөй пысып калганын көрүп, каткырып жиберди.

– О, оногу чилдей тоңкойгон чүчүктү түртүп коюң, – деди каткырык аралаш. – Мындайлар коркkондо сийип ийет.

Күлүп ийгенине жан үмүтү кичине жылт эте калдыбы, ким билет, Топчубай колтуктан башын кылтыйтып, көзүн жалтырата Абдувалини карап койду. Көзүнө көзү кадала түшкөн Абдувалинин жини кайнады:

– А-а, көр чычкан, ийниңден чыктыңбы, кылтыйып!...

Топчубай кайра Ысакбайдын колтугун тешип кирип кеткидей болуп тыбырады. Өзү айткандай арка ийни кайра тутуп калды окшойт. Абдували тишин кычыратып, не кыларын билбей бир дем турду да анан кокус эле кутурган бука көздөнүп, отурган жакшыларды сыдыра тиктеп, унчукту:

– Ана, эшикте жаан куюп атат. Мындай караңгы түндө эмес, Үңкүр-Мазардын жанынан намашамдан кийин эле өтүштөн коркосуңар, туурабы? –

Отурган жакшылар баштарын бат-бат ийкешти.

– Ы-ы, туура. Эй доңуз, мени кара! – Эми Топчубайга чакчырылды. Мурдакыдан да бүрүшө түшкөн Толчубайды Ысакбай оң колу менен желкеден мыжыгып, сол колу менен ээгин жегжейте көтөрүп, башын Абдували тарапка буруп:



– Кара, баатыр тарапты! Жакшы ниет менен башталган ишке өзүң чычтың. Көтүңү өзүң тазала, эми! – деп ызырынды, каныйвайран чыгып кетет экен деп коркту.

– Мынабу пычакты таанып кой. Таанып койдуңбу? – деди Абдували.

– Тааныды. Таанып койду. – Топчу үчүн Ысакбай шаша-пиша жооп берди.

– Таанысаң азыр барып ушул пычакты мазар үстүндөгү гавырстанга сайып кайра келем. Бириң да жылбай отуруп тур! – Ушу сөздү айтты да Абдували шарт кайрылып сыртка чыгып кетти.

* * *

Бүт аалам көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Анда-санда көктөн таш кулаткандай күн күлдүрөп, чагылган чартылдап, жарк-журк, карс-курс. Жаратылыштын ушул кырсыгына өз кудуретин каршы койгонсуп Үңкүр-Мазардын алды өзгөчө күү-шаа, өзгөчө сүрдүү. Так ушул түнкү алааматка аралашып, чепкенинин этек-жеңи далбактап, бир кара сөлөкөт келатат. Аалам жарк-журк эткенде колундагы бычагы кере карыш чоктой кызара түшөт. Бул караан Үңкүр-Мазарды кыялай жогору айланып өтүп, кабырстандын ичине кирип, ууру мышыкча сиңип кетти...

Алыстан-алыстан, күн чыгыш тараптан асман бетине чийилген чагылган огу кадала түшүп, ошонун алсыз нуру бул жакка да жетип, дир-дир этип, токтой калды. Ошондо жанагы кара сөлөкөттүн дөңсөөдөгү мүрзө үстүндө этегин делбең эттире чөгөлөй түшүп, чоктой кызарган бычагын кериле бир шилтеп, кайра шарт тура артка кетенчиктей бергени дапдаана көрүнө түштү. Ушул эле учурда асман карс жарылып, жарк этип, ошого кошо мүрзө үстүндөгү айдын жез кетиги да ажалдын айбалтасындай жарк этип, кетенчиктей берген кара сөлөкөттүн мойнун шылып түшкөнсүдү. Чын эле жүрөк-жүлүн титиреткен ачуу кыйкырык чыкты....

* * *

Түндөгү алаамат өткөндөн кийин бат эле таң атып, аалам жарып кетти. Ушул учурда кабырстанга келген адам болсо үстүнө ай кетиги орнотулган мүрзөнүн жамбашында буту-колун эки жакка керип койгонсуп, чалкадан түшүп, кандайдыр этеги бычак менен жерге сайылуу, локуйган бирөөнүн жатканын көрөр эле. Ал түндө коркуп, шашканынан этегин кошо сайып алып, анан кайта бергенде арбактар мени

этектеп, кармап калды деп ойлоп жүрөгү жарылып өлгөн Абдували күшина эле. Анын көзү чанагынан чыга акшырайып, чечекейи ак чынын бооруна конуп калган чымындай чекирейет. Чанагынан чыккан ушул көздөр асманга ушунчалык коркунуч менен тикирейет дейсиз... Чын эле те бийик көктө бир кары кузгун эски шыпыргыдай кош канатын анда-санда салпаң эттирип коюп, каалгып, ушул көздүн огу менен айланып, акырындап ылдыйлап түшүп келатыптыр....

* * *

Миңбашынын мейман үйү. Дасторкон төрүндө миңбашы менен Ысакбай экөө гана. Экөөнүн тең жүздөрүндө кынжылган түр бар.

Ысакбай айтат:

– Ушинтип, миңбашылыктан да айрылган турабыз.

– Айрылсак эмне... – деди миңбашы бошоң.

– А, миңбашылыкка сени көрсөтсөкчү Ысакбай? Көптөп сени шайласакчы?

– Кеп сен же мен жөнүндө эмес. Мынабу оң-солубуздагы жору, карабаш уругу экөөбүзгө эмес, ошолордун мал-мүлктөрүн көз көрүнөө да, көмүскө да карактап тоноп аткан биздин Мамыт менен ууру досу Абдираимга кастарын тигип атпайбы.

– Мен үками өзүмүн да, башкалардын да кызыкчылыгы үчүн кыйбайм.

– Үкаң кези келсе сени да аябайт, кезегин күтүп жүрөт, көрөрсүң. Бир тууганым дегениң менен энеси башка, таалими башка.

– Деги эмне дейсиң? Ачыгын айтчы?

– Сен анын канына завын болбойсуң. Күнөөсүн мойнуна алып, тартчулар бар.

– Жок! – Миңбашы Ысакбайга шарт бурулуп чечкиндүү айтты.

– Өз башыма кандай кыйын шарт койсоңор майли эле. А, үкамин өмүрү үчүн. Жок!

Дагы бир кыйла тунжурап калышты. Анан Ысакбай дагы ыңгыранды.

– Деги айтпайын дедим эле. Сенин көөнүң көр пендеден таптакыр калбасын дедим эле. Эми арга калбады. Айтпадымбы үкаңин сага көөнү түз эмес деп...

Дагы кайсы балээнин башын кылтыйткан атат деп, миңбашы жамбаштаган жайынан козголуп, Ысакбайга ормоё, суроолуу карап калды.

– Сен билесиңби, Мамыттын көөнү эмнени көксөп жүргөнүн?

– ?!...



– Ал ашык болуп жүрөт.

– Кимге?

– Бир тууган жеңеси, Каныкгүл айымга.

Миңбашы элейип уккан өз кулагына өзү ишенбей ордунан обдула берди.

– Калп! – деди анан. Үнү ишенимдүү чыкты.

– Чын! – деди Ысакбай чечкиндүү. – Каныкгүл айымды алдыма өңөрүп алып Оштун эски шаарынан жаңы шаарына чейин бир жолу чаап өтсөм эки дүйнөдө арманым болбос эле деп бозокорлоруна гана эмес, башка жерлерде да айтып жүрөт экен.

«Кантип эле?!.» Миңбашынын Ысакбайга кадала түшкөн көздөрүнөн ушул суук суроону гана баамдоого болот эле.

Ысакбай сөзүн шыр улады:

– Ишенбейсиңби? Башкалар айтса го ишенбе, мейли. А өзүңүн кенжең, наристе уулуңун оозунан уксаң ишенесиңби?

Миңбашынын оозунан келмеси түшүп калды.

– Эй, сыртта ким бар?! Миңбашынын эркесин бери киргизип койгулачы?

Сырттан бирөө баланы атайы даярдап турган окшойт, дароо эле эшик «гыйч» ачылып, аябай корккон түрү бар эрке бала кирди.

– Айтчы уулум, малчы, койчулар Мамыт эмне деди деп жүрүшөт? – Ысакбай балага жумшак үн менен кайрылды.

Бала шакмар жеңи менен мурдун бир жанып алып, эч нерсе дей албай мукактанып калды.

– Айт! – деди кокусунан миңбашы зоңк этип.

Бала селт этти.

– Айтагой балам, коркпой, – деди Ысакбай жумшак үн менен. Кандайдыр ушул жумшак үндөн бала чочулайт экен. Ушул жумшак үндөн жүрөк заада болуп калган түрү байкалат. Ошондонбу, уурданып бир карап алды эле Ысакбайдын заар чачкан көздөрүнө көзү кадала түштү. Бала калтырап кетти. Ошол калтыраган калыбында мурдун дагы бир жанып алып, араң эле үзүп-үзүп мынтип айтты:

– Мамыт дейт... Каныкгүлдү дейт... Оштон... Чапсам дейт...

– Болду эми, барагой, барып ойноі бер, – деди Ысакбай.

Бала балалыгын кылып, бир балээден кутулганына сүйүнүп эшикке атып чыкты.

– Аттиң ай! Баарың бир, баарыңын оюң бир. Бир гана мен жалгыз. Акыры көптөп менин түбүмө жете турган болдуңар го. – Миңбашы көмкөрөсүнөн түшүп, пар балыштарды өбөктөп калды. Үнүнөн солуктоо аралаш орду толгус өксүү төгүлүп кетти...

* * *

Миңбашынын үйүнөн чыккан Ысакбай анча алыстай электе эле алдынан эки атчан тосуп чыкты. Алар Топчубай менен Ырысбай экен.

– Эмне болду? Миңбашы эмне деди? Ынадыбы? – дешти экөө жарыша.

Ысакбай аларга жооп берүүнүн ордуна кайра өзү сурады:

– Миңбашы чакыртып атат деп Абдираим ууруга жөнөткөн кабарчылар келдиби? Таптырбы ону?

– Келди. Жанаракта эле келди. Таптыр ону, - дешип экөө тең дагы жарыша жооп беришти. – Ошону айталы деп, атайы астыңыздан тосуп чыкпадыкпы.

– Эмне деп жооп бериптир?

– Эртеге барам дептир. Түшкө чейин барып калам дептир.

– Эртең келсе жуда саз экен, Мамыты да жок, Алайга кетиптир.

– Ол ууруну эртеге аралдын калың камышынын арасынан бери чыгарбаш керек.

– Ол жагынан кам санабаңыз бай. Баары жайында, – дешти берки экөө...

* * *

Эртеси чын эле Абдираим палван келди. Кандайдыр, тойго бара тургансып, жасана кийиниптир. Мингени ак боз жорго. Ошол ак боз жоргосун жебеленткен бойдон саздуу аралдын жалгыз аяк жолу менен бийик, калың камышты аралап, кирип кетти. Андан кыйла убакыт өткөндө мемиреген арал тынчтыгын бузуп, «тарс-тарс!» атылган мылтык үнү жаңырды...

О, бир маалда калың камыш арасынан ак боз ат кайра бери чыкты. Үстүндө канар каптай калдайып, көмкөрөсүнөн арта таңылган Абдираим палвандын өлүгү. Доңуз октун бири сол далысынын алдына тийген экен. Ошол жердин алакандын отундай орду карайып, ошол жарааттан кан сызылып атат. Сарыккан кан аттын сүттөй ак капталына жайыла берип, анан жөөк-жөөк тилинип барып, аягында кызыл тамчы болуп, жерге тып-тып тамып атат...

* * *

Жунустун үйү айылдан обочорок, жолдун берки дөңсөөсүндө эле. Ошол дөңсөөдө атайылап сарасап салып турган Жунус күн мурду менен кошо катуу теминип келе жаткан Мамыттын караанын алыстан эле тааныды. Ал жакындап калганда алдынан жайдаңдап, утурлай тосту:



– Ассалоому алейкум. Бу, бөрү жортуш түн катып, таң азандан кайдан?

– Алайдан....

– Жолдуусуң да. Кел, түшө кал. Бозону эми эле сүзүп, казанды отко койдум эле.

– Жок. Ишим жүда зарил....

Жунус кандайдыр Мамыттын өңүнүн кан-сөлсүз кубарып турганын паамдабагансыды, кайра ат тизгинин кармады:

– Сааркы ырыскысынан качкан адамды кудайым пендем дебейт дейт. Кой. Жок дегенде бир кесе жутуп ал.

Мамыт аттан түшүүгө аргасыз болду. Чын эле үйдө бозо сүзүлүү, очокто казан какшып туруптур. Мамыт төргө отурду. Дасторкон үстүнө чарадагы бозо коюлду. Жунус сыртка чыгып, кайра сол колуна чоң жыгач кесени кармап жана алды далбактап жүргөн чепкенин эми оң колу менен кумтуланып кирди. Энкейе жыгач кесени шып жерге коё берип, Мамытка кайрылды:

– Аркандагы жүктүн астында насывай чакча кыстарылуу эле. Ошону алып берчи?

Мамыт артына кайрыла эңилип, жүктүн астын сыйпалай баштады.

Ушул учурда сол өңүрүн ача берип, койнунан жарк эттире айбалта сууруп чыккан Жунус Мамытты кара кушка чаап калды.

– А-а! – деп чаңырды Мамыт. – Жемек элеңер... жедиңер! – Анан оң колу кончундагы камчы сабына жабышып, сол колу менен Жунусту этектен буйдай кармап, жанталпаз менен обдула берди.

Жунус үстүндөгү чепкенин шыпырып жиберип, сыртка атып чыкты.

Мамыт ошол обдулуп турган бойдон, кыска саптуу айбалта чокусуна матырылган бойдон, чарк айланып барып, көмкөрөсүнөн жыгылды...

* * *

Чакан айылга жакын бурумдан күмүш ээр-токумчан, басөөлөт эки атчан чыга келишти. Аттарынын кулак түптөрү менен омуроолору чыпылдап, тердеп калганына караганда кыйла жол басышкандыгы байкалат. Алар миңбашы менен Ысакбай. Экөө бир пикирге келе албай жатышат окшойт.

Ысакбай айтат:

– Дагы айтам. Бу катын кыз кезинде эле атасы өткөндөн жыл айланган соң батага келген бир кыйыр тууганын кошогу менен ит кейпин башына кийгизип салган деп уктум эле. Жаагын жеген бул безат бизди да пахта менен сойгондой кылбасын.

Миңбашы айтат:

– Абдираимдин өлүмүнө менин завыным жок. Муну бир кудаа, бир сен билесиң. Ошон үчүн куран окуп, бата кылып, журт көзүнө көрүнүп койгонубуз абзел.

Жепирейген жер тамдын күңүрт бөлмөсү. Бөлмөнүн оң ныптасындагы узата салынган жакандөстүн үстүндө миңбашы менен Ысакбай малдаш токунуп олтурушат. Босогодо сыңар тизелеген чал, ый бүткөндө куран окуганы, сырттан тигилер менен бирге кирген. А, төрдө тетири карап, бир тизесин кучактап, кара көйнөк, кара жоолук келин өмүр шеригин жоктоп, кошокко кошуп, өксөп атат:

*Касташкан белин капшырган, а,*
*Калкымда сендей жок эле а.*
*Капталда кавлан жатат деп, а,*
*Калкыңын көөнү ток эле, а-а!*

*Жоолошкон жоону мертинткен, а,*
*Жоокерден сендей жок эле а.*
*Жол тосуп жолборс жатат деп, а*
*О, султаным,*
*Жолдошуң көөнү ток эле, а-а!*

*Тууганды күтүү жагынан, а,*
*Туткалуу сендей жок эле, а,*
*Туйгундай сени бел тутуп, а,*
*Тууганың көөнү ток эле, а-а!*

*Теңтушту күтүү жагынан, а,*
*Теңирде сендей жок эле а.*
*Текөөрдөй сени бел тутуп, а,*
*О, султаным,*
*Теңтушуң көөнү ток эле, а-а!*



Миңбашы менен Ысакбай бири-бирин акырын нукушуп, акырын баш ийкеп коюшуп, келиндин күйөөсүн башкаларчылап тике эле арстанга, жолборско теңебестен, анын эрдигин, адамкерчилигин салыштырмасыз, каймана таасын сыпаттап, ошонусу менен арбактын аброюн ого бетер көкөлөтүп жаткан чебер кошогуна ичтен тан берип олтурушту. Ошентип олтурушуп алар кошоктун мазмуну эми чатагыраак нукка бурулуп баратканын саал кийин баамдашып, чочулай кулак төшөп калышты:

*– ...Чакыртат десе миңбашы,*
*Чыркырап ыйлап, барба деп,*
*Мен бейбак чылбырыңа оролдум а,*
*Чыр-чатак кайдан чыксын деп,*
*Сен бейбак,*
*Чылбырың тартып болбодуң, а!*

*Тилеги жаман миңбашы,*
*Тилимди алып, барба деп,*
*Мен бейбак,*
*Тизгиниңе оролдум, а!*
*Тилазар катын болбо деп,*
*Сен бейбак,*
*Тизгиниң тартып, болбодуң, а!...*

Миңбашы кан ичкендей кубарып кетти. Мурут-каштары дирт-дирт этип серпиле баштады. «Чыда эми» дегендей Ысакбай анын тизесинен нукуп койду. Куран окуганы кирген чал шашып калды:

– Кой, балам, ыйынды токтот. Көз жаш көл болуп, арбакты тумчуктуруп кыйнап коет дейт, токтот ыйыңды, балам.

Келиндин токтой турган түрү жок. Кошогун уланта берди:

*– ...Барарда атың камчылап, а,*
*Келерде каның тамчылап, а.*
*Барарда атың жебелеп, а,*
*Келерде каның себелеп, а!*
*Барарда атың жорголоп, а,*
*О, султаным,*
*Келерде каның шорголоп, аа-хи-ий!...*

– О, токтот дейм! Күнаа болот дебедимби. Ыйлап атып кимди тирилтип алыптыр бу дүйнөдө… – Чалдын насааты келиндин кулагына жеткидей эмес. Ысакбай чалга көз ымдай акырын шыбырады:

– Аят окуп жибериң.

Бул акыркы арга. Куран окула баштагандан кийин кошок бүтпөсө да тык токтоп, ый тып басылыш керек. Басылбаса өзү күнакар болот. Шарыят көтөрбөйт. Чал кыраатын келтирип аят окуй баштады: Аузу биллахи минаш-шайтаи ир-ражиим. Бисмиллах ир-рах маан ир-рахиим!…

Долу катын шариатты аттап кетти. Анын уккулуктуу муңдуу авазы ансайын күч алды:

*– …Ак боз ат минип менменсип, а,*
*Ак бата кылып келгенсип, а.*
*Ак бозуң жүрбөй туруп кал, а,*
*Ак батаң менен куруп кал, а.*
*Кунан минип менменсип, а,*
*Куран окуп келгенсип, а.*
*Кунаның жүрбөй туруп кал,а,*
*Кураның менен куруп кал, а!*
*О, миңбашы,*
*Кумайык болуп улуп ка-ал, а-а!!!*

Миңбашы менен Ысакбай ордунан жылан чаккандай ыргып турушту. Аялдын заңкылдаган үнү алар кыйла узап кеткенге чейин жаңырып атты…

Ээрдин кашын камчы сабы менен тык-тык уруп, миңбашы ат үстүндө тунжурап, ойлуу. Ысакбай ага алдыртан көз кыйыгын салып, кытмыр жылмайып коёт. Анын чатыраган кызыл жүзүнөн табалагандыктын белгиси байкалат. Эми табасын ичине батыра албай, жылан башындай кылтыйтып, сыртка чыгарды:

– Деги айтпасам экен… Мына, эми, ажаан катын бизди сойду. Сойгондо да бая мен айткандай пахта менен эмес… дамбалы менен сойду.

Кызык. Бул жүлүн куйкалаар заар сөз миңбашынын кулагынын сыртынан кетти. Болоор-болбос нерсеге теригип көнгөн бул адам азыр солк этмек түгүл, жадегенде каш серпип койгон жок. Баягы тунжураган калыбынан жазбайт. Ээр кашын камчы сабы менен



тык-тык урат. О, бир маалда гана, өзүнчө онтоо аралаш, акырын күңкүлдөп койду:

– Атаң көрү… Ушундай катының болуп туруп, өлүп кетсең да арманың жок экен го…

* * *

Тоолуктардын бул чакан айылына биринчи болуп Калкожо баш болгон басмачылар келишти. Алар алыстан эле асманга чаңк-чуңк ок атышып, айылды аңтар-теңтер кылып, элдин жүрөгүн түшүрүп, анан миңбашынын коргонуна келишти. Чоң дарбазаны талкалап ичкери киришип, үй мүлкүн талап-тоной баштады. Бир маалда ала чапан эки-үч басмачы ичкериден миңбашыны дегдеңдетип, желкелеп чыгышып, ат үстүндө камчы сабы менен бөйрөгүнө таяна ныкчырылып отурган Калкожонун алдына алып келишти.

– Ушул айылдын миңбашысы ушул, бегим, – дешти камчыларын бооруна туура тарта, ийилип таазим кылышып.

Калкожо миңбашыга бир топко акшырая карап туруп, ызырынды:

– Эмне үчүн бото куруңарды мойнуңарга илип, байларың менен бирге мусулманчылык үчүн казаватка чыккан мынабу пахлавандардын алдынан тосуп чыкпадыңар?!

– Билбедик… Билбей калдык… бегим, – деди миңбашы бүжүрөп.

– Билесиңер! Силер билбеген балаа жок! – Калкожо кайра чакчырылды. – Мурда ак паашаңардын таманын жалап жүрдүңөр эле. Эмне?! Эми Кызылдардын…

Калкожонун сөзүнө пахлавандары боорун тырмап, жанын чаап, каткырып калышты:

– Вай, бегим! Бафладыңыз да, жайладыңыз да, бегим!…

Беги алардын кошоматын жактыра бербегендей алая карап койду эле пахлавандары кайрадан жым боло калышты.

– Сен биздин эмнеге келип турганыбызды билесиңби, миңбашы?

– Билбейм… бегим.

– Билбесең өзүң өлтүрткөн үкаңин кунун алганы келдик.

– ?!…

– Эмне үчүн өлтүрттүң үкаңи?!

– Мен … Мен …

– Сен … Сен … – Угушумда сенин үкаң жүда эркек адам болгон экен. Сен өлтүртпөгөндө ошол үкаң бизге окшоп каапырларга каршы казаватка чыкпайт беле. Чоң корбашы болбойт беле. Билесиңби ошону? Билесиңби дейм?!

Миңбашы лам дей албай далдырайт.

– Аа, билбейсиңби? – Калкожо табасы кангандай болду. – Билбесең мен билдирем сени. – Анан пахлавандарына буйруду:

– Таңгыла муну, оногу пешайвандын түркүгүнө!

Жалаңдап турган пахлавандары миңбашыны кыл аркан менен түркүккө, шапа-шупа, чырмап жиберишти.

– Сасык май алып келгиле!

Бир челек керосин да табылды.

– Чач үстүнө!

Бир челек керосин миңбашынын үстүнө жаба төгүлдү.

Койнунан чакмак ташын алып чыгып, чакмагы менен оттугун тутантып, эми миңбашыны Калкожо өзү тирүүлөй өрттөмөк болду.

Ушул учурда баятан бери бекинип жаткан жеринен Канымгүл айым чыгып келди. Ал адаттагыдай эле суйкая басып, атлас көйнөгү келишкен боюна куп жарашып, өз баркын басынтпай чыкты. Эки колунда чоктой кызыл эки мис табак. Табактын биринде тилла, биринде күмүш сөлкөбайлар жарк-журк этет.

– Аста, аста, бегим! Сабыр тутуңуз. Бир ачууңузду бизге бериңиз, бегим. – деди Канымгүл айым. – Үкасинин канына миңбашынын завыны жок. Кылгылыктын баарын берки байлар кылды. Тоодой бел болгон үкасин өлтүрүшкөндөн кийин муну миңбашылыктан түшүрүп, бүт мал-мүлкүбүздү талап алышкандар да ошолор, – деп Калкожонун маңдайына келип тилла, күмүштөрүн шыңгырата колундагы кош табагын ага суна берди. – Бу кара башка мүшкүл түшүп калса деп, бир бирден тиштин гавагина катып келген пиче нерсе эле. Куттуу үйдөн кур кетпей аз болсо да ушуну алып коюң бегим.

Калкожо көзүн алайтып, көрүп турганына ишенбегенсип, бир табактагы дүнүйөгө, бир Канымгүл айымга карап, кыйла туруп калды. Анан чындап тан берди:

– Амма, зап катын экенсиз да. Жуда зирек катын экенсиз да, – деди. Шөлбүрөгөн кийиминен керосин тамчылап, түркүктө таңылуу турган миңбашыга мыскылдуу карап, бак-бак этти: – Эй сен! Ушу катынды сенин никаңа буюрган алла-таалага миң мертебе тооба кыл. Эми телпегиңди ушул катындын оромолуна алмаштырып ал. Ушул катындын этегине тооп кылып жүр.

Жардап турган басмачылар сандарын чаап, каткырып калышты. Өз сөзүнө өзү курсан болуп, Калкожо да каткырды. Каткырып болуп, буйрук берди:



– Кана, пахлавандар, аттангыла!

Пахлавандары шарт-шурт аттанышты.

– Кеттик.

Басмачылар асманга карай дагы чаңк-чуңк атышып, кылкылдап бышып турган буудай талаасын майкандай чаап кетишти. Кере карыш буудай баштары сабагынан тырс-тырс ыргып, дандар туяк алдына күбүлүп атты...

* * *

Түн бир убак. Айвандагы очоктун башында жин чырак үлүңдөйт. Чакан сөрүнүн бир бурчунда сакоо бала уктап жатат. Ортодо чал менен мурут түгү карара баштаган олбурлуу өспүрүм сүйлөшүп отурат.

– Келишкен жигит болуп калыпсың, Жоомарт, – деди чал уланга суктана карай. Бул улан баягыда Мамыт Ырысбайдын запкысынан куткарып алган бала – Жоомарт эле.

– Эртерээк чыксаң болмок экен, мынча кеч калбайт элең, – деди чал сөзүн улап.

– Атайлап кеч калып, жашырынып келдим, ава. Мунун себебин анан айтам. Мамытбекти ким өлтүрдү? Ушундай адамга кимдин колу барды? – деди Жоомарт жүрөгүн өйүгөн суроону берип.

– Э, баягы тымызын ичтен кекенип жүргөн байлар тапты да акыры айласын. Ысакбай баш болуп...

– А, миңбашычы?

– Миңбашы эмне кылат эле? Ол өзү ынабаганда байлар даай албайт эле да. Ошо Мамытбектин сүрүнөн коркушуп, акаси дешип, миңбашыга кошомат кылышат эле да. Эми миңбашы байлардын мышыгын да пыш дей албай калган.

– Ошентип, Мамытбектин кунун куушка бир да эркек-тана чыкпады деңизчи.

– Бир жактан басмачылар чыгып калбадыбы. Ошо басмачылардын бири Калкожо деген Мамытбектин кунун куумуш этип, миңбашыны сасык майга чылап, өрттөп өлтүрмөк болду эле, Канымгүл айымдын тилла, күмүшүнө алданып кетти.

– А Мамытбекти балта менен чапкан ким?

– Өзүбүздүн эле Жунус көр. Мамыт менен бирге жоро бозо ичип эле жүргөн эле кысталак.

– Бирге жүрсө, анан кантип?...

– Э, Ысакбайдын колунан келбеген балаа барбы? Жунус көрдү амаки тууган кыла коюп аравандык бир камбагалдын кызын катын кылып алып бере коюп...

– Жунус көрдү өлтүрүп кетем.

Жөн айтылгансыганы менен ичи кекке толгон бул сөзгө чал коркуп кетти:

– Кой, анте көрбө! Жаман сөздү оозанба, балам. Мамыт бек шейит кетти да. Жаны жаннатта болду да. – деди шашып. – Жаштык кылып, бөөдө бир акмактын канына завын болбо. Кек кууганды кудайым кектейт дейт.

Ошентсе да кыйды чал Жоомарттын өңүнөн кайтпас өч кайнап турганын көрүп, күнаакар иштен аны кантип кайтарарын билбей, алапайын таппай турду. Алапайын таппай турду да кокус бир ой жадына түшө калып, сүйүнүп кетти:

– Ирас эле ону таппайсың да. Кетип калса керек. Чөлгө мандикерликке кетет деп атышкан. Мамытты өлтүртүп алышып эле байлар аны карабай койгон. Бей-бечаралардын болсо көрөйүн деген көзү жок. Ошентип, элден чыгып, тирүү өлүк болуп калган.

Экөө тынымга ойго батып калышты. Анан Жоомарт өз алдынча мынтип койду:

– Ысакбайга окшогон ашынган зулумдардын күнү бүттү.

– Балааниби. – чал каршы болгонсуду. – Ысакбай, о, жерде жаткан жыландын гавшаганин билет. Бир түндө эле жакын туугандары менен житип, жок болду. Ооган тарапка ооп кетиптир.

– Калган байларчы?

– Топчубай, корбашы болом деп, басмачыларга кошулуп кеткен. Ырысбай болсо биротоло көр чычкан болуп түндөсү да сүкөнүндө бекинип жатат дейт. Майда-барат байлары мал-мүлктөрүн жан талашып бекитип атышат. Олоруң го ошентип атышат. Эми басмачы дегендери кутуруп кетти. Калктын жүрөгүнүн үшүн алып бүттү. Карачы, азыр бизден бөлөк эч ким үйүндө жок. Басмачы чаап кетпесин дешип түндөсү тоо бооруна тырмышып, караган, таштардын алдында жатышат. Э, балам, деги несин айтасың...

– Ава?

– Ов.

– Мен атайлап түн катып келдим дебедимби?

– Баса, ошону айтсаң, – чал сөздүн башка нукка оогонуна сүйүнүп кетти.



– Ошто басмачыларга каршы кедей-кембагал жигиттерден кызыл атчандар полку түзүлдү деп уктуңуз беле. Мен ошол кызыл атчандарга аскермин. – Жоомарттын өңүндө балалык мактанычтолкуду. – Кызыл командирибиз айтат, басмачылар чек арага Ноокат тоолору аркылуу качса кайсы жерден буктурма тосуу керектигин такташ керек дейт. Мен айттым, тоолордун коёнжатагынан бери жатка билген авам бар дедим. Командирибиз ошол аваңа жолугуп кел деди. – Жоомарт буга эмне дейсиз дегендей чалга мардая карап койду.

Алар үлбүл жанган чырактын жанына келип, чөк түшүштү. Чал кайсы капчыгайдын оозун кайсы жерден тосуу керектигин айтып, жерге чийип, көрсөтө баштады.

Аңгыча таң сүрө баштады. Жоомарт жер жарыгыча эч кимге көрүнбөй кеткиси келди. Чал аны узатып чыкты. Экөө үнсүз келатышты. Ошентип келатышып, каршыдан чыккан бир караан менен сүзүшүп ала жаздашты. Үчөө тең чочуп кетишти. Берки адам Жунус экен. Тиктешип калышты. Сөздү чал баштады.

– И-и, каякка жортуп калдың, карга бок чокуй электе: – деди чал, бул суроосу өздөрүнө да таандык экенин элес албай.

Жунус күңк этип койду:

– Чөлгө.

– Аякта эмне кылмаксың?

– Мандикерлик кылам.

Ушу тапта Жоомарт Жунусту шап жакадан алды. Кош миздүү шамшар жарк эте түштү. Чал баладай эпчилдик менен ортого кыпчыла калып, Жоомарттын шамшар кармаган колуна жармашты. А, Жунус былк этип да койбоду. Чал чебеленди:

– Түндө эле кой дебедимби. Бул элден чыгып, тирүү өлүк болуп калган дебедимби... Ишенбесең көздөрүн карачы.

Чын эле Жунустун көздөрү ак карасы билинбей мелтейип, топурак толгонсуп бопбоз экен.

Жунус ошол мелтейген бойдон артка кайрылды. Чач эңилип жерден бир ууч топурак сузуп алып ага сунду:

– Өй, ме туулган жериңдин бир ууч топурагын ала кет!

Жунус артына кылчайып, бозоргон көзүн ирмебей бир топко мелтиреп, анан лам дебей кайра бурулуп, басып кетти.

– Ме дейм! – Чал уучун созгон бойдон анын артынан бар кадам шилтеди. Жунустун кайрылгыдай тарзи жок.

– Өз убалың өзүңө! – Чал анын артынан уучундагы топурагын чачып ийди.

Аалам чаң ызгып кетти.

Жунус көрүнбөй калды.

Тооба, бир ууч топурак адамды көөмп калат экен.

* * *

Бу сапар басмачылар таңга маал, үрккөн жылкыдай тапырап, катуу келишти. Ээлери качып, ээн калган үйлөрдөн эч нерсе таппай, чалдын тамын ороп калышты. Алардын бири маңдайдагы көгөндө байланып турган эчкини мүйүздөн алып, көгөнүн кылычы менен кыя чаап, безилдетип мааратып атып улак кылып, ээр кашынын алдына басты. Калган басмачылар жаалап кетишти. Не дээрин билбей шалдая түшкөн чал басмачылардын арасынан кокусунан Топчубайды көрө койду.

– Э, өзүбүздүн Топчубай белең? Ассалом алейкум. Бу бураадарларды кой деп койсоң.

Топчубай аны көрмөмүш-билмемиш болуп, ары чаап кетти. Чал эми жанагы басмачынын тизгинине жабышты.

– Ой, кыргызсыңбы? Тирүү жандыкты да улак кылып тартчу беле, убал эмеспи.

Ушул учурда алыстан пулёмоттун тытылдаган үнү угулду.

– О, кокуй, өлдүк! Кызылдар келип калды. Качкыла! – деди басмачылардын бири өкүрүп.

Басмачылар дүрт этип, качып беришти. А чал болсо жанагы басмачыны коё бербей, бир колу менен суулуктан алып бир колу менен өлүп-талып мааraган эчкисин шыйрактап жалбарат:

– О, айланайын, кыргыз эле экенсиң го. Таштап кет бул эчкини, муну эмне кылат элең? Убалынан корксоң боло?

Жолдоштору кыйла узай түшкөн басмачы илешкен чалдан кутула албай, куугун келип калат экен деп, катуу коркуп кетти. Ошо коркунучуна чыдабай чалды мүрүсүнөн мойнуна карата шылый чапты...

Кызыл атчандар канга боёлуп жаткан чалды, анын башын кучактап, не кылар алапайын таппай, чый-пыйы чыгып, ыйлап отурган ак чач баланы көрүштү. Алардын бири аттан учуп түштү. Учуп-түшүп, чалдын башын көтөрдү:

– Ава, аваке! Бердикул ава! Бул менмин, Жоомартмын! Көзүңүздү ачың! – деди. Бирөөсү суна койгон флягадан суу чачты.



Чалдын көзү акырын ачылды. Бирок, аскер кийимчен Жоомартты таанybады. Илеби дирилдеди. Жоомарт эңиле кулагын төшөй калды. Чал ага тигилген бойдон араң гана шыбырады:

– Эх... сен кыргыз... – Анан башы шылк эте түштү. Көзү тунарып барып, каректеринин оту өчүп калды.

Жоомарт чалдын көзүн алаканы менен акырын жаап, чалкасынан жаткырды.

– Эл кайда, Медер? – деп сурады ак чач баладан.

Бала бир колу менен көз жашын сүртө, бир колу менен караган, таштуу тоо капталын көрсөттү.

– Жүгүр! Чакыр элди. Кызыл атчандар келди де, силерге тийбейт экен де.

Ак чач бала жүгүрдү. Сакоо тили менен «Ө-ак!» деп баратып кокусунан эле үнү «Ө-ээ-эй!» деп созолонуп кетти.

Бала өз үнүнөн өзү коркуп кетип, тык токтой калды, үнүн акырын кайрып көрдү:

– Э-ээ-эй!!!

Бала каткан тили бошоп, үнү чыгып калгандыгын билди. Билди да шолоктоп ыйлап ийди. Сүйүнүп ыйлады. Анан көз жашы жүзүн чайган бойдон өрдөп дагы жүгүрдү:

– Эхе-хээй! Коркпогула-а! Келе бергиле-е! – деп кыйкырып баратты. – Булар кызыл атчандар экe-ен!.. Бизге тийбейт экe-ен!

Бекинип жаткан адамдар айылда кандай дүрбөлөң түшкөнүн да, сакоо баланын өздөрүнө карай жүгүрүп келатканын да, жылчык-жылчыктан шыкаалап, даана көрүп турушкан. Эми сакоо балага тил бүтө калып, өздөрүн чакырып жатканына таң калышты. Ошо таң калган бойдон, караган, таштардын далдаасынан алгач баштары көрүнүп, анан бүт дене-бою менен бери суурулушуп, бири-бирин элеңдей карап, коркуп, ошентсе да, баланын наристе чакырыгына ишенимдери артып, өрөөнгө карай акырын агыла беришти...

## АҢГЕМЕЛЕР

## ЖОЛ ТҮГӨНБӨЙТ

Биз мектептен 3-классты бүтүп, жайкы каникулга тараган күнү кечинде апам, чоң энем үчөөбүз чай ичип отурганбыз. Энем башта эле айтып жүрчү оюн апама дагы айтты:

– Эми убакыт жетти. Мен да көр оозунда турам. Неберемди көзүмдүн тирүүсүндө атасы жоктой кылбай үйлөнтүп коёюн. Кана, Сабира, кимдин кызын алып берсек?

– Шаарда окуп жүргөнүнө эки жыл болуп калды. Нуржан өзү бирге окуган кыздарынын бирөө-жарымы менен сүйлөшүп жүргөндүр.

– Эмне-е!!! – Энем чакчая апамды карады. Мен неберемди кадымкаадасы менен үйлөнтөм.

– Апа, апа дейм! – Мен апамдын жеңинен тарта сурадым. – Акемди кантип үйлөнтөсүңөр?

– Жеңелүү болосуң. Акеңе колукту алып беребиз. – Апам маңдайыман сылап күлүп койду. «Жеңелүү болосуң» дегенде кубанычым койнума батпай, аны тезирээк эле көргүм, Нуржан акем шаардан келгендегидей ага да эркелегим келди. Кантсе да тез эле жеңелүү болсом деп тиледим. Ичимде энемди жактырдым. Себеби апам: «Нуржандын өзүнө кеңешпей туруп мындай кылганыбыз жарабайт го» деп тарткынчактады эле айтканын аткарган энем кагып салды:

– Кантер экен деп кеңеш салса чойруңдайсың да. Эмне кылышты өзүм билем! Көзүм барда али сага бийлик жок!

Апам башкалар айткандай «жоош-момун». Эми каршы болбой кайра энем менен бирге «Тиги Жуктүдөгү Ысактын кызы жакшы экен», «Арбындагы Сарынын кызы да түзүк дейт» деп, кыз тандаша баштады. Бул түнү энем менен апамын биздин колхоздогу бойго жеткен кыздардан атабаганы калган жок. Эртеси энем «Жуктүгө» кыз көрүп келүү үчүн жөнөдү. «Жеңемди» көрүп келем деп мен да ээрчидим. Энем кайра кубалады. Колдогу узун чыбыгымды ат кылып, адырандай алдыга түшүп, салып бердим.

Биз короого жете бергенде кабанак көк ит качырды. Колумдагы чыбыгым болбосо энем экөөбүз курумак экенбиз. Чыбыгымды итке тостум. Ал арсылдап учун тиштегилеп, буту менен чапкылап жатты. Аңгыча үйдөн жоон сары аял чыкты. Энемдин ою ишке ашпады. Үйгө кирип чай ичип отурганыбызда энем сөз айтса, тиги аял кыска гана жооп берди: «Закун көтөрбөйт. Азыркы кыздар өзү билет турбайбы».



Энем экөөбүз капалуу кайттык.

Энеми ээрчип алдым. Нуржан акеме аял издеп, кийинки эки-үч күндө беш-алты кыздуу үйдө болдук. Бирок баары жаттап алгансып: «Кызыбыз өзү билет» дешет. Бул сөз жеңелүү болсом дегенде эки көзүм төрт болгон мага да, энеме да жакпайт. Энем үйгө жеткичекти кейип келе берет: «Акыр замандын адамдары ай, ай, акыр замандын адамдары!.. Энеси бийлей албаган кандай кыздар болду экен? «Оймок боочту» катураак салса эле көрөт элем ошолорду!».

Ошол кыздуу үйлөргө кирген белги катары басканда бурт-бурт эткен калың топурагына энемдин галошунун, майда-майда баскан менин жыңайлак бутумдун чубалган изи түшүп калат. Ушул изге кандайдыр кызыгып карай берем. Бирок, энем экөөбүздүн изибизди бизден кийин ары-бери өткөн эл бат эле тебелеп өчүрүп салат.

– Нуржаным аскерден бир айдан кийин келсе… – деди энем бир күнү апама. – Куу-Майдандагы молдо Дүйшөндүкүнө барайынчы. Анын кызына келген жуучулар калыңына чыдабай кетип жатышкан имиш.

Молдо Дүйшөн кызыл жүздүү балпайган чоң чал.

– Бу азали келбейт элеңиз, келип калыпсыз байбиче? – деди ал энеми төргө отургузуп.

– Жакшы тилек менен келдим, молдо.

– Оозуңузда болсун!

– Туз, насип буюрса сиздей аттуу-баштуу жерге куда болсом дедим эле. Буга кандай дейсиз?

– Сиз келипсиз, каршы болгонубуз жарабас.

Чай ичип жатып энем айтты:

– Салт-санаасы кандай болот экен, молдо?

Молдо Дүйшөн айтат:

– Сизге бир мисал айтып берейин, байбиче. Илгери эки доочу болуптур. Алар арызданып казыга барышат да, бири кырк сом, бири жүз сом пара берет. Казы кырк сом бергенден «Кана, эмне дейин» десе, тигил «кыркалай-кыркалай сүйлөң» дейт. Анда казы: «кыркалай-кыркалай сүйлөйт элем, кызыталак моногунун жүзүнөн өтө албай турам» деген экен. – Анан карс- карс күлүп кошумчалады: – Салт-санаасы кандай болот эле. Калыңды көп берсеңиз болду да.

Энем молдо Дүйшөн менен келише албады.

Ушул күндөн баштап түңүлүп, эки жакка келин издеп чыкпай калды.

***

Ойноп жүрүп күн отурганда кайттым да алыстан эле биздин үйдүн алдында эки ат байланып турганын көрдүм. Үйгө кирсем төрдөгү эки кабатталып салынган төшөктүн үстүндө кара сакалчан бир киши отурат. Энем өзүнчө эле күйпөлөктөп куржунга бир демелерди салып жатат. Мени уккудай эмес. Эшикте очоктогу чайга от жагып жаткан апамдан сурадым:

– Апа, энем эмне кылып жатат?

– Айылга даярданып...

– Каякка?

– Синдисиникине.

– Кайсы синдиси?

– Гүлү жеңди билесиңби?

– Ананчы?

– Ошол Гүлү жеңдин апасы энеңдин синдиси болот да.

– Ошого барабы?

– Ооба.

– Гүлү жеңем да ошол жердеби?

– Ошол жерде болбой кайсы жерде болот эле. Турчу нары безилдебей. – Апам мени акырын түрттү да, кууралдан салып отту ичкертти.

Гүлү жеңем... Ал биздикине келген. Кантип келгенин билбейм. Мен анда жаңы гана биринчи класска киргенмин. Майда өрүп, аркасына таштап койгон узун кара чачы аркасын толук жаап, тегерек ак жүзү көзүмө жылуу учурады.

Ал мага эсеп чыгаруудан жардам берип, тамгаларды курастырып окууну да үйрөткөн. Кээде мени мурдуман чымчып, эркелетип, башымы сылап, бетимен өөп койчу. Бир аз тартынып туруп анан мен да мойнунан кучактачумун. Аны абдан жакшы көрүп калган элем.

***

«Кой, меймансың» дегендерине болбой үй жумуштарын жасагандыктан, апам ошондо тыңып эле калган. Ал эшикке чыгып кеткенде апам өзүнчө: «Ушундай бир кызым болсочу, жаш эле туруп абдан эстүү айланайын! Барган жерин көгөртөт» дечү. Эмне үчүн антип айтканына түшүнчү эмесмин. Анын аты Гүлсара эле. Мен ~~тилим~~ келбей Гүлү жеңе дечүмүн. Он күнчө туруп, анан үйүнө жөнөгөндө, мен да барам деп ыйлап, ээрчигеним алигиче эсимде. Ошондо ал мени сооротуп, адатынча мурдуман чымчып, бетимен өөп эркелетип:



«Мен кайра сөзсүз келем, ошондо сени үйгө алып кетем» деп убада берген болчу.

Мен аны көп күтүп, сагынып жүрдүм. Бирок ал кайра келбеди.

Энем ошолордукуна барганы жатыптыр. Мен да кошо барып, Гүлү жеңемди көрүп келем.

Эртең менен энем биздин бригаданын бригадири Кочкор акенин атын сурап келди да, тиги киши менен бирге жөнөмөк болуп калды.

– Мен да барам.

– Сага суутуп коюптурбу? – Апам мени кагып койду. Чын эле мени жөнөтө турган түрү жок. Шып этип эшикке качып чыктым да, энемдерди жолдон күттүм. Ана, кара сакал киши бир атын коштоп, энем алдына чоң куржунду салына, Кочкор акенин жээрде кашкасын минип чыгып калышты.

– О Мурат, бери кел. Сен эмне аерде турасың? – Апам мени чакырып калды.

– Бар ээ, Гүлү жеңемди көрүп келем. – Ары баса баштадым.

– Кой антпе, жеңи энең алып келет, жүр үйгө. Сага азыр май берем. – Апамдын алдоосуна көнбөдүм. Калбасыма көзү жеттиби, кара сакал киши апама кайрылды:

– Тим эле койбойсузбу? Менин жетегимдеги атка минип барат, бала да...

– Сен эмне эле Муратты бойго жеткен кыздай көрүп калгансың? Тим кой, барып келет. – Энем да тигиге кошулду.

– Эмесе... Түзүгүрөөк кийинип ал, жүр...

Апама дале ишенбедим:

– Кармап алып жөнөтпөй коёсуң. Кийимдерди алып чык, ушул жерде эле кием.

Апам үйгө кирип, тойго кийчү кийимдеримди алып чыкты. Энемдер мени күтүп турушат. Апам жыңайлак бутумдун чаңын колу менен кагып, шымымды кийиндирип жатып мындай деди:

– Кой десе болбой элөөрүп... Жол жаман дейт. Айланайын балам, барбай эле койчу?

Апамдын сөзүн уккум да келген жок. Кийингенимден соң жетектеги бош атка жүгүрүп кеттим.

***

Алыска-алыска созулуп жаткан Алай тоосундагы бийик асканын боорун тилип өткөн тасмадай тар кыяда баратабыз. Бая аскага жете бергенде тиги жол баштаган кара сакал киши болбосума койбой:

– Атта жүрүү сага ыңгайлуу. Алдыңдагы ат тай кезинен бери ушул кыяда басып чоңойгондуктан, адамдан да кылдат жүрөт. Коркпой эле кой. Же биздей атты жетелеп баса албасаң, кыя тар... – деп бутумду үзөңгү боого байлап, жиптин учун басмайылга кошуп тартып койгон. Тиги энемдин чоң куржунун да аттын капталынан асканын бооруна тийип калат дедиби, ээрдин үстүнө узатасынан таңып таштады. Алар ошондон бери аттарын жетелеп келе жатышат. Эң артта – мен. Оң жагыбыздагы жүз метрдей типтик ылдый түшкөн асканын түбүндө шаркырап чоң дарыя агып жатат. Ал жогору жактан мен чөптүн арасынан көргөн кара чаар жыландай сойлоп, атырылып келет да, алдыдагы чоң таштарга тийип, мээси чачырай бырын-чырыны чыгат. Таштын үстүнөн артыла кайра агып жөнөгөн жери, бака жуткан жыландын ичиндей дөмпөйүп калып, так ошол жерге атайын урган сапкандын ташындай кайдан-жайдан пайда болгон боз чымчык зып-зып атылып кирип жатты. Аркы өйүз да аска, бирок үстү жагы жайыгыраак келип, бетиндеги жашыл арчалар тиги кишинин сакалындай коюу. Кээде арчанын түбүндө биздин айылдагы Кушчу Кул кишинин машкесиндей сапсары бирдеме чыгып, берки өйүздөгү бизге таңдангандай эки колун бооруна алып, жаш баладай каз тура калат.

Көп жүрүп, ээн-эркин кыймылдай албаганыма жадап кеттим. Чечип алайын десем жиптин байлаган учуна колум жетпейт.

– Чечип койгула мени.

Укпай калды окшойт, алар үндөшкөн жок.

– Чечип койгула деййм!..

– Дарт!.. Кудаа каарыгыр, жөн жүр... – Энем киркирей түштү. Аты тосуп көрүнбөй бараткандыктан оң жакка эңкее берип карасам энем мага кылчайып да койбойт. Ал сол жактагы капталдын бодур таштарын улам мыкчый кармап, өтө ийилип, төрт аяктап баскансып баратат. Бирдеме таап ала тургансып, бир карыш алдындагы аралыкты гана теше тиктеп алгандыктан, бирөө чыкса сүзүп алганга чейин байкагыдай эмес. Энемдин жээрде кашкасы да биринчи жолу бул жерде баратканга коркмондой бутун жерге аярдай коюп, өтө этияттык менен баратат. Алдыдагы кишинин айтканы чын экен: мен минген ат жай, салмактуу, коркпой басып баратат. Ал кишинин кантип баратканын көрө албадым. Кээде анын алдынан ылдый карап, зуулдап таш учуп жөнөйт. Жолго түшүп калгандарын кулатып баратат окшойт. Такасы да жардам бербей, шиштейген бодур таштарга кээде-кээде аттар тайыркап, бүгүлө түшүп баратты. Кыянын чекеси урап, өтө тар болуп калган жерине келгенде ат аскага ыктай түшсө, сол бутум асканын бооруна сыдырылып бозоро түшөт. Ушул эле учурда энемдин калтаарыган үнүн угам: «Я, кудай! Я, пирим, өзүң колдо!»

Эх, азыр аттан түшсөм тигилерге окшобой алдыга жүгүрүп кетип калар элем. Ананчы, биздин үйдүн артындагы ак жардын бооруна «шпион» болуп ойногонубузда мындан жаман жерден оңой эле өтүп кетчү эмес белем.

Өтө кибир жүрүп баратабыз. Көчүгүм талып, уйкум келе баштады. Эстеп-эстеп алып наркы өйүздөгү тоону карасам шиш чокулары биз менен кошо келаткансып эле артта калбайт. Аны көрүп быйыл жетпей тургансып зеригем. Мындай кыйналгыча үйдө эле калбай...

Ушинтип апамдын айтканына көнбөй азыр атка таңылуу баратам. Жүрүп отуруп кууш салынган көпүрөгө келдик. Баятан бери оң жагыбызда агып жаткан дарыя эми сол жактан, дарбыздай чарт жарылган эки асканын ортосунан агып келип, шаркырап, ушул көпүрөнүн алдынан өтүп жатат. Бул жерди тиги кишинин айтуусу боюнча «солкулдак көпүрө» деп коёт экен. Чынында эле биз өтө баштаганда солкулдап турду.

– Кана, секин өтө бериң. – Кара сакал өтүп алып энеме кайрылды. Энем аябай коркуп калган окшойт.

– Я, алла! – деп четине барды да, даап сала албады.

– Эне, – дейм оюма келген сөздү айтып, – өзүңүз айткан «о дүйнөдөгү» кыл көпүрөгө окшош экен э, же ал мындан да тарбы?

– Ок! Жаагың сынгыр!.. – Ал тез-тез келме айтып жиберди. Энем өтө албай койгондуктан кара сакалчан бери кайра өтүп келип, белине аркан байлап, атка мингизди да, аркандын бир учун кайра аркы бетке өтүп кармап турду.

Аттын да жаман жерден коркконун ушул жерден билдим. Энемдин жээрде кашкасы калтырап, алдыңкы туягынын учу менен тык-тык чегип көрүп, көтөрөрүн билгенде гана бутун көпүрөгө мыктай кадап өтүп баратты. Энем көзүн чылк жуумп, асманга жүзүн буруп, ээрдин кашын мыкчый көпүрөдөн безилдей өттү:

– Я, алла, сактай көр!.. Эсен-аман өтүп кетсек жети нан кудайы... Я, кудай!..

Тиги киши энем жакындаган сайын арканды жыйып алып жатты. Акырында көпүрөгө мен ат салдым да төмөн жакты карадым. Элүү метрдей төмөндө ак көбүктүү өркөчтөнүп дарыя агып жатат. Кандай экенин билбейм, өтүп бараткан көпүрө сол жакка сызып жөнөдү. Жүрөгүм шуу эте түшүп, башым айланып кетти.

– Эй, сууну караба! Башың айланат. – Кара сакалчандын сөзүнөн улам өөдө карасам баягы эле ордумда экенмин. Энемдин эмне үчүн көзүн жумуп алганына эми түшүндүм. Көпүрөдөн өтүп көп узабай аскадан кутулдук. Тоо да артта калды.

Бул жердин түзүлүшү таптакыр биздин Ноокаттын адырына окшобойт. Кээ бир дөңдөр бутун сунуп жатып алган ит кейиптенсе, кээ бири чочоюп отуруп алгансыйт. Баарынан да ыраактан көрүнүп турган сол жактагы дөңсөө кызыктырды.

Анын үстү кыргыз үйдүн түбүндөй тегиз да, боору ылдыйлап кинодон көргөн медузанын бутундай жайылып барып түгөнгөн. Эми зерикпей калдым. Бутум бош. Кээде кой дешкенине болбой атты «зыр» койдуруп калам. Энемчи? Ал баары-жокту эстен чыгарган сыяктуу, кандайдыр бир нерсени ойлогон сыяктанып, ат үстүндө өтө тынч жүрүп отурду.

Биз аздан кийин казандын түбүндөй ойдуңдагы үстү топурак менен жабылган беш-алты үйдүн чекесине келип түштүк.

– Мына эми, келип калдык. Мен тезирээк барайын, үч күндөн бери жок болуп, балдар койду карай албай кыйналышты го... – деди кара сакал. – Биздин үй мына бу эле дөңдүн ары жагында, эртең мейманчылыкка баргыла. – Узап баратып дагы кайрылды: – Саар бирөөнү жөнөтөм силерге, барбай койбогула. Токту союп берем.

Биздин дүбүртүбүздөн улам «кыйк» этип эшик ачылып, ичкериден энем курактуу жеңи балбактаган кемпир чыкты. Энем экөө кучакташып, эмшеңдеп ыйлап алышты.

Гүлү эжем да үйдө экен. Энем анын маңдайынан өптү:

– Бойго жетип, таалайлуу бир жигиттин бактысын ача турган болуп калган турбайсыңбы, айланайын.

Гүлү эжем уялып, башын жерге салды. Ал чындыгында эле мурдагыдан бою өсүп, супсулуу болуп калыптыр. Мен кандайдыр тартынып турдум.

– Мурат, сен чоңоюп калган турбайсыңбы? – Ал кучактап, баштагы адатынча мурдумдан чымчып, бетимен өөп койду. Ичим жылып, Гүлү эжемди мурдагыдан да жакшы көрүп кеттим.

– Кандай кудай жалгап келип калдыңыз, эже? – Энемдин сиңдиси сурады.

– Мурда эле келейин десем жол жаман. Кудай жалгап тиги силердин Жума койчуңар, Ноокаттын базарына барган экен, ага жолдон жолугуп «жалгыз бара албай жүрөм, ала кетпесең болбойт» деп үйгө кондуруп алып, бүгүн эртең менен бирге чыктым.



Кеч кирди. Гүлү эжем төркү үйгө кирип, китеп окуй баштады. Ага калакат кылбайынчы деп оозгу үйдөгү очоктун боюнда отурган энемдин жанынан жылган жокмун. Босогодо бир кулач жип илинип турат.

– Гүлсаранын онунчуну бүткөнүн ошо Жумадан уктум. Эми эмне кылайын дейсиң?

Энем сиңдисине бурулду.

– Ылайыктуу жерге күйөөгө берейин десем, бу окууга барам деп эле оолугат.

– Койчу, кыздар окуп... Мен да быйыл Нуржанымды үйлөп коёюн десем ылайыктуу жер табылбайт. «Өз өлтүрбөйт» деп келгенимдин бир себеби да ошол. Гүлсараны өз колума бер.

Энемдин эмне үчүн келгенин эми билдим. Көрсө ал Гүлү эжемди Нуржан акеме алып берем деген экен да...

Сиңдиси айтат:

– Сенден кыз аямак белем, эже. Бул жерде бир мугалим бар. Төрт жылдык мектепке өзү бек, өзү хан. Тоолуу деп башка жактан келгендерге көп төлөйт экен, айлыгы үч миң сомдон ашат. Үч дөңгөлөктүү мотосиңка алып алган. Өзү да шамалдай дуулдаган жигит... Ошол сөз айттырганын макул деп койдум эле. Болбосо го... Гүлсара болсо делгирип окууга качып кеткидей. Жанынан карыш жылбай аркандап гана отурам.

Эртеси кара сакал кишиникине барарыбызда энемдин сиңдиси айтат:

– Мурат калсын. Гүлсара дагы бирдемени ойлоп жүрбөсүн. Сиңдисинин түндөгү жообуна капа болгонбу, энем болбоду:

– Гүлсара кача турган болсо Мурат кармап калмак беле?

Кара сакал кишинин үйү түзөңдө, тышы акталган башталгыч мектептин маңдайында экен.

Чай ичкенден кийин эшикке чыксам, этеги курсагын жаппаган эки-үч жашар чамасындагы чедирейген бала жаныма келип, сүйрөп жүргөн камчысын мага сунат:

– Ака, ма.

– Өзүң ойной бер.

– Сиз менин күчүгүмдү тепселеп коёсузбу? – дейт ал.

– Жок, тепселебейм. – өзүнүн сөзүндөй жооп бердим.

Ары жактан күрүлдөгөн үн чыгып, бурумдан катуу келе жаткан люлькалуу мотоцикл көрүндү. Дөңгөлөктүн алдында кала жаздаган кызыл короз быпырай какылыктап качты. Үстүндөгү кара костюм, көк шляпа кийген жигит отун кыркып жаткан кара сакалдын алдына келип мотоциклди тык токтотту.

– Салоомалейкум, Жумаке? Бу жаңы чыккан жүз сомдуктай эле көрүнбөй кеттиңиз да, – деди ал. Анан качкан корозго карай башын ийкеп карс-карс күлдү. – Бу короз катындарына барып, азыр эле аз жерден өлүп кала жаздадым деп мактанат да эми.

– Кел, кел, жакшы келдиң маалим бала. – Кара сакал отун кыркышын улантты.

– Эй, Сүйүн, бери кел, – Жигит жанагы кичинекей баланы чакырды. Ал жанына барганда бир ууч конфет берди.

– Эми токтой тур, – Кайрылып бараткан Сүйүндү колдон алды.

– Мени акоо деп кой, – жигит Сүйүнгө жабышат.

– Ака дебейм, – Сүйүн оозун чурмуйтту.

– Бул жигит кайдан?

– Гүлсаранын бөлөсү, – деди кара сакал кандайдыр тигини карап жылмайып.

* * *

Ичкериден бата алып, күрөң козуну жетелеп чыгышты.

– Маалим бала, сен эле эптеп кой. – Кара сакал жалаңдаган бычакты сунду.

– Козуну союп, табарсыгын алып берейинби? – Ал бычакты пияланын кырына кайрап жатып, Сүйүнгө айтты. Сүйүн башын ийкеди.

Эт казанга салынганда мугалим мени акырын четке чакырды. Ал жай гана көкүрөк чөнтөгүнөн кичинекей жаркыраган тапанчаны алып чыгып, машааны басты эле, «чырт» этип, учуна от күйдү. Аны менен оозундагы папиросун тутандырып, анан мага көрсөттү:

– Ушуну аласыңбы?

Көзүм кызарып турса да, таңдайымды «шык» кагып, башымды чайкадым. Менин кызыкканымды байкап калды окшойт, минтип айтты:

– Эгер мобуну эт бышканча Гүлсарага алып барып келсең сөзсүз берем. – Ал үч бүктөлүү кат сунду.

Тарткынчактап алганым жок.

– Окуйсуңбу? – дейт ал.

– Ооба.

– Эмесе, мен – мугалиммин. Окуучу агайынын айтканын аткарбай *коет* беле, берип келгениңден кийин тапанча сеники. Ачпагын, *макулбу?*



Жолдо баратам. Энемдин сиңдиси айткан ушул экен да деп ойлоп, кандайдыр Гүлү эжемди ага кыйбадым. Катты кайра алып барып берсемби? Жаркыраган тапанча көз алдыма тартылат. Ал меники болсо «шпион» ойногонубузда балдарды кандай гана таңдантаар элем. Катты эмне деп жазды экен? Ачып, окуп көрсөмбү?

– Ач! – дейт бир жиним.

– Ачпа! – дейт башкасы.

– Ач! – дейт бир жиним.

– Ачпа! – дейт башкасы.

Ачкан жокмун.

Үйгө кирсем Гүлү эжем сандыкты карап жатыптыр. Жаман эшик чыйк эткенде артына шарт карап, кандайдыр оңтойсуз абалда калгансыды:

– Мурат?.. Энеңдер кана? Баса бердиңби?

Эмне деп айтаарымды билбей кысталып калдым.

– Зеригип эле... Энемдер калышты. – Оозума ушул сөз кирди.

Гүлү эжем мага ажарлуу жылмайып койду да, кайра сандыктан бир нерсени издей баштады. Мен кыйпычыктап эмне кыларымды билбей эшикке чыктым.

Тамдын аркасында жылжып аккан билектей суунун боюнда отурам, көңүлкош гана шымдын чөнтөгүнөн жанагы катты алдым да, бүктөөсүн жазбай ошол бойдон кайрып кайык жасап, үстүнө бир коргол салып, сууга койдум. Каалгып, жай агып жөнөдү.

Күн бешимден ооп баратса да энемдер келбеди. Эт эми араң бышса керек. Ордумдан туруп там айлана жол жакка бастым. Ак жоолукка китеп түйүп, шашылыш чыгып келе жаткан Гүлү эжем мени көрүп, ыраңы бозоруп кетти:

– Мурат мен окууга кетип баратам, – деп жаныма келди да, жалооруй карап, башыман сылады. – Энемдерге айтпайсыңбы?

Элейип карап эле калыпмын. Эсиме келе, шашылыш айттым:

– Айтпайм эже, айтып эмне кылайын.

Адаттан тышкары бешенемен өөп, жөнөп калды. Эмне экенин өзүм билбейм, ичим ачышат.

– Эже, – дедим ал узай электе. Токтоду. – Пулуңуз барбы анан?

Кечээ үйдөн чыкканда жашырып апам берген үч сомду сундум. Ал акырын гана жаныма келип, чөгөлөй отура калды да, эки каруумап коомай кармады.

– Кагылайын... – деди ал жүзүмө тигилип, – сени энемдер жөнөткөн экен деп... Эстүү бала болгон турбайсыңбы, кагылайын...

Анын балбылдаган капкара чоң көздөрүнөн туптунук жаш кулады. Үч сомду алып кайра чөнтөгүмө салып койду.

– Акчам бар, кагылайын. Сен буга окуу китебин сатып ал. – Мени көкүрөгүнө кучактап, эки бетимен бек-бек өптү. Андан айрылгым келбей мойнунан бекем кучактап, бетине бетими басып ыйлап жибердим.

Ал мени соороттот.

– Кой ыйлаба, эстүү бала болгон турбайсыңбы? – Жап-жаңы жүз аарчы менен жашымы сүрттү. – Окууга өткөндөн кийин сага кат жазам. – Ал мени дагы бир ирет кучактап бетимен өптү да, жөнөп кетти.

Же кубанарымды, же өкүнөрүмдү билбей карап отурам. Тигине, эки жакка созулуп жаткан дөңсөөнүн ортосу жаа сыяктуу ийиле түшүп, бел-баскак болуп калган. Мен турган жерден өткөн жалгыз аяк жол улам өрлөп отуруп, тик ошол белбаскактын ортосуна жетип учун түгөткөн. Эки жагында кызыл-тазыл гүл жайнаган ошол жолдо кызыл көйнөк ки-йип, ак жоолукка китеп түйгөн Гүлү эжем баратат. Ана, ал улам жогору-лап белбаскакка жетти да, бир демге токтой калып мага кол булгады.

Ал көрүнбөй калганда ойлодум: «Жолдун учу бел-баскакка барып түгөнгөн. Андан ары Гүлү эжем кайда кетти экен...»

Бир демден кийин энемдер келип калышты. Сиңдиси үйгө кирип кирбей айгай салды.

– Өлдү-үм, өлдүм! – Ал үйдөн бир кулач жипти ала чыгып, булгалактап жинди болгондой чаңырып, Гүлү эжем кеткен жакка жүгүрдү.

– Өлөөм, муунуп өлө-өм!..

Эмне болгонуна эми түшүнгөн энем жыгачтай катуу колунун кыры менен мурдума койду. Көзүм караңгылап, отура калдым.

Чаңырган үн жаңырат:

– Өлө-өм!...

Башымды көтөрдүм. Алдында – сиңдиси, артында – энем. Гүлү эжем ашкан жерди карадым. Кызык. Белбаскактагы жолдун түгөнгөн учунда күмүш табак жөлөп койгонсуп, батып бараткан күн балбылдап, улам өрдөп жатышкан тигилер ошол күндү кууп баратkансыйт.

Бир тамчы сымал мөлтүлдөгөн күн белбаскакка сиңип бараткансып улам кичирее берди.

* * *

Өчүп бараткан күлдү көсөп коюп, үңкүйүп энем отурат. Жер менен жер болуп бүкүрөйгөн кемпирдин шыбыраган үнү алыскы-алыскы жактан угулгансыйт:



– Өлмөк элем – өлдүм!.. Көрмөк элем – көрдүм!..

Эшиктен кирген алсыз желге «леп» этип, очок башындагы чырак өчтү. Тактадан кынап жасалган эшиктин кычыктары жылтырайт.

Бечера Гүлү эжем ай дейм зыркырап. Жолдун учу белбаскактан түгөндү. Энемдер кууп барганда бир далдоого бекинип калдыбы же адырма-адыр качып кетти бекен? Ушундай караңгы түндө кайда жүрөт?.. Жол түгөнгөн белеске чыгып баргым келди. Чыксам эле Гүлү эжем алдыман күлө чыга тургандай болуп сезилет.

Башыма коюп берген жаздыктын ичине чөп капталгандыктан кыбырасам эле кычырап жинимди келтирет. Эмнеге энемди ээрчидим экен?

Бечара Гүлү эжем ай, – дейм кайра, – азыр кайда жүрөт болду экен? Өпкө-жүрөк, ичек-боорумдун баары асманга учуп кеткенсип, коңултуктанам. Куса болуп, ыйлагым келет. Ары тар, ары караңгы ушул үй тегирмендей гүүлдөп, үрөйүм уча кандайдыр түпсүз тереңдикке чөгүп баратkансыды. Жарк-журк этип, бир апам, бир Гүлү эжем, бир апам, бир Гүлү эжем көз алдыма тартылат...

Качан уктаганымды билбейм, көзүмдү ачсам таң атып калыптыр. Энемдер очок боюнда кыйшайып көздөрү илинип кеткен окшойт.

Акырын туруп эшикке чыктым да, Гүлү эжемди издеп, белеске жөнөдүм. Жетейин дегенде артымды карадым. Тигилер ойгонуптур. Тээ бозомук тарткан казандын түбүндөй ойдуңда кара кемпир өз башын өзү муштап, чарк айланат. Үйдүн арт жагында энем турат. Ал күндөгүдөй кайраттуу эмес, башынан мурда жону көрүнүп, бели мекчейип, кечээги биз келген жакты карап, былк этпейт... Ал жак көзүмө суук көрүндү. Тезирээк алыстап кетким келип, бар күчүмдү жумшап, өрдөп жүгүрө бердим.

Белеске чыга бергенде серүүн желге кошо гүлдүн жыты бур дей түштү. Ойлогонумдай жол түгөнүп калбайт экен. Ары жагы абдан жайык, көз жетпеген кенен талаа тура. Гүлү эжемди таппадым, бир гана тиги көз жеткис талаада ошондой эле чексиздикке созулуп жаткан тасырайган чоң жолго көзүм түштү. Мүмкүн Гүлү эжем так ушул жол менен кеткендир. Анын качып кеткенине же өкүнөрүмдү, же кубанарымды билбей калдым. Бир эсе тиги адамды тумчуктурган жерден кутулганына сүйүнсөм, бир эсе мындан ары таптакыр көрбөй каламбы деп денем дүр эте өксөп-өксөп ыйлап жибердим.

Жүрөгүм эзилип, кандайдыр бир кымбат нерсем барчылап, мен ошол чексиздикке созулган чоң жолду көпкө-көпкө карап отурдум...

# ТАБЫП, НЕБЕРЕ ЖАНА ЖЫЛАН

Табып менен небере дарылык чөп терип жүрүштү. Ушу тапта неберенин көңүлү кушбак эле. Анткени, бүгүн дары чөптөрдү көп тапты. Аска тектирчелерине, таштан-ташка улактай түйүлүп, секирип жүрүп, таятасы көрсөткөн ошол дары чөптөрдүн бирди жарымын таап алса жомокто гана айтылчу түгөнгүс кенчке ээ болгонсуп, мулуңдап, жүгүрүп таятасына жеткенче шашат.

– Ушунуңа да миңкалла шүгүр. – Жаратканына табынып койду табып.

Өлгөн кызынын кыркын чыгаргандан кийин ушул жалгыз небересин чөлдөн тоого алып баса бергенине аз эле күн болгон. А небересинин он сөзгө бир ооз жооп кайтарбай зил болуп, ичтен сызып жүрүшү карыя табыптын ичин бук кылып, жарып жибере жаздачу. «Табып атанбай неге кызымдан мурда мен өлүп калбадым. Же табып болуп анын жанын алып кала албагандан кийин, ушул тырнактай наристени зарлатып...» – деп, күндө жүз маал өзүн-өзү жеп, түгөтүп жүрчү эле бечара табып. Эми минтип, дары чөптөргө алаксып, данектей жүрөгүнөн ааламдай орун алган энесинин жаркын элесин азга болсо да жадысынан чыгара түшкөн небересинин күлгүн жүзүн көрүп туруп тагдырына тооп кылып атпайбы...

* * *

Алар Ноокаттан Араванды карай созулуп, жарып койгон анардай мала-кызыл, одур-бодурлап, экиге чарт бөлүнгөн аскалардын түбүндөгү күрпүлдөп, ажыдаардай сүр берген зор дайранын сол жээгин бойлогон сокмо жолдо келе жатышты. Ушул даңгинин орто ченине келишкенде сол тараптагы асканын жогортон ылдый карай адам баткыдай жаракасы бар экенин байкашты.

– Бул жерди кап өтпөс дейт балам. Кап артылган унаа батпайт, – деди табып.

Эми небересин жетелеп, ошол кап өтпөстүн жолуна салды.

Тооба, кап өтпөстүн ары жагы улам кеңейип кетет экен, кудум кыбыла тараптан шынаа кагып, ажыратып койгонсуп.

Жыландын изиндей ийрелеңдеген билинер-билинбес бозомтук жол тоому менен топудай дөмпөйгөн адырдын оң жантаймасына чыгып келишти. Табып соксойгон моло таштын жанына чөк түшө отуруп, кыраатты менен аят окуп, бата кылды. Небереси үн-сөзсүз аны туурады.



– Мындан кийин аяк-буякка өтүп калсаң бул жерге кайрылып бата кылбай өтпө. Бул жерди Бала-Мазар дейт. Мазардын алдына коюлган баланын сөөгүнө Адам атадан жаралган пендалардин бардыгы бу жарыкчылыкта да, тиги дүйнөдө да милдаткарбиз, – деди табып.

Калыбы небересинин көңүлүн дагы көтөрөйүн деди окшойт, кантсе да табып ичте каткан санжырасын бир кызык кылып айта баштады:

– Оногу үңкүрдү карачы? – Табып сөөмөйү менен те бет маңдайдагы далдайган жалама асканын бетиндеги уйдун тезегиндей кара такты жаңсады. – Көрдүңбү? Көрсөң ошол үңкүр. Ошол үңкүргө мен кичине экенимде аравандык бир бай миң коюн кыштатчу. Үңкүрдүн оозунан кыялап чыгып кеткен тасмадай изге саресеп салчы. Паамдадиңби? Паамдасаң ошол кыяны учуп өлгөндөрүнө карабастан жалчыларына бай салдырган. Бечара мусаапырлардын убалы жеттиби, кийинчерээк байдын өзү да кой-пойлору менен көчкүнүн алдында калып кетти.

Айтарыман адашып кеттим окшойт дегенсип, тамагын кырынып алып, табып кеп маңызына эми түштү:

– А, нагизи ол үңкүр ажыдаардыкы. Илгери-илгери ушул үңкүрдү бир ажыдаар мекендеп, ушу тегеректе мыдыр эткен жан көрүнсө «лык» этип, соруп коюп жата берчү экен. Ошонун кесепетинен Ноокат менен Араванга адам баласы алака кылып катташа албай калыптыр.

Ошентип ажыдаардын даңкы лөлүлөрдүн лөлүсүнө да жетиптир. Ажыдаардын кайда экенин билбей жүргөн лөлүлөрдүн лөлүсү дароо эле жетип келет.

– Эй, канкор, ажыдаар, – дейт лөлүлөрдүн лөлүсү – мен сени менен арбашканы келдим.

– Шартыңды айт! – дейт көптөн бери наар татпаган ажыдаар сүйүнүп.

– Шартым бул: экөөбүз үч кечейи-үч күндүз арбашабыз. Сен мени оп тартасың, мен дуба менен сенин демиңди кайтарып, сенин атыңды табышка аракет кылам. Үч күн ичинде сенин атыңды таба албасам менин дубамдын касиети түгөнөт. Ошондо сен мени жөн эле сугунуп коё аласың. Непада атыңды туура таап алсам сен жарылып өлөсүң. Мен сенин башыңды кайнатып, мээңди чукуп жейм. Ошондо мен сен билгендин баарын билем: жер алдында жаткан сансыз байлыктар көз алдыма чырак болуп жанып турат. Жер-ааламды айланып кыдырсам ар бир тал чөп аягыма оролуп, кайсы дартка даба экенин өзү айтып турат... Ушул шартка коркпой макул болосуңбу? - дейт лөлүлөрдүн лөлүсү.

Ажыдаар макул болот.

Лөлүлөрдүн лөлүсү менен ажыдаар үч кечейи-үч күндүз арбашат. Ажыдаар ажыдаарлыгын кылып, чоктой кызарган көз менен лөлүнү арбап, муштай кара лөлүнү кызыл жардай алжайган алкымына бала-пандай «лык» эткирип сугунуп коюу үчүн демдеп-демдеп ышкыра оп тартат. Лөлү олтурган ушул жердин куму эшилип, карарган чөбү түп тамырынан бери жулунуп, ажыдаардын алкымына кетет. Көрдүңбү, ошондон бери бул жер жайдак калган. Ушул эле дейсиңби, көкөлөп учуп бараткан куштар да кутулбайт ажыдаардан. Лөлүлөрдүн лөлүсү гана былк этпейт. Алка-шалка терге түшүп, ажыдаардын арбоосун, оп тарткан демин дубасынын күчү менен кайтарып, ошону менен бирге пал ачып, анын атын таап алуу үчүн жан далбас уруп атат.

Мына шарттагы үч кечейи-үч күндүз да аяктап баратат. Эми лөлүлөрдүн лөлүсүнүн жилкини куруй баштады. Аалам жарган ыш-кырык аралаш узун кара чачтары лөлүнүн өзүн сүйрөп аткансып, ажыдаардын араандай ачылып, тандырдын оозундай алоолонгон ал-кымын көздөй куюндай удургуп сапырылат. Үстүндөгү шөлбүрөгөн кийимдери бөздөй жыртылып учуп, эми көзөдөй эки эмчегин бу-лайтып, дырдай жылаңач калды. Ана, көчүгү да жерден көтөрүлө баштады. Кара-көк болуп, чаначтай көөп түштү лөлү. Көзү чанагы-нан акшыйып, муунуп өлүп баратып, ошентсе да лөлү лөлүлүгүн кы-лып, акыркы бар күчүн сарптап туруп, «чеч... топчуңу!!!» – деп кы-рылдап ийди.

Ушу сөз лөлүлөрдүн лөлүсүнүн оозунан чыгаар-чыкпастан кулак угуп, көз көрбөгөн алаамат болуп кетти. Бүт капчыгайды жин урган-дай уйгу-туйгу салган ажыдаардын карды алкымынан тартып куйру-гуна чейин чарт жарылды. Ичиндеги кан-жини сел жүргөндөй «кув-шав» этип ылдый акты. Эми эле үрөй учурган ажыдаардын зоңкойгон башы гана калып, териси үңкүр ичине талпактай жайылды. Көрсө ажыдаардын сыры топчуда экен. Лөлү «чеч топчуңу!» дегенде карды-нын топчулары чечилип кеткен турбайбы...

Табып бир демге тыным алды. Бу жарыкчылыкта ажыдаар менен лөлүдөн башкасын бүт бойдон жадынан көтөрүлтүп ийген бала жер алдынан күңгүрөп кабар берип жаткансыган таятасынын үнүнө дагы кулак төшөй баштады.

... Ошондо элдин коюн жалданып кайтарган бир жетим бала алы-стан лөлү менен ажыдаардын арбашканын көрүп калат. Аларды ка-рап, койлору качан эле кыштакка түшүп кеткенине карабастан бала да үч кечейи-үч күндүз кезерип отура берет.



Качан лөлү ажыдаарды жеңип, анын башын кырк кулачтуу казан-га салып, ушу биз отурган жерде кайнатып атканда гана жетим койчу салам айтып, лөлүнүн жанына келет.

– Ой! – деп чочуп тура калат дырдай жылаңач лөлү.

Анан жаш бала экенин көрүп:

– Бул жерге качан келдиң? Эмнелерди көрдүң?! – дейт калчылдап, өңүнүн кан-сөлү качып.

– Азыр эле келдим, – деп жооп берет тигинин түсүнөн коркуп кет-кен бала.

Лөлүнүн көөнү жайланып, эми гана үстүндө илип алар эч нерсеси жок экенин байкап, абийирин жабышка бирдеме сурады. Ал дал-дал болгон чепкенин чечип берди. Чепкенди киндигинен ылдый ороп алып, анан баланы карап отуруп, дагы лөлү лөлүлүгүн кылып, билип койду:

– Көзүңөн көрүп турам. Ачкасың, баарын көргөнсүң. Майлиң-а. Кудайга айтканың бар экен. Саңа паашалардын-паашасында жок дүйнө берем. Паамдап аткандырсың кирпигимден тартса жыгылгыдай болуп турганымды. Кынтайып кичине көз ызгытып алайын. Агача сен казанга ит, куш жолотпо. Муну эсиңе бекем түй. Мен ооз тийбей туруп ушул шорподон ким даам татып койсо мурт өлүп кетет. Шарт ошондой. Алкымыңа азгырылбай чыдай тур. Мен баштын мээсин гана жейм, калган гөш-шорпосу сеники. А, жаңкы сага берчү дүнүйө анан кийин... – деп, лөлү кыңкайып, үргүлөп барып, анан тарс уктап кетти.

Өлгүдөй чарчаган лөлүнүн ойгоно турган түрү жок. А баланын өзөгү мына, мына үзүлүп түшкүдөй. «Шорпосунан бир ууртам ичип, бир ку-лагын кесип жесем эмне болмок эле. Бу оңбогон лөлү менен кызга-нып атат. Дагы мээсин эле жейм дейт», – деп бала боркулдап кайнаган казанды карап, шилекейин агызып отура берди. Акыры чуйкулдаган напсисине жеңдирген бала ордунан ыргып туруп, лөлү билбей деле калаар деген үмүттө казандан серейип чыгып турган ажыдаардын ку-лагынын учунан кабыктай калыңдап кесип, оозуна салып жиберди. Салып жиберери менен өзү да «Чыр-р» этип айлан-көчөк атып кетти.

Чыңырган үндөн лөлү селт этип ойгонду. Ууртунан бир тилим ку-лак булайып, өлүп жаткан баланы көрүп, баарына түшүндү. Кыбыланы карап чөк түшө калып, аттын жалындай калың чачтарын тытып-ты-тып, кудум бөрүдөй улуп, боздоп жиберди...

– Таята, таята дейм. – деди бала тунжураган тынчтыкты бузуп, – Ошо лөлү уктап калбай биринчи болуп өзү ажыдаардын мээсин жесе жакшы болмок экен. Чөптөр өзү айтып тургандан кийин кайсы оорудан болсо да адамдарды сакайтып алат эле да.

– Э, балам, баласың да, – деп кейип койду табып.

– Жердин жети катмарындакы катылган дүнүйөгө ээ болгон лөлү адамдарды аяп коймок беле. Теңирим пешенеге жазган өмүргө канаат кылбаган падышадан тартып, жакасы үзүк сөкүргө чейин баарын кул кылып, мал сыяктуу алдына айдап алат эле да. Лөлү лөлүлүгүн кылбай коймок беле. Баса жер-ааламдагы кумурскадай жайнаган адамдардын кимисин сакайтып, кимисинин өмүрүн узарта алат жалгыз лөлү? Ошондо адамдар лөлүнү бири-биринен кызганып, бири-бирин кырып иймек. Нагыз кыямат башталып, жер астынүстүн болуп кетмек аңизгече. Озунуп ооз тийип коюп, лөлү менен ажыдаардын шартын бузуп, бүткүл жумурай-журтту зор алааматтан сактап калган баланын сөөгү коюлган бул жер ошондон бери Бала-Мазар аталып калган. Ары-бери өткөнүңдө ар дайым батаңды үзбө. Мазарга карап даарат ушатпа, балам, ушуну эсиңе түйүп кой.

* * *

Алар тоо этегиндеги жер тамына келишкенде анжиандык алиги чал аялы менен дагы күтүп турушуптур. Чал табыптын алдын торой бел боосун мойнуна илип, таазим кылып, сыңар тизелеп отура калды. Аял, аял эмей эле чилбидей кубарып, сөөгү гана калган сөлөкөт кыя чапкансып, шылк этип, табыптын бутун кучактай жыгылды.

– Сизден өтөөр дарыгер таба албадык, улукманым, – деди чал.

– Баари бир... Ушинтип кыйналгыча... Ушу азапты жегиче... Азыр өлүп кетсем сөөгүм ыраазы сизге, жан ата, – деди сөлөкөт.

Булар мурда да келишкен. Пулу ашып-ташкан ушу чал мурдагы аялдарынын согончогу канабады деп шылтоолоп, базарда кайыр сурап жүргөн, азыркы сөлөкөт, ушул кызды багып алып, өзүнө нике кыйдырып коёт. Чалдын тилеги кабыл болуп, мунусу уул төрөп берет. Бир күнү аял бешигин жасаганы ача салса, ичине жыландын бир баласы токоч болуп жатып алыптыр. Эми байдын эрке токолу болуп калган аял сүт берип, ун чачып туруп, ийинине киргизип жиберүүнүн ордуна чакчаңдап жыландын баласын жанчып, өлтүрүп таштайт. Бар балээ ушундан башталат. Эне жылан өлгөн баласынын куйүтүнө чыдабай, кек кууп, аңкайып уктап калганда билдирбей келип, аялдын оозунан сойлоп ичине кирип кетет. Анан аял тамак жесе ошонун баарын ага аш кылдырбай ошо жылан өзү жей берет. Ошентип, канча оокат жебесин баары-бир өзөрүп, ачка кала берет. Мунусу аз келгенсип, эми жылан келиндин ичин жан чыдаткыс оорутуп, кутургандай туйлай берчү болду. Ошентип, ал бечара, өзүнө өзү көр казып, күн өткөн сайын ыргайдай ката берди.



Ошондо аргасы куруган чал менен аялы табыптан табып издеп жүрүшүп акыры ушул табыпка келишкен эле. Бирок, кеч келип калышкан экен. Анткени табып «Жылан тамакты көп жеп, семирип кетиптир. Мен эми жөн чыгара албайм. Агерде дары берсем жылан көчүк тамандан качып чыкса го кудайдын бергени, непада кекиртек менен качса алкымына тыгылып, бу келин бечара бейажал өлүп кетет», – деп буга өзүнүн дабагер боло албасын айткан.. Бөөдө забынына калам деп, ынабай койгон. Эми минтип ал бечаралар боло турган бүт күнөөнү өздөрүнө алып отурушпайбы акыры, мукурашып...

* * *

Таш казанда кекире сыяктуу бир тутам курук чөп салынган суу боркулдап кайнап жатты. Суу канчалык кайнап, канчалык соолуган сайын каңылжаарды уулаган жыт ошончолук көп чыгып, жерааламды каптап баратты. Акыры казан түбүндө бир чөйчөкчө киргилт суюктук калды. Ушул ачуу дарыны чала суутуп туруп, табып жанагы аялга ичирди. Ал бечара кан-сөлү жок бетин бырыштырып атып, эки-үч жолу «лык-лык» жутуп жиберди. Анан... Анан чөйчөктөн илебин үзбөй атып, адам эмес, жер денесин дүркүрөтөрлүк чыңырып ийди. Түпкүчтөй ийилип барып, томолонуп кетти. Анан... Анан диртдирт этип, чалкасынан суналып калды. Табып келинге үңүлүп, бир дем карап турду да жай гана кынынан бычагын сууруп алып, аялдын бүлтүйө түшкөн алкымын акырек алдынан ылдый тилип туруп, жоон сары балык сыяктуу сулкуйган бирдемени сууруп алды.

– Мына, көрдүңүзбү? – деди табып жанагы сулкуйган нерсени кош алаканына салып, нес болуп отуруп калган чалдын алдына алып келип көрсөтүп. – Семирип да бүтүптүр. Айтпадым беле жылан шертинен кайтпайт деп. Мына эми. Атайлап артка качпай алкымына келип тыгылып, өзү да өлдү, катыныңызды да жеп тынды... Эми шарият боюнча бу макулукту да ак дакиге ороп, аялыңыз менен бир жайга көмүңүз...

Эмне болуп кеткенине түшүнө албай, бир жагы коркуп, калтырап турган бала жанагы сары балыктай болуп семирген жыландын өлүгүн белдигине ороп, катынынын ыргайдай сөөгүн артып алып, эшегин жетелеп, жер менен жер болуп бүжүңдөп бараткан чалдын караанды те куу шыбак баскан талаага сиңип кеткиче аң-таң болуп карап тура берди...

Ушу күнү кечинде, табып өзү айткандай, кудаанын кудурети менен дагы бир жигит келди.

– Эмне, баарыңар эле жылан жуткуч болуп кеткенсиңерби? Башка иш куруп кеткенсип... – деп табып кудуңдайт, кейип-кепчип.

– Айланайын аба, атайылап кылды дейсизби, карасам эле орогум кан... Анан анын тең бөлүнүп чөптүн арасында жатканын көрүп калдым, – деп безеленет жанагы жигит.

– А бу ичиңдеги түгөтү кайдан кирип жүрөт анан.

– Түштө кыйшая түшүп, уктап кетипмин. Бир маалда эле алкымым буула түштү. Чочуп тура калсам оозумда жыландын бир сөөмдөй гана куйругу калган экен. Шап тутамдай калдым, а быякка сууруп алышка алым жетпей койду, – дейт далысы кулач келген жигит, эми минтип өңүнөн кан-сөлү качып, бозоруп...

Бу сапар табып, баягыдай шыпта илинип турган түркүн-түркүн дары чөптөрдөн тандаган жок. Үйгө кирип небереси экөө кылтакка илинтип алган улардын туздалган этин алып чыгып, дагы тузга улам чыктап кайнатты. Акыры бышкан эт, эт эмес эле жалаң туз болуп калгансыды.

...Зордоп атып, туздуу этти бүт жеген жигит жайма жыгач аякка толтура куюлган сууга карап жатып, тез эле көшүп кетти. Кандайдыр анын оозу чоң ачылып, эки жаагы катуу ичке эки чаткал менен тирөөчтөнүп коюлган. Жигиттин баш жагында көчүгүн бутунун таманына жаздай, колундагы тобулгу сабоону жигиттин оозу менен тактын аралыгына коомайлап, табып отурат. А маңдайдагы баланын көздөрү балбылдап, жигиттин аңырайган оозунан өтүп баратат.

...Мына, ийинден чыккансып, жигиттин оозунан ача тилин соймоңдотуп, кара чаар жыландын башы көрүндү. «Чылп-чылп» эттирип, аяктагы суудан иче баштады.

– Таята, таята дейм, чаппайсызбы! – бала чыңырып ийди. Анын үнүнөн чочуган жылан шарт жыйрылып, көз ачып жумганча кайра кирип кетти.

– А! А, бачагар! Мени да арбап салган турбайбы! – деп үргүлдөй түшкөн табып кейип калды. Жаткан жигит да ойгонуп кетти.

– Уктай бер, – деди ага табып эч нерсе болбогондой. Эми өзү алдыга комдоно түшүп, колундагы тобулгуну көтөрө саздап, келме келтире баштады. Анан небересине карап минтти:

– Жаңкы чык жанын чыдатпайт, гөштүн баарын жеп алды да, азыр эле чыгат. Сен дагы ушар болуп олтур. Көрдүңбү, арбай баштады, – жигит жакка көз жаңсады.

Чынында эле жигиттин көзү бир калаты болуп аңтарыла уктап баратыптыр.



Жылан көп күттүргөн жок. Эми мурдагыдан ишенимдүүрөөк, жүткүнүүрөөк чыгып, башын шыр эле сууга малды. Так ушул учурда «чып» эткен үн чыгып, жыландын башы ыргып кетти. Калган тулку жигиттин оозунан балыктай сыйгаланып, аяктагы сууга «чулп» этип түшүп калды.

Жигиттин кантип ордунан атып турганын табып менен небере байкабай калышты. Ал камгактай жеңил табыпты баладай так көтөрүп, килейген колдору менен көкүрөгүнө карыштырып сыгып, кергичтелген оозунан жанагы жыландыкындай тилин соймоңдотуп чыгарып, табыптын бырыш баскан бетин жалагылап, чарк айлантып жүрөт. Эгер бала сабоо менен шыйрагын какшата чапкылабаганда жигит таятасын кысып өлтүрүп салышы ыктымал эле.

Өпкө-боору эзилген табып араң өзүнө келип, жигиттин оозундагы тиштери батып кеткен эки тирөөч чаткалды араң алды.

– Өмүр бою алдыңда кул болсом да сиздин кызматыңызга арзыбай турган адам экенсиз улукман ата, – дейт чөк түшүп, колун бооруна алган жигит. Жаш баладай пышаңдап ыйлап алыптыр. Табып болсо жанагы жыландын башын денесинен бөлө чапкан тобулгу менен эми жыландын тулкун чалкасынан оодарды. Куйрук жагын саамга карап туруп, өзүнчө кобурап койду:

– Ургаачысы экен... Эркегинин кегин алайын деген экен...

* * *

Табып менен небере булак боюндагы качандыр бир эгилип калган эпсиз чоң талдын түбүнө жатышты.

– Таята, – деди бала бир маалда.

– Ов, балам.

– Азыр да ажыдаар жыландар барбы?

– Болсо болгондур балам. Ааламдын учу-түбү жок.

– Эгерде... Эгерде азыр эң эле кыйын адам чыгып, ошол ажыдаарлардын бирөөнү лөлүдөй болуп жеңип, башын кайнатып жесе эмне болот эле?

– Таан, балам...

– Ошентсе, ошо киши жолдо баратса чөптөр анын да буттарына оролуп, кайсы ооруга дары экендигин айтып берет беле?

– Айтпаганда... Айтат эле да.

– !!!

Чал онтоп ийди. Анткени, баланын апасы учук оорусу менен өлбөдү беле.

Бала башка суроо бербеди. Талдын кылда учундагы көсөөдөй болуп курғап калган шактарына чаташып калган жез табактай жалтыраган толук Айды карап жата берди. Бир маалда ага жез табакка салынган боз жыландар кыймылдап жаткансып сезилип кетти. Денеси «дүр-р» эте түштү. Ошентсе да кандайдыр корккон жок. Желге ыргала түшкөндө жыландай соймондой түшкөнсүгөн ошо куу шактардын арасынан Айды тиктеп жата берип, уктап кеткенин сезбей калды...

* * *

...Бала мурда таятасы экөө тап-такыр көрбөгөн бийик аскалардын арасына кептелип калды. Өдө караса такыясы жерге түшүп кетип, зоокалардын учтары асманды тиреп турганын көрдү.

Зоокалардын нары жагынан жомоктогу периштелердин шаан-шөкөтүндөй жагымдуу шоокум угулуп турду. Ошол жагымдуу шоокумдан уйку шириниңдей дене балкыткан назик үн бөлүнүп чыгып, улам берилеп, тээ бет маңдайдагы аскага келип конду. Эми назик үн конгон жерге алакандын отундай нур пайда болду. «Тооба, аскага да кут конот экен да» деп койду бала ичинде. Ушу тапта түшкө кирбес окуя болуп кетти. Жанагы нур жалама асканын бети менен акырын сыдырылып, ылдыйлап отуруп, бала кол сунса гана жете турган жердеги жумурткадан жаңы чыккан чөжөдөй үлбүрөгөн бир ажайып гүлдү өз нуруна бөлөп жиберди. Ошол гүл чөжөдөй чыйпылдап ийди:

– Мен учук оорусуна дарымын! Мен учук оорусуна дарымын!

Аскалар бул үндү илип алып, жаңыртып, алыска-алыска ала качып кетишти:

– Мен учук оорусуна да-ры-мы-ын! ... да-ры-мы-ын, ...ры-мы-ын... – дешип.

Бала болсо алдыга жүткүнө колун сунуп, бакырып ийди. Анткени, бул үн өзүнүн апасынын үнү эле...

## КОЛЯСКА

Алардын үйүндө бар болгону көрүнүктүү үч буюм бар эле. Булардын экөөсү кара күрөң түстөгү күзгүлүү чоң буфет менен үстүндө проигрыватели бар радиоприемник. Үчүнчүсү – оозгу үйдөгү боосуна мехтен жасалган аюунун кичинекей мамалагы менен упчу тагылган көк түстүү коляска.



Күндө эртең менен Салия таза чүпүрөк алат да, ушунчалык көңүл коюп буфет менен радиоприемникти, анан коляcканы сүртө баштайт. Ал дайым коляcканы сүртөр алдында таң каларлык жылмайып коёт. Бул жылмаюу келечегине ой жүгүртүп, ошого кубануу же тетирисинче, азыр бизге коляcканын эмне кереги бар эле деген сыяктуу ажырата албайт.

Бул үч буюм алардын үйлөнүү тоюнда жолдошторy тарабынан белекке берилген. Бирөөсү той берсе беш-ондон топтолуп, мындай буюмдарды алып баруу студенттердин адаты эмеспи. Алар тойго чакырган жолдошторунун эң аягы болуп айыл чарба институтунун студенттери келишкен да Турдаалы менен Салиянын колдорун кыса өздөрүнүн каалоолорун айтып, ушул коляcканы тапшырган. Ошондо Турдаалы аяк-быякка жылдырып жүрүп, «Бул «Волгага» баарыңар түшүп келдиңерби? А бул шоферуңар го?» – деп боосуна тагылуу мамалакты мурдуна чертип, ыраазы боло карс-карс күлгөн. Салия эми эмне дээрин билбей калды, анан шек алдырбай ырахмат айтып уялыңкырай аппак тегиз майда тиштерин көрсөттү. Кээде ушундан көрө бир диван алып келсе, үйдү көркүнө чыгармак экен деп ойлоп койчу.

– Сарайга эле коёлу да. Уят эмеспи. Азыртан эле... – деп Салия бешалты жолу айтса, Турдаалы да болбой койду. Ага баарынан ушул коляска жакшы көрүнөт. Ар дайым эшикке чыгып бараткында куурчакты кармалап, коляcканы терметип көрөт да, өзүнчө жылмайып коёт.

* * *

– А, Турдалы?

– Эмне, жаным?

– Үйдөн акча сурасаң боло...

– Чал-кемпирдин эмнеси бар дейсиң, Сакиш.

– Биз той бергенде деле таап беришпеди беле?..

– Катардан калып өксүбө балам дешип, жалгыз уюн сатып беришкен. Канчалык койгула десем да болушкан эмес. Эми кантип акча сурайын.

– Мм... Анда экөөбүз кантип жашайбыз?

– Ал эмне дегениң?

– Акча жок...

– Стипендиябызчы?

– Стипендия, стипендия эле дейсиң качан болсо! Стипендия тамакка жетеби же...

– Ырас, Сакишжан. Бирок бул күнүмдүк гана жетишпестик да. Жакында мен дипломдуу болом. Анан сен да... Экөөбүз тең иштейбиз, үйлүү-жайлуу болобуз. Оо, ананчы... курортторго барабыз.

– Койчу куру фантазияңды. Ага чейин ким бар, ким жок. Турмуш өз учурунда кызык. Бүгүн куурап, эртең жыргап калмак белек. Биздин группадагы кыздардын көпчүлүгү күйөөдө. Жандарынан акча үзүлбөйт. Алардын күйөөлөрү деле сага окшош студент экенин өзүң билесиң го, магазинге жакшы буюм түшүп калса, шарт эле алып алышат. А менчи? Уялганымдан тике карай албай, башымы жерге салып келе берем. Кээде автобуска да тыйын таппай калабыз. Мен ызадан өлө турган болдум. Сен кийин-кийин деп эле...

– Ырас, жаным, бизге азыр жетишпейт. Адам келечек үчүн төрөлөт, келечек үчүн күрөшөт, келечек үчүн өлөт. Бирок, эч качан келечектен үмүт үзбөйт.

– Китептин сөзү...

– Сакиш...

– Эмне?

– Аны билем...

– Кийинки күндөрү өтө көп капаланчу болдуң. Мүмкүн... Мен бир медициналык китептен окудум...

– Деги эле сенин окубаган китептериң барбы?

– Чын айтам, Сакиш. Бир же эки айдан кийин баланын жүрөгү сого баштайт деп жазган. Анын жүрөгү биздин жүрөгүбүздөн үч эсе күчтүү – минутасына 180-190 жолу согот экен. Кээ бир аялдар экикат экенинде аябай кайгычыл, сөз көтөрө албас болот да, ошол капалануунун бала үчүн зыяны бар экен. Мындан ары капаланбасаң. Доктурга да көрүнбөдүң.

– Сен менден да баланы жакшы көрөт окшойсуң.

– Койчу Сакиш, али жарык көрө элек наристе экөөбүзгө тең бирдей эмеспи.

– Ал наристең эки-үч жылдан кийин гана жарык дүйнөгө келсе кечтик кылбас эле.

– Койчу, ушинтип да сүйлөйсүңбү.

– Азыр төрөсөм колум байланат да. Өзүң да жүдөп... А жаштык бир гана жолу келет. Антпегенде эмнеси жаштык.

– Төрөп алып деле тыкан жүргөндөр жокпу?

– Баары бир мүчөнү бузат...

– Жок, Сакиш. Ушундай ойлосоң сен жаңылышасың. ~~Бул~~ бюндан кайт.



Турдаалынын бул сөзүнө Салия же макулдугун же каршылыгын билдирген жок. Эмне деп чечээрин билбей, ал терең ойдун кучагына кирип кетти.

– Салия!

– А...

– Карачы, биздин терезенин оң көзүнө ай туунтур.

– Уктачы...

– Карасаң, карасаң. Эң эле кичинекей, эң эле кооз. Жаңы ай.

Салия оодарылып, чын эле терезеге жабышып тургансыган алмаздын кетигиндей жаңы туулган айды көрдү. Ал салкын гана көз жүгүрттү, эч кандай жаңылыкты да сезбеди. Эски эле ай... Анан чалкасынан түшүп, шыпты тиктеди. Анан... Көзүнө терезенин оң көзүндөгү, жаңы төрөлгөн баланын жылаңач денесиндей үлбүрөгөн кичинекей ай урунду. Эмне кыларын билбей аптыгып калган Салия айды тиктегиси келбеди. Көзүн жумуп алды. Кап-караңгы... Илеби дирилдеп, «чын эле убакыт өтүп кеттиби... Чын эле кечеңдетип койдумбу. Жок, жок... Анан кандайдыр бир көпкө чейин чабалактап, кыйналып жатты да, акырында «эртең» деген чечимге келди. Көзүн чылк жумуп, караңгылыкта тыянакка келген бул чечими, ошол караңгы түндөн да жаман чечим эле...

* * *

Салия кечке жуук ичи кабышып, өңү кер сары тартып, түктүйө жаагы шимирилип келди. Китеп окуп отурган Турдаалы анын түсүн көрүп чочуп кетти.

– Эмне болуп кетти, Сакиш?! Ыраңың эмне?!

Ал Турдаалыны тике карай албай, жалтактап жатты. Турдаалы аны кучактай калып чебеленди. – Айтсаң, айтсаң жаным?! Эмне болду?!

– Б... боюман түшүп калды...

– Сен калп айтып жүрбө! Чыныңды айт! –

– Эмне дейсиң! Жок, жок, сен калп айтып жүрбө! Чыныңды айт! – Турдаалы эки ийнинен кармап силкилдеткенде түртүп жибереби деп ойлогон Салия анын жакасынан кармай калды эле бош кадалган жалгыз топчу чырт үзүлүп, бурчтагы шыпырынды салган чакага түштү.

– Сен атайлап алдырдың!

– Анда эмне экен?.. Сага айтып эле жүрбөдүм беле али эрте деп...

Турдаалы өзүн-өзү араң кармап, тиштенип турду. Акырында өзүн токтотуп Салияга кайрылды:

– Мен сага эч качан муш көтөрбөйм дегем, аныма турайын. Бирок, сен чоң күнөөлүүсүң! Күнөөнүн баары сенде гана... Сен ушундай наристени, болгондо да өз боорундагы баланы... Өз баласынан кечкен

адам башкага кантип жакшылык кылсын! – Анан бир аз ойлоно калып: – Өтө катуу кетсем кечирип кой. Сага бир гана айтарым – эмдиги күйөөңдөн болгон баланы мындай кылба. Ушул кылыгыңды көрүп туруп сени менен жашай албайм. Үйдө эмне болсо баарын ал.

Анан Турдаалы башын мыкчый кармап сендиректеп эшикке чыкты. Кыбыладан соккон суук жел жакжайган көкүрөгүнөн, коюн-кончунан уялап, калтыратып жатты.

Үйдө көк коляска менен Турдаалынын жатаканадан алган төшөнчүлөрү гана калды. Башкаларын Салия алып кетти.

* * *

– Көңүлүң ачык жүргөн күнүң болобу?
– Билбейм.
– Мынча эмнеге кайгыга батасың?
– Адат болуп калыптыр.
– Кызык экенсиң Салия. Тагдыр ошондой болсо...
– Өзүм айыптуумун.
– Баары бир. А мен айтпадым беле сен керексиң деп. А баары бир сен түшүнбөйсүң. Ал ыңгыранып тетири карай, бат эле уйкуга кирди. А Салия адатынча санаага чөктү. Ал өзүн-өзү табалап, каргап жатты. Бирок, буга да алымсынбады.

Турдаалыдан кеткенден кийин эки эрден чыкты. Ошолор да туубассың деп айткан эмес. Тескерисинче, экөө тең бири-биринен жаттап алгансып: «Кечирип кой, Салия жаным. Балким балалуу болорсуң. Сенин бактыңа бөгөт болбоюн. Бактылуу бол» деп жолго салышкан. Ушул өтө сыпайы айтылган сөздөр табийгаттын кордоосундай болуп Салияны тебелеп салды. Мөмөсүн эртелеп мөндүр уруп кеткен гилас дарагынын жалбырагындай саргайып, башын өйдө көтөрө албай, Салия күндөн-күнгө санаага бата берди. Мындай сөздөрдү дагы бирөөдөн уккусу келбеди.

Турмуш дайыма өзүң ойлогондой болбойт да. Салиянын канчалык чүнчүп жүргөнүнө карабастан, анын сулуу өңүнө кызыгып азыркы күйөөсү асыла баштады. Эч бир жан-алын койбогондуктан, чындыгын айтсам калар деп Салия башынан өткөргөндөрүн бүт бойдон айтып берди. Сүйлөп жатканда анын кыпындай да өңүнүн өзгөргөнүн байкаган жок. Кайра «мага бала керек эмес, сен керексиң» деген үнүн укту. Бул сөздү чыныгы сүйүү деп ойлоп, Салиянын ичи жылыды. Экөө баш кошуп, ичи ар түрдүү жакшы буюмдарга толгон ушул алты бөлмөлүү үйгө келди.



Көп өтпөй эле ал күйөөсүнүн баланы жек көрөрүн билди. Бул Салияны кубантпай, кайра капалантты. Күйөөсүнөн көңүлү суут, «Мен го өзүмө-өзүм кылгамын, а булчу?» деп ойлоп, жооп таба албай жүргөн. Ошол жоопту бүгүн алды. Ага мал, дүнүйө, сулуу аял гана керек. Баланын кереги жок. Өзү айтпадыбы. Ушуларды ойлоп, дөңгөчтөй сулкуйган күйөөсүн карап, кандайдыр итиркейи келе түштү да четке жылды.

Керебеттин кыйчылдаганынан улам күйөөсү ойгонуп кетип, нааразылык үн менен кобурай баштады:

– Ох, жакшы түшүм бузулду. «Волга» сатып алган экенмин... Көк «Волга»... Эми эле ичине отурайын дедим эле... Кыбырабай жата албайсыңбы... Ох, – кайра түшүн улап кетиш үчүн көзүн жумуп ушунчалык ынтаа менен уктоого киришти да кайра уйку-соонун арасында «Көк Волга» – деп күбүрөдү ал. «Көк коляска» деп ойлоду Салия. Ал баягы өздөрүнө белекке берилген көк колясканы, анын бооруна илинүү мехтен жасалган аюунун мамалагын, терезенин оң көзүнө туулган айды эстеди. Аларды ушунчалык сагынып, ушунчалык көргүсү келди. Ошол коляска ушул жерде тургансып босогону карады. Эч теке көрүнбөйт, капкараңгы. Анан айды издеди. Аябагандай эки чоң терезенин көздөрүнөн айды таба албады. Терезелердин сыртынан кагылган аркы-терки темир тосмону, падыша сакчыларынын найзасынын учундай коркоюп, шыптан ылдый салаңдап турган катар муздарды гана көрдү. Тиги муздар, же темир тосмолор тосуп калбасын деп аяк-быяктан карап көрдү. Баары бир жок. Салия күйүттүү үшкүрдү. Ой дагы уланды... Салия калтырап кетти. Эки жагын дагы карады. Капкараңгы... Салия коркуп кетип, жуурканга башын катты. Баары бир...

Ордунан акырын суурулуп турду да мурда өзү кийип келген көөнө пальтосун үстүнө жамынып эшикке чыкты. Салия бул үйгө өмүр бою кайрылгыс болуп кетти...

Сулуу жүзүн кайгынын майда бырыштары уялап буза баштаган бир аял аллеянын чети менен өзүнө кошуп бүткүл дүйнөнү унутуп, башын төмөн ийип, илкий басып келе жатты. Бул аял алыс бир жакка барып тынч гана өмүр өткөрүүнү ойлоп жолго чыккан Салия эле. Ал автобустун аялдамасында жалгыз турду. Ушул учурда алда качан унут болгон шайыр күлкү кайрадан аны солк эттирди. Күлкү чыккан жакка шарт кайрылып, эң биринчи «Волга» түстүү көк колясканы көрдү да, ток тийгенсип алдастай түштү. Колясканы жай гана түртүшүп, жашыл костюмчан жигит менен жашыл гүлдүү көйнөк кийген ак саргыл келин келе жатты.

«Турдаалы эмес... Бирок, күлкүсү окшош экен» деп күбүрөдү Салия өзүнчө. Тигилер көңүлдүү сүйлөшүп жакындай берди! Таанибаган ошол экөө жакындаган сайын Салияны коркунуч бийлеп, колун аркага алып, кантип кетенчиктеп бараткáнын өзү да сезбей калды. Анын колу четтерин кыркып тегиздеп койгон тыт көчөттөрүнө урунду. Ал тыт көчөттөрүн айланып отура калды. Беркилер жанынан өтө беришти. Тыт көчөттөрүнүн жылчыгынан карап отурган Салия колясканын ичинен так эле баягыдай оюнчук аюунун мамалагын кармалап ойноп, буту-колун тыбыратып, жаңы туулган айдай албырган жаш баланы көрдү да, «ах!» деп кыйкырып жиберип, башын эки колдоп мыкчый калды. Берки экөө элеңдеп, үндүн каяктан чыкканын билбей калышты. Эч кимди көрө албай, кайра эле ал жөнүндө унутуп коюшуп, баласын эркелете термелтишип узай беришти.

А Салиянын үстүнө көгүш тамырлары чыга баштаган купкуу арык манжалары өз башына чеңгектей жабышып, улам карышып жатты...

## НАН

Кеч. Эскилиги жетип, кыймылдасаң эле «кыйч-куйч» эткен сөрүдө буттарымды салаңдатып отурам. Апам айткандай качан эле «кабыргам кайышып» калган. Аргасыздан бийик тоолордун күңүрттөнгөн чокуларына көз салам. Аппак булуттар тоонун чокусунан ылдый түшүп баса беришиптир. Суу ичкени түшүшсө керек. Согушка кеткен атамдын мылтыгы менин колумда болсо апам айткан жомоктогу мергенчидей болуп, секин жашынып барып, булуттар суу ичип жаткан жерден атып алат элем. Ошондо булуттар асманга учуп кете албай бүт бойдон маске майга айланып калат эле. Анан ошол майдан кочуштап-кочуштап туруп биринчи апама, анан Зыйнатка берет элем. Оу, ал булут-майлар биздин айылдын баарына жетет болчу. Ааламдын күндүзгүгө окшоп агара баштаганы көңүлүмдү бурду! Тоонун аркасынан төп-төгөрөк ай чыкты. Жүрөгүм болк этти. Ай – дандырдан үзүлбөй калып калган жалгыз загыра нанга окшоп кетти...

Күндөгүдөй эле апам кырмандан эл жатаарда кайтты. Мойнунан кучактадым, ал адатынча бооруна кысып, саамайымдан жыттады. Анан бет аарчысына ороп келген нанын экиге бөлдү. Бул биздин кечки ырыскыбыз. Тамшанып жей баштадым. Ушул учурда көнүмүшкө айланган мындай шартыбыз эртең эле күтүлбөгөн жерден таңкаларлык окуяга айланып кетерин кайдан билдим.



Бирөө мени «күп» этип басып жыгылганынан чочуп ойгонуп, алкымым оозума тыгылып калды.

– Айланайын! Кулагын карасаң кулагын. Делдейип, куду эле Нуркасымдыкы эле, – деп жыгылган бирөө ичеги-боорумду аралаштыра кучактап, бетимди түктүү муруту сайгылап, чопулдатып өпкүлөп жатты.

Эсимди жыйсам костюм-шым, ак шапке, ак ботинке кийген, мурутун чычайта жогору кайрыган, эки бети анардай киши экен. Анын кучагынан араң бошоп, апамды карасам босогодо селейип, катып калыптыр. Илеби эле дирилдейт:

– Кандай ак жолтой адам... Оозуңузга май... Бир кашык май болсочу...

Ал киши эми төрдө, төрт бүктөлүү төшөктүн үстүндө отурат. Чайдан улам ууртап, атама атаган бир кулачтай эки тизим данектин бир тизимин чекеден сыдырып, «кырс-кырс» чайнап, сөзүн улады.

– Кабатыр болбогула. Мен согуш башталгандан бери Нуркасым менен бир болдум дебедимби. Айтмакчы, ушул айылдагы Уулжан кемпирдин үйү кай тарапта?

– Тигил өйүздө, – шашып жооп бердим.

– Ошол кемпирдин баласы Азимкул да жеңил жараатта кайтып, Оштогу госпиталда Нуркасым менен бирге.

– Оозуңузга май, ак жолтой адам! – Апам дагы сүйүндү. – Бечара энем мөгдөп калды эле, эми чыйралып алат экен.

Мейманыбыз көпкө отурган жок. Апамдын сүйүнчү берейин деген далалатына да көнбөдү.

Андан көрө мага бере турган сүйүнчүңөрдү Нуркасымга арнаган белегиңерге кошуп койгула. Ошол жесин. Мен эми кайтайын. Уулжан апага сүйүнчүлөп коюп, Көк-Белге барам. Зарыл жумуш бар эле, ошону бүтүрүп, эртең таң азанда келем да, ала кетем. Даярдана бериңиздер.

* * *

– Сүйүнчү?! Сүйүнчү?!

– Эмне? – Зыйнат түшүнбөй элейет.

– Сүйүнчү? – дедим кайра. – Атам урушттан келиптир.

– Кана?!

– Ошто!

Анан эртең менен болгон нерселердин баарын Зыйнатка төкпөй-чачпай айтып бердим, Зыйнат менден көзүн албай муюп угуп турду. Кийин башын жерге салып, тунжурап калды.

– Эмне болду сага? – Башын көтөрдүм. Анын коркуп тургансыган чоң көздөрүнүн кычыгында сымапка окшош жаш кылгырып, жылт-жулт этти.

– Атамчы?.. – деди.

Бир саам жалдырама тийгенсип мисирейип калды. Анан мени медер туткансып сурады. – Согуштан... менин атам да келеби?

– Келет, – дедим өзүмчө ушунчалык ишенич менен. – Менин атама окшоп саал-паал иранин болот да, келет.

Зыйнат чындап эле атасы жолдо келаткансып кушбак болуп калды.

– Ошту көргөнсүңбү?

– Жок!

– Биз эртең Ошко барабыз, атама.

– Атаңа эмне алып барасыңар?

– Билбейм... Апам эртеңге суранып, анан кичине буудай сурайм деп кырманга кетти.

– Жүр, – деди Зыйнат жеңимден тартып кокусунан. – Жүр, жүр!

– Каякка жүр? – Эми мен таңдандым.

– Машак терип келебиз. Мен күндө барамго. Коркпо, кароолго көрүнбөйбүз.

* * *

Кайракы буудай эгилген боз адырдын бир жылгасындагы сел оюп кеткен кемердин ичиндебиз. Бая эки жакты карап туруп, бир боо буудайдан чубай качкан дестебизди машактап жатабыз. Ушу кезде улуган үн угулду.

– Бөрү! – дедим мен.

– Ит! – деди Зыйнат.

– Бөрү! – дедим мен.

– Ит! – деди Зыйнат жемин жедирбей. – Кудайкул абалардын ити. Кечээ да улуган.

Ошондо апам Кудайкулдун ити улуйт, дагы бир балээ болгон окшойт деген.

Жүрөгүм «зыр-р» этип, калтырай түштүм. Ишенгим келбегенсийт. Зыйнатты акырайып карадым.

– Мен... айткан жокмун... – Зыйнат мукактана түштү. – Апам айтты деп атам го.

– Сенин апаң жакшы... – деди бир пастан кийин сөөмөйү менен жер чукуп отуруп. Анан ыйлап жиберди. – Мен түндө корктум.

– Ыйлаба. – дедим алаксытып. – Ыйлаба. Үйдө жатып эмнеден коркмок элең.



– Үйдө жаткан жокмун. Эми жаталы деп жатсак раис келди. Бир торбо буудай алып кирди. Анан апам айвандагы чарпаяга төшөк салып, мени жаткырып койду. Кап-караңгы. Уктайын десем эле желмогуз кемпир келет... Коркуп ыйлай бердим. Ичкериден апам: «Өксүбө! Бөрү жейт беле сени? Биз отурабыз го үйдө. Атаңы тартпай өл, шөмтүрөп» деп урушту. – Зыйнат дагы шолоктоду. Ичим сыздап, ага боорум ачыйт. Кантип сооротуштун алапайын таппайм.

– Ой! – деди бир ачуу үн ушул учурда. Зыйнат мага жабыша түштү. Менин алкымым оозума тыгылып, кемердин бооруна ыктадым. Акырын өйдө карадым. Биринчи эле кемердин кылда кырында турган уйдун тезегиндей жалпайган кош кара туякка көзүм урунду. Анан тезекке таяк сайып койгонсуп, ширидей каткан шыйрак. Шыйрактын үстү аары чагып алгансып томпоёт. Ошол аары чаккан жерин жыттап жаткансып аттын казандай башы салаңдайт. Казандай башты көтөрө албагансып ичке мойну чыбыктай ийилген. Ушу кынжыйган ат үстүндө сол колу менен тизгин тартымыш болуп, оң колу менен узун камчысын үйрүп, машактай саргарган чал отурат.

– Алып бер, машактарды! – деди ал ачуулуу. Машактай сары кишинин каштары, кирпиктери, сакал-муруту да төө тикендей бириндейт.

Катып калыпмын.

– Алып бер деймин, камчы менен жонуңан жөөк алып жибере электе! – Төө Тикендин чый-пыйы чыгып кетти.

Дагы селт эттим. Машактарды алып бергенче шаштым.

– Келе колуңдагыны! – Тикен эми Зыйнатка кайрылды. Зыйнат көзү алайып, колундагы буудайдын беш-алты талын кырда турган мага сунду.

Төө Тикен бизди куржалак калтырып, кырман жакка өпөң-өпөң бастырып жөнөп калды.

– Кагылайын ава, садага болоюн ава, машактарды таштап кетиң! – Зыйнат кемердин ылдыйкы жайыгынан чыга калып, Төө Тикендин артынан чуркады. – Нуркасым авам аскерден келиптир. Машакты таштап кетиң.

Тикен атынын мойнун буруп Зыйнатка айтты:

– Уясынан түшүп калган балапандай эмне чыйпылдайсың, албарсты?! Бүгүндөн нары ачка калбайсың. – Төө Тикендин эки бөйрөгү «бүлк-бүлк» деп баратты.

Үйгө келип, босогону аттаар менен көргөн көзүмө ишенбедим.

Эли-журтка тегеренсең аз. «Журттуу адам – жут болбойт» деген

– Эли-журтка тегеренсең аз. «Журттуу адам – жут болбойт» деген ушул эмеспи, а? – Уулжан энем өзүнчө сүйлөнүп, чоң аякка камыр

жууруп, апам кесип, казанга боорсок салып жатат. Бурчта чегилген жумурткалардын кабыктары үйүлөт. Текчеде оозуна сото тыгылган эки шише май турат.

Бул түнү апам менен Уулжан энем кирпик көзүн кагышкан жок. Мен да уктай албадым. Мага беришкен кичинекей майлуу токочту биринчи болуп атама берем деп апама окшоп боорума катып алып, атамдын жүзүн жомоктогу түрлүү баатырлардай элестетип, дым этпей жата бердим.

Таң эми эле атайын дегенде эшикке атып чыктым. Ээлигип, бир ордумда тура албадым. Аркадагы дүңүрөйгөн адырдын түбүндөгү шейиттүү жарга карадым. «Мен эми ал жардан коркпойм!» – «Асылуу» турган чыбык атымды шап минип, тызылдата жарды көздөп чаап жөнөдүм. Жардын так алдына келгенде гана тизгин тартып, тык токтодум. Ушул учурда аркы беттен бирөө кыткылыктады. Эки тизем калчылдап кетти. Мык менен таманыман жерге кагып койгонсуп, артка кайта албайм.

– Жүдө эле шок экенсиз, жээн бала, – деди кыткылыктаган үн.

– Жээн балаңыз сизден үлгүрсүн, таежеңе, – деди жоон үн.

Эки караан мага келатышат. Кыйкыра албайм. Жүрөгүм бая эле чыгып келип, алкымыма капталып калган. Айлам жок, «дирт-дирт» этип, теше тиктеп турам.

– Ой айланайын жээн, тиги эмне?! – Аял үнү чыйылдап жиберди. Кичине караан чоң караанга андан бетер жармаша түштү. Токтой калышты.

– Эй, сен кимсиң? – деди жоон үн. – Эмнеге делдейесиң?!

«Бул үндү кайдан уктум эле?» Жер жарып келаткан. Эми мен аларды, алар мени таанышты. Жүрөгүм оозуман чыгып кетпей кайра ордуна секин жылып баратканы сезилип турду.

– Бу, жарым түндө сенделип, жар боюнда сага эмне бар?! – деди Зыйнаттын апасы чийилген каштарын жыйрый зекип. Анан жумшара түшүп: – Мен болсо кырмандан кайттым эле. Жолдон мынабу жээн жолугуп, жеткирип коёюн деп...

Сүйүнчүгө келген киши килейген алаканы менен жонуман таптады.

– Бул Нуркасымдын өзүн тартып анык баатыр болгон турбайбы. Түнү да коркпой жүрө берет экен. Мен буларды Ошко, атасына алып барам дебедимби, таежеңе.

Нан, боорсок, жумуртка, данек, как өрүк дагы анча-мынча кийимкечек менен эки көзү жык толтурулган куржунду көк эшекке артып алып, чыкканыбызга көп болду. Апам эшекти жетелеп Уулжан энем



бечара колуна чыбык алып, жаш баладай тепеңдеп айдап алган. Бая таңга маал үйгө кирип-кирбей апамдарды шаштырган тиги киши шапа-шупа жолго аттанарыбыз менен эле «Аял заты бири-бири менен асиреттешкенди жакшы көрөт. А, биз, эркектер, мындайраак басалы» деп мени колдон жетелеп алган. Ал жолдугата өмүрүмдө укпаган кызык нерселерди айтып келе жатат. Алардын көбү жалгыз өзү эле барып душмандарды койдой кырган атама окшош баатырлар жөнүндө. Мен аңырайып оозумду ачып, кызыгып угуп, бир эсе ошо баатырларга суктансам, бир эсе өзүм кичине болуп калып, ошо баатырларга окшоп душмандарды жаткан жерден эле койдой кыра албай калгандыгыма ичим күйүп, сыздап келатам.

Аңгыча Чегедендин коён томуктан башка чөп чыкпаган боз адырына келип калдык. «Ой!» деп, жанагы киши артка секирип токтоп калды. Алдыбызда араандай оозун ачып, бизди карап, бир кескелдирик туруптур. Тиги кишинин коркконуна мен күлүп жибердим. Ага мактангым келди. Тап бергенде үйрөнгөн адатымды карматып, ага мактангым келди. Тап бергенде Үйрөнгөн адатымды карматып, ага мактангым келди. Учуп жетип, куйруэле кескелдирик шарт кайрылып качып жөнөдү. Учуп жетип, куйругунан таманым менен бастым.— Кес куйругуңду, кес! Кес куйругуңду, кес! – дедим.

Ачкамар артка тап кылымыш болуп, кайра буттары менен жер тырмап, алдыга жүткүнүп, акыры айласы түгөнгөндө куйругунун учун таштап коюп тызылдап кете берди.

– Бу, сен чындыгында эле кыйын экенсиң. – Жанагы киши чын эле таңгалып, жонуман таптады. Мурдум дердейе түштү. Кырдын үстүндөгү жыландуу дөңгө чыкканда таяктай суналып жаткан бир жоон сары жыланды алып, моюнчадай кылып желкеме салып, башы менен куйругун көкүрөгүмө ийип алдым. Эми тиги киши менин жанына жолобой койду. «Бул азали чакпайт, булардан уйлар гана коркуп, айланып өтөт» – десем да болбойт.

– Э, бейкылык, ташта нары! – деди апам байкап калып, – Нообат кайтарганда бул бейкүнөө жандарды үйгө да алып барып алат. Ташта дейм нары, а!

* * *

Кырк чакырымдай Ошко кантип келип калганыбызды да билбейм калдым. Биринчи караван базарга барып, ичине жык токулуу эшекter толгон коргонго биз да көк эшекти байлап, коргондун оозунда олтурган избарчыга дайындап койдук. Тиги киши оор куржунду бир колу менен эле мүрүсүнө салып алып, жер тамдарды туташтырып

турган коргондорго кысылган ийри-буйру жолдор менен бизди ээрчитип кете берди. Акыры үстү камыш менен жабылган узун үйгө түш келдик.

– Казарма ушул. – деди энтиге токтоп, жанагы киши. – Мына акыры келип да калдык.

– Менин жалгыз ботом кайсы айнекте, айланайын? – Уулжан энем чыдабай чый-пыйы чыга түштү.

– Шашпаңыздар. Бул жерде тартип катуу. Ираниндерди эшикке чыгарбайт, сырттан келгендердин бирин да ичкери киргизбейт. Кагаз менен гана сүйлөштүрөт. Эми мен кирейин да силер жөнүндө Нуркасым менен Азимкулга сүйүнчүлөп, анан командирине жолугуп, мынабу куржундагыларды көрсөтүп атып ишендирип, силерди ичкери киргизүүгө көндүрөйүн.

– Ошент, ошент, тезирээк садага болоюн. Илайым бу дүйнө, о дүйнө жамандык көрбө айланайын. – Уулжан энем көз жашын шыпырып атып алаканын жайды. Апам экөөбүз да шаша-буша бата бердик. Тиги киши шып этип, ачык турган эшиктен кирип кетти.

Анын тезирээк чыгышын күтүп, эки көзүбүз төрт. Уулжан энем жөжөдөй чыйпылдайт:

– Айланайын жанагы бала эмнеге кечикти? Командири болбой атат окшойт. Эмне, анын мага окшогон энеси жок бекен, а?

Акыры ичинен тынып, көз ирмебей эшикке тирмийген апамын да тынчы кетти.

– Мен кирип эле барайынчы, – деди ал акырын ордунан туруп.

Баары бир апам коркуп, батынбай секин кадам таштап, кантсе да акыры жанагы эшиктин босогосун аттады. Жүрөгүм көкүрөгүмү жарып чыгып кеткидей болуп «түрс-түрс» этет.

Бир аздан кийин эле «чыр-р» эткен апамдын үнү угулду.

– Атты! Атып таштады-ы! – Ага удаалаш чыңырган Уулжан энем отурган жеринде кулап түштү.

– Апа-а! – Мен жанагы эшикке октой атып киргенимди билбей калыпмын. Бир маалда апам экөөбүз бири-бирибизди кучактап, өңгүрөп ыйлап жатыптырбыз.

– Ыйлабагыла, ыйлабагыла. Бир итке алданганыңарга мынчалык жаныңарды жерге урбагыла. Кимдин баласы, кимдин эри, кимдин атасы гана согушта эмес азыр. Илайым эсен эле болсун, уруш бүтсө эле бир кутмандуу күнү жарк этип келип калат да... – Муштумдай болгон бейтааныш чал чебелектеп, бизге суу чачып жүрөт.

– Ух-х... – деди апам акыры. – Ыйлаба, балам. Илайим атаң эсен болсо болду. Бул абам туура айтат. Ыйлаба балам, кайрат кылалы.



Бирок Уулжан энемдин абалы жаман болду. Бул жер казарма эмес эле аскерге алынган аттар убактылуу багыла турган аткана экендигин, бизди алдаган адам аркы жактагы ачык эшиктен чыгып кете бергенин укканда кайрадан эсинен ооп, түйүнчөктөй чүрүшүп калды.

Аны апам экөөбүз эки колтугунан сүйөй ар кимден сурап олтуруп, караван сарайды араң зорго таптык. Аз пул бердиң деп жаңжалдашып, эшегин коргондон чыгарбай бирөө менен жакалашып жаткан кара ширидей арык избаарчы бир-эки ооз сөздөн биздин абалыбызды түшүнүп, избаар дооламак түгүл өзү барып эшегибизди чечип келип, чомунун басмайылын бекем тартып, араңжан Уулжан чоң энемди ага мингизип койду.

Күн кеч болуп калган. Чоң жол бойлоп, илкип кайтып жөнөдүк.

– Баландын боорун же, баландын кара боорун оюп жеп, кан кусуп өла, илайим! – Апам оозго кирген жаман сөздөр менен баягы жүзүкараны каргап-шилеп коёт.

Баятан бери эшектин үстүндө камырдай ылбырап, араң келаткан Уулжан чоң энеме тил бүттү.

– Кой балам, – деди ал жер астынан сүйлөгөнсүп күңгүрөнүп, – баласын каргаба. Бала бейкүнөө, а бейкүнөөгө каргыш өтпөйт. Кара башына көрүнсүн. Мейли аш болсун. Өзү сүйүнчүлөгөн балдарыбыздын баш-көзүнөн садага болсун...

– Ырас эле, – деди апам бир аз тунжурап баскандан кийин чочугандай селт эте башын көтөрүп баягы ат багар чал айткандай бу анткор биздин баарыбыздын аты-жөнүбүздү кайдан билип алды... Болду-болбоду өзүбүздөн эле, коңшу-колоңдордон эле бирөө-жарым төкпөй-чачпай айтып берген муну... Көрөсүз го, күмөнгөр адамдын эле колунан келет бул иш, көрөсүз го...

Менин денем «дүр» деди. Таңга жуукку окуя жарк этип келе түштү алдыма. «Зыйнаттын апасы кайдан тааныйт аны? Жээн бала дебедиби. Экөө караңгыда эмне кылып жүрүшкөн? Кызык-кызык кеп айтып сүйлөшкөндөрүчү? Ал киши Көк-Белге кетпей эле... Мени көрөрү менен шашып-бушуп, жолдо да апамдар менен бир ооз сүйлөштүрбөй алаксытканычы? Ат-таа!» Тилимди тиштедим.

Кеч да болсо күнөөмдү жуумакка башымды шылкыйтып күңк эттим:

– Мен... билген элем...

– Антпе балам, – Уулжан чоң энем дагы күңгүрөндү. Мага айтты деп токтоп калдым. Жок, ал апама кайрылыптыр. – «Күнөкөр бирөө, күмөнгөр-миңта» деген макал бар. Жумалай-журт эңшерилип, бөксөрүп, өксүп олтурат. Кайсы бирин күнөөлөйсүң. Мындай

бейбашчылык жөнүндө күнөөлөгөн адамды кабыргасы кайышып турган калайык-калк аяп коёбу? Ошо шоруң кургандын артында чиедей жаш балдары калса ким багат аларды ушул каатчылыкта. Күнөөгө жыккан адамың таги-түгү ак болсо кантесиң? Кой балам, пешенеге чийгенди көтөргөнүбүз жакшы...

Чоктой ысык дүмбүл жутуп алгансып, ичим сыздап кетти. Ач, жылаңач дирилдеген Зыйнат тукумдан жаңы чыккан жөжөдөй бөлбүрөп шолоктоп ыйлап турду дилимде.

– Биздин шорубуздун катканы эсеп эмеспи эне, – дедим үшкүрүп.

– Деги кудайды карап тоносочу. Кечээтен бери наар тартпай өзөгүбүз үзүлө турган болдук. Баарыдан да куштай делгирип алган бу балам бечарага убал болду.

Мөлт-мөлт жашын төгүп алып, бу саам жеңи менен серпип таштабай, эч качан айтып бере алгыс аёо сезим менен мени жалбарып карап турган апамды көрүп туруп менин да боорум ачып, буулугуп кеттим. Мойнунан кучактап, көкүрөгүнөн жыттап, өксөп-өксөп ыйлагым келди. Апам болсо жооткотоюн дедиби, бооруна тартып, бешенемден сылап туруп айтты:

– Жана сен эмне деп айтайын дедиң эле, садага болоюн?

– Менби? И... – Эми эмне деп айтарымды билбей кыстала түштүм да азыр гана көңүлгө «дык» эте түшкөн оюма сүйүнүп кеттим.

– Менби! Мен нан бар дедим эле.

– Мына! – Кечээ өзүм тиш кыйбай атама арнап катып алган токочту койнуман сууруп чыктым. – Энем үчөөбүз ушуну бөлүп жейли.

Зыйнаттын чачындай майда чырпыктарын жерге төккөн жалгыз түп мажүрүм талдын алдына олтурдук. Уулжан энем менен апам акылдашып, алакандын отундай токочту ортосунан сындырып, теңин мага берип, жартысын экөө бир туурамдан бөлүп алышты. Бирок кечээтен бери койнумда жүрүп катып калган токочко бечара Уулжан энемдин бирин-экин тиштери өтө турган түрү жок. Апам анын нанын арыктагы сууга бир пас малып туруп, анан узатты. Уулжан энем жумшап калган бир тиштем нанды көз алдына тутуп туруп, улутунуп алып, араң эле илебин кыбыратты:

– Ата, жалгызым ай, ысык-суукта кантти экен? Же ушунчалык бир үзүм нанга да зар болуп олтурат бекен азыр. Жалгызымдын жүзүн бир тоё карай албай калдым а, шорум... Жүрөгүм сезип турат муну...

– Тилиңизге тибиртке, каяктагы жок жорукту баштайсыз! – Апам чочуп кетип кемпирди жемелеп жиберди. – Өкмөт ачка коёт дейсизби аларды. Биз деле колдо болгондун баарын жөнөтүп атабыз го пронтко. Жеп алың наныңызды.



Уулжан энем тил алып, бир үзүм нандын четинен чымчып таңдайына салды. Мен болсо өз үлүшүмдү көз ачып-жумганча эле жеп койдум. Ох, тоодой нан болсо деле тойбойт элем азыр.

– Кудая тобо, – деди Уулжан чоң энем таңдайын шимип жатып, – бала кезимде уккан бир жомок эске түшөт.

Анан өзүнчө эле жомогун айта баштады:

– Илгери-илгери, төгөрөгү төп бир падыша болуптур. Ошо падыша ууда жүрүп, ак аркардын артынан кууп, жигиттеринен адашып калыптыр. Үйүнө кайтуучу жол таппай, сандалып ачкалыктан өзөгү үзүлүп өлө турган болгондо токойдун ичин жайлаган бир кембагалдын үйүнө туш болуптур. Кембагалдын катыны бир аяк атала бериптир падышага. Падыша элин таап келгенден кийин ошондой ширин атала кылып бергиле деп, дүйүм-дүйүм тамакка карап да койбой эң биринчи кырк катынын, анан бардык букараларын казабына ала баштаптыр. Акыры калктын айласы кеткенде бир акылман чал келип, «Балам, сен аябай ачка болгон маалыңда ичкен үчүн гана ошол кембагалдын атаасы ширин болуп атат сага. Ошончо күн ачка болуп туруп, анан ушул тамактарды жесең ошол аталадан ширин болбосо менин башымды ал» деген экен. Тооба, мен да жетимишке келип ушул ушунчалык ширин даам татпапмын өмүрүмдө...

Уулжан энем сүйлөп бүтүп, бир демге нес боло калды. Анан «у-ух» сыздап алды, бир калыпта үн менен апама кайрылды:

– Жаным жер тартып баратат. Кичине кыңкайып алайынчы.

Апам кемзелин чечип, башына коюп берди. Уулжан энем тээ көктөн көзүн албай жатып, бир маалда бир тиштем нанын кош колдой алдыга сунуп, обдула тура калды.

– Азимкул, келдиңби, чырагым? Ме, мынабу нанды жей кой. Ап. Ап садагаң болоюнум, – деди...

Энемин сөөгүн эшекке артып алып, айылга араңдан зорго келдик. Мен ошол күнү эсиме толук кирип, чоң кишилердин катарына кошулганымды эми билип отурам. Андан бери далай жылдар өттү. Азыр кой үстүндө торгой жумурткалап, токчулук. Бирок тамактануучу жайларга киргенде чачылып жаткан нандарды көрсөм зээним кейип кетет. Булоолонгон тамакты жээр алдында балдарым чыр салып, алдындагы ашын таарынып түртө салса колум оозума жетпей тык токтоп, жүрөгүм «зыр-зыр» этип, денемде кан ордуна электр кубаты айланып жаткансып дүркүрөп кетем. Таңдайымда баягы алакандын отундай токочтун ширин даамы татый түшөт...

## НАРИСТЕ СЕЗИМ

– Апа, атам эмне кат жазбайт? – Муктар апасын жеңден тарта булкулдатты.

– Колу тийбейт да...

– Анан эмне сен Шакир абамы көрсөң эле кат келдиби деп жүгүрө бересиң го... Апа, эмне унчукпайсың? Тиги Төрөштүн, Мариптин, Шариптин аталары да согуштабы? А, айтсаң апа?

– Ооба, ошолор да согушта...

– Атам менен биргеби?

– Ооба.

– А алардын аталарынан Шакир абам кат алып келе берет, кат келе берет. А атам эч кат берип жибербейт. Атам бизди жаман көрсө керек.

– Ата, кагылайын балам ай, адамдын жүрөгүн эзбечи! Атаң бизди жакшы көрбөгөндө кимди жакшы көрмөк эле? – Каңырыгы түтөй Уулбү баласын сыга кучактап, төбөсүнөн жыттай жооткотту.

– Атаң сени абдан жакшы көрөт, сени мойнуна мингизип алып айылды бүт кыдыртып чыкчу. Жакында өзү келет... Ошондуктан кат жазбайт да...

– Атам келеби?

– Ооба.

– Кайсы жак менен келет?!

– Тиги жактан. – Уулбү баласына батыш жактагы бетин куу шыбак басып, созулуп жаткан Таш-Короонун боз адырын тилип өткөн жалгыз аяк жолду көрсөттү.

– Ошол жактан – Ноокаттан келеби атам? – Тирмийип тиктеп калган Муктар алыстан бир караанды көрдү:

– Апа, апа дейм! Тетиги келе жаткан атам болуп жүрбөсүн?

– Ал эмес, атаң кийин келет.

– И сага. Ошол келаткан атам. Мен азыр алдынан тосом, көрөсүң го ошол...

– Ал эмес дейм... Мукта-аар?!

Ал апасынын сөзүн уккусу да келбей тызылдап жүгүрүп кетти.

– Жооткотом деп кайра балээге калдым го!.. Кайсы балээ басып, ушул жактан келет деп койдум эле.

Муктар жүгүрүп отуруп, ал караанга жетейин дегенде алысыраактан тык токтоду да, өз көзүнө ишенбей кирпигин бал-бал ирмеп жиберди. Ал шинелине погон тагынып, башына шуштугуй тумак кийип, согуштан кайтып келе жаткан атасы эмес эле, шыбак чаап, отун



топтоп жүргөн бүкчүйгөн абышка экен. Уулбү баласын караган боюнча бир ордунан катып калгандай болуп турду. Анын бир байлам бөз жоолугу дилдирейт. А Муктар башын салаңдатып, анда-санда куу шыбактын башын сыдырып коюп, жалгыз аяк жолдо кайтып келе жатты.

Кеч киргенде Уулбү үлүңдөгөн май чыракты маңдайына коюп, баласынын дал-дал болгон шымын жамап отурду. Муктар атасын ойлоп жатып уктап кетти. Атасынын маңдайындагы жылдыз алыстан эле жаркырап, куу шыбак баскан талаанын жалгыз аяк жолунда келе жаткан экен. Муктар «атаа» деп жүгүрүп баратты. Атасы алыстан эле кучагын жайып Муктар жетээри менен мойнуна мингизип алды да, үйүнө келбей кыштакты аралап жөнөдү. Муктардын да каалаганы ушул эле. Ал атасынын маңдайындагы жылдызын кармалап ойноп, балдарга мактанат. А, кыштактагы балдар бүт ага таңданып, ээрчип алды. Ансайын кубанып, Муктар атасын «чү-чү» дейт.

Атасы дөкүлдөп жөнөдү эле, ээрчиген балдар жетпей калды.

Аңгыча бир чоң аңга туш келишти да атасы шарт секиргенде мойнуна минген Муктар ыргып кетти. Жүрөгү оозуна кептелип, дирт этип чочуп тура калса түшү экен.

* * *

Кара көөлүү буудайдан жабылган нанды тамак үчүн бирден бөлүштүрүп жаткан келинге буудай сапыргыч Берди аба:

– Балам, мобу Муктарга да өзүнчө нан бер. Бул бүгүн баарыбыздан көп иштеди. Атасын тартып кайраттуу болгудай, – деди.

Уулбү бүгүн кырманда иштемек болгондуктан Муктарды ала келген. Эртең менен Берди аба аны, «кана атка кандай экенсиң» деп жалгыз атка мингизип койгон эле. Чынында Муктар «Мала ташка» чегилген кош аттарга минген берки эки тестиер балдардан эч калышкан жок.

– Эгер атты жакшы башкарса күндө эле мингизе бериңиз, аба, – деди уулун мактаганга шердене түшкөн Уулбү.

– Өзү макул болсо... – Берди аба Муктарга кайрылды. – Минесиңби?

– Минем. Күндө минем, – деди кубанып. Муктар атка минүүнү аябай жакшы көрүүчү. Баары чай ичүүгө отурганда бир-эки тиштеген нанын апасына бере коюп, Муктар те Таш- Короо жакка жүгүрүп жөнөдү.

– Ботом, уулуң каякка барат?

– Атам каяктан келет деп эле кыйнай бергенинен ушул жактан келет деп, тиги Таш-Короонун жалгыз аяк жолун көрсөтүп койдум эле. Ошол жактан караан көрүнсө эле атам келе жатат деп утурлап жүгүрүп барат да, башка экенин билгенде башын жерге салып кайра кайтат.

Отургандардын баары тым-тырс болуп, Муктарды карап калышты. Акырында Берди аба көңүл көтөргөндөй болду.

– Кейибе, балам. Бул иш баарыбыздын эле башыбызга түшпөдүбү. Баарыбыздын балдарыбыз согушка кетпедиби. Бул апаат согуш чыкпаса, кылычтай балдарыбыздын баары жоого аттанбаса, мына жетимиш алтыга кирген мен ушинтип күнү-түнү кырманда буудай сапырат белем. Баарыбыздын башыбызга бүлүк түшүрүп, жадесе ушул бармактай наристеден бери сыздаткан душманга да кудайдын айтканы бардыр. Бирөөнүн балдарын сыздаткандар өздөрүнүн балдарынан урмат көрбөйт. Жоо сүрүлүп артка кайтып жатат деп атпайбы, согуштан кайтып жаткандар. Биздин айылдыктар да келишет. Тагдыр бизди муңайтып эле коет дейсиңби, балам? ...

– Ой, Муктар солдат менен келатат! – Бул үн баарын селт эттирди. Баары ошол жакты карап калды. Чын эле Муктар солдат кийимчен киши менен келе жаткан экен. Ал алыстан эле далдайып, Муктарды колдон жетелеп, бирдеме деп сылтый басып келе жатыптыр. Аларды көргөндө Уулбүнүн жүзү албырып, калтырап кетти да, кантип бакырып жибергенин өзү билбей калды.

– Кудай ай! Чын эле Керимим келип калган окшойт! Балам экөөбүздүн тилегибизди берген окшойт! Карааны так эле өзү! Керимим!.. – Уулбү атылып тура жөнөдү. Берди аба баш болуп, баары анын артынан дүрбөдү. Так ушул учурду күткөнсүп келе жаткан солдат токтой калып, Муктарга бирдеме деп, анан кол алышты да кайрылып жолдон туура Көк-Бел тарапка бет алды. Чачы жайылып, эки колун алдыга суна кулачын жазып жүгүрүп бараткан бу да, артында дүрбөгөн эл да, кан буугандай тык токтоп, сөлөкөттөй орду-ордуна селейип калышты. Мурда ошол жол менен Көк-Белге өткөн солдаттар болсо алыстан эле токтотуп алып, элди ээрчите, өзү да утурлай, анан тааныбаса да кучактап көрүшүп, «Деги согуштун жайы кандай, балам? Пашистерди каерге чейин куудуңар? Жакында биротоло жеңгидейсиңерби?» – деп суроо артынан суроо жаадырууучу Берди аба азыр «лам» деп үн чыгарууга жарабады. Же артка, же алдыга жыларын билишпей Муктар келгенче баары кыймылсыз тура беришти. Колун сунган бойдон ылдый таштабай катып калган Уулбү бир далайдан кийин эсине келгендей «өх» деп кандайдыр өзүнө жат үн чыгарып пешенесин басып отура калды. А Муктар күндөгүдөй башын жерге салбай күлүңдөп, чыйрак келатты. Жакындап калганда бардыгы анын колундагы солдат берип кеткен бир ууч конфетти көрүштү...



* * *

– Апа!

– Ов, каралдым.

– Атам качан келет?

Уулбү эми эмне деп жооп берерин билбей калды. Ага эң оор, эң эле зарлантчу сөз уулунун ушул «Атам качан келет» дегени. Бул сөздү уккан сайын жүрөгүн бирөө тилип алгансып сыздайт. Эмне дээрин билбей аптыгат.

– Марип менен Төрөштүн аталары келди. А, атам алигиче келбейт. Сен согуш бүткөндө келет дебедиң беле? Кечээ Мариптин атасы мен сурасам согуш бүттү дебедиби. Эми келеби атам, а?

Уулбүнүн көптөн бери чыдамы эми төгүлгөндөй жашып кетти:

– Келсе кана, балам. Кеткенде эки кат жазган боюнча дарексиз. Согуш да бүтүп, эл кайтып, кайтпагандын дареги билинип жатат. Тынч элди бүлүндүрбөсө ушундай болот белек. – Ушул учурда эшиктен экиүч киши менен беш-алты аял кириишти.

– Ке... Келиңиздер... – Уулбү селее түштү. Келгендердин оозунда бирдеме кептелгендей кубара бирин-бири тиктей апкаарышып, бир демге кандайдыр ич бышырган оор тынчтык пайда болду. Акырында үзүлүп-үзүлүп каргылданган үн ошол оор тынчтыкты жиреп, жүрөк тилгенсиди.

– Кайрат кыл... Уулбү... Чырактай балаң бар...

– Керимим!!! – Ачуу үн чыгара Уулбү эстен тана жыгылып бараткaнда кармап калышты.

Баятан бери эмне болгонун түшүнбөй аң-таң болуп турган Муктар да:

– Апа-а!!! – деп кучактай жыгылды.

Эсине келе түшкөн Уулбү:

– Керимим!!! – деп кайра шалак этти.

Ушул сөз кулагына ийнедей кадалган Муктар апасын түртүп жиберип, күнөөлөгөндөй келген кишилерди карап, көзүн бал-бал ирмегенде туптунук жаш карегине толуп кетти. Анан ал буулуга:

– Калп айтасыңар!.. Атам өлбөйт! Силер калп айтып жатасыңар! Атам келет!.. А-а-а!! – деп чыңырган бойдон күндөгү атасын тосчу куу шыбактуу талаанын жалгыз аяк жолуна жүгүрдү. Ал адаттагыдай күмөндүү болгон жалгыз караанды да көрбөдү, бирок күндөгүдөн ишенимдүү, чын эле атасы күтүп тургансып баратты. Качантан берки атасын күтүп, сагынычтан пайда болуп, наристе жүрөгүнө кат-кат болуп уюп калган зил анын «ата-а» деген үнү менен атылып чыгып

жатты. Анын сызгырылган муңдуу үнү бүт ааламды жайпап кетти. Ушул наристенин жүрөгүнөн чыгып титиреткен муңдан күчтүүлүк кылып, эч ким ага көңүл айта албады. Ошол өз оозунан чыгып, бүт ааламды көлкүтүп, эритип жибергендей болгон кайгынын эң аягына коюлган чекит сыяктуу болуп, куу шыбак баскан кең талаанын ортосунда чымындай тызылдап, Муктар кете берди...

Ана, анын үнү денени зыркыратып, чучук-мээге өтүп жатат:

– Ат-а-а!!!

## ЧАЛДЫН МОНОЛОГУ

Чал адатынча дөбөгө чыкты. Алоолонуп батып бараткан күндү карап отурду. Мурда ал күндүн чыгышын күтчү эмес беле? Бала кезинде эле чедирейген курсагын чапкылап, кылтыйып чыгып келе жаткан күнгө карап жүгүрчү.

Күндүн чыгышы менен жубай күткөн.

Кийин чал таң азандап ушул дөбөгө келип, бала тилечү. Алтымыш жашка чыкканда гана перзенттүү болду. Күн менен кошо «баа» деген баланын үнүн укту. Дагы таш боор тагдырдын кесепети: аялы баласынын үнүн угууга үлгүрбөй калды.

– Алдуу-күчтүүсүң, аял ал. Кыйын болот сага, – дешти кишилер.

Чал дулдуюп үндөгөн жок. Жан куйдүрүп айткан туугандарынын сөзү ага таасир этпеди.

Өзү багып чоңойтту баласын.

Батыштан өрт чыкты. Кыл жигиттер булуттай сүрүлүп, ага каршы аттанды. Таң сүргөндөгү жылдыздар сымак, айыл ичи суюлуп жатты.

Чал ашыкча сүйлөгөн жок:

– Илгери жигиттер жортуулда сыналчу. Ата даңкын уят кылба. Каардуу барып, аман кел, жалгыз чынарым. – Кыбылага карап ак батасын берди. Атасын тарткан олбурлуу өспүрүм муңайбастан жөнөп кетти.

– Мерез чал. – деп сөз тийгизди кээ бирөө. – Көзүнө чолок жаш алып койбоду да...

* * *

...Молотилка гүртүлдөп, анан «карс» этип токтоду. Кырмандагылар дендароо болуп калышты. Бир демге ич күйдүргөн тынчтык өкүм сүрдү. Аны чал бузду:.



– Тишке таш тийди! – Ал ок жеген аюудай бакырды. – Ким салды ташты?!

Кырманда иштеп жатышкан шоро баскан кызыл көздүү кемпир-чалдар, мала ташка минген жаш балдар селейип катып калышты. Чалга жин тийди деп ойлошту алар. Ал айрысын колуна кармап, баарынын көздөрүн бир сыйра теше тиктеп баратты.

– Ким салды ташты!?

Алайып корккон көздөр...

Чал айыптууну ажырата албады. Карылыгы жетип, тунарып бараткан көзүнүн курчу жетпеди. «Аттиң ай!» Ал айрысын ыргытып жиберип, башын мыкчып локуюп отуруп калды. Анын билгени бар. Өткөндө да молотилканын барабанына бир боо буудай менен кошо таш түшүп, тиштери сынып, МТСтеги жалгыз механик келгиче үч күн өткөн болчу. Ошондо чал төрт жерге чийден вал токуп, кырман жанчып, күнү-түнү өзү буудай сапырбады беле. Чарчап-чаалыккан бирөө атайылап таш салып жүрөт го деп ойлоду эми кексе чал.

Мурда эч ким чыдабай койгондо чал жалаң дамбалчан болуп, картаң булчуңдарын ийкемге киргизип, суу байлык чоң боолорду саартан кечке бир тынбай барабанга салып берер эле.

Ошондо «О, кайран эр, дале күч-кубатын жоготпоптур» деп шыпшынышкан кызыл көздүү кемпир-чалдар. Карыса да сынын жоготпогон далдайган мүчөсүнө, күрөө тамырлары көгүштөнгөн бакыбат билегине алдырттан көз артып, суктанган келиндер эми чалды аяп турушту.

Ушул күндөн баштап молотилка бузулган жок. Чал барабанга дагы иштей баштады.

Түш болот... Кырмандагылар бир демге эс алышып, өздөрүнө бөлүнгөн үлүштү – жука жабылган бирден нанды жей башташат. Майда балдар ырдашат. Бардыгы эле ырчы болуп кетти. Алардын темасы бирөө гана: Атасын сагынгандыгын, фашисттин өлүмүн, аталарынын согуштан тезирээк келишин тилеп ырдашат. Аңыздагы буудай оруп жүргөн келиндердин ырлары да ошондой. Чал-кемпирлер көздөрүн кызартып, шолоктоп ыйлашат. Ачуу жаш нан менен кошо чайналып жатканын да билишпейт алар.

Чал уккусу келбейт мындай муңду. Ал жалаң дамбалы менен түзөңдөгү сеңселген кара гылтырык буудайды аралап жөнөйт. Желге толкуган буудайдын арасында ырыскы селин жиреп бараткансыйт. Денесин кылкан аймалайт. Чалга жагат ал. Ушундан күч-кубат алып жаткансыйт. Улам арылайт. Ушул учурда чал ээр үстүндө коргошун

уютуп койгонсуп былк этпеген ашып-ташкан жаштык күчүн, белдүү адамдар менен эңишке түшкөндө бүгүлүп калчу боз аргымактарды, андай учурларда эч качан өзүн уятка калтырбаган лөкүйгөн, кашаң торусун эстейт. Алда качан чым жамынган аялы менен биринчи жолу таанышкан жаштык учуру, уулунун жадырап-жайнап талпынган балалык кези көз алдына тартылат...

* * *

Иш дагы башталат. Күн батарда чал айрысын бир боо буудайга сайып коюп дөңсөөгө жөнөйт. Эч ким унчукпайт ага. Баары билет чалдын сырын. Ал дөңгө чыгып, мандаш урунуп олтурат да, алоолонуп батып бараткан күндү карайт. «Күн дайыма күйүп батат» дейт ичинде. Айлана күүгүм тартат. Тунжурап отурган чал сексен таяп бараткан өзүнүн карылыгы, аялынын өлгөн күнү, уулунун муңайбастан майданга аттанган учуру жөнүндө ойлонот.

Бул көрүнүш эртең дагы кайталанат. Ал чалдын күндөлүк салты.

* * *

Жеңиштин кабары чагылгандай тез тарады. Соолуп бараткан көлгө бир байлам суу жыккансып, айыл ичи бир аз толо баштады. Ал чалдын уулунан кабар кеткенден бери жок. Почтальон келин чалды көрсө качып кетет. Ал кыбылага карап отурат да саартан кечке уулун күтөт. Көк теректе конуп отурган сагызган шакылыктайт. «Оозуңа май, жакшылыктан кабар айт!»

* * *

Чал бел байлады. Далдаага бекинип турду да, почтальон келин өтүп бараткында шап тизгинден алды. Келин көзү алайып, чоочуп кетти. Чал унчукту:

– Менден неге качасың балам, куурап бараткан эски дүмүргө болоор-болбос суу жылжытып койсоң не болот? Ачыгын айтчы, гөрмөйүл чалдын жүрөгү жарылат дейсиңби? Медер туткан жалгыз чынарымдан кандай кабар бар?

Келин бетин басып, эчкирип ыйлап жиберди. Чал шалдая түшүп, тизгинден колун бошотту. Келин кандайдыр башын шарт көтөрүп, тизгинди жыйды да, атын такымга басып, чаап жөнөдү. Шолоктоп ыйлап баратат.

Көк-Теректен сагызган шакылыктады.



Чал үйүнө кирип комузун алды. Ал өмүрүндө чертип көргөн эмес. Тек гана кыргыздарга салт катары илинип турчу. Ал дөңгө чыкты. Суйдаң булуттардын ар жагында жез табактай кызарып күн батып баратат. Чалга булут күйүп, тээ маңдайдагы күн нурунан саргарган ичке суу кан агып жаткандай сезилди. Чал кайгысын сыртка чыгара албай, уйгу-туйгу болуп, көөдөнүндө кайнады.

Комузду коомай кармап, ичке кылын бир илип черткенин өзү да билбей калды. «Зың-ң» – зилдин үнү сыяктанды. Чал жеңилдей түштү. Дагы ичке кылын чертти. Зырылдаган ичке үн чалдын канча жылдар бою жүрөгүндө топтолгон зилин сыртка чыгаргансыйт. Анан чал комузду чалды-гуйду кылып, шартылдата черте баштады. Бул – чалдын монологу. Бир демде алдынан бир нерсени көргөнсүп токтой калды.

Колунан комузу түшүп кетти. Кандайдыр анын алдына лөкүйгөн кашаң тору тартыла түштү. «Өк!»– ордунан козголо албады. Чал оңтоп жиберди. Жүзүнө сары жаш сарыкты. Кан сыяктуу. Чал аны сезген жок. Билсе дагы бир ирет өзүн-өзү жемелеп алмак. Жаратылыш күчү жеңди аны.

Чал бар күчүн топтоп, көзүн чоң ачып, батышка тигилди...

Эртеси жадырап-жайнап күн чыкты. Чал аны көрбөй калды. Анын мурда бир тал агы жок капкара чачы, муруту, ал тургай кашы, кирпиги да ушул бир түндүн ичинде куудай агарып кеткен. Бул да чалдын монологу.

Ал көзү чанагынан чыгып, батыштагы теше тиктеген калыбында отурган жеринде катып калган эле...

## ЖОГОЛГОН КҮЛКҮ

Анын күлкүсү бир кызык эле. Талаага суу жайганда чычкандын ийнине туш келсе «бурк-бурк-бурк» деген үн чыгарып кирип кетет го. Так ошондой. Бир күнү ушул күлкүсүнөн түбөлүккө ажырады...

Ал жаздыгы бийик, калың салынган төшөктө чалкадан түшүп, детективдик бир чыгарманы окуп жатты. Жадап кетти окшойт, оң ныптасына оодарылып, улагада супура жайып, камыр жууруп жаткан аялын карады. Аялы азгынырак, бирок бир аз толо түшсө алдына эч кимди чыгарбай турган ыраңдуу эле.

– Эмне кылганы жатасың, Жаңыл?

– Оромо жасайм.

Күйөөсү ыраазылыгын билдирген болду:

– Азаматсың, кемпирим.

Аялынын ийкемдүү кыймылы кокусунан карегине толо түштү. Чыканактай боюна жараша келишимдүү мүчөсүнө, куш канаты сымак саамайга серпилген кашына кунт коё сугу артып кетти. Бирок анын көп түйшүктөн туурулуп, шуудураган катуу колдорун кармап тургандай элестеп, көксөсү суйи, кайрадан шыпка тигилди.

Эшик дүпүлдөп, бир жолдошу жубайы менен кирип келди.

– Келгиле, азиз меймандар. Бу силердин башыңарга чөп сындырса да болот. – Кыяз күлүп, ордунан тура кош колун сунду. Анан жолдошуна кайрылды. – Ушинтип аяшты да бизге байыр алдырсаң, үй күчүк болуп жата бербей.

– Киного аяк тартпады. Силер менен бир аз кобурашалы деп...

– Орун салбайсыңбы элейбей! – деди Кыяз, «келиңиздер» деген бойдон камыр колу менен не кыларын билбей туруп калган Жаңылга.

Жаңыл шашыла колун жууду. Кыяз жаткан төшөктөрдү жыйып, меймандарга төрдөн орун даярдады. Кайра колун чайкап, камыр ийлей баштады.

– Жардам берсең боло Жаңылга. – деди жолдошу.

– Бул үйдө бир гана аял бар. – Кыяз күлүп койду.

Жолдошунун аялы Кыязга нааразы көз караш серпе таңгалып карады.

Койдун куйругу, уй эти, пияз, сарымсак кошо чабылып, камырга оролуп, бир аз кыйгыл мурч даамданып, бууга бышырылган тамак алдыга коюлду. Даамдуу жыт булоолонуп, үй ичин каптап кетти.

Кыяз жолдошуна мактанды:

– Көрдүңбү, менин кемпирим ушундай, тамакты тим эле үлпүлдөтүп коёт. – Бирок, аялын улам эле көк чай демде, алып келип пиялаларга куюп кой, колго сүлгү даярда деп, майда-барат нерселерге жумшап, ордунан тургуза берди.

Жолдошу нааразы кеп урду:

– Деги Жаңылга тамак жедирбес болдуң. Өзүң деле кичине кыймылдап койсоң эмне болот?

– Бийлигинен түшөт. – деди Жаңыл сумсайыңкы жылмайып.

– Ой, сен бирөө эле болушуп койсо ушинтип кетесиң да. – Анан беркилерге кайрылды. – Сырткы иш эркекке, үй жумушу аялга таандык ата-бабадан. Мен Жаңылды сыйлабайт дейсиңби. Зордоп ала качып же калың төлөп алды дейсиңби? Өз каалообуз менен баш кошконбуз. Чынбы, Жаңыл өзүң биринчи болуп кат жазгансың?



– Танган жерим жок.

– Мына уктуңарбы?

– Ошондой болгон соң экинчи антпе, кемпир. – Ал өзүнө таандык үн менен ыраазы боло кыт-кыт күлдү.

Мындай күлкүсү Жаңылдын көңүлүнө дайыма бата түшөт.

– Ар качан өзүң кат жазгансың деп басмырлай бересиң... Анын эмнеси бар экен. – деди үнүндө наразылык сезилип. – Жаш экенмин да. Заңкыйып кийинип жүрсөң... Мынчалык өзүмчүл экениңди кайдан билдим.

– И, эми эсиңе кирип калдыңбы? Эми ошентип калдымбы сага? – Кыяз чукул кыял менен туталана түштү... – Азыр ким кимди зордой алат?

– Жакпаймынбы, жакшы бирөөнү таап ал.

Жаңыл күйөөсүн биринчи көрүп тургансып, ботонукундай чоң көздөрүн ирмеп-ирмеп алды. Калың кирпиктеринин арасынан ички ызасы чачырап кетти. Карегине тунук жаш толуп, жалт-жулт эте түштү. Наристеникиндей бөлпөйгөн илеби дирилдеп, буулуга араң айтты:

– Эрдин баары сендей болсо...

– Биз кетеличи. – деди берки келин күйөөсүн түрткүлөп.

Кыяз өзүнө таң калды. Анткени аялы капа болгон учурда өтө эле жакшы көрүнүп кетет. Азыр да ызасына жарылгандай болуп турган Жаңылын жаш баладай алдына алып, бооруна бекем кысып, саамайынан сылап эркелетип, кызгалдак түспөлдөнүп албырган илебинен өпкүсү келди. Бирок, анткен жок. Тек, сөз менен жооткотту:

– Жинденбе кемпир, тамаша...

– Кетеличи, – келин чыйрыккандай курушуп, күйөөсүн дагы түрттү.

Кыяз ага кыртышы сүйбөй карады. Эшикке чыкканда жолдошун чыканактан ала четке жетелеп, кулагына шыбырады:

– Дос, эсиң болсо башка адамдын кемчилигин аялынын көзүнчө айтпа. Анда ээлигип кетет. Сага да айта турган насаатым бар. Аялыңын пальтосунан бери чечип, турганда кийгизе коюп, үбөлөнүп кетет экенсиң. Байка бала. Аяш мойнуңа олчоё минип, мурдуңан эшеккуртуң түшүп калбасын.

Кыяз жолдошунун жонунан таптап, өз сөзүнө маашыр болуп, бөйрөгү бүлк-бүлк эте кыткылыктады. Ийинге туш келген суунун үнү сымак анын кызык күлкүсү кышкы чыкыроон суукка аралаш бир топ жерге тарады.

Мындай турмуш жолуна экөө тең көндүм болуп кетер беле, ким билет? Айтор бардык балээ мештен келип чыкты. Жаңыл эртең менен от жакса, ыкшып күйбөйт. Үй ичи түтүнгө толуп кетти. Жууркан алдында чүмкөнүп жаткан Кыяздын наараз үнү угулду:

– Ой, сен үйдү крематорияга айландыргың барбы? Эмне кылып жатасың?

Ызасына чыдабай Жаңыл кара көсөөлөнгөн тутандырыктарды түтүнүн бурулдатып, эшиктен алыс ыргытты. Кардан далдоо дубал түбүнөн топурак алып кирди да саман аралаштырып ылай даярдады. Муздак ылайга колу көгөрүп кетти. Анан ышын тазалоо үчүн белгиленген жерлердин кирпичин алып жатканда кокусунан жарты кирпич ары кулап, морунун ичине кептелип калды. Аны тар тешиктен кайра сууруп ала албады. Тоңуп калган колдору эп келбей, ыштан пайда болгон морунун чомкорокторуна тыталанып, канталап кетти. Селейген манжалары жан чыдаткыс тызылдата баштады. Жаңыл чыдабай ыйлап жиберди.

– Эркек-атың бар го. Турчу сулкуйбай! – Кыяздын үстүнөн жууркanды сууруп алды.

– Жин тийдиби сага? – Ал ыңгыранып кийине баштады.

Ушул учурда күтпөгөн окуя болду. Таң азандан сапар тарткан кайын энеси үйгө кирип келди. Суукка көк муштум болуп, бети, колу мокочодой ыш, калтырап турган кызына тигиле карап туруп, бир ажайып каткырып күлүп алды. Анын чырагына май тамды.

– Абалың ушу экен го. – деди кызын табалап. – Өзүң тандап тийген эриң жыргаткан экен го сени. Биздин тилге кирбедиң эле. Бечарам, көрүп турам кебете-кешпириңди...

Эне буулукту. Өз сөзүнө өзү теригип, эчкирип ыйлап жиберди.

– Кагылып кетейин, жылдызым! – деди кызын кучактап. – Канаттуута кактырбайм сени. Ушундай күйүмсүз эрдин барынан-жогу деп айтпадым беле өгүнү. Азыркы абалыңды атаң көрсө эмне гана болуп кетпейт эле, а?...

Кыяз селейип катып калды. Жаңылдан эми биротоло айрылам го деген калпыс ой анын көңүлүнө биринчи жолу кылт этти жүрөгүн бирөө тилип ийгенсип. Апасынын кучагында үлбүрөгөн аялын кандайдыр жабыр тарткан назик гүлгө теңеп, аны сөз менен айтып бералгыс абалда аяп, ичтен сызылып турду. Анын бул айыпты өзүнө алып, жашылданган көз карашы Жаңылдын муздак жаш толгон карегине чагыла албады.

Жаңыл бирөө аркылуу башкарылуучу механизм сыяктуу энесинин



жетеги менен жуунуп, пальтосун кийинип, чоң жоолугун салынды. Анан эшикти кыйгач таштап чыгып кетишти.

Кыяз бузулган мору менен эшиктен кирген чыкыроон суукту да сезбеди. Баарына өзү гана айыптуу экенин, бирок аны өтө кеч байкап калганын көңүлүндө баамдап турду. Мурда өзүнө-өзү ыраазы боло кыт-кыт күлүп, аялына кылган мамилесин, анча маани бербеген турмушун эми эстеп, жүрөгү толгонуп, кысылып кетти. Бул толгонуу жакшы түш көрүп, бирок түшүнө канбай калган кайгылуу адамдын өкүнүчү сыяктуу эле.

Ушул күндөн баштап ал ийинге туш келген суунун үнү сымак өзүнө таандык бир кызык күлкүсүнөн биротоло айрылды.

## АЗОО ҮСТҮНДӨГҮ ТУРМУШ

Биз, кудага шүгүр (апам ушинтет), төрт жанбыз: апам, агам, мен, кичинекей Мукун.

Апам жоош-момун (Ширин чоң энем ушинтет). Мал-салды карайт, кир-гок жууп, бизге тамак бышырат. Иши кылып саардан кечке бир тынбайт.

Агам жылкычы. Ал дайыма азоо тай минип жүрөт. Азоону Акмат үйрөтсүн дешет кишилер таңданып. Мен андан өлгөндөй корком. Ал бир жерге жумшаганда барып келбесең болбойт. Кичине эле алаксып калсаң: «Мен эмне деп жатам!», «Эй, мен кимге айтып жатам!» деп кекете баштайт.

Мукун эки жаштан өтүп калды. Арык болгону менен апама окшоп керээли кечке тынбайт, шок. Эне сүтүнө канбай арык болуп калды дейт апам кээде.

...Ошондо Мукундун төрөлгөнүнө бир айча болгон эле. Кечке жуук агам чоң кашка ат минип келди.

– Тоодой ат экен, – дедим.

– Ат эмес, кунан. – деди агам чылбырын чоң казыкка байлап жатып. – Айгырга коюла турган асыл тукум... Үйрөткөнүмө үч күн болду.

Ал үйгө кирип кетти.

Мен тоодой атка кызыгып карай бердим.

Эх, азоо тайларга миништи кандай жакшы көрөрүмдү билсеңерчи! Агама окшоп так секиртип, аяк-быякка туйлатып, көчөдөн-көчөгө бастырсам, агасын жазбай тартыптыр деп кишилер мени да мактаса дейм.

Тоодой ат тынч турду. Агам башта минип келчү тайлардай жер чапчып окуранган жок. Мен ага жакындадым. Кулагын тикчийтти. Токтоп калдым. Дагы жакындадым, мени унутуп койгонсуп эми тоодой ат былк эткен жок. Чылбырын чечип, шатыга жетеледим да, миндим. Тоодой ат коргондун түбүндөгү арыкка жулунуп кемечтелген эки ууртунан чырт-чырт агызып, суу шимирди. Ары жактан мыёлогон үн угулуп, коргондун кырына таргыл мышык ыргып чыкты. Дубал урап, майда таш суруга «чулп» этти. Тоодой ат тип-тик секирди...

* * *

Мен көзүмдү ачтым.

– Кагылайын... – деди апам үстүмө үйрүлө түшө калып. – Эч жериң оорубай эле турабы? – Анын бир тамчы көз жашы ууртума тамды.

– Экинчи азоо тайга минбессиң эми. – Агам күңкүлдөп ордунан турду. Бир аздан кийин улам алыстап бараткан аттын таскагы угулду.

* * *

Мукун дарылдап ыйлап жиберди. Апам аны алдына алып, чайнекке капталган упчуну оозуна салды. Бул жаңылык.

– Жеңең кетип калды. – деди апам ый аралаш. – Тезирээк эле эр жетип, силер адам болсоңор экен.

Ошол бойдон жеңем келген жок.

Апам Мукунду уйдун сүтү менен бакты.

Азыр аны ойнотуу менин милдетим. Ал мени жакшы көрөт. Ойноп жатып колун оорутуп же бир жерин чийдирип алса мага келип, «ака, үф, ака, үф» дейт да качан гана «сүф-сүф» деп, ошол жерин өпмөйүн тура берет.

Кээде аны жумшайм. Эмне деп жатканым менен анын иши жок. Мен кекетем. «Эй, мен эмне деп жатам!», «Эй, мен кимге айтып жатам!» Ал дегеле тоготуп койбойт. Анан менин түрүмөн чочуп Мукун эмшиңдей баштайт. Боорум ачып кетет. Апамчасынан «кагылайын, кагылайын» деп кучактай калам да мойнума миңгизем. Лөкүлдөп көчөгө жүгүрүп жөнөйм. Мукун кыткылыктап күлө баштайт.

Мен анын тилин билем (апам ушинтет).

– Ака, патин, – дейт ал.

Нан берем.

– Ака, ту.

Суу берем.

– Ака, ек! Ака, ек!



Көтөрөм. Же:

– Ака баш, – мени колдон тартып кийизге жетелеп барат.

– Ака та... – Көмкөрөмөн жатам. Ал мени минип, бытыгый колдору менен кулагыман тартат: – Ака, чу... – Мен төө болом. Ал кыткылыктап күлө баштайт. Ушул күлкүсүн жакшы көрөм.

Бир күнү Ширин чоң энем келди (Ал бизге тууганчылыгы бар картаң ак чач кемпир). Чай ичип жатып агамды жемеледи:

– Кеткен аялың эрге тийип алды. Сен эмне кылып жүрөсүң?

– Мен эмне кылайын? Бирөө-жарымды таппайсыңарбы өзүңөр, – агам бурк этти.

– Таптым. – деди Ширин чоң энем эми жумшара сүйлөп. – Мен ошого келдим. Биздин бир бөлөлөрдүн кызы ыркы келишпей күйөөсүнөн чыгып келиптир. Чырайлуу десең чырайлуу, чачы согончогуна жетет. Бир сыйра кийим кылсаң болду. Өзүм ортого түшүп, ошону алып берем. Мен күйбөсөм ким күйөт сага. А, апаң бечара өзү зорго жүрөт.

Көп өтпөй жаңы жеңелүү болдум. Аны бир сыйра кийим кийгизип көчүрүп келишти. Ширин чоң энемдин айтканы чын экен. Жеңемдин менин билегимден да жоон эки чачы жерге тиет.

Жеңем келгенден бери эки күн өттү. Агам бүгүн да жылкыга барган жок. Минип келген азоо тайы аркандалуу.

Дудук окшойт деп ойлодум жеңемди. Ал келгенден бери бир сөз сүйлөгөн жок.

Эртеси күн чыккан маалда ойгондум. Үйдө жеңем – баягы калыбында. Сырттан апамдын ыйлаган үнү угулду. Эшикке чыктым. Өмүрүмдө мындай таңданып көргөн эмесмин: нараакта ичи жара тартылган тору бээ жатат. Апам ыйлап, агам камчысынын учу менен жер чукуп, сокуда отурат.

Көрсө мындай болуптур: агамдан бөлөк төрт жылкычы да үйлөрүнө кетип калып, жылкыда эки гана адам калган экен. Таңга маал ач карышкырлардын үйүрү тийип, жети жылкыны жара тартыптыр. Эки жылкычы араңдан зорго жылкыларды карышкырлардан ажыратып, жара тартылгандарын эптеп адалдаптыр. Башкарма «Укташты билген жылкычылар төлөштү да билишет» деп, ар бир жылкычынын үйүнө бирден таштаттырып коюптур.

Агам күңк этти:

– Атасынын көрү, үйдү сатып кутулам да, жылкысын кайтарбайм.

Апам ыйлайт.

Мен кубанам. Эх, силер жылкынын этинен жасалган чучукту жеп көрдүңөр беле. Мындай таттуу тамак дүйнөдө жок. Агам үйдү сатат. Бул андан жакшы. Саратанда тызылдап кезүү кайтарбайм.

Баары тетирисинче болду. Бир демде кишилер чогулуп, жылкыны союшту да, акчасын нактай берип, этин бөлүп кетишти.

– Өлгөндөй семиз жылкы экен. Бир байтал келип, өзүбүзгө бир эчкилик ашып калат экен, – дейт агам элден чогулткан акчаларын эсептеп.

Ал сүйүнөт.

Үй да сатылбай калды.

Менин ичим ачышат.

– Үйгө киргенимди агам байкаган жок. Жамбаштай жатып, жеңемдин чачынан сылады. Жеңем жүзүн бырыштырып, чыканагы менен түртүп койду.

– Уят эмеспи...

Кудаага шүгүр жеңемдин тили бар экен дедим ичимде. Жеңем дагы сүйлөдү:

– Мен апамдардыкына барып келейинчи?

– Эмне дейсиң? – Агам чочугандай сурады. Жеңем сөзүн кайталады.

– Келгениңе үч күн болбой атыппы?

– Эски кийимдеримди алып келем.

– Элге уят.

– Ушинтип отура берейинби?

– Кабылды жөнөт (мени айтты).

– Буга бербейт.

Мен эшикке чыгып кеттим. Кир жууп жаткан апама барып жаңылыгымды айттым:

– Кудага шүгүр, жеңемдин тили бар экен.

– Эмне?

Ичкериден агам чакырды:

– Кабыл!

Үйгө кирдим.

– Жеңең менен барып кел.

Жеңем экөөбүз Кыргыз-Ата тоосуна карай баратабыз. Жеңем улам-улам кылчактап артын карайт, үшкүрөт. Мен да карайм. Чарт жарылган Даңгинин эки аскасынан бөлөк эч нерсе көрүнбөйт.

Кыргыз-Ата дарыясынын боюна келип калдык. Жеңем дагы эле телмирип артты тиктейт.



– Эмнени карап жатасыз? – дедим.

– Аравандын зоосун.

– Ал Араван зоосу эмес, Даңги.

– Араван ошонун эле нарагында. – Жеңем ал жакты карап өзүнчө сүйлөдү:

– Кагылайын Араван и-ий, зооңон ий!

Ал мага жиндидей сезилди.

Жеңем үндөгөн жок. Бирдемден кийин:

– Менин мурдакы күйөөм арavandык. – деди жеңем. – Анын сиздей иниси бар болчу.

– Мен да ошондоймунбу?

– Кандай?

– Ошол кайниңиздей?

– А сиз жакшы бала экенсиз... – Ал мени пешенемен сылап койду.

Жеңемдин жаш толгон көздөрүн карап, аны кандайдыр аяп кеттим. Бирок мен бир нерсени укканда аягына чыкпай чыдап тура албайм.

– Ал күйөөңүздөн эмне үчүн чыгып алдыңыз? – деп сурадым. Үндөгөн жок. Анан ордунан туруп илкий басты.

Биз жеңемдердин үйүнө жете бергенде ичкериден балбактап бир кемпир жүгүрүп чыкты.

– О, өлүгүңдү көрөйүн дагы өлдүңбү? – деди ал алыстан эле, – кеткениңе үч күн болбой жатып, келатканың эмнең? Эл көрсө эмне дейт!

Ал апасы экен, жеңемди колдон жетелеп тезирээк үйгө кирип кетүүгө шашты.

Эшиктин алдында жүгөрү чаап жүргөн сары киши мени чакырды:

– Бери бас, жигит. Жаш келсе ишке...

Башымды ийкедим.

Ал мага кетмен алып келди.

Өмүрүмдө картошка менен жүгөрү чабыштан башка жаман жумушту көрбөдүм. Бирок айла канча. Мындан да курсактын азабы өттү.

Жеңем ошол бойдон сыртка чыкпады. Эртең менен кичине эле сүт ичкем. А бул жерден мага чай беришти унутуп коюшту окшойт. Өздөрү орозо да. Акыры чай бербесине көз жетти, тезирээк эле оозачар болушун каалайм. Күн өчөшүп бир ордунда туруп алды. Эч качан күндүн батышын ушундай саргарып күткөн эмесмин. Өзөгүм үзүлүп баратат. Араң эле кыймылдайм. А орозо туткандар кандай чыдар экен?

Акыры күн батты. Эч качан күндүн батышына ушунчалык кубанган эмесмин.

Дасторконго эт менен кошо куурулган картошка коюлду. Бул менин жакшы көргөн тамагым. Ичимден кымылдасам да, үйдөгүгө окшоп апсыкпай мейман каадасы кылып уялып отурам. Эки жолу алдым. Мындай таттуу картошканы өмүрүмдө жеп көргөн эмесмин.

– Ал, ал, мейман бала. Уялбай көп-көп ал, – деди жеңемдин агасы. Ага удаалаш:

– Бул бала картошка жебейт экен. Андан көрө чай куюп берейин, – деди жеңем.

Ык эте түштүм. Сунулган колум өзүнөн-өзү тартылды. Бир дем эмне экенине түшүнбөй туруп, кийин эстедим. Кечээ кечинде үйдө картошка салып шорпо жасашып, анан «бул азали картошка жебейт» деп, апам чайга нават салып берген эле. Жеңем ошол үчүн айтып жатат. А мен шорпого тууралган картошканы жаман көрүп, куурулганын эң жакшы көрөт эмесминби.

Жеңемдин сөзүнөн кийин кантип алайын. Жебеске чыктым.

Көзүм кызарат.

Эх, баарына апам айыптуу.

Биз ал жерден таңга маал чыктык.

Жеңем эски кийимдерин чоң жоолукка түйүп алды.

Эл көрө электе кетип калгыла, – деп апасы шаштырды.

Көтөрмөгө келсек, Ноокатка кетчү жолдо бир машина токтоп туруптур.

– Уй бала, мынабу машинага түшүп Ноокатка барып анан үйгө кайтпайлыбы, – деди жеңем.

– Акча жок да.

– Менде бар.

– Агам урушат да.

– Билип коюппу. Баары бир кечээ кете албай калбадыкпы.

Макул болдум. Базарга барыш кандай сонун. Мурда Ноокатка эки жолу барганмын.

Ноокатка келип машинадан түштүк.

– Бул жерде биздин бир таанышыбыз бар эле, – деди жеңем – жүрү, ошондо кирип чыгалычы?

Солкулдаган ичке көпүрөдөн өтүп, жапыз дубалдуу кичинекей короого кирдик. Жеңем ал үйдөн эски кийимдерин кийип, жаңыларын түйүп алды.



– Эмне үчүн эскилериңизди кийдиңиз, – дедим сыртка чыкканда.

– Жол чаң турбайбы, кирдеп калбасын. Базар аралап жүрөбүз.

– Жеңе бир маки сатып алайынчы, арзан эле экен.

– Жеңем мага тыйын берди.

– Кирип алып чык, мен ушул жерде турайын.

Магазинден чыгып, жеңемди ордунан таппадым. Бир жакка басандыр деп ойлодум. Убакыт өтүп жатты. Ал деле жок. Ичим уйгу-туйгу болуп, корко баштадым. Аяк-быякка жүгүрүп издеп жүрөм. Магазинге эмнеге кирдим экен деп жемелейм өзүмдү.

Базардын тээ ылдый жагынан ары карай шыпылдап басып бараткан жеңемди көрүп калдым. Ырас аны чачынан тааныдым.

Энтиге жүгүрүп бардым:

– Жеңе!... Жеңе, каякта жүрдүңүз! – Ал селт этип мени карады. Ыраңы кандайдыр кубара түштү.

– Өлдүм мен, – деди жеңем, – өлдүм, кийимдеримди жоготуп жибердим! Эмнеге чечип алдым экен.

Уккан кулагыма ишенбей шалдая түштүм. Денемди дүрүлдөткөн коркунуч шуулдады.

– К...кантип? – дедим араң.

– Сейрүйгөн жаным, сиз магазинге кеткенден кийин базарды карап басып келе жатсам мотоциклге учкашкан эки адам зуулдап келип эле тигил жерден жыгылып калса болобу. Аңкайып ошолорду карап калыпмын. Бир маалда жерге койгон түйүнчөгүмдү карасам эле жок... Мен барбайм эми силердикине.

Союл менен бир чапкандай дирт эттим. Жеңем да барбаса... Бүт денемди калтырак басты. Жонумдан муп-муздак тер чыккансыды.

– Э... Эмнеге барбайсыз?

– Кийиминди жоготуп келдиңби деп агаңыз өлтүрүп коёт го.

– Урбайт...

– Кантип билдиңиз?

– Урбайт. – дедим кайра. Анан кантип оюма келе калганын билбейм, башымды көтөрүп, калпты шыпыртып жибердим. – Мурдакы жеңем он эки чааралик шалы жоолугун жоготуп жибергенде да агам үндөгөн эмес.

– Чынбы? – Жеңем күмөндөр карады.

– Кудай урсун чын! (Өмүрүмдө биринчи жолу карганышым).

Жеңем тунжурайт. Барбайм дебесе экен деп менде жан жок.

Жалбарып жибердим.

– Айланып кетейин, жеңе, жүрүң кетебиз. Өлөйүн, агам урбайт. – Ал ордунан араң зорго козголду.

Биз жарым жолдон түшүп калып, Таш-Короонун адыры менен жөө кетмек болдук. Себеби, айылга машина менен барсак эл көрүп коёт да. Биздин үй адырдын түбүндө.

Былтыркыдан калган боз шыбактарды тепсеп жолсуз талаада баратабыз. Үй көрүнүп калганда жеңем мени токтотту:

– Бир пас эс алайлычы.

Отурдук.

– Акаңыз урбайбы?

– Урбайт (карганган жокмун).

– Эмне деп барабыз?

– Болгонун айтабыз да.

– Ноокатка эмне бардыңар дебейби?

Такалып калдым.

– Минтип айталы. – деди жеңем бир демден кийин: – Биз Көтөрмөгө келсек Ноокаттан бир машина келатыптыр, кол көтөрсөк токтоду. Анан үстүнө түйүнчөктү ыргытып, эми өзүбүз түшөлү десек эле шарт бурулуп, кайра Ноокатка кетип калды дейли.

Макул болдум.

Улам жакындаган сайын алкымым оозума тыгылып, агам үйдө жок болсо экен деп тилейм.

Ал үйдө экен. Адатынча сокуда отуруптур. Бизди карап да койбой:

– Дагы бир-эки күн жатып келбейсиңерби? – деди кекетип.

Мен жеңемди, жеңем мени карады.

Агам бери бурулду. Ал жеңемди карап көзүн ирмеп-ирмеп алды да, таңдана сурады:

– Кийимиң кана?

Мен калтаарып жеңемди, ал мени карайт. Үн-сөз жок.

– Мен силерден сурап жатам!

Аргасыздан сүйлөдүм:

– У...ур... датып жибердик...

– Эмне, уурдатып?! – Агам бакырып тура калды.

– Ооба, уурдатып...

– Кимге!! – Ал бир секирип мага жетти.

– Шопурга... биз түшөлүк десек эле... үстүнө түйүнчөктү ыргытсак эле... Анан шарт бурулуп эле., Ноокатка кетти. Биз... – Сөзүмдүн аягына чыга албай калдым. Жаагым «чак-чук» этип, көз алдыма



«жарк-журк» эткен чагылгандын оту тартыла түштү. Апам чыңырып мени калкалап калды. Апамдын ушунчалык жини келет деп эч качан ойлогон эмесмин. Ал мени сүйөп отургузуп, агама акаарат кылды:

– Жоголгон кийим эмес, үйүң өрттөнсүн! Атаң дүнүйөдөн өлгөн эмес эле го! Ушул чычкандай баланы бөйдөй куурудуң го! Ушул жоготуппу, тиги катыныңдан эмне сурабайсың?

Ушуну эле күтүп тургансып агам аялына умтулду. Бирок чогула калган коңшу-колоңдор аны кармап калышты. Коңшулар чатактын жайын түшүнгөндөн кийин Мурзаалы аба менден сурады:

– Айтчы балам, кантип жоготтуңар?

Канчалык кыйын болсо да, ый аралаш жеңемдин үйрөткөнүндөй айтып берүүгө туура келди.

– Шопурдун өңү-түсү кандай неме экен, – деди бирөө. Мен кыстала калдым. Жооп таппаса да болбойт:

– Мурду чоң экен.

Мурзаалы аба бырс этип күлүп койду. Мен жерге кире түштүм. Ал мени четке жетелеп барды да:

– Кана уулум, жашырбай чыныңды айт, эч кимге айтпайм, бая базарда жүрбөйт белеңер, – деди.

Арга жок. Базарда болгон иштин чындыгын айтып бердим. Анан Мурзаалы абам апам менен сүйлөштү. Агам бирөөнү жумшады:

– Тез барып Ширин чоң энени айтып кел.

Ширин чоң энем барган адамдан бардыгын билип алыптыр. Келгенде эле жеңеме атырылып, санынан мыткып-мыткып алды:

– Өлүгүңдү гана көрөйүн какмар, кийимиңди кайсы өзбектин үйүнө каттың айт! Агаңа айтып, жонуңан кайыш тилдирем. Айт дейм, кайда бекиттиң?! – Анан агама кайрылып: – Акмат, мага ат тап. Каткан жеринен таптырып келебиз.

Агам өз тайына, Ширин чоң энем бир атка минип артына жеңемди учкаштырды. Алар Ноокатка жөнөп кетишти.

Коңшулар да тарашты.

Мен дагы эле солуктап жатам. Баятан бери ары жакта турган Мукун эми жаныма келди. Ал чийилип кеткен колумду «уф», «уф» деп үйлөп өптү да: «ака илаба, ака илаба» деп мени соорото баштады

Бул түнү апам да, мен да уктаган жокпуз. Мен ойлоном: Жоголгон кийимди баары бир табышпайт. А эми жеңемдин бетин кантип карайм. Ага чындыгын айтпайм деп убада бербедим беле.

Өзүмдү жемелейм.

Алар таң атканда келишти. Агам үйгө алып кирген түйүндү карап, көрүп турганыма ишенбей көздөрүмдү укалап-укалап алдым. Баары бир ошол түйүн. Демек жеңем алдаган экен да. Бир демде андан көңүлүм кала түштү.

Агам апама айтты:

– Аялдын баары Ширин чоң энедей болсо. Ноокатта бирөөнүн үйүнө бекитип койгон экен, этектен бурдай кармап, кирип алып чыкты. – Эми мени акырайып карады. – А бу болсо, шопуй алып кетти дейт!

Эшиктен жеңемди жетелеп Ширин чоң энем кирди.

Ал агама кайрылды:

– Акмат, мен эми Кыргыз-Атага барып мунун апасын алып келейин. Кызынын кылыгын көрсүн. Эшикке чыгарба, бу жинди дагы качып кетип жүрбөсүн.

Ал аттанып жөнөп кетти.

Жеңем да эшикке жөнөдү. Агам алдын тосту:

– Каякка?

– Кетем!

– Кетпейсиң! – Агам аны кармады. Жеңем анын колун ачуулуу какты.

– Кетем! Ана кийимдериң, эми менде акың жок! Жеңем анын сөзүнө кулак салбай чыгып кетти.

– Болуптур, көрүшөбүз! – Агам аялынын артынан күпүлдөдү.

Агам, анын артынан мен да эшикке чыктым. Ал азоо тайын чечип, үзөңгү теппей шарт ыргып минди да тизгин какты.

Азоо кишенеп, тип-тик секирди. Аттын эки аягы жерге тие электе, өрмө камчы менен «чып» эттире такымга басты.

Азоо октой атып кетти. Артынан бозоргон чаң уюлгуду. Кандайдыр жүрөгүм зырп этип, ага дагы суктанып турдум.

Анан жеңемди карадым.

Ал мен ойлогон Кыргыз-Атага же Араванга кетчү жолго салбаптыр. Таш-Короонун куп куу адырына карап илкий баратат.

Чачыман сылады. Апам. Мукун колунда.

Башымды көтөрүп, апамдын жүзүн карадым.

Бир тамчы жашы ууртума түштү.



# ЫРЫСКЫ

– Эртең малдардын кезүүсү дагы бизге келип калыптыр, – деди апасы.

– Ушу өлө талган малдардын кезүүсүнөн бул жарыкчылык дүйнөдө кутулбайт экемин да, – деди уулум.

– Каникул учуру эмеспи. Балаң окуудан калмак беле? – дедим мен.

– Эмнеси жакшы. Базар күнгө туш келип атпайбы. Каникулда дайыма ушундай, – деп кейиди апасы.

– Кезүү – кычы, – деп жыйынтык чыгарды уулум.

– Эчтеке эмес, – дедим мен, – ушинтип, бир-эки жыл кызмат кылып берсең, анан ага-эжелериңдей, өз алдыңча болуп кетесиң.

– А, кезүүчү? – дейт уулум.

– Аны неберелерибиз өткөрүп алат, – дедик аялым экөөбүз.

Эртеси «Күн ысып кетти. Баланын башына ысык өтпөдү бекен? Мээси сызгырылып кетпеди бекен» деп аялым кулагымын кужурун ала бергендиктен ысык тамак алып түш кыңкайган маалда мал жайылчу Жаман-Адырга чыгып бардым. «Бекер убара болупсуз. Эрте менен өзүм ала келген айран менен нандын чети оюла элек. Алмаларды гана жеп койдум» – дейт уулум мулуюп.

Бет маңдайдагы нар өркөч керилген тоолорду карап отурам. Адаттагыдай эле анын керемет сөөлөтүнө суктанып, ысырык жыт, жашыл тулаң коюнун искеп-искеп алгым келди. Ушул учурда балтырым чым дей түштү. Багелегимди түрсөм бир чоң сары кумурска тумшугу менен сайылып турат. Аны кагып түшүрдүм. Кагып түшүрдүм да, ошол кумурска түшкөн жерди карап, кумурскалардын кербен жолуна көзүм түштү. Сарасап салып жүргөн адам кумурсканын жолун жазбай тааныйт. Бирок, ушул учурда ичке сокмо жол жабылып, анын үстүндө жайнаган кумурскалардан куралып, кыймылдуу сары шоона гана каршы-терши өкүм сүрүп жатты. Сары шоонанын бир учу ылдыйдагы кылкылдап бышып турган буудай талаасына созулуп кеткен. Ошол тараптан буудайдын бир данын тумшугуна көтөрүп же өзүнөн он-он беш эсе чоң саректерди сүйрөп келаткан кумурскалар, кайра ошол тарапка шашылып бараткан салт кумурскалар...

Ордуман туруп, кыймылдуу сары шоонанын жем ташыган шарданын ээрчип, кумурскалардын уюгуна бардым. Жувалдыздын көзүндөй ийиндин бир жамбашында допудай майда топурак. Ушул топурактын үстү да, ийиндин айланасы да эриш-аркак болуп, жөрмөлөгөн кумурскалар. Бир гана ийиндин тешигинде тартиптүүлүк, адептүүлүк.

Ийиндин ичиндеги кумурскалар зып-зып чыга калышып, ырыскы-дөөлөтүн көтөрүп келатышкан башка кумурскаларга жол бошотууга ашыгышат.

Кумурскалардын ушул тиричилик-дүйнөсүнө карап отуруп мен бала кезде паркына жетпеген, так ушул адырда болгон бир окуя, эл айтмакчы бечара, жоош-момун, ыраматылык Акун абамдын карапайым элеси көз алдыма күнү бүгүнкүдөй тартыла түштү...

Согуш бүтүп, эми кара кагаз эмес, жоокерлер өздөрү келе башташты. Бирок, өткөн жылкы кургакчылыктын кесепетинен дан дагы кымбаттап кетиптир. Бечара Акун абамдын кыйылып туруп саткан, жылда эгиз тууп берчү эчкисинин пулуна алып келгени эки чаксага жетпеген буудай. Ошол буудайдын жарымын кетмендеп, сээп келүү үчүн жөнөп калдык.

Жаман-Адырдын буудай аңызы. Аңыздын анда-санда жеринде көр чычкандар ийининен сүрүп чыгарган топурактар допудай дөмпөйөт. Ошол топурактардын бирин ары сүрүп салып, чолок кетмени менен менден чоңураак бир бала көр чычкандын ийинин казып жатыптыр. Өз ишине ушунчалык ынтызарланып алыптыр, биздин жанына келип токтогонубузду да туйган жок. Абам салам бергенде гана селт эте артына кылчайып, кетменин көтөргөн бойдон аңкайып туруп калды.

– Күнүң ушуга түштүбү эмитен, жаш туруп... – деди абам балага нааразы үн менен. Анан кайдыгер гана сурап койду:

– Сага ким үйрөттү бул өнөрдү?

Балада үн жок. Абам баланын топурактай бозоруп, дирилдеп турган өңүнө үңүлүп карап алды да түкшөмөлдөй сурады:

– Көзүмө эле жылуу учурайсың... Оногу, Чегедендеги, ыманы басалаамат болсун, Ысакбайдын калта кактысы эмессиңби?

Бала шылкыйган башын ийкегилеп койду.

– Бу бечаралардын күйүтү күлдөй сапырылат, – деди абам, каадалуу адам кылып мага кайрылып, – агасы уруштан кайтпай калды. Жеңеси жылкы кайтарып жүрүп, көчкүнүн тагинда калды. – Анан кайра балага бурулду. – Баса апаң кайгыга алдырып, өмгөктөп калды деди эле, эми кичине өзүнө келип алдыбы, бечара?

– Ооруп атат... – Бала буулугуп айтты.

– А, сагырларчы, бечара эгиздер?

Асан менен Үсөн... нан... деп ыйлашат... – бала токтоно албай өксүп ийди.

Менин жүрөгүм сыздап кетти. Абам да шашкалактап калды:



– Кой, айланайын, кой ыйлаба. Чоң эле жигит болуп калган экен десе. Жигит да ыйлайбы? Кой.. Э, көрүшүп дагы койбоппуз. Келе колуңду. Мурдуңа наалат десе. – Абам баланын бетин баскан оң колун бери тартты да алаканын кош алакандап, далдалчы сымал бир топко силкилдетти.

Бала өпкөсүн баса албай койду. Абамдын шайы ооду.

– Келе, торбоңду алып кел. – деди абам кокусунан, буудай ыраңына кызыл жүгүрө түшүп. – Мынабу буудайды бөлүп алалы. Уруктукка жарымы эле жетет.

Сүйлөп атып, баланын ары жакта жаткан торбосун алып, куржундун түбүндөгү буудайды теңдеп, бөлүштүрө баштады.

– Албайм. – деди бала жаштуу көзү менен абама карап. Анан ордунан туруп, кетмен, торбосуна да карабай кетмекчи болду.

– «Карынын кебин капка сал» деген кеп бар. Бу го дан экен. Бу жаңы ийлап атат деген үкаларың үчүн. Ме, карма! – Абам дендароо болуп бозоро түшкөн баланын колуна жарымдай буудай салынган торбосун кармата койду.

– Мен сага аш-паш дебей эле чочоңдоп ийдим окшойт. А, гаптин маңызы быякта... – Акун абам ийиле түшүп, балапан тутуп ала тургансып, шыбырт алдырбай ийиндин оозунун топурак сүрүлгөн жеринен карама-каршы бир кадамдай жагына жылып барды да, бери кел дегенсип балага ымдады. Бала да абамды туурап, этияттык менен жанына барганда кулагына шыбырады:

– Жата калып, жерди тыңша.

Бала төрт аяктап чөгөлөй, оң кулагы менен жерди тыңшай баштады. Качан өөдө болгондо анын өңүндө кандайдыр бир нерсеге катуу таңдануу пайда болуп калган эле.

– Эмне экен? – деди абам купуялуу.

– Жердин ичи... дүпүлдөп атат...

– Жердин ичи эмес, көр чычкандын «токмогу», – деди абам. Тиги бала экөөбүз тең аңкайып калдык. Абам биздин кейпибизди сынагансып, сыдыра карап алып, мурутун сылай, купуя жымыйып, анан табышмактуу сөзүнүн жандырмагын чече баштады: – Токмогу дегеним, балдарым, көр чычкандын куйругу. Жайды жайлата, күздү күздөтө тыным албай жыйнап алган буудайдын саректерин кыш ичи ушинтип, куйругу менен токмоктоп, жанчып чыгат. Азыр буудайын тазалап бүтүп, чарына түшкөн учуру. Биз калакат кылбаганыбызда мүмкүн сен казып отуруп, ийиндин түбүнө жетип, мынабу биздин буудайыбыз эмне болуп калыптыр, он, он беш кадак дан таап алышың

ыктымал эле. Болгондо да бир бүдүр чары жок, кызылдай тазасын. А ошо данга жетиш кыйын. Көр чычкан дан казынасын миң бир түркүн амал менен бекитип, миң бир түркүн ийиндер менен чаташтырып таштайт. Ошентсе да экөөңөр тең мен айткан гапти жадыңарга түйүп койгула. Азыр буудай токмоктоп аткан бечара чычкандын куйругунун тери-гөшү эмес, кыпкызыл чыбыгы гана калган учуру. Ушунчалык жанын кыйнап, неге эле ага зарыл келди дейсиңер? Бу макулук да балдары үчүн гана жанын сабайт. А, сен, балам, азыр каза бергениңде данын таппасаң дурус болот эле дегеним, чычкан ар жылы жети-сегизден үч, төрт жолу бала тууп, чоңойтот. Ошондуктан тукуму курут болуп кетпеси үчүн азыркы балдарынын өмүрүнөн да кийинки балдарынын ырыскысы үчүн жүда сак болот...

Үчөөбүз «лам» дебей отурабыз. Оор тынчтыкты абам өзү бузду:

– Көзү көрбөгөн ушул көр чычкан, чычкан жаны менен, жанын карч уруп, жыл бою канча бала тууп, канча бала чоңойтуп чыгарарын ойлоп көргүлөчү, балдарым...

Чычкан чычкан жаны менен ушунча баласын багып отурса... А биз адам болуп туруп, эгиз наристени багалбай, атүгүл жалгыз кара курсагыбыздын алапайын таппай, эми минтип, көр чычкандын ырыскысынан үмүттөнүп отурабыз а, жалдырап... Көтү куураган согуш болбосо ушинтет белек... Илайим гөрүңдө өкүргүр пашис. Эми гөрүңдө өкүр-а!

* * *

Азыр дал ошол алда качанкы көр чычкан ийининин алдында отургансып сездим өзүмдү. Бул оор ойдун кучагынан арыла албай баламын жанына келсем ал чоң сындырым нанды күкүмдөп жатат.

– Эй, эмне кылып атасың?

– Кумурскаларды багып атам.

– Мынча нанга кумурска эмес мал тоёт го. Тепсендиде эле калат. Бу нандын убалынан коркпос болдуңар го, – деп кейидим.

– Карасаңыз өзүңүз, иттей ач экен, бечаралар, – деп жана эле мен байкаган, а азыр андан көбүрөөк, нан күкүмүн үймөлөктөп, быжылдаган кумурскаларды көрсөттү. Тим эле жумурай-журтка ырыскы чачып жаткансып, шенейип коёт.

– А, биз силердей кезде көр чычкандын ырыскысын талашканбыз.

Уулум аңкайып оозумду карап калды. Мен ага жана баштан эске түшкөн окуяны айтып бердим. Айтып бердим да баламын жүзүнө сынай тигилдим. Жок, менин эмне максат менен айтканыма түшүнгөн



жок. Ошол кездеги ийин казган бечара баланын, анын үйүндөгү ачка жаткан эки эгиз инисин, алар үчүн көр чычкандын ийиниңдеги дан бир ууч болсо да, өмүр узартарлык азык экендигин түшүнгөн жок. Болор-болбос бир жомок укканcып кайдыгер.

Өзүмчө бушайман болдум. Кантип эле ачарчылыктын азабын, нандын улуу касиетин өз балдарыма жеткиликтүү тил менен айтып, түшүндүрө албадым экен. Анан кайра өзүмдү өзүм ичимден жектей баштадым: «А өзүң ошол каатчылыкты эмне үчүн унутуп калдың? Бир күнү базарда колунан жерге түшүп кеткен мантысын алдырбай, улам кылчактаган баласын жетелеп кете берген бир адамга ичиңден нааразы болдуң... А өзүң алып коюшка, биреөнүкүн... деп уялдың». Ашканада былчыйта тебеленген туурам нанды алып ээрдине, бешенесине тийгизип туруп, коюн чөнтөгүнө катып алган чалга, жакшы абышка экен деп, ичтен ыраазы болуп коёсуң дагы. Балдарың эмес өзүңдүн тарбияң жетишпейт».

Менин оюмду уулумдун чоочуган үнү бузуп жиберди:

– Уйлар буудайга жакындап калыптыр. Гароол өлтүрөт, агари!

Чын эле уйлар маңдайкы сырттын бетиндеги кылкылдап бышып калган буудайга жакындап калган экен. Анын артынан карап туруп, кайгы-капа деген эмне экенин билбеген таалайына, жаркын заманына жетине албай кубанып турдум. Ушулардын бактысына илаим заман тынч болсун дейм ичимде.

Берекеси төгүлгөн буудай аянтын бойлой түтүнү ырыскы жыттанган айылыма түшүп келе жаттым. Мындай учурда дайыма көңүлүм эргип кетчү эле. Бирок азыр кандайдыр жүрөгүм дүпөйүл болуп, кыйынчылыкты бат унуткан пендечиликти ойлоп, алардын бир мүчөсү өзүм экендигин сезип, беймазаланып калдым...

## ГЕРКУЛЕС

Ал тээ түңгүюктан жогортон үрүл-бүрүл көрүнгөн жарыкчылык дүйнөсүнө жанталпез менен ынтылып, бирок, борчук таштарга араң жармашып турган буту-колдору талып, калтаңдап, кайра «күү» деп ылдый кулап кете тургансып, ошого карабастан өжөрлөнүп, аздан болсо да улам көтөрүлүп келе жаткандай сезди өзүн. Анан ошо жогортон эки аялдын үзүл-кезил үнү угулду:

– Бечара жигитти тим эле кызыл-ала койдой сабап кетишиптир...

– Ички органдарынын бирөө жарымынын чел кабыкчалары жарылып кеткен окшойт, түндөтөн бери өзүн билбейт.

– ...Операционный бошоору менен тез алып киргиле деди.

Кандайдыр көзгө көрүнбөгөн эшик ачылгансып, ага удаалаш эркектин катаал үнү:

– Оорулууга тынчтык бергиле, бежиребей!

Жумшак бут кийимдердин шыбырты алыстады. «Кимге тынчтык бергиле» дейт. Магабы? Эмне үчүн? Өзүм каердемин деги? А? Анын оюн оор туман басып жатты. Кыялында көзүн ушалап, ачкысы келди. Ошондон уламбы билинер-билинбес кыймыл жасады. «Ик-к!» Ичек-боору аралаша түштү. Көзүнүн умачтай ачылып, акыл-сезиминин ордуна келишине ушул катуу оору себепкер болду. Үзүгү көп киноленталардын кадрлары сымак кечээки өткөн күндөрү көз алдына тартыла баштады...

* * *

Тили кайсы күнү чыкканын эсине тута албаган наристелердей эле ал дагы кайсы күнү «жүрөгү сүйүү отуна алоолонуп күйө баштаганын» билбейт. Бирок, ал кызсыз эки дүйнөнүн жыргалчылыгы мага бир тыйын татыбайт деп билет.

Чынында кыз деле каршы эместей. Оюн-шоокко, же сейилге чакырса илинчектебей чыгат. Бирок, табити опера менен театрга анча чаба бербейт. Ошондуктанбы, көбүнчө дискотекага барышат, же кафелердеги бурчтагы тегерек столго отурушуп, саман түтүгүнөн коктейл сорушат. Кынала басышып, бир оокумда кайтышат. Кыздын жагымдуу күлкүсү шаардын ажайып кечине жуурулушуп отурат. Анын жүрөгү элжирейт.

– Билесиңби? – дейт кыз бир маалда дагы «шыңк» этип. – Сен жакшы жигитсиң. Эч кимдин көөнүнө азар бергиң келбейт...

– Оң колунун жумшак алакандары менен тегиз кыркылган тыт көчөттөрүнүн кеч күзгү бирин-серин сары жалбырактарын сылай басып, сөзүн улантат. – Бир гана кемчилик, ортосаар, чабал болуп калгандыгың. Чынында аял затына үлбүрөгөн назиктик жарашса, эркектерге далдайган көкүрөк көрк берет эмеспи, а?

– Адам өзүн-өзү жасап алмак беле?

– Кечирип кой, мен тек гана кээде Геркулес сындуу адамдарга таңданам, бирок алардан коркомун да.

Ушундай маанидеги сөз кийинки учурда көбүрөөк айтылчу болду. Кошого-жошо болуп бая күнкүнү айтпайсыңбы. Жеткен жерде алдыда турган кыз шып этип түшүп кетип, бирок жүргүнчүлөр самандай



тыгылган автобустун ичинен үч-төрт адамды жөөлөп өтө албай ал бир токтоочу жайга ары өтүп кетпедиби. Кайра энтеңдеп артына жүгүрүп келсе кыз жок...

Кыздан биротоло ажырап калдым деп ал өзүн ишендире албай койду. Болбогон бир шылтоо таап, же жок экен деп айттырып, чыкпай коёрун билип турса да, азгырылма үмүттүн кулу болуп, кечээ кечке жуук жатаканага дагы барып, анын эшигин алыстан акмалап турду. Чын эле көп өтпөй кыз чыкты. Жалгыз эмес – экөө. Жанындагысы эки далысы кулачтай келип, бетине кан тепкен болук жигит. «Геркулес!!!» кылт этти оюна. Чок жутуп алгансып, сыздап кетти. Алар жакындап өтө бергенде өзүн чоң түп кара жыгачтын далдасына тарта берди. Жигитти тааныйт экен. Өмүрүндө бирөөгө кылган жакшылыгы үчүн өзүнө-өзү биринчи жолу чындап наразы болуп турду азыр. Анткени ушул жигит өткөн базар күндөрдүн биринде кайык менен көлдүн орто жеринде жүрүп, жанында отурган кыздарга шек алдырбоо үчүн башка кайыктагы жигиттерди туурап суга боюн таштап, бирок чабак атууну билбегендиктен чөгүп өлө турган болгондо чачынан сүйрөп, жээкке сүзүп алып чыкпады беле аны...

«Бүттү!» Оюндагы бул бүтүмгө буттары көнбөй ээрчип алды. Колунан эч нерсе келбесине карабай, аргасыздан жалданган тыңчынын кейпин кийип, тиги экөөнүн артынан аңдый берди. Алар шаарда эл аягы тыйылып бүткөнгө чейин жүрүшүп эми чакан бактын ичиндеги алдына күбүлгөн жалбырактар төшөлгөн олтургучка келип ийиндеше отурушту. Ал тигилердин эзилишкен сөздөрүн укпоо максатында алысыраакта, караңгылыкта бекинип, ага ушунчалык кең аалам тарып, батпай, сыгылып, деми кыстыгып баратат...

– Жардамга-а! Жардам бергиле!!! – Кыздын жүрөк титиретер ачуу үнү аны селт эттирди. Тапыр-тупур боло түштү ал жак. Жан алынын барынча чуркап, мерчемдүү жерге жете бергенде далдактап, улам артына карап, качып бараткан бирөөнүн, анын артынан кууп бараткан дагы эки караан көзгө уруна түштү. Кыздын үзүл-кесил кыйкырыгы наркы эле жагынан угулду. Караса бирөө оң колу менен кыздын артынан кучактап, сол колу менен оозун басып, канчалык тырбалаңдаганына карабай, камгактай жеңил сүйрөп, бак ичине сүңгүп баратат. Ал кантип жетип, бейтааанышты моюндан бурап, экөө тең күп этип, кантип жыгылганын өзү да сезбей калды. Анан кызга «кач» деп өкүмдүү унчукту. Бейтааныш жоо оңой көрүнбөйт. Аны өзүнөн ары көмөлөтө коюп, качууга камынган кызды желкеден алды.

Бирок, ушул учурда анын эки бутуна эки кол кайчылашып «чып» жармаша калды. «Др-р» деп айрылган матанын үнү менен кошо бейтааныш үстүмөндөп жыгылды.

– Ка-ач! – деди ал заардуу үн менен. Бүткүл күч-кайратын тигини жылдырбоого жумшап, жылан сымак чырмалып жатып кыз качкан тарапка бир карап алууга үлгүрдү. Жарык жолго жетип калыптыр. Желкесинен айрылган кофтасынан ай далысы жарк дей түшүп жоголду. Эми арт жактан шашыла жакындап келаткан шарпа угулду. Бир жамандыкты сезип, жүрөгү болк эте түштү. Тигини коё берип качмак болду. Так ушул учурда арттан бирөө бөйрөгүнө дүп эттире тээп калды. Көзү караңгылап, ичек-боору аралашып кетти. Дагы «дүп-дүп-дүп», «гырч-гырч-гырч», дарактын жаш ноодасынын майда чырпыктары сынып жаткансыды. Дүпүлдөк канчалык катууласа өзүн ошончолук жоготуп баратты. Акырында тоодон кулап кеткендей болду. Топтой жеңил болуп калыптыр. «Дүп-дүп» деп таштан-ташка тиет. Аңгыча аалам алоолонуп, кыпкызыл өрт суюктугуна айланып баратты. Ал мурдагы адам чыдагыс чаңкоосуна карабастан өрт суюктугундай эле көөлгүп, эрип кеткенсиди.

Кадрлар түрүлүп бүттү. Көзүн чоң ачып алды. Кызык, былк этпесе сопсоодой эч жери оорубайт. Палатанын чоң терезесинен түштүк бет маңдайындагы керилген тоону карады. Асман мелжиген чокулардын батыш-тескей капталдарында баягы эле ээлтен кетпеген ак мөңгүлөр. Мөңгүлөрдүн ичинде анда-санда кара чекиттер. Чекиттер муз тозогуна моюн бербей тамырын жерге терең сайып алып, кылымдан бери жашап келаткан жап-жашыл арчалар экенин жакшы билет. Ошол арчаларга суктанды эми. Тоодон ылдый саан бээдей чалкайган кокту-колоттор. Кызык, ушул ажайып сулуулукту мурда эмне үчүн сезбеди экен, а? Көз жоосу терезеден ары маңдайында турган жоондугу камчы саптай ноода мырза терекке урунду. Алтын түспөл сап-сары жалгыз жабырагы калыптыр. Жел жүрүп жатат окшойт. Жалбырак үзүлүп түшүп каламбы деп коркконсуп, дирилдейт. Алтын түспөл ошол дирилдек жаш ноoданын жүрөгүндөй сезилди ага. Анткени, «операциядан кийин соо каламбы, же өлөмбү! Өлөмбү!» деген суук ой тээ көңүлүнүн тереңине миң бир ийне болуп телчигип жаткан эле...

Операция столу. Денесине ийне сайылып, колу-буту бекем байлануу. Ээк алдынан тосулуу болгондуктан алдыңкы тулкун көрө албады. Алгач «гырч-гырч» деп, итиркей келтире терисинин кесилгенин акыл-сезиминин тээ түпкүрүнөн үрүл-бүрүл туюп туруп, андан аркысын туйбай калды...



– Дагы палата. Кан берилип жатат ага.

– Экинчи литр. – дейт жанында отурган ак халатчан кыз өзүнчө. Анан ой келди сурап коёт. – Ата-энеңиз барбы?

Кирпик ирмелди:

«Ооба»

– Сүйгөн кызыңызчы?

Анын көзү муздай болуп шыпты тиктейт. Халатчан кыз шашып кетти:

– Кечириңиз. Сизге тынчтык керек. Эч нерсени ойлобой тынч жатыңыз.

Ал терезеден ары көз чаптырды. Баягы айтып бере алгыс жаратылыш сулуулугун көргүсү келди. Аны таба албады. Мурдагы эле карыган төөдөй, көнүмүш аркайган тоо. А теректин жаш ноодасынын диргилдеген жүрөгүчү. Жүрөк эмес, жанталпез менен жабышып, үзүлүп түшүп калбайын дегенсип, өңү зилдей саргарып, чүрүшкөн бир жалбырак. Анан акырындап көшүлүп кетти.

Ойгонсо медсестранын ордунда кыз отурат.

– Мен... Мени кечир... Алгач 02ге, анан 03кө телефон чалдым. Башка эмне колумдан келмек. Кыз киши болсом... – дейт мөлт эткен жашын ак жузаарчысы менен сүртүп коюп.

Ал өзүнө таң калды. Баягы ажары ай көрүнгөн эмес, автобуста, магазинде, базарда жана башка эл көп жерде көрүп жүргөндөй эле жөнөкөй кыз. «Аял затынын баары эле бирдей экенин мурда неге билбей жүрдүм экен» – өзүнө өкүнгөнсүп койду.

Кыз айтат:

– Сүйлөбөйсүңбү?

– Мени тынч койчу. Мага тынчтык керек, – дейт ал.

Кыз ордунан былк этпейт.

– Жакшы бар эми.

Кыз анын жүзүнө үңүлдү. Жылуу сезим, же жек көрүмдүүлүк сезилбеген арасат, кайдыгер көз караш. Кыз ага түшүнгөнсүп ордунан туруп, акырын чыгып кетти. Ал кандайдыр оор жүктөн жеңилдегендей сезди өзүн.

Анан мырза теректин ноодасын дагы бир карап алды. Зилдей чүрүшкөн сары жалбырак түшүп калыптыр.

«Бечара ноода эмки жазда кайра көркүнө чыгып алат» деп койду кандайдыр өз дилинде.

# БЕЙИТКЕ АЛЫП БАРУУЧУ ЖОЛ

Үчөө ашкананын төркү бурчундагы столго келип отурушту. Алардын бири жаак эттери шимирилип, териси жабышып калган куркуйган арык, экинчиси кабагы кара-көк тартып шишиген култүйгөн семиз, үчүнчүсү чачын жылма тарап, галстук тагынган, көөдөнү көтөрүңкү жигит.

– Эми стаканды канттик? Буфетчи өлсө да бербейт, – деди семиз, койнунан бир бөтөлкө арак сууруп, столдун алдына коюп жатып:

– Бермек түгүл ичирбейт, – деди арыгы сөөмөйү менен бет маңдайдагы качандыр бир илинген «Сырттан алып келинген спирттик ичимдиктерди ичүүгө катуу тыюу салынат!» деген жазманы көрсөтүп.

– Какиш кайда чыгып кетти экен? – деди көөдөнү көтөрүңкү жигит.

– Кайсы Какиш?

– Ушул жердин уборщицасы. Ал болгондо... А, эчтеке эмес, ме! – чөнтөгүнөн тыйын алып сунду, – бир компот алып кел.

– Тур, Арбак, – деди семизи.

– Менин төгүп аларымды билесиң го, Гүпчөк. – деди арыгы көзүн жашылдантып.

– Даярга гана тапсың... – Гүпчөк ага алая карап алып, анан бир стакан килас компотун алып келди.

– Бириң ичип жибер, – деди көөдөндүүсү.

– Өгк! – Гүпчөк жийиркенип кетти.

– Таңдайыңда чыпташып, кайсы адам ичет муну, – деди арбак.

– Төгүп салгыла эмесе, – деди Көөдөн.

Эми аракты куюштуруу маселеси кыйын болду.

– Төгүп коём... билесиңер го... – Арбак көзүн жашылдантты.

– Мен эртеси биринчи стаканды ичишим тозок. Түн жарымында ичкен муздак кесме сиңбей, алкымыма келип турат. Адатыңдай ишке жарап, азыр да өзүң тирилтип ал бизди, кагылайын Куке. Анан... биз сенин таман алдыңдагы кулуңбуз, – деди Гүпчөк жалбарып.

Көөдөн текебердүү жылмайып койду. Сол колу менен бөтөлкөнү моюндап, оң алаканы менен түбүнө бир урду эле оозундагы калай капкак «пөк» этип учуп кетти. Анан кырдуу стаканга үч эличе куюп, лык эттире бир ууртап коюп, стаканды кичине кармап туруп калды эле Арбактын чый-пыйы чыгып кетти:

– Куй, куй, тез-тез!



– Өлүп баратасыңбы? – Көөдөн ага карабай кезекти Гүпчөккө сунду. Гүпчөк колундагы аракты бир карап алып эле окшуп жиберип, оозун баса калды. Уурту былтыйып, бетине көк тамырлар тээп чыкты.

– Энеңди... Иче албагандан кийин... – Арбак Гүпчөктүн алдындагы аракты шып ала коюп, кош колдой кармады. Ошенткенине карабай колдору ушунчалык калтырап кеткендиктен стаканга жарымдан ылдый куюлган арак чайпалып столго чачырап кетти.

– Энеңди... төкпө! – деди Гүпчөк оозун баскан беш манжасынын арасынан араң кыйкылдап.

Көзү арактан өтүп бараткан Арбак башын эңкейтип, тиши менен стакандын кырына жабыша түштү. Шыкылдап тиштер тийген стакан зыңгыр-зыңгыр этти титиреп. Көөдөн аны аяп кеттиби же жини келдиби, айтор, бир колу менен моюндап, ээгин жогору көтөрүп, бир колу менен стаканды жамажайына такап, аракты оозуна куюп жиберди. Тиги какап-чакап, эки ууртунан куюлуп кеткенине карабастан оозундагы аракты кылт-кылт жута баштады. Эки көзүн чылк жумуп, ушунчалык ырахаттанып жутту дейсиң, купкуу жүзүнө кан жүгүрө майда бырыштары жылмаланып баратты...

– Өх-х! - деди бир демден кийин Арбак. – Илайим эки дүнүяда кордук көрбө дос, тимеле адам кейпине келтире койбодуңбу.

– Ой силер эмне тартипти бузуп... – Аялдын шаңк эткен үнүнөн үчөө тең селт эте түштү! Алардын алдында алжапкыч тагынып, көкүрөгү кофтасын тиреген, толмоч, кызыл жүздүү аял турду эки колун бөйрөгүнө таянып.

– И, Какишка, кел. Дем алышта да өлүп кетелиби. Биз сенсиз замзамдын суусун куюшка челек таппай. Отур мындай! – Көөдөн оозун алжайтып, аялды белинен имере тартты. Аял булт эте бошонуп, ары басты. Аялдын кымча белинен эки жакка түпкүчтөй бөлүнө түшкөн чоң көчүгү туу байталдын соорундай былкылдайт. Анын артынан карап калган Арбак шыпшынып-шыпшынып алып, шилекейин жутуп ийди. Бирок, беркилерге шек алдырбайын дедиби, кокус эле минтип койду:

– Бул катын эмне жеп семирди экен?

Анын абалын байкай койгон кыйды Көөдөн санын чаап, каткырып алды:

– Ой жана эле өлалбай жатат элең го. Бир ууртамга адам боло түшүп, эми майлуу көчүктөн көзүң өтүп калдыбы а? – Көөдөн ыкшыганын араң басты.

– Ассалоом алейкум, туугандар? – Сакал-муруту өсүп, өңүнүн кайсы түстө экени такыр билинбей, бөздөй бозоруп, жүдөгөн бирөө

үчөөнө алмак-салмак жалдырай кол сунду. Беркилер ага жийиркене гана карап коюшту. Бөздөй бозоргон адам аны капарына да алып койбой сүйлөй баштады:

– Ушу, ишенсеңер, он бир күндөн бери тамактан тырнактай наар өтпөйт. Силердей жакшы адамдар берген тыйын-тыпырга вино алып ичип, жан сактап келатам.

– Турчу нары, уйгактай жабышпай. Бир жолу тыйын берип койсо... Ушу, сеники өттү, алкогол! – Гүпчөк килейген колу менен түртүп ийди эле тиги бечара артына сендиректеп барып, аз жерден чалкадан кетпей калды. Таяна калган стулга коомай отурду да өзүнчө кобурап кирди:

– Бандиттер эле кыйнап балээ болду... Күндө балкондон ашып түшүшүп, бычак такашат... батышка карай саатына алтымыш километр ылдамдык менен учуруп, алып кетебиз деп коркутушат.

– Ээй, эмне эле деп дөөрүп атасың? Бери келчи?! – деди Көөдөн. Тиги леп этип жанына келип отура калды. Көзү стакандын түбүндөгү арактан өтүп, бир калаты жайнап кетти. Көөдөн аны аягандай башын чайкап, стакандагы аракка кичине кошумчалап, алдына жылдырды. Гүпчөк жарылып кете жаздады:

– Алкогол бокту ичсин! Кезек меники! – деп, стаканга жабыша түштү.

– Тарт колуңду! Эмне, пулуң күйдүбү сенин! – деди Көөдөн аны зекип.

– Бергенди иче албай окшуп, адамдын көөнүн айлантасың дагы. Жиниме тийсең бир тамчы жок сага!

Гүпчөктүн ичинен жели чыгып кеткенсип шөлбүрөй түштү. А Алкогол болсо Арбакка окшоп калтырап-нетпей эле аракты шып кагып жиберип, анан чын эле түгөнүп калдыбы дегенсип, стакандын түбүн таңдана карап калды. Көөдөн аны быкынга түрттү:

– Кана түзүктөп айтчы, дөөрүбөй. Эмне болду дейсиң?

– Күндө эле балкондон ашып түшүшөт. – Жанагы сеп этkенине көңүлү жайлана түштү окшойт, иреттүү сүйлөй баштады. – Анан саатына алтымыш километр ылдамдык менен батышка учуруп кетебиз дешип, алкымыма бычак такашат.

– Кимдер? Кимдер алар?! – Беркилер жаалап жибериשти.

– Бандиттер... Кара маска тагынышкан төрт бандит. Бирок, алар менин кыйкырыгыма кошуналар кирип келгенде жер жуткансып, житип кетишет...

Ушинтип, күндө кеч кирейин дегенде эле менде жан жок. – Алкогол сызылта үшкүрүп алып, столго чыканактай, башын мыкчып калды. Катуу чыккан каткырыкка берки экөө чочуп кетишти. Каткырган Арбак эле. Жана ызаланып калган Гүпчөк алемин эми Арбактан чыгарды:

– Эмне энеңди? Жин тийдиби?! Жиниңди минтип эле кагып коём, – деп куркуйган мойнун аткый кармап, бууп калды.

– Мен... эмес. Тиги... Алкогол... жинди... Коё бер-р! – деп кыйкылдады Арбак. Көөдөн араң ажыратты. Арбак кызара түшкөн мойнун укалай Гүпчөктү бир ашатып алып, анан кандайдыр бир жакшылык кабар айтып жаткансып, бапыраңдады:

– Бул Алкогол арактан жинди болуптур. Мен билем, мен укканмын. Бул дарттын атын белый кроп дейт. Белый кроп болгондорду буга окшотуп түнү гана коркутушпастан кээде чак түштө эле келишип, көөдөнүнө минип алышып, белкурчоосунан аралап таштайт имиш, бандиттер. Анан...

Көөдөн столду бир муштады:

– Жап оозуңду! Бокту билбей тантырайсың. Белый кроп имиш. Белая кровь башка оорунун диагнозу – каны бузулгандык. Бул оорунун атын белая горячка дейт, маңбаш. Бирөөнүн башындагы чөптү көрүп, өз башыңдагы төөнү көрбөйсүңбү? Тиги бечарадан сенин эмнең артык? Түн ичи улам чоочуп, коркуп, такыр уктаган жокмун дедиң го жана эле! – Ушинтип Арбакты катуу какты да Алкоголго чын дилинен боору ачыгандай болду. Бир демге аны тунжурап карап турду, анан акырын далысына колун койду. Алкогол дирт эте түштү, бирок башын көтөргөн жок.

Чыдамы такыр кеткен Гүпчөк бир калаты чыйылдап ийди:

– Айланып кетейин Куке, куй. Заар болсо да шарт алып жибербесем, нан урсун, агари.

Анткен менен Гүпчөк антына тура албады. Оозуна жете электе эле окшуйт да, кайра стаканды жерге коёт. Өңгөчүн тартып-тартып буулуп кетет. Аны карап туруп, Көөдөн жарылып кеткидей болду.

– Эй, Гүпчөк, ушу жүз грамм аракты иче албагандан кийин өлүп эле албайсыңбы. Эркек адам мына минтип ичет, – деп Гүпчөктүн колунан стаканды жулуп алып, калган аракты үстүнө куйду эле жык толо түштү. Анан башын чалкалата аракты алкымына оодара берип «лак-лак» жутуп жиберип, бошогон стаканды «так» эттире столго көмкөрүп койду.

Арбак чындап таң берип, шаппак чаап жиберди. Гүпчөк болсо тетирисинче:

– Ырыскыдан куру калат деген ушулбу? А? Ушубу!?. – деп жаш баладай бышаңдап, көздөрүнөн жаш кылгырып кетти.

– Ай, Гүпчөгүм, ыйлаба? – деди арак дароо башына жетип, көңүлүн көкөлөтүп ийген Көөдөн көкүрөгүн керип. Анан коюн чөнтөгүнөн бир тутам акчаны сууруп чыкты. – Мына пул. Пулуң барда даңгалда шорбо. Бүгүн жыргатам силерди. Уч, Арбак, дагы бирди алып кел!

Арбак учуп кетти. Алкогол болсо башын көтөрүп, көздөрүнөн кандайдыр бир аёо сезими жылтырап, Көөдөндү жалдырай карап калыптыр. Анан өз оюнан чочугансып, үшкүрүнүп алды да минтти:

– Байкашымча түзүк жигит экенсиң, иним. Ошон үчүн айтып атам, бул жаман жолуңдан, мына азыртадан кайт. Мен дагы аз эле жыл мурда теңирди текейге теңебеген, текебер жандын бири элем. Азыркы абалымды, мына өзүң көрүп турасың. Баамдап атам, ушу сен азезилдин тырмагына илине баштаганыңы сезбей атасың. Дагы кичине эле оролошо түшсөң кудайың да сактап кала албайт. «Эсиң барда – этегиңди жап» дегендей, жарык-жаанда жарык жолуңа кайра кайт, айланайын...

– Эй, энеңди урайын! Эмне дөөрүп жатасың?! Сага ит теңелсин! – Көөдөн жаны чыгып кеткидей болуп, опурулуп, ордунан атып турду.

Гүпчөктүн чырагына май тама берди:

– Мына сага... боор ачып, арак бересиң а, дагы.

– Бо-боруңа гана тептиби, а? – деп табалай күлүп жатып, кокусунан көзү Көөдөндүн канталаган ызгаардуу көзүнө уруна түштү да, кан буугандай тык токтоду. Кайра жойпуланып, беркини шылып жиберди: – Кукеме айланба. Ит, доңуз! Кукем өзү айткандай сага ит теңелсин, Кукемдей жигиттин туйгуну аракка алдырабы? Көрдүң го, кандай шыңгытканын.

Гүпчөк куру оозу менен гана чектелип калбастан тигини жакадан алып, катуу тартканда столдун кырына тийген жаагы айрылып кетти. Ошого карабастан ордунан булкуп тургузуп, эшик көздөтө көчүккө бир тепти эле тумшугу жер сүзө жаздап барып араң оңолду.

Алкоголдун кете турган түрү жок. Кире бериштеги столго өбөктөй отурду. Көөдөндү безирейип тиктей берди. Жаагынан жакасына сызылган канды аарчып да койгон жок. Бир маалда Көөдөндөн көзүн албаган бойдон оозу-мурду кыйшая, көзү аңтарыла түшүп, башын чайкап-чайкап алды да, кандайдыр табышмактуу ыржайып койду. Бир жамандыктын эпкини ургансып, ~~Көө~~дөндүн жүрөгү шуу дей түштү. Бул жүрөксаадалыктан анын оюн жанагы аялдын чаңкылдаган үнү алаксытып жиберди.



– Дагы хулигандык кылсаң милиция чакырам. Андан көрө... – деп Гүпчөктү коркутканча тиги аял эми колундагы ным чүпүрөк менен столдун үстүн сүртө баштады. Коюн чөнтөгүн дөмпөйтүп эми эле келген Арбак, энтиккенин баса албай атып, столду сүрткөн сайын улам чытырый түшкөн аялдын кош эмчегинен көзү өтүп шыпшынат. Аны сезген аял мыскылдуу жылмайып, көкүрөгүн андан бетер керип, түпкүчтөй тегерек соорун жайкалтып, столдон ары бурулуп кетти. Өзүн-өзү алаксытайын дедиби, айтор, Арбак дагы күбүрөп, тантып койду:

– Бул катын эмне жеп семирди экен?

Аялдын кулагы сак экен, угуп койду. Кайрылып келип, Арбактын кулагына шыбырады:

– Эмне жеп семирди дейсиңби? Ийне жуткан ит кейиптенбей сен да семирип ал, шордуу. Анын сырын айтып берейинби? – Анан өйдө боло берип шаңк этти: – Бүгүн биздикине баргын. Эриме айтайын, сени да семиртип койсун.

Көөдөн аялдын сөзүнө маашыр болуп, залды жаргыдай каткырды. А Гүпчөк болсо баятан бери көздөрүн чылк жумуп, жарым стакан арактı улам бир ууртап, кайра стаканга кулгуп аткан эле. Эми аялдын сөзүнө күлөйүн деп чакадыбы, же көөнү катуу айнып кеттиби, неси болсо да «бу-у-у» деп оозунан кесме аралаш кычкыл кусунду атырылып кетти. Дал ушул учурда булардан көзүн албай отурган Алкогол жин тийгендей кыйкырып жиберди:

– Ушинтип жашагыча өлгөн артык. Муунуп өлө-өм! Өлө-ө-өм! – деп сыртка атып чыкты.

Бейит. Четтеги казаны катар оюлган мүрзөнүн ичинде кыбыланы жаздана эки өлүк коюлган. Эми сөөктөрү эле калган ошол эки арбактын бири колун көтөрүп, куу манжалары менен оң жактагы мүрзөнүн дубалын шакылдатып чертти. Дубалдын ары жагындагы арбак да так ошентип жооп берди. Эки арбак сүйлөшө баштады.

Биринчи арбак:

– О, урматтуу кошунам, тиги жарык дүйнөдөн биздин бейитке келчү жолду караңызчы.

Экинчи арбак:

– Көрүп турам, бирөөнүн табытын көтөрүп келе жатышат.

Биринчи арбак:

– Ошол табыттагы өлүктү менин сол жагыма коймок болушту...

Экинчи арбак:

– Зап болуптур да. Үчөөбүзгө көңүлдүүрөөк эмеспи.

Биринчи арбак (жаны кашайып):

– Көңүлдүү болбой куруп кетсин. Табытта гөшү гана эмес, сөөгү да арактан чирип калган адамдын ириген өлүгүн алып келатышат. Сиз го нары жакта кала турган болдуңуз, теңир жалгап... тигинин арак сиңген ачкыл жыты уруп, эми менин бейишим тозокко айланмак болду...

Экинчи арбак (боор ачып):

– А бечара. Кошунам, а-а. Чын эле шоруңуз катмак болуптур да.

Биринчи арбак (бышактап):

– Ооба, кошунам, шорум караандай катмак болду...

Чын эле шору катарын далилдегенсип, бечара арбактын сөөк көз чарасынан кара чаар жылан башын кылтыйта калып, ача тилин соймоңдотуп жиберди...

## ТУРМУШ КЕЧҮҮСҮ

– Мен көчөдө кайыр сурап калсам да иштебейм! – деди Кыдырбек. Ал биздин ишке кирмек болгонубузду жактырган жок. Балким, көрө албай жаткандыр...

– Эмне, шаарда атаңын үйү бар беле? Иштебесең кантип күн көрөсүң? – деди Абды.

– Баласың сен! – Кыдырбек кызаңдай түштү. – Күнүнө элүү тыйындык тамак жесең, бир айга он беш сом кетет. Үйдөн ар айда жыйырма сом жиберип турбай өлүппү?

– Кеп акчада деле эмес. Иштесең турмуш үйрөнөсүң, наркыберкини билесиң, – дедим мен.

– Болуптур! Иш менен турмушту экөөңө бердим. Деги мени тынч койгулачы... – Кыдырбек тетири карай жатып алды.

Үчөөбүз бир төшөккө жатканбыз. Кыдырбек бат эле коңурук тартып уктап кетти. Абды деле үнчүкпай дымып калды. Ал да «а дүйнөгө» жөнөдү окшойт. Менин гана көзүм чакчайып, уйкум келбейт.

* * *

Абды экөөбүз мектепте окуп жүргөндө Фрунзе дегенде ак эткенде так этип, таттуу кыялдарга өрөпкүп «Университеттен бир окусак» деп тамшанчу элек. Ошол көздөн учкан Фрунзеге да акыры келдик. Бирок, өзүбүз көксөгөн журналистика бөлүмүнө кире албасыбызды дароо эле билдик. Ага түшкөн арыздар эң эле көп экен. Жарымынан



көбү өндүрүштөн келгендер дешти. Биздин стажыбыз жок эле, ошол себептен өтпөсүбүзгө көзүбүз жетти да, акыл сурап деканга кирдик. Ал киши журналистика бөлүмүнүн жаңы ачылып жаткан кечки группасына кирүүгө кеңеш берди. Биз кечки бөлүмүнө экзамен таппшырдык. Кыдырбек менен ошондо таанышып, бирге жашап калдык. Экөөбүзгө басмаканадан жумушчулук орун табылды. Мен ушуларды ойлоп жатам. Тап-такыр уйкум келбейт...

– Тур, тур деййм! – Абдынын түрткөнүнөн ойгонуп кеттим. Саатыма карасам туп-туура жети. Оң жакта Кыдырбек жатат. Ал чалкасынан түшүп бейкапар. Абды экөөбүз шашыла кийинип сыртка чыктык. Саргая баштап, эртеңки керимселге дирилдеген тиги чоң жыгачтардын жалбырагындай биздин жүрөгүбүз элеп-желеп. Ананчы, өмүрүбүздө бүгүндөн баштап чыныгы жумушчу болуп иштөөгө баратпайбызбы. Басмаканага да кирдик. Кечээги бизди жумушка алган басма цехинин начальниги Иван Григорьевич жолукту. Ал кабагы салыңкы, көп сүйлөбөгөн москоол киши экен. Бизди көргөндө оң бутун сылтый басып жаныбызга келди да:

– Келдиңерби студенттер, кана эмесе жүргүлө! – деп ээрчитип цехке алып кирди. Цехтин ичи кенен залдай экен. Төрт бурчунда төрт басма машина турат. Машинанын баш жагындагы туурасынан коюлган жоон үбөлүк «гыш-гыш» этип ар бир айланган сайын эсептегендей бирден чоң баракты печатка басып чыгарып турат. Биз кызыгып, айланага карап жатабыз. – Бүттүңөрбү? – Иван Григорьевич кашын жыйыра, мурутун туктүйтүп бизди бир карап алды. – Нина, буларга иш тапшыра бер!

Ары жактан бир жумушчунун алдына барып, баятан бери бирделерди көрсөтүмүш болуп жаткан кыз алдыбызга келип сынагандай бутубуздан жогору карай бир сыйра карап алды. Кур калган жокпуз, жука эрин, чукул көз, кууш маңдай, кыска кыркылып, бардык учун тиреп байлап койгондуктан бир тутам болгон желке чачы эчкинин куйругундай сербейген кыз алдыбызда турду.

– Кана эмесе, жүргүлө. Печатка кагаз алып келебиз. Мен бул цехтин мастеримин. Силер да бүгүндөн баштап ушул цехтин жумушчусусуңар, – деп ал кыз илеби-илебине тийбей чак-чак сүйлөп, бизди ээрчитип жөнөдү. Кагаз түрүүчү складга келдик. Бул жерде да кагаз кыркуучу бир машина турат. Кыркылган актай кагаздар ирети менен шыпка чейин үйүлөт. Эшиктен түшкөн күндүн нуруна кагаз тозоңдору уйгутуйгу. Кагаз эле жыттанат. Мобу жыйылып турган кагаздан жыйырма бешти арабага жүктөп, басуучу цехке алып баргыла. – Нина жыйылып турган кагаздардын бирөөнү көрсөттү да чыгып кетти.

Бул кагаз өтө эле сыйгалак экен. Кармасак деги эле эп келбейт. Жүктөп бүткөнүбүздө жанагы эле пачка-пачка болуп чекебели тегиз турган кагаз, азыр ара-ара болуп пачка экени да белгисиз.

– Ай, бул эмне кылганыңар?! – Нина биз алып келген кагазды көрүп чоочуп кетти. Кызарып туруп калдык. Аңгыча цехтен чыга калган, майланышкан комбензон кийген чап-жаак, саргыч чачын жылма тараган орус жигит жаныбызга келди. Ал күлүңдөй бизге бир, жүктөлүү турган кагазга бир карап алды. Бир пачкадай кагазды эки четинен кармап ыкшап-ыкшап койду да, анан ие көтөрүп колун бир аз бошото алдыдагы кагазга дүк койгондо, жанагы эби-сыны жок пачка эми тептегиз төрт бурч кейипке келди.

– Силер кагазды алганда телегага бүктөөсү боюнча жүктөгүлө, өзүңөргө оң болот. Бул кагаз сыйгалак. Башка түрлөрү жабышкак келет. Ал кагаздар мынча кыйнабайт. Үйрөнгүчө билбегениңерди сурагыла. Менин атым Саша, тиги биринчи машинада печатникмин, – деп ал жигит биздин атыбызды да сурап билгенден кийин мындай койгула деп жанагы өзү алган пачканы кордонго жая бизге көрсөтүп, анан мыйыгынан күлө көзүн кысып койду да цехке кирип кетти. Чынында биз ал жигитти жакшы көрүп калдык.

Андан ийин Нинанын көрсөтүүсү боюнча печатка баштан барактарды фальцовкага ташыдык. Аерде баштан барактарды бет-бетине дал коюп олтурган аялдар. Саат төрттө иштен чыгып, талыкшып үйгө келдик. Кыдырбек уктап жатыптыр. Ал биздин шыбыртыбыздан ойгонуп көзүн ачпай:

– Кандай иш? Иш жактыбы? – деп сурады.

– Ананчы... – Мен чаалыккан түрүм менен жооп бердим.

* * *

Абды, Кыдырбек үчөөбүз окууга жөнөдүк. Сабак кечки саат жетиден башталат. Биз тротуар менен барабыз. Карама-каршы келе жаткан үч кызды көрсөтө Кыдырбек:

– Карачы, просто чүрөктөр экен, – деди.

Анан артына карап баратып, алдыдагы келе жаткан кемпирди омуроолоп кетти.

– Ай, балам! Адамча карасаңчы, көзүң барбы? – Теңселе түшкөн кемпир өзүн түзөп анан Кыдырбекке карады.

– Эмне? Мен сизден көз сурап жатамбы? – Ал корс этти.

– Акылсыз десе. – Кемпир буурул ак башын чайкап басып кетти.

– Карачы! Камгактай жеңил экен ай. – Кыдырбек өз сөзүнө маашыр боло кыт-кыт күлдү.



– Айып сенде. Кечирим сурашың керек эле. – Ал менин айткан сөзүмдү капарына албай, кайра:

– Ошентип-ошентип көнүп кетет, – деди да, биз менен катар жүрө берди.

* * *

Абды экөөбүз цехтин ичин шыпырып, таштандыларды ящикке салдык да, эки четинен кармап таштандыларды төкчү жерге алып жөнөдүк. «Бырс» эткен күлкүдөн улам жан жагыбызды карасак кароолчу кемпирдин жанында беш-алты кыз бизди карап турат.

Кээ бири бизди карап оозун баса ичинен күлсө, башкасы аны кой дегенсип анысын түртө мостоёт. Алар чоочун кыздар, бул жерде иштешпейт. Практикагабы, же мүмкүн башка иш менен келишкендир. Кийимдери таза, ыраңдуу эле кыздар экен.

– Бетиң боз ала чаң. Кара май да жугузуп алыпсың, – дедим мен көзү гана жылтырап көрүнгөн Абдыга.

– Сеники меникинен кем эмес, – деди ал.

Экөөбүз тең мостоюп, эмне кыларыбызды билбей, кызарып туруп калдык. Экөөбүздүн кебетебизди көрүп жанагы оозун басып араң тургандары ачык эле күлүп жиберишти. Көзүбүз ымыр-чымыр боло түштү.

– Бүгүндөн нары цехти шыпырбайбыз. – Экөөбүз Нинага жарыша айттык. Шыпыргыч ооруп калыптыр келгиче аткара тургула деп кошумча иш берген ошол да бизге.

– Эмне үчүн?

– Биз шыпыргыч эмеспиз да.

– Эмне кеп, жолдош студенттер! – Сылтый басып, кабагын чытыган Иван Григорьевич жаныбызга келди.

Биз болгон ишти ага айттык. Ал салыңкы кабагын бир аз жаза жылмайды да:

– Анан силер да эби менен чаң болбойсуңарбы, – деди. Кайра мурутун түктүйтө эки кашынын ортосун жыйрып, кабагын түйүп. – Кошумча наряд жазып берейин дедим эле. Каалабайт экенсиңер мейли, өз ишиңерди иштей бергиле, – деп басып кетти.

– Болуптур. Сен барып складдан кара боёк алып кел, – деп Нина Абдыны жөнөтүп мага да иш буюрду. Мен бланкаларды биринин үстүнө бирин коюп төрт пачкасын таңып жатканымда Нина колумдан жулуп алды:

– Ай, сен бир нерсени ойлойсуңбу?!

– Эмне болду?

– Эмне болду дейт! Момундай байла дебедим беле! – Ал бланканы кагазга ороп мага көрсөттү.

– Кечиресиз. Айтканыңызга түшүнбөй калыпмын, орусча сөзгө анча... – дедим орусча чала сүйлөп.

* * *

Биз эшиктен кире бергенде Кыдырбек столду кучактай отуруптур. Алдында бир килого жакын колбаса, ак нан, кант турат.

– Иштер тоймоой! – деди ал бизди карай былч-былч чайнап.

– Дараметиң чоң го, – Абды күлө карады.

– Ананчы. «Бекер кепин болсо, өлмөк керек» дейт. Келгиле, андан көрө бекер тамактан силер да жегиле.

– Кандай бекер тамак? – деди Абды.

– Э дос, бүгүн барып университеттен каттарды карасам бир кат шуудурайт. Калың экен. Ичин ачсам үч сом акча салып коюптур. Кызыгын эми таптым. Башта деле каттарды көп карачумун, бирок ичинде акча болот деп үч уктасам түшүмө кирчү эмес.

– Ал кат кана?!

– Тытып салгамын.

– Каттын ээсинин фамилиясы ким?

– Байкаган жокмун. Эмне эле такып калдың? Иши кылып кат экөөңө эмес. Кел, тамактан же.

– Жебейм! – деди Абды. – Эгер ошол каттын ээсин билсем!...

– Сен да жебейсиңби? – Кыдырбек мага кайрылды. Мен эмне дээрди билбейм.

– Жашоонун да жолун билиш керек, жолун!.. – Кыдырбек мыскылдуу күлдү. – Кой дос. Ушинтип кыйналгыча колхозго эле кет. Минтип жүрсөң адам болбойсуң. А адам аз эле жашайт...

– Болду!!! – Мен титиреп тура калдым.

– Болсо болду! – Кыдырбек жайылуу төшөккө чалкасынан жата кетти.

* * *

Бүгүн шаршемби. Бул күнү бизде окуу болбогондуктан эрте эле жаттык. Ырас, үйүмдү сагынганымды эми билдим. Үй жөнүндө терең ойго баттым. Инилерим, апамды эстеп, улутуна түштүм. Баары белен, баары көңүлгө ынак. Апамдын тарамыштары көгүш тарткан мээнеткеч колдору бышырган татуу тамактар... Муңканткан кыял менен уктап кетиптирмин...



...Жүгөрүлөр бышайын деп калыптыр. Мен чемоданымды көтөрүп үйгө жакындап калдым. Адатымча биринчи көрүп биздин ала мойнок ит жүгүрүп чыкты да мойнума асылды. Аны башынан сыладым. Ана, эшиктин алдында инилерим чүкө атып ойноп жатышат. Апам болсо мордой түтүндү булата, очокко от жагып күйпөлөктөп, казанды көөлөй бир нерсе бышырып жатат. Мени байкашпайт. Чыдай албай кыйкырып жибердим.

– Апа!

– Тур, тур, ишке жөнөйбүз! – Абдынын түрткөнүнөн улам ойгонуп кетсем түшүм экен. Биз шашыла кийинип жумушка жөнөдүк.

* * *

Күндөр өтө берди. Бүгүн биринчи жолу башталган тарых сабагынын семинарына жакшы жооп бергенибизге Абды экөөбүздүн тең көңүлүбүз ачык. Эшикте айлананы булут чүмкөп, көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Түн бир убак болуп калса деле Кыдырбек жок. Ал бая биз жуmuштан келгенден кийин «баары бир барсам «эки» алам, семинарга даярдана алган жокмун» – деп, үйдө калган эле. Аңгыча эшикти шарт ача кызымтал болгон Кыдырбек да кирип келди.

– Кыздарга бардым, кыздарга, – деди ал көтөрүңкү сүйлөп.

– Кайсы кыздарга?

– Женпедке. Бир чүрөк менен тааныштым. Мощ экен...

Кыдырбек чарчагандай үшкүрө жаныма отурду. Анын өңү баштагыдай эмес. Шапайып, бетинен сары түгү чыгып турат. Ырас, өзү сулуу бала. Чучуктай шымы менен, кең мүрүлүү костюму чарчы бою на куюп койгондой жарашат. Кээде биздин кең шымыбызды чымчый кармап, силкип-силкип коёт да, «ай, мешоктон качан кутуласыңар?» деп кыт-кыт күлүп калат. Анын кээ бир жат кылыктарына таң калсам, кээде ыраңы азып баратканын көрүп аяп кетем.

– Кыдырбек! – дедим мен.

– Эмне?

– Келчи дос, ийри отуруп түз кеңешели.

– Не демексиң? – Ал кулагын түрдү.

– Көп уктагандыктан, абдан жүдөп баратасың. Эгер иштесең дениң чыңалат эле. Турмушка аралашасың. Кругозоруң кеңейет. «Окуган жокмун» деп биринчи болгон семинарга да катышпай койдуң.

– Э койчу, дос, мага лекция окуганды коюп, өзүңдү бил. Ар кимдин башы өзүндө. Мен иш сурап жатамбы силерден?

– Иштесе эмне экен. Ошого жараша акчаңды аласың.

– Айланайын коркпочу, мен сенин иштеп тапкан акчаңдан сурабайм. Акча десең мына! – Кыдырбек алдыма көк конвертти таштады. Ачып окуй баштадым: «Медерим, пул сал деген экенсиң баягы кийизди сатып сага салдым, кам санаба. Сен үчүн энең курман. Бирок баягынын баласынча деп кепке калтырба. Жакшы окусаң мен ыраазы. Пулуңду күтүп ал деп кат жаздырган энең – Барчагүл».

Мен титиреп кеттим.

* * *

Кеч күздүн жааны купайкечен бизди чыйрыктырып жиберди. Имараттын бурчундагы атайы жаан үчүн коюлган ноочолордон шыркырап, билектей суу түшүп жатат. Типографиянын короосунун айрым чуңкурая түшкөн жерлери көлчүктөп, теректин сары жалбырактары суу үстүндө калкыйт. Сээлдей, тып-тып бетибизге тийген жаан тамчысы ичиркентет. Кол арабабыздын артында чоңураак эки, алдында кичинекей бир гана дөңгөлөгү бар. Өтө жеңил болгондуктан, канчалык кагаз жүктөсөк да кыйналбайбыз. Азыр жаанга бетимди тосо элпек тартып баратам. Цехтин алдына жете бергенде «дүк» этте түштү да, арабабыз шарт оонап, кагаздын баары көлчүктөгөн суугa чыланды. Байкоосуз артында келе жаткан Абды кармай калууга үлгүрбөй калды. Көрсө суу толгон чуңкурга арткы бир дөңгөлөгү түшүп кетип, оонап калган турбайбы. Биз эмне кыларыбызды билбей шашып калдык...

Кечинде үйгө келдик. Кыдырбек костюмун тазалап жатыптыр.

– Шөмтүрөп, карышып калыпсыңар го. – Кыдырбек кыт-кыт күлө мага кайрылды: – Иште, иште дейсиң. Иштин кандай экенине көзүң жеттиби? Ай, мен просто аяйм! Минтсеңер бат эле өлүп каласыңар, ха- ха-ха-ха.

– Ушу, сеники өттү баарынан... – Мен Кыдырбектин жакасынан жакжайта кармаганда Абды арага түшө калды. Эртеси типографияга бардык. Цехтин начальниги Иван Григорьевич бизди көрөрү менен:

– Кана, студенттер, жүргүлө. Силердин тарыхыңарды да уктум, – деп кабинетине ээрчитип кирди. Кооптоно түштүк. Ал бизди отургузуп болгон ишти кайра өзүбүздөн сурады. Биз болгон ишти толук айттык.

– Демек, атайылап кылбапсыңар да, – Иван Григорьевич бизге кунт коё карады. – Ооба балдар, түрдүү кокустуктар боло берет. Бирок, абайлаш керек. Баргыла эми, иштей бергиле.



Биз айран-таң калдык. Ал туруп бизди далыдан кармап, көзүбүзгө күлүңдөй карады. Алдыбызда мурдагы түктүйгөн муруттуу чытылган кабактын ордуна жадырап-жайнаган бир киши турду.

– Балдар, – деди ал жылмая, – турмуштун ар кыл кыйынчылыгы болот. Баарына чыдаш керек. Мен да согуштан чолок болуп келгенден кийин так силердей ушул типографияга жумушчу болуп киргенмин. Соо болсоң бир жөн, бирок бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келди. Тырышчаак болгула, балдар. Жаштардан көп нерсе күтүүгө болот. Силер турмуш кечүүсүнө эми кирдиңер. Жакшылап иштегиле. Жарайбы?

– Жарайт! – Экөөбүз бирдей жооп бердик.

Биз иштен чыгып үйгө келсек, үңкүйүп Кыдырбек отурат. Анын мындай ойлуу отурганын эч качан көрбөгөн Абды экөөбүз таңдана түштүк.

– Сага эмне болду? Ооруп турасыңбы? – деди Абды. Ал биздин албырып турган өңүбүзгө жалооруй карап:

– Иштебегендерди кечки окуудан чыгарат экен, – деди да көз нурун ылдый тайгылтты. Чынында биз аны аяп, эмне деп көңүл көтөрөрүбүздү билбей калдык. Оюн башкага алаксытайын деген кыял менен мындай дедим:

– Кыдырбек, бая күнү женпедден бир кыз менен тааныштым дебедиң беле. Ал эмне болду?

– Албы?.. Анын заводдо иштеген жигити бар экен... – Кыдырбек үшкүрүп койду. Күндө бизди мыскылдап күлгөн Кыдырбектин бүгүн жылдызы жерге түшүп турат.

А биздин кубанычыбыз коюнга сыйбайт. Адамды түрдүү сыноодон өткөзүп, иргеген турмуш өзү кызык экен да.

## ЖЕР ЖАНА АНЫН УУЛУ

Күн төбөдөн салаңдап, чакчаят эле чакчаят. Жан коёрго жер таппайсың. Түндүк жактагы Төө-Моюн адыры чын эле эрме чөлдө суу таппай куруп, чөгүп жаткан төөдөй бозорот.

Ашым арабадагы чымдын акыркысын алып бешбашка таштады да, чып-чып аккан маңдай терин кир жеңи менен аарчый өйдө боло берип, ылдый жактан атын улам теминип, шашыла келе жаткан башкарманы көрдү. Ал алыстан эле Ашымга мурду менен бир тийди:

– Э, Ашым!.. Бу, сен кууратмак болгонсуң го!..

– Эмне болуп кетти мынчалык? – Ашым таңдана башкарманы карады.

– Эмне болду дейт дагы. Көрбөй турасыңбы, жүгөрүң куурай баштаган турбайбы!

Ой, жердин ортосуна коюп койгон молодой далдайбай эми качан сугарасың?

– Сугарабыз... – Ашым башкарманын сөзүнө териге түштү.

– Көп аша чаппаңыз, Тайыбаалы аке. Мен дурусураак иштейин дебесем сизге барып, жер бөлдүрүп албайт элем. А, жүгөрүнү сугарышка учуру келе элек болучу. Биринчиси жакшы сугарса тез көтөрүлөт. Бул жерди атайын бөлдүрүп алгандан кийин эмне болсо да өзүм жооп берем.

– Жооп бергениңди да көрөбүз. – Тайыбаалы аке атын моюнга бир чаап, кайрылып кетип баратып сүйлөдү: – Көрдүңбү, башка жердеги жүгөрүлөрдүн көгөргөнүн? А сеникичи?..

Тайыбаалы акенин узап баратканын карап турган Ашымдын жүрөгү болк эте түшүп, «чын эле биринчи сугатты кечиктирип койдумбу» деп ойлоду. Жүгөрүсүн кара кочкул тарттырып, жалбырактарынын учун саргайта баштаган ысык аптап, эми Ашымдын ичин да алоолонтуп каптап өткөнсүдү! Жок, жок. Андай болушу мүмкүн эмес... – Ал арабаны четке чыгарып, аттарын отко койду да, кетменин көтөрүп те боордогу чоң арыктын алышын карай басты.

* * *

Тайыбаалы аке жүгөрүнү четтен көрүп келе жатты. Мурдагы күнкү кара кочкулданып, шалпайган жүгөрүлөр азыр жайылып, жалбырактары тикчийип, көгүш тарта көтөрүлө түшүптүр. Жөөктөрүнүн үстүндө чүкөдөй да кургак топурак жок. Тайыбаалы аке аттан түшүп жөөктүн четин басып көрдү да, өзүн токтото албай калдыбы, керзовый өтүгү былч этип баткакка кирип кетти. Ал бутун тартып алып, өтүгүнүн ылайын жууду да, тамыры көрүнө кыйшайып калган бир түп жүгөрүнү түздөп колу менен түптөй, анан атын минип Ашымды көздөй бастырды. Ал аркы четте тетири караган калыбында суу түзөп жаткан эле. Тайыбаалы акенин барып калганын да сезген жок. Кечээки алып кеткен чымдарынан жөөк-жөөктүн башына коюп, суу бөлүп жатты. Ал бөлгөн суулар жөөк-жөөк болуп жыландай ийрилип кирип, жер курттай кашаң жылып баратат. Суу жеткен жердеги топурак



быж-быж этип нымдала улам жөөктүн кырына көтөрүлө берип, акырында капкара болуп, ошол суу басып өткөн жердин жүгөрүсү да кандайдыр жандана кулагы тикчийип, улам жашаңдап, өзүнө кубат алып жатты.

– Салоом алейкум, Ашым?

– О, келиңиз? Мен таптакыр байкабапмын.

Мурдакы күнкү жүгөрүнү кууратмак болдуң деп жемелегенине жыгылыштуу экенин билдиргендей Тайыбаалы аке ээринин кашын камчы сабы менен тык-тык урup:

– Тамырын тарта билсе жерден март эч нерсе жок эмеспи... «Эр эмгегин жер жебейт» деп... Ушул жер үчүн күрөшүп, ушул жерге канча адамдын каны тамбаган дейсиң. – Тайыбаалы аке кандайдыр бир нерсени ойлогондой кумсара, те Төө-Моюн ашуусунун алдындагы боз адырды үн-сөзсүз тынымга карап турду да, анан. – Болуптур... – деп кайра бастырып кете берди.

* * *

Түн. Көктөн жылдыз да көрүнбөйт. Казан көмкөрүп койгонсуп, көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Айыл жактан уйку сурагансып анда-санда эриккендей иттердин үргөнү, тээ бет маңдайдагы эгилген буудай жактан чегирткелердин чырылдаганы гана угулат. Ушул жаныбарлардын бейтынч үндөрү көшүгөн түндүн музыкасы сыяктуу угулуп, кулакка өөн учурабайт.

Түн жарымында түнкү тизимден кайткан тизимчилер колдоруна лампаларын кармап сарайдан чыгышты.

Алар лампасынын жарыгы менен көөдөй түндүн көөдөнүн тилип, шарактаган күлкүлөрү менен оор тынчтыктын мазасын алып, камыштай шуудураган жүгөрүнү аралап өткөн жалгыз аяк жолго келип калышты. Алдыда келе жаткан аял жүгөрүнү аралай четинен аттаганда эле баткакка бата түшүп «Апай» деп чочуп, бутун суурup шарт артка кетенчиктеди.

– Ай, эмне болуп кетти?! – деди артындагы аялдар. Анын баткак болгон бутун лампаларынын жарыгы менен көрө коюшту да, тамаша айтышып, каткырып күлүп калышты.

– Ушуну көрмөк элең.

– Койкондоп эле алдыга басканын айтпайсыңбы.

Ушул учурда жүгөрүнүн арасы шуудур-шуудур эте түштү да, жарк-журк эткен кандайдыр нур менен калдайган караан суурулуп келе жатты.

– Аа-ай! – Кээ бир келин-кыздар жанындагы бирге келе жаткан жолдошторуна жабыша калышты.

– Коркпогула, мен эле... – Караан куңк этти.

– Мен деген ким бу...?!

– Ашыммын. – Ал жакындап келди да колундагы фонаригин өчүрүп буркулдап сүйлөй баштады: – Кой десе болбой жүгөрүнү аралап өтүп жүрүп жөөгүн бузуп коюпсуңар. Кайра нугун чыгарып зорго түздөдүм. Деги угасыңарбы, силер үйүңөргө тиги шактагы чоң жол менен эле кайтсаңар эмне болот.

Тизимчилер бирин-бири карап тынымга туруп калды да, анан жанагы коркушканын эстедиби, каткырып күлүп жиберишти.

Түнкү тизимден кайткан булардын сөзү үйлөрүнө жеткиче Ашым жөнүндө болду.

– Деги үйүнө да барбаса керек.

– Кантсе да жердин майын чыгара иштейт экен.

– Чын эле былтыркы бул жердин жүгөрүсү бул маалда котур эчкинин жүнүндөй ар жерде бирден сербейчү эмес беле. Азыр төө кирип кетсе да көрүнбөй турган.

Ашым болсо алыштын башына барып, кечээ бешимден бери бир жерге түзөлүп жаткан сууну эми бөлөк жерге түзөй баштады. Ал ишин бүтүп каңатка чыкканда, таңкы желге чыйрыга түштү да, фуфайкасын кийип көк майсанга жантайды. Түпсүз асманда чекиттей болуп, торгой көрүндү. Анын мукам үнү талыкшыган Ашымды көшүлтөт. Ушул чекиттей кичинекей паренденин үнү өзүнөн миң эсе күчтүү чыгып, таң нуру менен кошо жүрөгүнө сиңип, назик уялап алганына таңданат. Эх, торгой, торгой! Таң жарчысы, эмгекчинин эрмеги торгой! Анан ал көз нурун ылдый түшүрүп, түндүк жактагы Төө-Моюн ашуусун карады. Чынында эле ал ашуу төөнүн мойнундай ийилип, боз адырдан артылып, андан ары Араванга өтүп кетет. Ашым ушул ашууну караган сайын Тайыбаалы акени эске түшүрөт. Себеби, ал талаада иштеп жүргөн кайсы гана киши болбосун «жер арык» экен десе, ал аны тыбырчыкта токтото калып: «– Жер арык эмес, сен арыксың. Эр эмгегин жер жебейт, дейт. Жакшылап иштесең жердей семиз нерсе жок. Так ушул жер үчүн, ушул жерди биздин колубузга салып бериш үчүн эчен адамдар күрөшпөдү дейсиң, эчен адамдардын каны төгүлбөдү дейсиң!» – деп урушуп кетет да, анан Төө-Моюн ашуусунун алдына карай, бир демге буулуга түшөт. Ал жерде томпоюп бозоргон мүрзө жатат. Ага Тайыбаалы акенин эң жакын эки досу коюлган. Алар жанагы эл үчүн,



жер үчүн күрөшкөндөрдүн бири Салиев Колдош менен Салиева Уркуя эле. Бул экөө Ноокатта биринчи болуп ушул колхозду уюштуруп, элди коллективдештирүүгө тартып, биринчи болуп өз каалагандары боюнча калыңсыз баш кошушкан эле. Түштүктүк аялдардан биринчи болуп партиянын катарына өткөн Уркуя кулактарды тап катарында жоюуга көп эмгек сиңирди. Ошондуктан жан талашып, өлүп бараткан байлар түнү жаткан жеринен күйөөсү экөөн тең өлтүрүп кетишет. Алар туулган колхоздун атын экөөнүн атынан Салиева деп коюшту.

Ушуларды ойлогон Ашым талыкшып, тынымга уйкунун арасында отурду...

...Ашым карарып жаткан жердин четине келди да бир ууч топурак уучтап алып, мелмилдеп турган жерди түпсүз карап ойго чөмүлдү.

О, жер! Сен кимдерди ойлонтпойсуң. Сенин үстүңдө кимдер жашап, кимдер өтпөгөн. Баарын өзүң жаратасың да, кайра койнуңа катасың. Жер, кандай кенен элең!

Ооба, сен да кылымдар бою бозоруп келгенсиң, адамдар чаңыңды чыгарып, жүзүңдү малга гана тепсетип өтүшкөн. Сен анда суусап, бозоруп чалкаңан түшүп, маңдайкы жылдыздарга суктанып карап жатчусуң. Мына, ошол сен суктанган жылдыздарды советтик уулдарың көкүрөгүңө тагып беришти. Баштагыдай эмес, азыр түн ичинде да күлө бересиң. Какшып жаткан жериңе суу жеткизип, бак тигип, шаар тургузуп, денеңди гүлгө оролтту. Ырас, арамзалар эгин эксе, сенин бетиңе түшүм эмес, өздөрү сепкен үрөнүнөн пайда болгон түктүйгөн мурутуңду көрүшөт. Сен аларга кабак чытып карайсың. Алар өзүн билбей, «жер жаман, арык» деп айыпты сага оодара салышат. А эмгекти сүйгөн азамат уулдарыңа сүтү ийген энедей эчтекени аябайсың. Алардын алп эмгегинен жаркылдап күлүп, денеңди жашылга боёйсуң. Мына, ошондой эмгекчил уулдарыңдын бири Ашым. Ал топурагыңды уучтап, баятан бери сени түпсүз тиктеп, терең ойлонуп турбайбы. Анын жазы маңдайынын майда бырыштары жазылып, күлүңдөй, кыялында сенин бетиңен мурдакылардан дагы жакшы өскөн жүгөрү эгинин көрдү окшойт. Мына, ал ошол элесин жоготпой кучактап ала тургансып, алдыга бир аз умтула колун созуп, алаканын акырын жая берди эле, анын шадылуу арбайган манжаларынын ошол элесине үрөн катары уучундагы топурак чуура баштады...

– О жер, сен кандай бактылуусуң!

# АЛМА БЫШКАН МААЛДА

Шаарбандын жогорку окуу жайына барам деп уруксат сурашы Кошу атага анча жага бербеди:

– Окуйм дегендин бири тиги Сарынын кызыбы? Прунзага барып алып, качып келгиче шашты. Кой кызым, ансыз эле Ноокатта эки жыл окудуң.

– Онунчу классты эми бүтпөдүмбү, ата. А жогорку окуу жайычы?

– Ошол он жыл окуганың жетишет. Жогорку-могорку дегениңди коюп тил ал. Миң жогоркусунан окуса да кыздын иши кыз деп коёт.

– Кантип эле кыздын иши кыз болуп калсын? Мен эч кимден калышпайм. – Шаарбан ыйламсырай атасына жалбарды. – Кагылайын ата, андан көрө уруксат бериңизчи?!

Кызына өтө эле боору оорудубу, айтор, атанын бир ачууланганда көпкө чейин жазылышы кыйын экенин, ал тургай мындай учурда сөз кайырса «төпөштөп» коёрун билсе да баятан бери үндөбөй отурган Мээрбан эне сөзгө аралашты:

– Тим коюңчу эми... Барса барып окуп келет да...

– Аа, барса барып окуп келсинби?! Сен өзүңдү билип жөн отур. – Кошу ата аялына акырая карап алды да, анан Шаарбанга кайрылды. – Кызым, апаң балээни да билбей алжый берет.

– Сиздин оюңузга түшүнүп турам, ата. Бирок, сиз шаардык турмуш менен тааныш эмессиз да...

– Олда кызым, ай! Мейли сен окууга кет, бирок, беш жыл кантип окутабыз сени...

– Силерден акча сурамак белем, институт стипендия берет. Элге окшоп окуп келип, анан сиздерди багайын дейм да...

– Кыз багып кимди жалчытсын. Кыз башканын бүлөөсү.

– Тиги өйүздөгү Кадырдын кызы апта сайын чыт-чыбыр, чайчамектеринен бери алып келип берет экен апасына. – Мээрбан эне дагы сөзгө аралашты.

– Э, койчу, болбогон нерсеге баш оорутпай. – Кошу ата жактырбады да, кол шилтеп эшикке чыгып кетти.

Айланага оор караңгылык чөктү. Табийгат, көшүп чөккөн төөдөй тоолор да уктап жатты. Түнкү уйкунун сыйкырына көнбөгөн бир гана Шаарбан. Анын ою дагы эле окууда. Эми эмне кылыш керек? Орто мектепти жаңы эле бүтпөдүбү. Илимге эми көзү ачылып, али биле элеги көп да. Окууну улантыш керек. А анда атасычы? Эгер качып



кетсе... Эх, эскичилик ай! Дагы эле болсо кээ бир үйгө толук бийлик кыласың ээ! Жок, сен жаңылышасың эскичилик! Шаарбан көпкө ойлонду. Анын качып кетүүдөн бөлөк жолу жок эле.

Таң атышка жакындап калганда колуна кичинекей түйүнчөк кармаган Шаарбан үйдөн чыкты. Ал үйү менен коштошконсуп кылчак-кылчак каранып чоң жолго баратты. Тигине, кечээ эле өзү отургузган алма көчөттөрү сербейип, кош деп кол узаткансышат. Шаарбан жолго жетти. Ана, Көк-Бел жактан машинанын көз уялта жаркыраган шоолсы көрүндү...

Кошу кызынын качып кетип институтка кирип алганына аябай кейип, өзүнүн сөзү боюнча айтканда «элдин бетин карай албай» жүрдү. Бала ата-эне үчүн ушунчалык кымбат экен го. Атанын ичи түтпөдү. Кантсе да кызына бир жолукмак болуп жөнөдү. Кошу ата ар кимден сурап отуруп институттун кыздар жатаканасын таап келди да, босогодо отурган аялга эмне дээрин билбей туруп калды. Аңгыча жогорку этаждан жеңи жок кыска көйнөк кийген кыргыз кыз жүгүрүп түшүп келди. Кыздын мындай кийгени Кошу атаны аябай иренжитти. Менин кызым да ушундай болуп калганбы деп ойлогондо денеси «дүр» дей түштү.

– Ата, сиз кимге келдиңиз эле? – Ал артына кайрылса ошол кыска көйнөк кыз жылмайып карап турат. Дагы уялбай тиктеп турганын деди Кошу ата өз ичинен. Бирок жооп берүүгө туура келди:

– Кызыма.

– Кызыңыз ким?

– Шаарбан.

– Сиз Ноокаттан келдиңизби? Кошу атасызбы? – Эпилдеп сүйлөгөн бул кыз жооп күтпөй эле швецардан уруксат сурады.

Швейцар окуп отурган китебинен башын көтөрө, макулдугун билдирди.

– Жүрүңүз, жүрүңүз, ата. – Кыз аны жетелеп экинчи этажга көтөрүлдү да комнатага кириշти. Анда китеп окуп отурган эки кыз орундарынан ыргып тура салам беришти:

– Келиңиз, ата.

– Шаарбандын атасы. – Ээрчитип келген кыз беркилерге тааныштырып анан Кошу атага кайрылды. – Биз төртөөбүз бир окуп, бир жатабыз. Сиз отуруп туруңуз. Шаарбан институтта семинарга даярданып жүрөт эле. Мен азыр...

Али бала кыялдан арыла элек эпилдеген ушул чыканактай кыздын өз атасындай урматташына ыраазы болгон Кошу ата ал чыгып кеткенде артынан жылмая карап калды. Кызды биринчи жолу

көргөндөгү итиркейи келгени тап-такыр эсинен чыгып кеткен эле. Берки кыздардын өтүнүүсүнөн кийин ал отургучка эп келбей коомай отурду. Кыздардын бири чай койгону чыгып, бири стол үстүндөгү китеп-дептерлерди жыйнаштырды.

Кошу ата комнатаны айландырып карай баштады. Ушунчалык таза болот экен ээ! Дубалдын бети түгүл, полдун да чымчып алар кири жок жалтырап турат. Эки бетке коюлган төрт керебетке ап-апакай шейшеп жабылып, ортого төрт отургуч менен стол коюлган. Стол жапкычы да Кошу ата мурда көрбөгөн баржайган кызыл гүлдүү жакшынакай жалтырак неме экен. Кыздар столго ак булка нан, кагазга оролуу конфет коюп, кант салып чай куя башташты.

– Ичиңиз ата, жол жүрүп курсагыңыз да ачкандыр. – Чай куйган кыз пиала суна сөзүн улантты. – Менин ата-энем келбейт, качып келгенмин дечү Шаарбан, а биз баары бир сөзсүз келет дечүбүз. Мына, биз жеңдик.

– Баарыңын ата-энеңер барбы?

– Менин апам гана бар. Атам согушта өлгөн. – Чай куйган кыз акырын айтты.

Суроо берип кызды оңтойсуз абалга калтырганына териге түштү да, бирок дагы кантип суроо бергенин өзү сезбей калды.

– Анан окууга кантип келдиң?

– Окуйм десем апам өзү жөнөттү. – Кыз акырын күлүп койду. Көп өтпөй Шаарбан менен баягы кыз келди... Кызынын кыска жең көйнөк кийгени атага анча өөн учурабады. Мүмкүн биринчи жолу өз атасындай сыйлаган берки кыздарга жолугуп жүрөгү жибибесе иш башка болоор эле. Шаарбан баарынан кийингенимди эмне дээр экен деп атасынан ийменди. А атанын көзүнө окшош кийинген ушул төрт кыз, баары эгиздей, баары өз баласындай көрүндү. Чай ичилгенден кийин ал көпкө ойлонуп отурду. Бир эсе кызына келбей жүрүп, тиги кыздардын алдында муңкантканына жаны кейисе, бир эсе атасы согушта өлгөн тиги кыздын жалгыз апасы ичи түтүп, кызын шаарда окутуп атканына таңданат да, ошол аялга караганда алсыз адамдай сезип, ичинде кызарат. Ал мындан ары кызына көп-көп келип турууну чечти.

Төрт кыз аны автобуска салып, Ноокатка жөнөттү. Шаарбандын бүт дити сабакта. Эх, студенттик күндөр кандай сонун! Окууга ушунчалык кызыккандыктан күндүн кантип өткөнүн да билбей каласың. Дем алыш күндөрү киного чыгып, же бийлеп көңүл ачасың. Күн артынан айлар зымырап беш жыл да өтүп кетти. Мына азыр курсташтары менен бирге аудиториянын эшигинде кезек күтүп физика сабагынан



мамлекеттик экзамен тапшырганы турушат. Баарынын өңдөрү албырып, кандайдыр назик калтырашып, зымыраган бийиктикке шаты менен чыгып баратканcып тынчсызданышат. Бирөөсү жооп берип чыкса, «канча алдың» деп бардыгы жабалакташа калат. Аларга кошулуп удургубаган – Шаарбан. Ал азыр кирет. Эмне болоор экен? Физика... Сүйгөн сабагы... Баарын окуп, экзаменге керектүүсүнүн баарын билген эле. Бирок, алкымы оозуна каптала баарын эле унутуп калгансыйт башы тумандап, оюна эч нерсе түшпөгөнсүйт. Эх, экзамендин сүрү ай!

– Канча? – дешти топурашып тургандар Шаарбан чыкканда дагы жабалакташып.

– «Беш». – Жүзү манаттай кызарган Шаарбан аптыга жооп берди.

– Келе колуңду! – Балдар кол кыса куттукташып, кыздар чопулдатып өөп жиберишти.

***

– Уруксатпы агай? – Шаарбан эшикти ачканда Ноокат районунун эл агартуу бөлүмүнүн башчысы адатынча утурлап, сылтый басып жадырап-жайнап тосуп алды.

– Кел, Шаарбан, институтту ийгиликтүү бүтүшүң менен!

– Ыракмат, агай.

– Кана, дипломуңду берчи? – Ал дипломдогу баалaрды көрүп дагы кубанды. – Азаматсың Шаарбан, азаматсың!

– Мен кайсы мектепке иштээримди билейин деп келдим эле, – деди мактоого кызара түшкөн Шаарбан.

– Сага жооптуурак иш тапшырабыз. – деди Кеңеш аке күлүп. – Өзүңдүн айлыңдагы сегиз жылдык мектепке директор болосуң.

– Коюңузчу... – Шаарбан чоочуп кетти.

– Жок, сен чочубай эле кой. Окууга кеткенде да кыздарга үлгү болгонсуң, азыр да үлгү болушуң керек.

Шаарбан макул болду. Атадай насаат айткан Кеңеш аке акыры аны көндүрдү.

– Иштин оңою жок. Ар иштин өзүнчө кыйынчылыгы бар. Тайманбай кирип, коркпой аракеттенген ар бир адам кыйынчылыкты жеңет. Билбегендериң болсо жашырбай айт, биз жардам беребиз. Бардык ишти бара-бара билесиң, – деди ал Шаарбанга.

Жаңы окуу жылы башталды. Шаарбан өзү туулуп өскөн айылда директор болуп иштей баштады. Чын эле бул кандай жооптуу иш. Окуучулар гана эмес, мугалимдерге да жол көрсөтүшүң керек. Бул жерде иштеген мугалимдердин баары Шаарбандан улуу. Ырас, Шаарбан

аларга директорлук кылып андай-мындай да дебеди. Тек гана ар бир ишти кеңешип туруп анан аткарып жатты. Жөнөкөй, сылык ушул кичинекей директор кызга ыраазы болгон мугалимдер да чын дили менен тажрыйбалык кеңешин беришип, аны сыйлашты. Шаарбан баарыдан мурда окуучуларды сабакты өздөштүрүү менен катышуусун жакшы жолго коймок болду. Анын окуучуларды жума сайын кошумча сабакка чакырып, билбегендерин жана сабакка келбей калгандарын коллектив алдында катуу уяткарышы бир кыйла жемиштүү болду. Андан да, ар бир балага кандайча мамиле жасоого өзүнө сабак болгон бир окуяга туш болду. Бүгүн да адаттагыдай балдарды линейкага чыгарышкан. Биринчи жолу «эки» алгандарды уяткарып, алардын жакшы окууга убадасын алгандан кийин өлкөгө металл сыныктарын жыйнап өткөрүү жөнүндө айтышмакчы. «Эки» алгандарды чакырганда биринчи болуп бешинчи класстын окуучусу Шералы чыкты. Анын колунда «Кычан» китеби бар эле.

– Окууга да жакшы келбейт, тартиби да начар, дайыма «эки» алат, – деди ал жөнүндө класс жетекчиси Шаарбанга.

Шаарбан Шералынын колунан китебин алды да:

– Окуп чыктыңбы? – деди.

– Ооба.

– Адабий китеп окуганың жакшы экен. Анан эмнеге сабактан начарсың? Билдиңби, Кычан кандай бала болгон? Сен эмнеге Кычандай боло албайсың?

– Азыр андай байлар жок да. – Шералы башын жерге сала күңк этти.

– Ооба, байлар жок. Бирок Кычан азыр болсо сабакты эң жакшы окуп, тартиптүүлүгү жагынан да үлгү болмок. Азыр ким жакшы окуп, каникул учурунда колхоз-совхозго жардам берсе, ошолор азыркынын Кычаны. Кана, балдар, ушундай болуш силердин колуңардан келеби? – Ал окуучуларга карады.

– Боло алабыз эжей! – дешип чуулдашты балдар.

– Эмесе балдар, – деп кайрылды Шаарбан, – биз мамлекетке он тонна металл сыныгын жыйнап беришибиз керек. Эртеңден баштап жыйнайлы да, ким баарынан көп темир алып келсе, ошол баланы Кычан деп айталы. –Макулсуңарбы?

– Ооба, – деп чуулдашты балдар.

– Кана, сен эмне дейсиң Шералы? Эртең биринчиликти жеңип алышыңа ишенесиңби?

– Ишенем... – деди ал өзүнө ишенбегендей.



– Ырас, сен чындасаң сөзсүз жеңип аласың. Шамдагай эмессиңби, – деп аны мактап койду.

Айткандай эле эртеси ал баарынан көп темир алып келди.

– Көрдүңбү, аракеттенсең баары болот. Эгер чындасаң сен эң алдыңкы окуган окуучу болосуң.

– Менби? – деди ал тап-такыр өзүнө ишенбей.

– Ооба, сен. Мен дайым жардам берип жүрөйүн. Бат эле алдыңкылардан болосуң. Сага ишенем. Болуптурбу, Шералы?

– Макул. – Бирок анын жүзүндө күмөндүү ой турду.

Ушул күндөн тартып Шералыны колго алды. Ал сабактан калбай күндөн-күнгө сабакка кызыгып, акырында эч жаман баа албай калды. Ушул учурду күткөн Шаарбан аны учком кылып шайлады. Өзүнө жараша жоопту милдет алган Шералы буга аябай кубанды. Ал дайыма өзүн бирөөгө үлгү катары кылып көрсөтүүгө аракеттенди. Арадан үч ай өткөндө Шералы Шаарбандын эмгеги текке кетпеди. Шералы эң алдыңкы окуучулардын катарына кошулду. Адамды турмуш өзү үйрөтөт деген ырас экен да. Ар бир учурдун пейлине, сезимине карата мамиле жасап, маалында кызартып урушуп да, маалында мактап да жаш балдарды турмуштун түз жолуна салууну Шаарбан турмуштун өзүнөн үйрөндү. Жанын үрөгөн эмгеги үзүрүн көрсөттү. Кышкы каникул алдында окуучулардын катышуусу жана өздөштүрүүсү боюнча жыйынтык чыгарылганда ичинен биринчи орунга ээ болду.

Кыш өтүп, жаз келди. Шаарбан окууга кеткендеги өзү отургузуп кеткен алма көчөттөрүнүн алдындагы ачык жерге үч комнаталуу үйдүн ордуна ченеп фундамент куйдурду. Ал иштегенден бери кызмат акы акчасын бүт бойдон жыйнап жүргөн эле.

Жаңы эле ачык турган асман азыр эле кара түрмөктөнүп, күн күркүрөп, кыбыладан катуу башталган нөшөр бетине калдайган шар болуп, кыбыладан катуу жакындап келе жатты. Мектептен чыккан боз көшөгөсүн тарта, улам жакындап келе жатты. Мектептен чыккан Шаарбан жаанда калбайын деп энтиге жүгүрүп келип үйгө кирсе, Кошу ата менен Мээрбан эне чай ичип отурган экен.

– Кел, чайга, – дешти алар кызын. Аңгыча дабырап мөндүр аралаш жаан куюп кирди. Жамгыр күчөгөндөн күчөдү. Жемирейген тамдан адаттагыдай эле бардык жерден тып-тып этип тамчы өтө баштады. Шаарбан менен энеси улам өткөн тамчынын алдына коё берип, текчеде пияла, кесе калбай калды. Көк-Бел жактан катуу жаан жааганда гы көнүмүш жүгөнсүз азоо айгырдай алкынган сел жүрдү. Чоң арыкка жакын Шаарбандын үйүнүн алдында үйрөнүп калгансып жыландай соймоңдоп селдин суусу кирип келди. Чоң кетменин көтөрүп, селге каршы Кошу ата дагы жүгүрдү. Ал үйүнүн астындагы сууну тоскондон

кийин сел жеп кетпесин дегендей Шаарбан куйдурган үйдүн фундаментине барды. Ойлогондой болбоду. «Жанчам» деп атырылып келген сел цементке өзү жанчылып, фундаменттин эки жагынан ылдый агылып жатты. Муну көрүп ата кубанды. Анын бырыш баскан ууртуна кандайдыр жылуу жылмаюу пайда болду.

– Ата, эмнеге турасыз? – Ал артын караса Шаарбан келип калган экен. – Бул жер тигил үйдөй селге урунду эмес. Тиги ачык алышты тоссо эле болот. Анан сел келсе деле эчтеке болбойт. Цемент бир метр тереңден куюлбадыбы.

Ата жооп берген жок. Бир гана жүзүндөгү жылмаюусун жазбай кызына сүйкүмдүү карады. Шаарбан баарынан гүлдөп турган алмаларынан кооптонду. Жанагы жаан аралаш мөндүр гүлүн күбүп койдубу деп ойлоду. Мөндүр анча таасир эткен эмес экен.

* * *

Тээ бет маңдайдагы созулуп жаткан Алтын-Казык тоосу жаркырап турган экен. А эшикте бирдемелерди жасап жаткан атасына кайрылды:

– Ата, Алтын-Казыктын чокусун...

– Ооба, кызым. Күн нуруна агарып калган турбайбы. Келип кызынын мандайынан сылап. – Сага ыраазымын, кызым... – деп ата көптөн бери ойлоп жүргөн бир сөзүн айтайын деди. Бирок андан ары тамагы буула түшүп, үн чыкпады. Атанын көзүнө болоор-болбос тунук жаш пайда болуп, жүзү албырып кетти. Анын эмне айтарын Шаарбан билет. Ал атасынын оюн башкага бурду:

– Караңызчы ата, алмалардын жалбырагы саргайып калыптыр.

– Жалбырагы саргайса, алмасы эми бышпадыбы.

– Эми мен мектепке жөнөйүн.

– Бар, кагылайын кызым, бар! Мектебиңе жөнө! – Шаарбан кыпкызыл болуп бышып турган алмаларын аралап бара жатты. А кызын ээрчий караган атанын ушул алма көчөттөрүн отургузуп жатканда «кой-чу балам, ушул чыбыктар алма болмок беле» – дегенде Шаарбандын: «Жок ата, булар эң жакшы алма болот» – деп тикен менен көчөттөрдү бүт ороп койгону, анан дагы окууга барбайсың деп кызы менен урушканы, ал качып кеткенде өзүнчө «элдин бетин кантип карай албай жүргөнү» биринин артынан бири оюна түшө баштады да, жүзү кызара өзүнө-өзү эң акыркы дагы бир жолу уялып, мээримдүү көз карашы менен кызын узатып турду. Кыбыладан аңкы жел жүрүп, атанын агала сакалын сылайт. Көк-Бел тараптан күн чыкты, Алтын-Казык тоосунун чокусу агарып турат.



# ЖОЛДОШУМДУН ЖОРУГУ

Мен аны менен жакында дагы жолугуштум. Ал кызык жигит. Кээде балада жок кылыктары бар. А кээде андан өткөн салабаттуу, билимдүү адам жок. Өткөн турмушка, тарыхый чыгармаларга көп кызыгат. Ар дайым жолукканда экөөбүздүн сөзүбүз эле ата-бабаларыбыздын турмушу жөнүндөгү талаш-тартыштан башталат.

Бүгүнкү кездешүүбүз да динге туура келди. Ал сөзүн диндин зыяндуулугунан баштады, кайра өзүнө-өзү жооп берип, «эскилик да» деп койду. Жаныбыздан карыялар чубап мечитке өтө баштышты.

– Көрдүңбү, чалдар «окуусуна» бара жатышат, – деди.

Күлүүгө аргасыз болдум. Бир жагдайлар менен дагы минтти:

– Деги ушул ак селделүүлөрүңдө ыйман барбы?

– Селде оронгон чалдар эле жаман дейсиңби? Тек гана жаш кезиндеги тарбиядан сезими ууланып калган да. А мындай карасаң жүрөктөрү таза. Сен какшаган тарыхый окуяларды кагазсыз эле мээлерине жазып келишкен адамдар алар. Экөөбүздүн атабыз өлбөсө, ушулардын катарында жүрмөк эле дедим. Бир эсе анын сөзүнө тырчый түштүм. Тиги менин сөзүмдү капарына албайт.

– Ушул биз, качан адам болор экенбиз. – дейт. – Башка элдерди айтпайсыңбы? Мухаммед бизди биротоло фанатик кылып таштаган экен.

Анын айтканы ойго батырды. Чынында Жер өз огунда айланат. Жер Күндүн жандоочусу деп карыяларды ишендирип көрчү. А улуу окумуштуу астроном Галилей 1660-жылдын башталышында эле диний ишенимдин күчү менен мамлекетти башкарып турган Рим Папасын жана каардуу кардиналдардын тыюусуна карабастан, чындыкка элди ишендирүүгө жетишкен. Ал жердин айланышын суунун агымы сыяктуу майда деталдар менен аныктап берген. Ошондой эле, ай бетинде 15 сутка күн тийип, 15 сутка түн болорлугун, анын бетинде жаныбарлар болушу мүмкүн деген мурдакы окумуштуулардын божомолдору туура эмес экендигин айгинелеген.

Биз азыр адамды ай бетине кондурган космикалык доордо жашайбыз. Бирок, мындай улуу өсүштөрдүн арасында дале жармашып келе жаткан эскиликти арадан тап-такыр суурул таштоого шалакылык кылып жатабыз.

Бүткүл совет элин азаттык турмушка чыгарган улуу Ленин окумуштуу Галилей сыяктуу генийлердин жасап кеткен иштери жөнүндө ойлогондо өзүңдү «эптеп жашап жүргөн бир жан экемин да» – деп

сезесиң го. Мен да азыр анын акырын айткан дооматына таң берип, бирок диний ырым-жырымдарды тез арада жоюуга аны ишендире турган толук далилдүү каражатым жок, өзүмдү чабал сезип, кыйналып, кейип турдум. Тумандуу оюмду ал бузду. Чыканагымдан кармай, жүзүмө тике карап, чечкиндүү түрдө мындай деди:

– Өзүмдүн жинди кыялым менен баштан бир кызык окуя өткөрдүм. Айтып берем, жазасыңбы? Молдону жек көрүп калганымды ошондо билесиң.

Мен макул болдум. Ал аңгемесин баштады (Окурманым, кайсы бир шарттуу себептер боюнча ал жолдошумдун атын атабадым. Окуяны ал төмөндө өзү баштамакчы).

Кечке жуук үйгө келсем, аялым үй ичин жыйыштырып, акиташ чылап жатыптыр.

– Ой, бул эмне кылганың, мен үйдө бир койдун эти бар деп мактанып, теңтуштарымдын бир-экөөсүн чакырып койдум эле, деп безилдедим.

– Эртең деле күн бар, бүгүн үй актайм. –Аялым мисирейип болбойт, – чакырып койсоң, кайра барып айтып кой. Эртең биротоло акталган үйгө келишсин...

Аргам түгөндү. Аларга барып айныганымды айтуу мага оор эле. Акырында, ушундай десем макул болор деп минттим: – «Силердин келишиңерге аялым уруксат бербей койду» дегенче өлгөн артык. Теңтуштар келгенче жууркан-төшөгүңдү ордуна койбосоң бүгүн түндө өлүп тынам. Аялым муңбайт. Кайра: «Өлсөң, өлө бер» – дейт. Денем дүр этип жиним кайнап кетти. Шап эшикке чыктым. Алгач жолдошторго жолугуп, себебин айтсам, алар капа болбоду. Кайра: «Эртең дем алыш күнү жакшы эмеспи» дешти. Анан шахмат десе ичкен ашын жерге койгон бир таанышымдыкына барып, таң аткыча шахмат ойнодум. Тигинин бүткүл дити шахматта. Мен аялым жөнүндө ойлойм. «Кабатыр болуп жатабы, же үймө-үй кыдырып мени издеп жүрөбү» дейм. Таң сүргөндө үйгө барсам, аялым бейкапар кызымы кучактап таттуу уйкуда. «Өлүк тирүүм буга баары бир окшойт» – деп жиндендим. Чындап бир сынап көрсөм деген калтыс ой кылт этти.

Үйүбүздүн бир комнатасы бүтө элек. Ошого отун жана азыктүлүктөрдү койчубуз жана айткан койдун эти да илинүү турат. Мен ошол эт илинген торсунга асылып турам. Эки жипти таманыма үзөңгү боо кылып, учтарын сырткы шымымдын ичинен алып, жакамдан



чыгара селкинчек сымак торсунга да ашып калган бир учун мойнума ороп койдум. Аңгыча ичкериден аялым ойгонуп, отун алууга кирди. Ал босогодон асылуу турган мени көрө сала «чырр» эте түштү. Бетин басып, сендиректеп эшикке жүгүрдү. Артынан барайын десем түшө албайм. Жана үстүнө чыгып асылган эски столду кара басып, катуураак тээп койгон экем, азыр бут жете турган эмес.

Аңгыча көчөдөн аялымдын ый аралаш калтыраган үнүн уктум: «Айланайын молдо аба, ойгонуп кетип кызым коркуп калбасын. Жанында отура туруң, мен милицияга кабар берейин». Ал кошуна турган молдого кирген тура. Молдонун айткан жакшы насааттары, сырткы сыпайы көрүнүшү үчүн баарыбыз аны жакшы көрчүбүз. Өз кылган кылыгыма эми чындап уялдым. Баарын тамашага салуу үчүн молдо кирип келгенде тилимди бир аз чыгарып, көзүмдү акшырайтып алдым. Ал бала жаткан комнатага кирбей башбагып, асылып турган мага көз жүгүрттү. Анан ээн короону абайлап бир сыйра карап, эч ким жок экенине көзү жеткенде ичкери кирди. Короо жакты дагы бир карап алып, оң жагыма илинип турган койдун жоон санын шып алып, топчусу чечилүү чапанынын өңүрүнө катып, артка кайтты. Кармана албай ал босого аттай электе: «Молдо аба, ушул кылганыңыз туура эмес го» – дедим. Ал токургандай селт этип, катып калды. Бир демден кийин башка бирөө сүйлөдүбү дегендей, кылчайып акырын мага карады. Сол көзүмдү акшыйткан бойдон оң көзүмдү кысып койдум. Молдо абам «баа!» деп ачуу өкүрүп чалкадан кетти.

Былк этпейт. Өлүп калды окшойт деп менде жан жок.

– Молдо аба, – дейм, – туруп кете бериң. Мен коркутайын деп эле...

Эшик топурап, алдында тааныш милиционер, артында аялым, бир топ коңшуларым кирип келишти. Сүйлөсөм булардын да жүрөгү түшөт го деп айла таппайм. Милиционер чечкиндүү киришти. Ал бурч жакка ооп жыгылган молдону да көрбөдү. Жана мен тепкен эски столду бери жылдырып, үстүнө чыкты да отун кыркчу балта менен сол бутумдан илинген жипти торсундан кырка чапты. Муну күткөн эмес элем, оң буттун жиби көтөрүлүп калып, сол ныптаман шалк эте милиционерди кучактап калдым. Ошондуктан милиционерге:

– О, мен өлгөн эмесмин, – дейм. – Тамашалап эле...

Сууга чөгүп бараткан адам жанында бирөө болсо кандай жармашат. Мен да так ошондой жармаштым. Ошентип жатып эшикке көз артам, ушул учурда кокусунан молдого көзүм чалынды. Ал көзү

алайып, эми башын көтөрүп келе жаткан экен. Мени көрүп кайрадан шалак этти. Анан чогулуп калган эл менин чындап өлбөгөнүмө көздөрү жетип, жыгылтпай, асылган жеримен чечип алышты.

Ал аңгемесин аяктагандай туруп калды. Мен суроо бердим.

– А молдо кантти?

– Анын бетине суу сээп тургузганда, чапанынын ичинен койдун саны булаң этип жерге түштү. Мурда мени жемеге алып жактан эл эми аны шылдыңдап: «Молдо болбой куруп кал» деп жети өмүрүн жерге киргизип наалат айтышып тарап кетишти.

– Өзүңүзчү? Өз абалың кантти? – дейм акырында кер какшык менен.

– Э, өзүм куруюн, – дейт ал жашырбай, – бир топко чейин элдин жүзүн карай албай, күндүзү эшикке чыкпай калбадымбы...



# ТУРАБАЙ ЖОРОЕВ,
# АКЫН АШЫРБЕКОВДУН ААЛАМЫ – АК БУЛАК, ЭЙ!
## (Мурзаш Аширбековдун «Тандалмалар» деген китебинен улам...)

## Соңку сөз ордуна

«...Атасына миң рахмат!..» - деген ыйман сөзүн чын дилден толук түз маанисинде айтууга татыктуу жазуучу устат-агабыз экендигин эми минтип, алтымыш алты жаш курагында гана ашкере жар салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонсуп тургандыгыма бир топ эле уялып да, ыза-арым келген да чагым. Армандын арсыз асманын булаңгыр кылган «аттиң-ай...» Азыр да далай-далай дүң ойлору ак кагазга түшүп, аны атпай журтуна тартуулоонун аракети жан дүйнөсү таза калемгер катары түйшөлтүп жаткан жазуучу агама ушу жаштын орто ченинде жолугушуп, жан сырдаш болуп кетсем кана... Анда баарысын чындап четке сүрө жыйнаштырып туруп, Ата Журтка делген ак булагы тунук жазуучунун аёолуу, аруу сапарына сүрөөнчү гана болуп кетишим эч кеп болбоочудай туюлуп туру!

Оо, мындан 40 жыл мурда, кыргыз көркөм сөз айдыңынын кыраандары Т. Сыдыкбеков, К. Каимов, Ш. Садыбакасов, М. Гапаров, С. Жигитов, Э. Медербеков ж.б. баш болушуп... ошо, руху улуулар тээн беришкен, колдон-колго, көздөн-көзгө, оoздон-оозго өтө каректерди талытса да миң кайталанып окулган, окулган сайын көкшүндөн көк түтүн чыгара суусун «кандырбаган...»

«Коляска» аттуу өтө керемет аңгеменин автору Мурзаш аке Аширбеков менен пайгамбар жашынан оогондо, минтип жупкадай жука «Тандалмаларын» баш «мыйзамы» бетбакчылык болгон базар дооранынын өкүмү күч кезинде жыйнап-топтоп чыгарган кезде гана өтө сырдана болуп таанышып олтурганым – бир жагы оомат-сыймык туюлса, бир жагы тузу оор, кермек даамдуу армандай болуп турган чак. Анткеним, бу тагдыр тамашасындай – бир мүчөл жаштай болуп, бар бүткөнү 12 аңгеме-дастанды (!) камтыган, салттуу басма кагазында 100 бетти чапчый бербеген ичи – не деген кутман табылгалуу, ширин, майин, эң ырасычы – оголе ынанымдуу аңгеме-баян, сүрөттөрЫргагы түк тажаткыс симфония!.. (Ок, десе, ким бирөөгө болгон салыштыруу жадыңыздан жылсын, чоочубаңыз? Үзүр эки жактан тең болсун, кам сүт эмген пенде болгон соң, ээ?..)

Бекеринен, өз учурунда Мурзаш Аширбековдун «Ат жалында өткөн өмүрлөр» повестин тамшана окуп чыккан, досу – кыргыздын чыгаан акыны Жолон Мамытов өз зайыбы, Менди эжеге: - Кара сөздүн керемет күчүн, бүтүндүгүн карачы! Мурзаш досубуздун бул чыгармасынын ичинен бир эле жерин пинцет менен алып эле көрчү, мыкты чыгарма өксүй түшөт...» деген сөзү эле, мыкты калемгерге берилген урмат, баа эмеспи!

Тоо арасы, топуктуу айыл журту, андагы ак көңүл, намыс-салтка сак, меймандос, алты уктаса арамдык акылына уя салгыс пенделер. Ошо, элеттин зирек, тээ өзөгүндө өртү бар, өзүндө «өзү» өнүп жетилип келе жаткан жеткинчек-өспүрүмдөр. Булардын жашоо-турмушун ар бир аңгеме-дастанда ынанымдуу баяндаган сүрөткердин сөз өнөрүндөгү чеберчилиги, чындыктын чулу тулкун чыңаган, ойтилекти бышыктап олтурган аңыз-уламыштар. Аңдоо, талдоо ааламы күн өтө кең кулач жайган айылдык делдең кулак, сергек баёо дил балакайлар...

Негизгиси «Тандалмаларга» кирген аңгеме-дастандар алкагы өткөн жыйырманчы кылымдын апааттуу согуш мезгилинен тарта, калемгер-жаратмандын жаштык доорун көркөм образдар ыргагында өтө дадил, тап-так сүрөттөгөн 60-70-жылдарга туура келип тургандыгы – изилдөөчү-тарыхчыларга, аалымдыкка аттанар адабиятчыларга кунан-тайдын сүр этиндей көңүлгө тийгис жем таштап тургандай.

Баса, бир учурда кыргыз кара сөз ааламынын дыйкан, дөөшааларынын бири Шабданбай Абдыраманов баса белгилегендей «Мыкты поэзиянын нагыз булактары – көөнө кара сөз ичинде катылуу... Ырга ынтызарлар кара сөздү өтө көп окуусу зарыл...» - деген нускасы бар. Дегеним, китептин бетачары болуу бактысы тийген «Табып, небере жана жылан» аттуу аңгеменин өзүндө эле жорголото жөнүнөн санаганда «данектей», «ааламдай», «топудай», «чоктой»... деп олтуруп, орто-чамада эле 44 салыштыруучу сөз бар экен! Ана, акынмын дегениң ошол сөз-салыштырууларынын күчүн алып, чама-чаркың жеткенче пайдаланып ал да, карасөзчү дулдул Мурзаш акеңдин көрөгөчтүгүнө таазим кыл!?

Чындап эле, өткөн кылымдын 60-70-жылдарында кыргыз адабий ааламынын алкагында «Мурзаш Аширбеков!» деген ысым жөн жеринен дүң болбогонун ар бир аңгеме-дастанын асипеттеп, алты кайталап окуган замандашы астейдил ынанат деп бекем ишенемин.



Ыйык калем туундулары алдында ырыстуу-ынтымактуу бололу десек Мурзаш Аширбековдой жазуучунун каадалуу көчүндө, чыйрак чыгармачылык чабытында сабаттуу да, колдон келсе салабаттуу да из улаганга аракет кылуу зарыл. Ушунубуздун өзү эле «Улуу сөз зергери!» деген атак-сыйдын нукура ээси Мурзаш ага Аширбековго марттык менен көрсөткөн адабий айдыңдагы адил, ак баабыз, урматыбыз болор. Мындан ашыгына Мурзаш Аширбеков муктаж да эместир!? Анан да, кеп оролу келип турганда айтар ак-асыл чындык: өзүлөрүн жазмакер аташып, чөп башылап, аны-муну кекеч сындуу дыкакап-чакап чүргөгөн, дадил дани жок «дүмбүл-сотосуна...» дымак-салабат күткөн жазуучу сымактардан Мурзаш Аширбековдун ар бир аңгемесинен иргелбей эле алынган алты сап ат чабым алыска чуркай турган сөз бермети, сөз күлүгү экендигин ап-ачык баса белгилешибиз парз туюлуп турат. Мына ушундай көкүрөк кергенибиз гана – орошон таланттын опол тоодой баа-кунга бергис изги багытына дем-күч гана болуп берер.

Эми, көп сөздүн ток этери – колубузга тийген Мурзаш Аширбековдун ушул «Тандалмаларын» тамшана-тамшана окуп, азга болсо да шүгүрчүлүк кылып турганыбыз оң. Анткеним – ал адабият ааламына келген Ак Булактын көзү азыр да туп-тунук бойдон туру го!?

## Мазмуну

**Баш сөз ордуна**
Абдыкерим Муратов.
Анын чыгармалары жоргонун жүрүшүн элестетет... .........3

**ПОВЕСТЬ**
Ат жалында өткөн өмүрлөр (Мамыт бек) ..................7

**АҢГЕМЕЛЕР**
Жол түгөнбөйт ..................................62
Табып, небере жана жылан .......................74
Коляска ........................................82
Нан ............................................88
Наристе сезим ..................................98
Чалдын монологу................................102
Жоголгон күлкү ................................105
Азоо үстүндөгү турмуш .........................109
Ырыскы ........................................119
Геркулес.......................................123
Бейитке алып баруучу жол.......................128
Турмуш кечүүсү ................................134
Жер жана анын уулу ............................141
Алма бышкан маалда ............................146
Жолдошумдун жоругу.............................153

**Соңку сөз ордуна**
Турабай Жороев.
Акын Ашырбековдун ааламы – ак булак, эй! ..............157

Мурзаш Аширбеков

# Жол түгөнбөйт

**Повесть жана аңгемелер**

*Мукабанын 1-бетинде Ахмет Догандын фотосу пайдаланылды.*

Редактору А. Муратов
Компьютерде терген Н. Асанбекова
Корректору Б. А. Кыдырбаева

Терүүгө 01.12.2016-жылы берилди
Басууга 05.04.2017-жылы кол коюлду

Форматы 60x84/16. Көлөмү 10 басма табак.
Нускасы 1000 даана. Заказ №60

«Салам» басмасында басылды
Бишкек ш., Гоголь көч., 120
Тел.: (+996 312) 68-01-35
E-mail: id_salam@mail.ru



Аширбеков Мурзаш – жазуучу, журналист.

Ноокат районунун Куу-Майдан айлында 1942-жылы 7-февралда туулган.

1965-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн.

Андан соң Ошто, Ноокатта аймактык басма сөздөрдө, радиотеле берүүлөр редакцияларында кабарчы болуп иштеди.

«Коляска», «Табып, небере жана жылан», «Ат жалында өткөн өмүрлөр», «Тандалмалар» деген китептери чыккан.